# Санжыра кыргызского племени «Сарыбагыш»

**Жапар Кенчиев**

Переработано и издано

Гундулой Салк

# Die Sandschyra der Sarbagïš

von

Japar Kenčiev

überarbeitet und herausgegeben

von

Gundula Salk

KS KLAUS SCHWARZ VERLAG • BERLIN

# Inhaltsverzeichnis / Содержание


Vorwort....4
Предисловие ....6
Сарбагыш....8
Сарбагыш баяны....9
Дөөлөс баяны....10
Дөөлөстүн аялдары жана балдары....12
Токо баяны жана анын балдары....15
Токонун балдары....17
Токонун Абыла деген баласынан тарагандар....19
Токонун Чечей деген баласынан тарагандар....20
Токонун Өсүн (Өсүк деп жүрүшөт) деген баласынан тарагандар....20
Токонун Молой деген баласынан тарагандар....20
Токонун Чагалдак деген уулунан тарагандар....21
Токонун Сабыр деген баласынан тарагандар....22
Токонун «Кара Курсак» деген баласы....23
Манап баяны....23
Үчүке, Түлкү баяны....26
Санжыра боюнча Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк, Бургуй баатырлардын өлүмү....26
Эдин жайлоого көчүшү....28
«Кесир кылсаң кесепетке кабыласың!»....29
Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк, Бургуй баатырлар баяны....32
Жаңыл мырза баяны....33
Үчүкеден тарагандар....44
Мааматкул баяны....45
[Болоттон тарагандар]....45
Эсенгул балдары....50
Хан Кудаян баяны....51
Ныязбек баяны....54
Ныязбектин балдары....56
Түлкү баатыр баяны....57
Субан....59
Адыл баатыр баяны....63
Ормон хан баяны....67
Ормондун балалык чагы....68
Ормондун жигиттик-мырза курагы....74
Ормондун хан көтөрүлүшү....77
Кененсары, Норусбайдын чабуулу....83
Казак элчилеринин Ормонго келиши....84
Кырк элчинин даргага асылышы....85
Чабуулдун башталышы....85
«Ормон опуза»....88
Ормондун айлакерлиги....91
Кара келте баяны....95
Ордодон чыккан чатак....100
Үмөтаалынын мыкаачылыктары....118
Ырыскулбек....122

Шатен....................................................................................................................................123
Кожобек................................................................................................................................125
Темир баяны..........................................................................................................................125
Темирдин балдары жана андан тарагандар.........................................................................127
Төрөгелди баатыр баяны.......................................................................................................130
Молдо Кылыч........................................................................................................................137
Кулуке ...................................................................................................................................139
Богочу....................................................................................................................................139
Назар......................................................................................................................................139
Дөөлөткул (Дөөлөт)..............................................................................................................140
Калыгул олуя баяны..............................................................................................................141
Түлкүнүн тукумдары.............................................................................................................144
Атаке баатыр баяны...............................................................................................................145
Жантайдын саякатка аттанышы............................................................................................156
Адыл бий баяны.....................................................................................................................158
Мөөр менен Болоттун сүйүү баяны.......................................................................................162
Бир сүрөттүн төгүнгө чыгышы..............................................................................................166
Баяке жөнүндө бир эки ооз сөз..............................................................................................170
Шабдан баатыр жөнүндө бир эки ооз сөз..............................................................................181
Сатыбалдыдан тарагандар.....................................................................................................193
Жарбаң...................................................................................................................................193
Түгүрдөн (Тогордон) тарагандар...........................................................................................195
[Дөөлөстүн уулу] Жантайдан тарагандар..............................................................................196
[Күзөкенин уулу «Кара Сакал Калматай» жана Жаңыл Мырза баяны].........................199
Элчибектен тарагандар..........................................................................................................220
Чертике уруусу......................................................................................................................221
Сарбагыштын ичиндеги Жетиген уруусу ...........................................................................223

# Vorwort

Im Rahmen des Forschungsprojektes zur Sandschyra des kirgisischen Stammes der Sarbagïš, welches dankenwerterweise von der Deutschen Forschungsgemeinschaft DFG unterstützt wurde, konnte u.a. eine elektronische Fassung des zu untersuchenden Quellentextes erstellt werden. Das 180 DIN-A 4 Seiten umfassende, mit Schreibmaschine getippte Manuskript wurde während der Abschrift einheitlich an die Normschreibung angepasst und mit einer sinnvollen und korrekten Interpunktion versehen. Z.B. verwendete der Autor JAPAR KENČIEV (1932–2006) häufig eine dialektale Schreibung wie etwa auf Seite [M 22]: *жазганбай* statt normkirg. *жасканбай;* diese jedoch inkonsequent verwendeten dialektalen Varianten waren von *Biškek Šamï* (1992–1993) zumeist ebenso inkonsequent beibehalten (vgl. z.B. die Ausgabe vom 17. Juni 1992) worden. Diese unter anderen von KEŊEŠ JUSUPOV herausgegebene Kulturzeitung hatte es sich zur Aufgabe gemacht, bislang noch unveröffentlichte Texte an eine interessierte Leserschaft zu bringen. Darunter waren auch große Teile von KENČIEVS Sandschyra-Sammlungen – jedoch nicht ganz vollständig, wie der Vergleich mit den mir vorliegenden Manuskripten zeigte. Da es sich im Original und in *Biškek Šamï* um bereits bekannte Variationen eines kirgisischen Regiolekts handelt, stellte sich im Rahmen der Herausgabe dieser zeitgenössischen Sandschyra-Erzählung nicht mehr die Notwendigkeit, diese Formen für linguistische Untersuchungen beizubehalten. Vielmehr war das Ziel, eine korrekte Fassung vom Manuskript anzulegen.

Die Abschrift war von mir selbst, großteils aber von der Redakteurin Dr. GÜLZAT ABDALIEVA (Biškek) angefertigt worden. Im Anschluss wurde sie von Dr. JAŠTEGIN TURGUNBAEV (Diyarbakır/Biškek) und MAHABAT SADYRBEK (Biškek/Berlin) nochmals orthographisch geprüft. Auffällig erscheinende Stellen oder Namen wurden von mir mit den jeweiligen Versionen von *Biškek šamï* verglichen und geprüft. Auslassungen wurden dabei von mir ergänzt. Z.B. verwendet KENČIEVS Manuskript Seite [M 84]: „Stam" statt vermutlich „[Ï]stam". *Biškek Šamï* (9. September 1992) hingegen lässt den Namen vielleicht aus Unsicherheit bzgl. der Identität aus.

Die Seitenzahlen über dem Text in eckigen Klammern [ ] beziehen sich auf die Seiten des Manuskripts. Der Buchstabe „M" steht für „Manuskript"; [M 54] bedeutet also Seite 54 des Manuskripts. Diese Seitennummerierung wurde auch in der deutschen Übersetzungsversion beibehalten, auf welche sich die Querverweise hinsichtlich der Kommentare beziehen. Dies ermöglicht ein rasches Nachverfolgen in beiden Sprachen sowie ebenfalls identische Referenzangaben in der posthum erstellten Studie. Verweise auf diese Studie zum Text (Gundula Salk, Die Morphologie der Sarbagïš. Zur Pragmatik der Konstruktion eines kirgisischen Stammes, Berlin 2014) erfolgen kapitelweise, da meist das Kontextverständnis erforderlich ist. Diese Referenzangabe der Studie „S" (der Buchstabe „S" steht für „Studie") designiert den Teil (z.B. römisch „I" für Teil I) sowie ein jeweiliges Kapitel bzw. Unterkapitel (z.B. „1.1.2" für Kapitel 1.1.2) daraus und wird im Fallbeispiel folgendermaßen dargestellt: S/I/1.1.2.

Hinzufügungen in runden Klammern ( ) stammen vom Autor selbst und wurden daher beibehalten. Die von Kenčiev gewählten Überschriften zu einzelnen Ahnen, Ereignissen und Themen, wurden ebenso wie auch die Chronologie beibehalten. Erst die Studie weicht zugunsten einer selbst gewählten Chronologie ab, welche für die Darstellung der

einzelnen morphologischen Stammeskomposita sinnvoll erschien. Das Inhaltsverzeichnis, welches für die Herausgabe des kirgisischen Textes erstellt worden war, zeigt somit die im Original gewählten Titel.

Herr Japar Kenčiev war so freundlich, mir 1993 sein Sandschyra-Manuskript zu überreichen. Japar Kenčiev, dessen Schaffensdrang im Jahre 2006 mit seinem Tode ein Ende gesetzt worden war, gilt für die Überlassung seiner Sandschyra-Notizen nicht nur mein ganz besonderer Dank; die Erstellung einer überarbeitete Fassung seiner Sammlung zum Stamm der Sarbagïš versteht sich gleichwohl als Nachhall auf seine unermüdliche Sammlertätigkeit und damit seinen großen Beitrag zur inneren Geschichte der Kirgisen. Mit der elektronischen Verfügbarmachung der Sandschyra zu den Sarbagïš hoffe ich gleichfalls, dem „Vermächtnis der Ahnen“ der Sarbagïš und dem Anliegen von Japar Kenčiev in konstruktiver Weise gerecht zu werden.

Gundula Salk (Xayabouli/Berlin)
im Dezember 2013

## Предисловие

В рамках научно-исследовательского проекта «Санжыра» кыргызского племени «Сарыбагыш» при поддержке германского научно-исследовательского общества (Deutsche Forschungsgemeinschaft DFG) разработан также электронный *вариант* исследуемого исходного текста.

Машинописная рукопись на 180 страницах в формате А 4 при копировании приведена в соответствии с орфографическим стандартом и расставлены рациональные и корректные знаки препинания. К примеру, используемое автором, Жапаром Кенчиевым (1932 г.-2006 г.) диалектное написание на стр. [M 22]: *жазганбай* вместо стандарт. кырг. *жасканбай;* тем не менее, эти непоследовательно используемые диалектные варианты в большинстве случаев были также непоследовательно сохранены в «Бишкек Шамы» (1992-1993 гг.) (сравн. к прим. выпуск от 17 июня 1992 г.). Эта газета о культуре, частично издаваемая Кенешом Жусуповым, знакомила читателей с не опубликованными текстами. Среди них также большая часть сборника санжыра Кенчиева, но, не в полном объеме, как показало сравнение представленных мне рукописей. Поскольку в оригинале в «Бишкек Шамы» речь идет об уже известных вариантах кыргызского региоликта, для издания этого современного санжыра-рассказа не было необходимости сохранения этих форм для лингвистических исследований. Напротив, цель заключалась в правильном изложении рукописи.

Копия выполнена мной, но большая часть редактором, др. Гюльзат Абдалиевой (Бишкек). Повторная орфографическая проверка выполнена др. Жаштегином Тургунбаевым (Диярбакир/Бишкек) и Махабат Садырбек (Бишкек/Берлин). Выделяющиеся места или имена я сравнивала с соответствующими версиями «Бишкек Шамы». Кроме этого, я дополнила пропуски, к прим. Кенжиев использует в рукописи на стр. [M 84]: „стам“ вместо вероятно „[Ы]стам“. «Бишкек Шамы» (от 9 сентября 1992 г.) напротив пропускает название возможно из-за неопределенности идентичности.

Нумерация страниц над текстом в прямоугольных скобках [ ] соотносится со страницами рукописи. Буква „M“ означает „манускрипт“; таким образом, [M 54] означает 54 страницу рукописи. Эта нумерация страниц сохранена также в немецкой версии перевода, на которую соотносятся ссылки к комментариям. Это позволяет быстро прослеживать текст на двух языках, а также идентичные данные ссылок в дополнительно составленном исследовании. Ссылки на это исследование к тексту (*Морфология сарбагыш. Прагматика конструкции кыргызского рода*) следуют по главам, поскольку в большинстве случаев необходимо понимание контекста. Эти данные о ссылок исследования „S“ (буква „S“ обозначает „исследование “ [Studie]) обозначает часть (к прим. римское „I“ означает Часть I), а также соответствующую главу или подпункт (к прим. „1.1.2“ для главы 1.1.2) и в показательном примере будет изображено следующим образом: S/I/1.1.2.

Дополнения в круглых скобках ( ) принадлежат автору и поэтому были сохранены. Выбранные Кенжиевым заголовки к отдельным предкам, событиям и темам, как и хронология, были также сохранены. В исследовании выбрана хронология для отображения отдельных морфологических композитов рода.

Составленное для издания кыргызского текста оглавление, показывает, таким образом, выбранное в оригинале название.

Жапар Кенчиев был так любезен, передав мне в 1993 году свою рукопись санжыра. Моя особенная благодарность Жапару Кенчиеву, творческая деятельность которого прервалась в 2006 году в связи его смертью, не только за передачу своих записей о санжыра, но и разработка переработанной версии его сборника о роде сарыбагыш  представляет собой как отклик его неутомимой деятельности собирателя и как большой вклад во внутреннюю историю кыргызов.  Я надеюсь, что электронная версия  санжыра о сарыбагышах конструктивным образом удовлетворяет  также „Завещание предков “ сарыбагышов и дело Жапара Кенчиева.

Перевод выполнен Сайкал Есеналивой

[M 1]

Сарбагыш

Улуу даражалуу санжыранын ышкыбоздору! Сиздерге Алла Таалам өзү жар болуп, ата-бабаңардын арбактары колдосун! Мына менин астымда Тагай бийден тараган Түндүк Кыргызстандагы дагы бир ири уруунун бири Сарбагыш элинин санжырасы жатат. Аны мен Келинде бир элүүдөн ашык санжырачынын эмгектеринен толуктап, тактап жазып чыккан элем.

Кийин сураштырсам ошол мен кол жазмаларын алган нуска сөздүү асыл адамдардын көздөрү өтүп кеткен экен. Алла Таалам аларга да жаткан жеринен жай берип, бейишин берсин. Алар да кийинки урпактар түпкү тегин, кыргыз элинин сонун жөрөлгөлүү салттарын билүүлөрү зарыл. Талдай келсек санжыраңыз бүгүн-эртең эле бүтүп кала турган иш эмес экен. Улам барган сайын жаңы табылгалар менен толукталып, өзгөргөн жерлери кайрадан оңдолуп, байыркы кытай, араб, фарс ж.б. сыяктуу маалымат-чиймелеринен сакталган коңшуларыбыздын булактарынан алып түзүп чыксак боло турган. Бирок тилекке каршы айрым «мыкчегер», «сөрөйлөрдүн» күңкүл сөздөрүнөн улам санжыраны жыйноочу катары өз түшүнүгүмдү кутмандуу элибиздин тарых ышкыбоздоруна тартуулай кетейин дедим. Бул жөнүндө санжыранын мурунку бөлүмдөрүндө да айта кеткем. Эми дагы дааналап айта кетүүм керек болуп турат.

Ооба, кыргыз эли кылымдарды кыйырлаган эң байыркы эл экенин билебиз. Ошол кыргыздар менен бир убактарда коңшулаш жашаган байыркы элдердин нака 21-инчи наамын жоготуп койгондуктан бүгүн алардын аттары аталбайт. Оту өчүп, күлү калган коломтодой болуп, алар жөнүндө айрым жазма маалыматтарда эскерүүлөр гана калды.

Ал эми биздин бабалар өчүп барып кайра жанып, бөксөрүп барып кайра толуп, далай мүшкүлдөрдү баштарынан өткөрүшсө да, теңдешсиз басып кирген жоолор менен салгылашса да, бир жерде жалп этип өчсө, бир жерге тамырын жайып, тилин, дилин, ата мурастарын, тукумун сактап бизди ушул күнгө чейин жеткирди. Ошону үчүн бабаларга милдеттүүбүз. Башыбыз жерге тийгенче аларга тооп кылабыз. Ошону үчүн санжыра керек.

Эми элдин уруучулукка бөлүнүшүнө токтололу. Айрымдар бул жерде чала түшүнүп жатышат. Өзгөчө биринчи миң жылдыктан кийин тарыхта дайыма болуп тура турган зор өлкөлөрдүн «ыдыроолору» болуп турган.

Башканы албай эле кечөөкү эле монгол, жонгор[1] ж.б. доорлорду же кичирейтип айтып – замандарды алып көрөлү. Эл катуу бүлүнгөн учурлар болгон. Кичине эле четте калган айыл болсо аларды күчтүү жоо талап алып кулдукка сатып жиберишкен. Бир мамлекетке саясый кырдаалдын жагдайына карай бириге алышпагандыктан «уруучулукка» бөлүнүүгө аргасыз болушкан. Айрым уруу башчылары жетим бала, жесир аялды эзели жоо колуна калтырышкан эмес. Мына Алтай «жапырыгын» эле алып көрөлү.

[M 2]
Аксак Темир «Жете» жергесине чабуул койгондо кыргыздар Иледен нары өтүшүп, Алтайга көчө качышты. Антпесе бууракандап турган жоо кыргызды кырып, калганын кулдукка сатып жиберишке аракеттенишкен. Мына ошондо уруулар бөлүнүп көчүшүп, элди сакташты. Жардысына мингич унаа беришти. Жармачына саан беришти. Ошентип элди сакташты. Жоокерчилик заманга жараша «кыргыздын этнографиясы» көчмөндүккө ылайыкталып өзгөрүп турду.

Кыргыздардагы негизги айкөлдүк башка кичирээк уруулардан келгендерди боорлоруна алышып, туугандашкан. Жалаң эле өздөрү эмес башка элдерден келген адамдарды да өз боорлоруна тартышкан.

Бечараларга берген саанынын төлдөрүн алышкан эмес. Бул сыяктуу айкөлдүк эч бир элде болгон эмес.

Эгер «сөрөйлөр» айткандай бөлүнүп – жарылуу болсо солто эли өз ичине эмне үчүн нака он бир урууну кошуп ала жүрдү? Бугунун ичинде «Эштек» деген уруу бар. Аларды эмне үчүн жектебеди?

Катаал күндөрдө, эл башына күн түшүп турганда бирине-бири жөлөк болушту. Жардамга келишти. Кечөөкү эле калмактар менен болгон кагылышууларды алсаңыздар боло?

Эми тууган арасында чатактар болгону жалган эмес. Анын да оң жана терс жактары бар. Аны тарыхчылар, санжырачылар бурмалабай, өз уруусуна тартпай калыстык менен бериши керек.

**Сарбагыш баяны**

Жогоруда Тагай бийдин – Богорстон, Койлон, Кылжыр деген үч баласы болгонун айтып кеткенбиз. Булардын ичинен бизге керектүүсү Кылжыр. Санжырачылар ал кишини төрөлгөндөгү өз аты Багыш дешет.

[1] Жунгар ~ жонгор. Zugunsten der Einheitlichkeit im Weiteren durch жунгар wiedergegeben.

Тагайдын энеси, Багыштын чоң энеси Бурхан байбиче өз төркүндөрү жөнүндө керээзин айтып: «Балдарым! Менин төркүндөрүм тиги эле күн кызарып чыккан жерде калды. Ошолордун урматына ушул неберемдин аты Багыш болсун» деп койдурган дешип санжырачылар айтат.

Кыргыз урууларынын арасында Багыш аттуу төрт уруу болгон экен. Аларды бири-биринен ажыратыш үчүн өңүнө карай, «Карабагыш», «Сарбагыш», «Чоңбагыш», «Багыш» дешип аташат. Демек Сарбагыштын өңү сары болгондуктан «Сарбагыш» деп аташкан дешет. Ал кишинин мойну бир жагына кыйшыраак болгондуктан келиндери «Кылжыр аке» дешип тергешип, кийин «Кылжыр» аталып кеткен экен.

Кылжырдын эки уулу болуптур. Алар: Орозбакты, Дөөлөсбакты. Орозбактыдан тараган тукумду «Бугу» деп атап жогоруда баяндап кеткенбиз. Ал эми Дөөлөсбактынын тукуму чоң атасынын наамы менен «Сарбагыш» аталып кала берген. Дөөлөсбакты кийин «Дөөлөс» аталып кетет.

[M 3]

**Дөөлөс баяны**

Мындан ары карай «Дөөлөсбакты» дебестен – «Дөөлөс» деп эле кыскартып айтып олтуралы. Анткени колдо турган көпчүлүк санжырачылардын берген маалыматтарында да «Дөөлөс» деген энчилүү ат менен эле кыскартылып берилиптир. Бул тарыхый инсан жөнүндөгү ар кандай маалыматтарда айрым жерлеринде анча-мынча өзгөрүүлөргө дуушарланганы менен жалпы маңызы бир сыяктанат. Кайсы санжырачыдан – кайсы жерин толуктаганымы өз кезеги келгенде эскерте кетем.

Санжырачылардын айтканына караганда Дөөлөс узун бойлуу, кең далылуу, кара тору, сулуу адам болгон дешет. Бешенеси жарык, уктаганда башынан шам күйүп турганын айтышат. Ошондуктан Дөөлөстү келиндер «Нур аке» деп тергешчү. Бул кишинин да өмүр жолу жоокерчилик заманга туш келди. Аймакты бүт бойдон монгол хандары башкарып турган экен. Кыргыздар көчмөн эл болгондуктан аларга анчалык деле көз каранды болбостон өз алдыларынча болушканын баяндашат.

Ал кезде монголдорду жалпысынан эле «калмактар» деп аташчу. Айрым учурларда монгол айылдарына кол салышып, алардын жылкысын тийип кетишкен учурлары да болот.

Санжырачылардын бир тобу ушундай бир жылкы тийүүдө Дөөлөстү колго түшүрүшүп, орго салдырышат да, калмак кызы Менсекени ашык кылдырышат. Эмесе биз биринчи уламыш боюнча айтып, анан экинчи уламышты да айта кетели. Бирөөнү айтып, экинчисин айтпасаң «меники эле туура» дечүлөр болуп жатат. Ошондуктан кошуп олтурабыз.

***Биринчи уламыш***

Ошентип жылкы тийгени калмакка барып Дөөлөс колго түшүп калат. Калмактын ханы Менду [аны] орго салдырып таштайт. Ор дегенибиз жөн эле казылган терең чуңкур эмес. Аны атайылап жасашаарын санжырачы Муратбек уулу Асанбек мындайча баяндайт: „Ыраматылык атабыздын айтуусуна караганда «ор» деген атайын казылган[2] жай экен. Түбү жазы, баш жагы кууш, дубалдары атайын бышык кирпичтер менен тизилип бекитилип, боз үй сыяктуу болот дейт. Оозуна кара алачык тигип, түндүгүн чүмкөп коючу экен. Ал эми жердин алдына өзүнчө эле бир бөлмөлүү жайлар атайылап салынса, кичинекей тешиктеринен аба кирип тургандай болсо, аны «зындан» деп аташкан деген маалыматты берет. Айрымдары жөн эле ороо сыяктуу казылса «ор» деп жүрүшөт. Кайрадан санжырага кайрылалы.

Ошентип калмак ханынын кызы Менсеке ойноп жүрүп ордун жанына келет. Анын ичинде кимдир бирөө жаткан сыяктанат. Ордун ичинен шоола, нур чыгып турат. Кыз мында бир керемет бар экенин байкайт.

[M 4]

Ал күнү кыз кетип калат. Эртеси жеңелеринен сураштырса кыргыздын бир баатыр жаш жигити колго түшүп, орго салынгандыгы жөнүндө айтышат. Кечинде кыз орго дагы барат. Дагы баягыдай нур чыгып, ордун ичи жарык болуп турганын көрөт. Эңкейип карайт. Келишкен сулуу жаш жигиттин уктап жатканын көрөт. Менсеке кереметтүү, баамчыл, колдогону бар кыз болгон. Жигитти сындап, анын бешенесинен мээрим жанып, кыдыр аллеятсалам жылоолоп турганын байкайт.

Барынан да анын белинде укумдан-тукумга тарала турган эл башкарган эрендер, таш жүрөк баатырлар чыга турган белги бар экендигин билет.

- Эй, сен кимсиң? - деп үн салат, бойго жетип калган кыздын сүйүү сезими козголуп! Дөөлөс кызды теңсинбей унчукпай коёт. Кыз кетип калат. Арадан үч

---

[2] Kenčiev *касылган*. Für intervokalisch –z- bei Kenčiev meist -s-, dialektale Variante. Ebenso Normkirgisisch –*rs-V* > Kenčiev -*rz-V* . Ich folge einer Schreibung entsprechend heutigem Normkirgisisch.

күн өтөт. Жагымдуу назик кыздын сонун үнү Дөөлөстүн кулагынан кетпей, жүрөгү алеп-желеп болуп, үн катып жооп бербегенине өзүн-өзү жемелейт. Кыздын да чыдамы кетет. Акыры төртүнчү күнү кечинде кыз келет. Бул жолу Дөөлөс туруп олтурган экен. Кыздын назик үнүн угуп, кубанып кетет. Бул жолу экөө чечилип сүйлөшүшөт. Ошентип эки жаштын ортосундагы сүйүү тамчыдан пайда болгон көлчүктөй көбөйөт.

Кыз акыры атасына айттырып, Дөөлөстү ордон чыгартат. Той түшүрүп никелеп, анан Менсекени алмак болот. Дөөлөс элине кетээрде:

- Эгер мени чын эле алам дей турган болсоң, эч бир аялга жолобой кайра кел. Сенин белинде бир жакшы жөрөлгөлүү белги бар. Ошол экөөбүз кошулганда мага өтүш керек, - деп шерттешип атказат.

Бирок Дөөлөс ордо жатып аял эңсеген неме жолдо келе жатып дагы бир калмактын Жезбийке деген кызын сулуулугуна кызыгып ала келип жолоп койгон болот. Белиндеги жакшы белги ошол Жезбийкеге кетип калат. Убада боюнча Дөөлөс калыңга мал айдатып, той түшүрүп Менсекеге келет. Бирок кеч болуп калган экен. Касиеттүү кыз Дөөлөстүн белиндеги белгинин башка бирөөгө кеткенин билип:

- Бурут! Сен убадага турбаган адам экенсиң. Башка аялга жолоп келиптирсиң. Эми болбостур. Атама берген убада боюнча сага тийем! - деп Дөөлөс менен баш кошот.

***Экинчи уламыш***

Калмактар Орозбактынын жылкысын тийе качат. Артынан кууп барышат. Алардын арасында Дөөлөс да болот. Менсеке Дөөлөстүн башкача адам экенин, анын тукуму мыкты чыгаарын билип, атасына айтып, жылкыны кайтартып берет. Калың-тойун алып келиш үчүн кайра жөнөтөт.

Калгандары жогорудагыдай. Айырма ушул жерде.

[M 5]

**Дөөлөстүн аялдары жана балдары**

Санжырачы Токтогул уулу Жолдошказынын, Турусбек уулу Абдыракмандын жазып калтырышкан маалыматтарына караганда Дөөлөстүн төрт аялы болот.

1- аялы Бакдөөлөт байбиче[3]

[3] Бак Дөөлөт ~ Бакдөөлөт. Zugunsten der Einheitlichkeit verwende ich letztere Schreibung.

Бул аялзаты мыкты, иштүү, чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган киши болгон дешет. Төркүндөрү кадимки айтылуу Саяктардын Жалдуу Кызы болгонун айтышат. Бул аялынан Токо (Кара Токо) менен Жантай төрөлөт.

2- аялы Көкмончок

Жалайыр элинин Куту бийинин кызы болгон дешет. Иле тарапта бир чоң тойбу, ашпы, айтор, бир чоң жыйын болуп калат. Ошол топко Дөөлөс да катышат. Жаңыдан он алтыларга жаңы чыккан солкулдаган жаш улан болсо керек. Илгери кыздарды 12-13 жашынан, балдарды 14-15 жашынан эле үйлөнтө беришчү дешет. Дөөлөс Бакдөөлөткө үйлөнүп калган учуру экен. Кутунун кызы Көкмончок да келишкен сулуу кыз болсо керек. Жедигер тукумунан Жанай бий Куту бий менен дос экен, куда түшүп ушул Көкмончок деген кызын алып берген дешет. Эл оозунда калыңга берилген кула, кара кашка, сур, боз ж.б. жылкылардын үйрү менен келгенин аңыз кылышат. Бул аялынан Элчибек, же Таздар.

3- аялы Жезбийке

Мына ушул жерден талаш-тартыш чыгып жатат. Базарбай санжырачынын айтымына караганда Жезбийке колго түшүп келген “күң” катары баяндалат. Элик шыйрак, шырыктай келишимдүү сулуу аял болуптур. Ага көзү түшкөн Дөөлөс койнуна жатып койгон имиш.

Осмонаалы Сыдык уулу баштаган “Түрк санжырачылардын мектеби” аны жокко чыгарышат. Дөөлөс туткундан бошоп келе жаткан болот.

Үргөнч тараптагы «Сайрам» деген бир жерге келет. Ал жерде бир эшен болгон экен. Анын Асылкан аттуу кызы болот. Кыз ашкан сулуу экен. Экөө бирин бири жактырып калып, ала качып алып келет.

Бала Айылчы мектебинин тобундагылар кызды калмактын кызы деп жатышат. Ал кездеги казак-кыргыздан башка элдин барын эле «калмак» деше беришкендери белгилүү. Булар да кыздын атын Жезбийке деп беришет. Ошол Жезбийкеден «Манап» деген уул төрөлөт. Жанагы Менсеке «мен төрөсөм» деп көксөгөн бала ошол болот.

4- аялы Менсеке

Менсеке төрөгөн эмес дешет. Бирок бул акылдуу аял келгенден үч ай өтпөй эле курсагына бир нерселерди коюп, өзүн боюнда бар аял катары көрсөтүп келген дешет.

[M 6]
Жезбийке төрөөрүнө жакындап, толгоо тарта баштаганда Менсеке да толготот. Мурда даярланган аялдар бала жерге түшкөндө аны алып барып Менсекеге берип, анын ордуна жаңы туулган күчүктү салып коюшат. Натижада бечара Жезбийке «күчүк» төрөгөн болуп калат. Эси ооп, араң жаткан аял баласын көрбөй калып, эсине келгенде ага күчүктү көргөзүшөт.

Билбедик, ушул жерде да бир чоң «күдүк ой» турат. Эгерде Жезбийке Дөөлөстүн ак никелеп алган чыныгы аялы болсо ага антип, «акаарат кылып» баласын уурдап албайт эле го? Илгери көп аял адамдардын үй-жайы өзүлөрүнчө болгон. Ар бир үйдүн өзүнчө энчиси, кызматкерлери бар болуучу. Баланы этек астынан уурдап кетүүгө кызматкерлер жол беришмек эмес.

Ушул кездеги мыкты санжырачылардын бири Эркетанов Омор да Жезбийкени «күң» катары эсептейт. Эми муну окуурман өзү талдап алсын. Кимисиники туура экенин кайдан билдик? Бирок Манапты ошол Менсеке багып чоңойткону тууралуу бардык санжырачыларда бирдей пикир бар!

Эми Дөөлөс кайсы доордо жашагандыгы жөнүндөгү айрым санжырачылардын маалыматтарына токтоло кетели.

Санжырачы Омор Эркетановдын айтымына караганда Кылжырдын эки баласы Орозбакты менен Дөөлөс экөө тең эле 13-кылымдын аягы, 14-кылымдын башында жашагандыгын айтат. Ал 16-кылымда жашап өткөн Нур Мукаммед[4] дамбылданын маалыматына таянат. Анын айтуусуна караганда Чыңгыз хандын көзү өткөндөн кийин анын тукумдарынын арасында так талашуу чатактары күч алып, улам бытырап майда хандыкка бөлүнө баштаганда кара кытайлардын басып киргенин айтат. Көр хан басып киргенде пайгамбар тукумунан Багдаддан Миржалил келет. Андан бата алыш үчүн кыпчак уруусунан Актемир деген киши жети баласы менен жолун тосуп барып бата алат. Ал балдары: Дуулатияр, Худояр, Бердияр, Алияр, Мусаяр, Мусаяр[5], Исаяр. Булар «жети кашка» деп аталышкан. Тагай да ошол учурдан пайдаланып Богорстон, Койлон, Кылжыр деген балдарын ээрчитип барып, табынып, батасын алат.

Демек, буга караганда Тагай 14-кылымдын башында жашаган адам дейт. Нур Мукамбеддин тажикче жазылган китеби да ошол мезгилди айтып жатканын далилдөөгө аракет кылат. Андан кийин ар бир атанын жашап өткөн

[4] Нур Мукаммед ~ Нур Мукамбед.
[5] Vermutlich irrtümliche Wiederholung. Die im Text postulierte Siebener-Einheit erfordert sieben Namen, der siebente Name fehlt im Text.

доорун 25 жылдан эсептеп, Дөөлөс, Орозбактылардын жашап өткөн мезгилдин монгол заманындагы анын ири империясынын бытырап бөлүнүү учуруна алып келип такайт. Ал өзүнүн эсептөөлөрү боюнча Аксак Темирден саал мурдараак, же ошол мезгилге чамаалаш кылып көрсөтүп жатат. Ал Дөөлөстү Сыр Дария менен Аму Дарыянын ортосундагы Асбус хан менен согушта колго түшүрүп жатат.

[М 7]
Ал эми башка санжырачылар калмак эле дегенден башка ачык маалымат бере алышпайт. Бирок Омордун санжырасындагы бул жаңылыктын канчалык даражада чындыгы бар экендигине карабай ушул эмгекке киргизип койдук.

## Токо баяны жана анын балдары

Токо Дөөлөстүн тун баласы болгонун айтышат. Ал жанагы Бакдөөлөт байбичеден төрөлөт. Дулдуйган чоң кара киши болгондуктан кийин Кара Токо атыгып кетет. Токо эр мыкты киши болгон экен.

Анын эрдиги жөнүндө эл оозунда бир нече уламыштар айтылып жүрөт. Санжырачы Токтогул уулу Жолдошказынын маалыматына караганда 1371-жылы сандаган көп аскери менен Аксак Темир[6] Ысык-Көлгө чейин жеткен имиш. Жолдошказынын маалыматында ошол кез жоокерчилик заман болгондуктан кыргыздар урууларга бөлүнүшүп, көчмөндүккө ылайыкташтырылган тиричилик каражаттары менен жашап тургандыгын баяндайт. Ошол кездеги төрт түлүк мал дагы жутка чыдамдуу, бир нече чакырым жерге айдалган койлор бодо малдар менен бирдей моюбай басып келгенин айтат. Айтымында ошол кездердеги кыргыздар бир жерге толук байыр алып жашабагандыгын көпчүлүк санжырачылар: Кудайберген Саманчы уулу, Жума уулу Абдыкадыр, Муса уулу Айты ж.б.лар далилдешет.

Иле менен Иртиш дарыяларынын бойлорунда Бостон, Тейит, Жоо Кесек, Дөөлөс, Кылдыршаа, Нойгут, Кызыл Сакал, Мөңкө ж.б. уруулардын көчүп жүрүшкөндүгүн айтышат. Булар тигил эле биринчи миң жылдыктан бери карай өзүлөрүнчө бир чоң топту түзүп, өзүлөрүн Булгачы тобу деп аташкан дешет. Чүйдө, Ысык-Көлдө, Борбордук Тянь-Шанда: Саяк, Черик, Басыз, Сарыбагыш[7], Солто, Бугу, Азык ж.б. уруулар, ал эми Анжиян тарапта: Дөөлөс,

[6] Тимур ~ Темир.
[7] KENČIEV hier *Сарыбагыш*. Diese Schreibung ist auch sonst weit verbreitet.

Кушчу, Саруу, Кытай, Багыш, Найман, Басыз ж.б. турушканын айтышат. Тигилердин маалыматына караганда жайгашкан орундары алмашылганы байкалат. Бул жерде айталы дегенибиз жалпы кыргыз биригип, бир чоң күч болуп, басып кирген жоолорго бирдиктүү күч жумшай албаганын эскере кетмекпиз.

Темир хан басып киргенде түндүк кыргыздарга жанагы Токо баатырдын кол башчы болгонун баяндашат. Бирок кыргыздар же тактап айтканда Камбар хан жеңилип калышып, туш келди чегинүүгө туура келет. Бирок экинчи жортуулунда «Булгачы тобун» Анжиян тарапка көчүрүлгөнү маалымдалат. Ошондон баштап алар «Ичкилик» аталышат. Түндүк кыргыздар Алтайга чейин чегинишип, кайра келишет.

Монгол хандары, Темирдин аскерлери менен беттешүүдө Токо туруктуулукту, чечимдүүлүктү көрсөткөн. Ошону үчүн аны Токо баатыр деп аташкан.

[M 8]

Ат-Башыдагы Темирдин аскери менен салгылашууда анын Актемир деген мыкты эзели беттешүүдө жоого алдырбаган кол башчысын өлтүрө сайган дешет. Анын Кашкарга, Кулжага, Үргөнч багытына жасаган жортуулдары да бир топ кызыктуу окуялар менен сүрөттөлөт.

Түтүнгө бир карадан салык салып алып турганын да эл эмдигиче эстеринен чыгарышпай айтып жүрүшөт. Ошол кездеги сарбагыштардын мыктысы Токо менен Манап болгонун айтышат. Эми булар өз урууларынын ичиндеги эле мыктылар болсо керек. Бирок майда уруулар да булардын же тактап айтканда Сарбагыштардын арасында болгону ырас.

Мисалы Азык, Дөөлөс, Төбөй, Моңолдор, Чертике ушулар сыяктуулар ошол Сарбагыштардын арасында ушул убакытка чейин бар.

Аларды эл кылып, журт кылып, кошо көчүрүп, жоодон сактап кошо ала жүрүп келе жатат. Ошондой болсо дагы кадимкидей эле элге бир карадан салык салуучу экен.

Сөздүн айтсак аныгын,
Малдын албай арыгын.
Тийип турат көкөйгө,
Бир карадан салыгың!
Аңтарылып бир күнү,

Жарылбасын карының!

- деп ыр чыгарышкан.

**Токонун балдары**

Токо көп аял алса дагы эркек балалуу болгон эмес дешет. Эркек балдары токтобой жаш кезинде өлүп калышып, бир гана Күмүшай деген кызы калат. Ал кызын Таластагы саруу туугандардын бир чоңуна берген экен.

Илгери иликтеп келишип, белдүү адамдарга өзүлөрүндөй тектүү жерден куда түшкөн. Кызын кембагалдарга беришкен эмес. Калың бүткөндөн кийин дагы Токо кызын бербей үч кул салык салат.

- Эгер кудалыкка санасаңар мага кулуңар эмес эле нарктуу эле тукумдан үч уул бергиле! Мен асырап багып алгандай болоюн. Алла таалам мага эркек бала бербеди, - деп жатып алат.

Күмүшай да акылдуу мыкты кыз болгон экен. Кудалар үч бала беришет. Алар: Чечей, Өсүн, Молой деген балдар болот. Токо балдарды элине алып келип ак боз бээ союп, элин чакырып, бата алат. Сакалы белине түшкөн кары алаканын жайып бата тилеп, Токо байбичеси менен моюндарына курун салынып тилек кылат. Эл:

- Чечей, Өсүн, Молой сарбагыштын тукуму. Токонун уулдары болсун! Аларды кул-кутан деген адам оңбосун! - дешип бата беришет.

Казактын Аргын деп аталган орто жүзүндө Деркенбай деген бир чоң байдын Мамырбай, Көкөнай деген эки баласы болот. Мамырбайдан эркек, Көкөнайдан ургаачы-кыз төрөлөт. Эки бала бирге ойноп, бирге чоңоюшат.

[М 9]
Ким билсин ...? Же балалыктыр, же чын эле сүйүүдүр? Эки бала бирин-бири сүйүп калат. Анысы элге-журтка билинип калат. Буга аябай намыстанган Көкөнай эки баланы тең кечинде бир жерге алып барып мууздатып салмак болот. Бул кабар балага билинип калып, түн жамына качып чыгат. Кыздын тагдыры жөнүндө санжырачылар эч нерсе айтышпайт. Балким кошо качып чыккан чыгар.

Баланын аты Абыла болот. Жолдо келе жатып дагы  селсаяк эки балага жолугушат. Үчөө биригип кол кармашып жүрүп олтурушуп, кыргыз жергесине келишет. Акыры жүрүп олтуруп Токого келишип, бала кылып алуусун

суранышат. Буга да ак боз бээ союшуп, байбиченин эмчегин эмизип, курандан кутпа окутуп, элдин батасын алып, бала болуп туруп калышат. Кийин дагы бир калмак бала багып алат. Анын атын «Кара Курсак» деп аташат. Кийин жалпы эле «Кара Курсак» дешип аташып, «асыранды баланы, айылчы катын чыгарат» болуп дөөгөрсүгөндөр да болгон.

Кийин Токо өлгөндө Таластагы кызына кабар кеч жетип калып, Токону жайына коюп коюшат. Ага ыза болгон Күмүшай:

«Абыла, Сабыр, Чагалдак,
Атам тапкан кул эле,
Өсүн, Молой, кул Чечей,
Өзүм тапкан кул эле,
Атакелеп ыйлашат,
Булар,
Атамдын качан уулу эле!

Уялаш эркек жогунан,
Чыкпады ишим оңунан.
Эңгезердей топ кулдун,
Эмине келсин колунан.
Кагылайын атаке,
Бөлүндүң кыргыз тобуңан.
Кыйналып ыйлап олтурам,
Кырааным атам жогунан» деп кошкон кошогун эл аңыз кылып, ушул убакка чейин унутушпай айтып келе жатышат. Күмүшай жаңылыштык кетирген. Тигилер атасынын тутунган балдары болгон. Аларды Токо өлө элек кезинде атайлап тектүү жерден аял алып берген. Энчи бөлүп чыгарган.

Бул балдарды «бөлөк-бөтөн» дегендерди «арбакка коёлу» деп антташкан. Эми ошол Күмүшай батага калган имиш. Кийин аябай өкүнүп, “Атамын ак тузун таткан, адал кызматын кылган агаларыма бекер тил тийгизипмин. Мен келгенче көргө койбой турбайбы деп аялдык кылган экемин” деп өкүнгөн. Булар Токонун балдары дешип эле аталышат.

[М 10]

**Токонун Абыла деген баласынан тарагандар**

Токо баатыр болуп атагы чыккан адам болсо да, эл оозунда «Кара Токо манап ай, үй башына бир жылкы, ала бердиң санабай» деп макал калса да, санжырачылардын көпчүлүгү анын тукумдарын таратпай эле «Кара Курсактар» деп коюшуптур. Элүүдөн ашык санжырачылардын маалыматынан жакшылыктуу эч нерсе таба алганым жок. Бар болгону Абыла, Сабыр, Чагалдак, Өсүн (Өсүк), Молой, Чечей, Беш калмак же Кара Курсак деп атап кетишет да жарытылуу маалымат беришпейт.

Чындыгында бул адамкерчиликке жакпаган алакчылоо. Айрымдары: Булар «Сарбагыштын букаралары» деп коюшат. Бирок бул тарыхый инсандардан да мыкты адамдар чыгып, журт атасы болушканын көрбөй калышкан. Жазган маалыматтарымды аңтарып жатып, Ысык-Аталык санжырачы Султан уулу Бегаалыдан азыноолок маалымат таап, аны Осмонаалы Сыдык уулунун санжырасы менен толуктамыш эттим. Айыл кыдырып, сураштырып, толуктап алууга мүмкүнчүлүк болбоду. Келечекте сөзсүз бул аталардын тукумдары да такталаары шексиз! Азырынча колдон келишинче чечмелөөгө аракет кылып көрөлү.

Токо – андан Абыла. Абыладан – Кочкор, Теке деген эки бала болот.

Теке калмактарга колго түшүп кетип, бир дөөлөттүү немесинин колунда жүрүп калат. Анысынын аялы көп болгон экен. Теке ошол аялдарга кызматчы-малай. Кызыл жүздүү жакшынакай баланы (жигитти) жакшы көрүшчү экен. Ошого ич тарлык кылып, калмактын чоңу Текени бычып салган деп жүрүшөт. Ошондуктан андан тукум жок экен. Назаркул деген баланы асырап беришиптир. Бирок андан кимдер тараганы белгисиз.

Кочкордон – Жанчегер, андан Сейит. Сейиттен – Кожомжар, Төлөкул, Атан үч уул. Кожомжардан - Эсенгул, Ырай эки уул. Ырайдан – Борумбай, Байымбет, Шүкүр.

Шүкүрдөн – Токой, андан – Акай. Акайдан – Чилтен, Болот, Асанкул, Аскаркул (Аскар, азыркы президент). Эсенгулдан - Бөтөш, Каракүчүк, Бообек, Жадал, Айдыраалы молдо. Төлөкулдан – Үчкемпир, Үркүнчү, Жортунчу, Аалы. Үркүнчүдөн - Байтүгөл ажы. Аалыдан – Сарбаш ажы, Борон, Айдаркул молдо.

Абыланын тукумун ушуну менен токтото туралы. Дагы кошулаары шексиз!

[M 11]

**Токонун Чечей деген баласынан тарагандар**

Чечейдин төбөсү таз болгондуктан аны келин-кесектер «Тазтөбө аке» дешип тергешчү экен. Анын [тукумдары]:

Мендибай, Аалым эки бала. Мендибайдан – Дайырбек, Калча. Калчадан – Атанбек, Айтак. Атанбектен – Шааназар. Айтактан – Назарбек.

Аалымдын балдары: Аалымдан - Өлөкө, Караке, Бобогой, Сарык, Чоко. Өлөкөдөн – Казыбек, Мурат, Бейшебай, Сатыбек, Миназар, Кашка.

Миназардан – Жаманкул. Кашкадан – Кыдыралы. Булар Алмалыда, Алчалыда турушат. Дүрдүн эли.

Сарыктан – Алаке, Касыралы, Ырысбай, Райымкул, Курманалы, Атак, Мырзагелди. Бул Сарыктын балдары Нарында Ныязбектин Ажы деген баласынын элинде. Сүйүнбай, Кожобек молдо дегендери бар.

Чечейдин балдарын да ушуну менен токтото туралы.

[M 12]

**Токонун Өсүн (Өсүк деп жүрүшөт) деген баласынан тарагандар**

Мында дагы бардык аталар таралган эмес. Аттатып, аттатып кетишкен. Башка санжырачыларда жок. Бегалынын санжырасы боюнча алынды.

Өсүктөн – Аккийиз, Түгөл, Чолок, Асан.

Аккийизден – Кожом, Шүкүр, Кысыроо, Мырзабек, Кызалак, Төкөй. Булардын ар биринин тукумдары бар. Мисалы: Төкөйдөн – Ырыскелди. Кызалактан – Кененбай, Абдыракман ж.б. Түгөлдөн – Казыбек, Шадыбек, Бекболот, Надырбек, Шаамырза, Майлыбай, Кошой, Балбай, Кундуз. Чолок, Асандан – Тыныбек, Турсун, Бейше, Андаш ажы, Бообек. Казыбектен – Базар, Айтпай, Ажы Чолпонбай. Айтпайдан – Сарбоз ажы.

Булар бүт Кара-Булакта, Чүйдүн башында турушат.

**Токонун Молой деген баласынан тарагандар**

Мында дагы толук эмес. Молойдон – Мышык, Абыш, Кочкор, Казанчы, Талпак деген аталарды гана таратышат. Алардын ичинен жалгыз гана Казанчынын тукуму чечмеленип, калганы кала берген.

Эгер ушул санжыра басмага даярдалып калса жалпы эле санжырачылардын жыйынында талкууланып, кетирилген каталар оңдолуп, кошумчаланып, анан терүүгө берилерин айта кетмекпиз. Эми:

Казанчыдан – Ысмайыл, Бердикожо. Ысмайылдан – Жангараш, Осмон. Осмондон – Мукамбет, Бакырдин. Күчүктөн[8] - Сайнидин ажы деген мыкты адам чыккан.

Ушуну менен Молойдун тукумун толук ажыратып кошумчалаганга чейин токтото туралы.

**Токонун Чагалдак деген уулунан тарагандар**

Чагалдак жөнүндө санжырачылар арасында эки пикир бар. Биринчиси – Абыла качып келе жатып эки балага жолугуп, аларды Токого кошо ээрчите келгени. Ал балдардын бирөө ушул Чагалдак деп айтып жатышат. Экинчиси Сабыр экен. Экөөнү тең “казак” деп жүрүшөт.

Экинчиси – Токо Мерки тараптан келе жаткан. Жолдон бир чакылдап сүйлөгөн бир бала жолугат. Аты Байыш экен. Токо ээрчитип келип өзүнө бала кылып алган имиш.

[М 13а]

Чагалдактан – Саруу, Сарыкүчүк, Акжол, Ырыспай, Сартбай, Берик деген урук башчыларынан тарашкан эл бар.

Сарыкүчүктүн – Токтожума, Кемел, Жума, Опок, Бакас, Жумакадыр, Качкынбай деген аталардан тараган тукумдар бар.

Саруунун – Дарыякун, Мамбетайып, Акылбек, Кийизбай деген тукумдарынын балдары бар дешет.

Рыспайдан – Артыкбай, Бердибай, Кадыр, Муса ж.б.

Сартбайдан – Берик, андан – Кебек, Ашым.

Булардын тукумунан Жаңы-Талапта 70 түтүн, Ат-Башынын Кара-Коюнунда 30 түтүн, Ак Талаада 10 түтүн бар экени аныкталган.

Жанагы Сарбагыш менен Бугунун ордо атуушулап келип чыккан чатагында ушул Чагалдак уруусунан чыккан «чертмекчи» чоң роль ойногон. Адегенде Бугуларды чокондоткон ошол болгон. «Ордодон уттуруп жибердиң» деп аны Ормон да күнөөлөгөн. Акыры атын тарттырып жиберип, аны кайра барып алып келем деп көлгө чөгүп өлгөн.

[8] Zuvor nicht genannt.

Эми ушуну менен Чагалдактын тукумун токтото туралы. Ирети менен алардын санжырасы да башкалардын санжыраларынын катарында турушу зарыл.

[М 13b]

**Токонун Сабыр деген баласынан тарагандар**

Айрым санжырачылардын айтымына караганда Чагалдакты Сабыр багып чоңойткон дешет. Бирок жалпысынан Токонун балдары болуп эсептелет. Сабыр акыл-эстүү адам экен. Бирок бул тарыхий инсандан Ат-Башы менен Нарында ушул азыр жашап турушкан көп эл болсо да алар жөнүндө такыр эле сөз кылышпайт. Осмонаалы Сыдык уулунда да Сабырдын тукуму жөнүндө чеке жылытаарлык бир ооз да сөз жок. Башка санжырачылар «Ныязбектин сегиз бегинин букаралары» деп гана тим болушат. Ал эми Абра[м]зон болсо Токонун балдарынын аттарын гана атап тим болгон. Чындыгында бул туура эмес. Сабырдын тукумдарынан да мыкты адамдар чыккан. Мына ушул азыр да анын тукумунан жетекчи кызматтарда иштеп, эл камын ойлогон адамдар бар. Алардын аттарын атап кетишим жарабас. Бирок Сабырдан тараган тукумду берип кетүүм керек. Эгер толук болбой калса ошол Сабыр атанын тукумдары мага таарынышпас. Аларды атайылап калтырганым жок. Өзүмдүн билгеним ушул болуп калды. Жалаң эле Сабырдын тукумдары эмес, жалпы эле ушул жарык көрүп жаткан санжырадагы калып калган аталарга толуктоо киргизип калсаңар кыргыз үчүн чоң кызмат кылган болоор элеңер.
Эми:
Токодон – Сабыр. Сабырдан – Амандык, Келдибазар деген эки бала болгон экен. Амандыктан – Турсунбай, Шапак деген эки уулу болот. Келдибазардан – Бекеш, Белек. Бекештен – Үчкемпир, Жолкачты, Жоломан, Жолжакшы, Жолболот. Үчкемпирден – Чоко, Боко, Чөмөн, Эркесары, Байсейит. Жоломандан – Айылчы, Эгинчи, Буудайчы, Орозалы. Жолболоттон – Райымбек, Ыстамбек, Итибай, Күнтуубай. Райымбектен – Эркинбай, Жаркынбай. Жаркынбайдан – Максүт, Жусуп, Копо, Искендер, Сулайман, Акмат. Максүттөн – Садык, андан – Жакыпбек. Жусуптан – Сатар. Коподон – Асан, Үсөн, Маамыт, Азих. Искендерден – Абдыразак, Абыл, Абыкай. Сулаймандан – Турдугул, Мукаш. Акматтан – Айнидин.

**Токонун «Кара Курсак» деген баласы**

Бирөөлөр Токонун 7 баласы болгон дешсе, бирөөлөрү 8 баласы болгон деп жатышат. Эң акыркы балдары – «Кара Курсактардын» аттары бизге белгисиз. Айрым санжырачылар бул баласын калмактан багып алган дешет. Кээси, жоок! Өзүбүздүн эле кыргыздан - дешет.

[M 14]
Калмакка колго түшүп кеткен колуна таштап кетишкен эмес.[9] Ал түгүл коргоно алышпаган майда урууларды чоң уруулар кошо ала жүрүшкөн. Айрым тектүү жердин балдары болсо аларды бала кылып асырап алышкан. Айрым санжырачылар «Кара Курсакты» башкача айтышат. Эч кандай калмак эмес эле Надыр аттуу бир баланы таап алып, Токо өзүнө бала кылып алган экен. Кийин анын Надыр деген аты калып, «Кара Курсак» атыгып кеткен экен.

Эми ушуну менен Токонун балдарынын таралышын токтотолу. Дагы сураштырып, толуктоолорду киргизип калышыбыз ыктымал. Колдогу болгон маалыматтар ушул экен.

## Манап баяны

Дөөлөстүн мыкты жана кереметтүү баласы ушул Манап болгон дешет. Калмактын ханынын кызы Менсеке Дөөлөстүн белинде бир кереметтүү бала бар экенин билип, ага тийүүгө макул болуп, ошол баланы «мен төрөсөм» деп эңсегени бекеринен болбосо керек. Дөөлөс бошоп кетип бара жатканда «башка аялга жолобой кел» деп эскерткен. Бирок Дөөлөс кылтылдаган сулуу келин Жезбийкеге жолоп коюп, кайта барганда баланын белгилери жок болуп калат. Менсеке кейип:

- Бурут! Сен сөзүндө турбадың. Башка аялга жолоп келипсиң. Жакшы «жышана-касмет» бар эле, ал жок болуп калыптыр. Бирок мен сага тийем, атама убада берип койгом, - деп той өткөртүп Дөөлөскө тийет.

Биз жогоруда бул жөнүндө аздыр-көптүр баяндама берип кеткенбиз. Ошентип баланы Менсеке төрөдү болуп калат. Бечара Жезбийкени «Күчүк төрөдүң» деп айыпташып, кетиртип жиберген дешет. Балага «Манат» деп ат коюшат. Ошол бешикте кезинде бир жактан бир ак сакал думана келип:

- Бул балага «Манат» деген ат ылайыксыз. Аты мындан ары «Манап» болсун, - деп жаңы ат коёт. Манап бала кезинен баштап эле эл оозуна алынат.

---

[9] Satz ist unvollständig (Hinweis von MAHABAT SADÏRBEK). Sowohl Subjekt als auch Objekt fehlen.

Эзели адамга жаман айтып, үнүн катуу чыгарып сүйлөгөн адам эмес экен. Эки сүйлөгөн эмес. Кара кылды как жарган калыс болгон. Өзүн ушунчалык таза тутканын кеп кылышат. Сыпаа, бир чыны гана кымыз, же жуурат ичип, үч-төрт жий боорсок жеп, нарын тарткан эттен ашып кетсе үч гана алып тим болуучу экен. Тазалыгы, сыпаалыгы менен элге таанылган. Кандай гана чыр-чатак болбосун калыстык менен чечкен. Адилеттүүлүк менен элди бийлеген. Токо баатырлыгы менен элди бийлесе, Манап акыл менен иш кылган. Өрөөндөргө эгин айдаттырган. Аны «жатакчыларга» бактырышкан. Ээнбаштыкка, мал уурдоого тыйуу салдырган. Манаптын аты кийин наамга айланып, айрыкча Түндүк Кыргызстандагы эл бийлөөчүлөр «Манап» аталышкан.

Манаптын жашап өткөн доору да жоокерчилик заманга туура келди. Санжырачылардын айтымына караганда калмак чабуулу али баштала элек мезгил болсо керек.

[М 15]
Кыргыздардын калмактардан сүрүлүү мезгили Манаптын тукумдары Темир, Болоттун тушунда болгонун, алардын Анжиян тарапта көчүп жүрүшкөндөрүн айтышат. Фергана өрөөнү тараптагы арыктын, жердин аттары да калмак дооруна туура келет. Маселен «Атаке арык», «Кошой конуш», «Эсенгул колот» ж.б. ошол Манаптын кийинки тукумдарынын мезгилине туура келип жатат. Атаке баатыр кийин кыргыз жергесин бошотуш үчүн кайта келгенде Боомдун капчыгайынын Чүй жак оозундагы «Жел аргыда» калмактын үйлөрү турганын айтышат. Атаке баатыр бир үйгө кирип барса бир калмак кол аракка мас болуп уктап жаткан экен дешет. Кылычын сууруп, башын чаап салат. Ошондо бойго жетип калышкан калмактын эки кызы тура калышып, Атаке менен кармаша кетишет. Нары жактан калмактын кемпири тура калып бычак менен саярда эшиктен Жамансарт кирип келип, үчөөнү тең кылыч менен чаап таштайт. Атаке аман калат.

Мына ушундай окуялар менен болжолдоп олтуруп Манаптын мезгили Аксак Темирдин учуруна туура келет.

Санжырада «Калмак-Ашуудан» коргошун алышып, ок куйгандарын баяндашат. Шор менен күкүрттү кошуп ийлешип дары жасашкан. Милтелүү мылтык согушканын айтышат. Көбүнчө жаа менен куралданышкан дешет.

Манаптын тушундагы эки чоң кагылышууну кеп кылышат.

Иле боюндагы салгылашуу:
Мында жоо колу үстөмдүк кылып, кыргыздар Алтайга өтө качышканын, алты айга чейин Чүй деген жерде сарбагыш элинин туруп калганын айтышат. Ошондо азык, чертике, жетиген уруулары Манаптын букаралары болгонун айтышат. Моңолдор Камбар хан көтөрүлгөндө Манап өз жигиттери менен барган экен. Ошондо анын Сүтөй деген баласы 12 жашта болгон деп Абдыракман Турусбек уулу өз санжырасында маалымат берип жатат. Өзүлөрүнчө мал айдап, өргөө көтөрүп барышкан экен. Манаптын аялы Бактыгүл айы-күнүнө жетип турган экен. Атка жүрө албай жолдон каза болуп калат. Ошондо Бозгунчак деген саяк табып Бактыгүлдүн ичин жарып алгандыктан “Жарбаң” деп коюшат.

Манап «Ат-Башы согушуна» да катышканын санжырада айтат:
Кыргыздын колу «Кошой тоосунда» жашынып жатышкан болот. Темирдин көп колу Пычан аркылуу ашып келип, Арпанын ичин өрдөдү. Кыргыз кароолчулары аны байкап турушкан. Элди «Жаңы Жерге» чейин көчүрүп жиберишкен. Аксак Темир кыргыздарды Ат-Башы өрөөнүнөн басып калмак болгон. Кожояр деген кыргызга жол баштатып келе жатышкан. Ал атайын аскерлерди татаал жолдор менен алып өткөн. Ал кыргыздардын орун которуп кетишине шарт түздү. Темир келгенде жер аңгырап ээн калган. Жини келген Темир Кожоярды бөлө чаап таштайт. Аскеринин көбүн Көл тарапка, андан наркы азыркы казак талааларында турушкан кыргыз айылдарына жөнөтөт.

Аз калган аскерди талкалаш үчүн кыргыздар буктурмадан түшүп келишип курчоого алышат. Бул жерде Бугу, Саяк, Сарбагыш, Черик, Тейит, Нойгут ж.б. уруулар биргелешип салгылашкан.

[М 16]
Далай согуштарда такшалган Темирдин аскерлери да кыргыздардын мизин кайтара алышкан эмес. «Үргөнч» тарапка да Манаптын барганын баяндашат. Көп олжо менен кайтып келет. Ошол жортуулда Ахмед хандын кызы Жийдегүл сулууну алганы баяндалат. Тилекке каршы Жийдегүлдөн төрөлгөн балдар токтобой койгон экен. Сүтөй, Жарбаң деген эки эле баласы калат. Айрым санжырачы Ат-Башылык Мусаев Айты Манаптын үч уулу болгон деп Түгүрдү (Тогор) кошуп жатат. Осмонаалы Сыдык уулу, Султан уулу Бегалы ж.б. санжырычылар Манаптан - Сүтөй, Жарбаң деген эки баланы таратат.

Сүтөйдөн – Сарысейит, Эшим[10], Түгүр (Тогор). Эми биз катары менен таратып келели. Ооба, Сүтөйдөн үч бала болуп жатат. Алардын ичинен биз Сарысейиттин тукумун таратып келип, анан улам кезеги менен калгандарын таратталы.

Сарысейиттин - Үчүкө, Түлкү, Кудаян, Эрдене деген төрт уулу болгон экен. Булардын ар биринин кызыктуу окуялар менен байланышкан таржымалдадары, таралган тукумдары бар.

## Үчүке, Түлкү баяны

Сарсейиттин Үчүке, Түлкү деген эки баласы тең мыкты баатыр жигиттер болгон экен. Алардын доору да ошол кездеги жоокерчилик заманга туш келди. Жигиттер эл четинде, жоо бетинде болушту. Үчүке үйлөнүп үч балалуу болуп калган. Түлкү да үйлөнгөн. Түлкүнүн аялы Таластык Саруу уруусунун бир мыктысынын кызы болот. Жаркын ошол Түлкүнүн аялы болгон. Үчүке, Түлкү экөө тең атагы жер жарып калган учуру эле.

Айрыкча булардын атагы «Кашкар жортуулунда» чыккан. Турпандын алдындагы калмактар менен салгылашууда да чоң эрдиктерди көрсөтүшкөн. Түлкү нака он сегиз жашында Турпандын жанындагы урушта эрөөлгө чыгып, Доргун, Карача, Түмөн, Шыйкы деген балбандарын сайып түшүргөн. Экөө тең узун бойлуу кең далылуу, кармаган жерлеринен кан чыгарган балбан жигиттерден болгон. Айланасына бир нече эр жигиттерди топтоп жоого бирге аттанып жүрүшкөн. Булардын: Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк, Бургуй деген мыкты жолдоштору болгон. Алар кандай гана жоо болбосун эңшере тартып турушкан. Каптап келишкен калмакка каран түн түшүрүшкөн. Сарысейиттин жылкысы дүркүрөп өсүп, Көлдүн «Кабырга», «Бүлкүлдөк», «Кыямат Кыргоо» деген жерлеринде кыштап чыгуучу дешет.

[M 17]

## Санжыра боюнча Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк, Бургуй баатырлардын өлүмү

Береги касиеттүү Ысык-Көлдүн чыгыш тарабы кар түшпөй кыш кара чыккандыктан малдын кыштап чыгуусуна жакшы шарт түзөт. Сарбагыш элинин малы Боомдун капчыгайынан чыга бергенден Чолпон-Атага чейин күтүрөп,

[10] Эшим: KENČIEV hier irrtümlich *Эмиш*; die korrekte Variante ist *Эшим* (vgl. [M 155], [M 168]); ich folge dieser Schreibung.

карарып, ыңкып жатканын айтышат. Семиз-Белден Тоңго чейин төө, бодо мал багылган. Быйыл «Жылкы жылы» эле. Ысык-Көлдүн жээги калың токой, андан нары тоо этегине чейин эжигейдей эзилген бетеге, шыбак, күйрөк, боз таргыл тарткан дүмүр жыш. Адырдагы аркар-кулжа, бөкөн, сайгак короого чейин келип жайылышат. Кекилик-чил коён бутуңдун алдынан булт коюшат. Көл жээгиндеги камыш, калың токой арасында кара чаар жолборстор күркүрөп, элик басып жеп жатканын көрөсүң.

Жаз эрте келип, мал төлдөп аяктап калган. Сарысейит бээ союп, Дөөлөстүн балдарынын аттуу баштууларын чакыртты. Сарысейиттин улуу байбичеси Бүбүкан байбиченин үйүндө олтуруп сөз баштады.

- Кыштан быйыл жакшы чыктык. Быйыл эми Көк-Ойрокту Элчибек атанын балдары жайласын. Кара-Каман, Балгарттын ичин Токо менен Жантай атанын балдары жайласын. Солтон-Сарыны Азык туугандар менен бирдикте Жарбаң атанын балдары жайлап келишсин. Биз быйыл Соңкөлдү жайлап келели, - деди. Ата уулдары бул кеңешти эп көрүштү.

Алты жүздөй куйруктуу козуларды биттетпей жөн койдурду. Анысы жайлоого жеткичекти союш. Баглан жаш козунун эти ууз кымызга кошулуп, дарылык артыкчылыгы, ден соолукка жагымдуулугу менен жогору бааланат. Жай ортолоп келгенде кысыр эмди тайлар жакшы. Жайлоодо кымыз жайылып, эл чакырылып үлүш берилет. Муздак төрлөргө чейин барышып анан кайра тартышат. Ал мезгил «эл кайра тартканда» деп аталат. Кайра көчүп жүрүп олтурушуп күздөөсүнө келишет. Сарбагыштардын күздөөсү Кочкор ичи болгон. Карыялардын айтымына караганда калың чийден төө араласа көрүнчү эмес дешет. Көт-Малдыдан Чолпон атага чейин да калың чий, арасында жашыл тулаң көргөндүн көңүлүн тойгузган. Боз кыроодо кыштоолорго көчүп конушуп, согум айы башталган. Ошол мезгил кыргыздар үчүн түндүгүнөн береке куйулуп, босогусунан май агып турган учур болгон.

Баса Көт-Малды дегенибиздин да себеби бар. Ал жердин аты. Бир кездерде көлдөн суу агып чыгып туруучу экен. Көлдүн аягы былкылдаган саз болгон. Итабар суу көлдөн агып чыгып турган нугу менен далилденет. Нук ушул азыр да турат. Кечүүдөн кечип өтө бергенде суу аттын соорусун жаба берип, шымы суу болуп калуучу экен. Ошондуктан ошол жерди «Көт-Малды» деп аташкан. А. Гумбольд туура эле айткан. Кийин тектоникалык кыймылдын натыйжасында суу акпай калышы ыктымал.

[М 18]

**Эдин жайлоого көчүшү**

Эртең, эртең эл көчөт,
Эшик боосун ким чечет.
Байдын кызы Бурмакан,
Бурулуп барып үй чечет.
Аны көргөн жигиттер,
Өтүгү менен суу кечет.
(Элден)

Илгерки кыргыздын көчү өзүнчө эле бир керемет болгон. Каймал төөгө жасалгалуу «көч жүгүн» артышып, аны алдына салып, кадырман байбичеге жетелеттиришкен. Жүктүн үстүнө чачысы самсаалаган калы килем жабышкан. Аяктай ак була кебез байлаган жибек буйла төөнүн мойнунда жылаажын үндүү коңгуроо. Кызыл-тасыл болуп чирекшип бара жатса көздүн жоосун алган. Ат жабдыктары да келишкен. Күмүш жүгөн-куюшкан, саймалуу булгаары тердик. Өзгөчө кыз-келиндерин жасалгалары шумдуктай көрктүү болгон. Көч жүгүнө жабылган кымкап менен килем күн нуруна чагылышып, самсаалган чачылар чубалжып, кош этек, ак жибек көйнөк, көк же кызыл дукабадан кемсел кийип, үкүсү үлпүлдөгөн такыячан сулуу кыздар көчтүн көркүн ачышкан. Күмүш сандык, чырмалган чий, күмүш ооз көөкөр көрүнө жерге байланган.

Жолдогу айылдар атайылап жол тосушуп кымыз сунушуп, суусун кандырышкан. Айрым жерлерде жүктү шамдагай жигиттер түшүрө коюшуп, түштөнтүп аттандырышкан. Жигиттер «Унаа бели бек бекен?» дешип сурашып, көч узатышкан. Мыкты ырчы кыздар «Көч көрөңгөсү» деп аталган табийгаттын сулуулугун, тоо арасынын кооздугун кошуп ырдап келишкен. Айрым учурда бул ыр дүйнөсү алым-сабакка айланган. Эгер өлгөн кишинин «кара ашы» бериле элек болсо, кыз келиндер ошол өлгөн кишини көч үстүндө кошушкан.

Мына Үчүке, Түлкүнүн көчү Соңкөлдү бет алып, Кочкор ичинде бара жатты. Баатырлар жоо жарагын алышып, жоо киймин кийинишип алдыдагы кайгуулда. Баштарында туулга, чынжырдан согулган соот, беш кабырга белдемчи, кээсинде күрөөкө тон. Көч убагында душмандын кол салуулары көп болот. Даярдыкта турган немелер оңой олжолуу болушат. Ошону үчүн көчтү баатырлар узатышат.

Эртең менен Кочкордун Ак-Чийинен көчүп чыгышкан. Кудай буйурса жолго дагы эки түнөп, анан жайлоого жетишмек. Коно турган жерге жылкыны эрте айдап барышып, бээ байлап жиберишет. Көч барып жүк түшүрө

башташканда тамак-аш даяр болот. Жолбун үйлөрдү тиге салышып эс алып жатмай. Бүбүкан байбиче кесирдүү киши эле дешет.

[M 19]

**«Кесир кылсаң кесепетке кабыласың!»**

«Уккан кулакта жазык жок» дешет. Нечак көзү өтүп кеткен кишиге тил тийгизип «какаар» айтканыбыз жарабас. Бирок нечактан бери эл оозунда айтылып келе жаткан уламышты айтпай коюга да болбойт. Ошентип, көч Кочкордун Ак-Чийинен көчүп чыкты. Бүбүкан байбиче жанына Түлкүнүн келинчеги Жаркынды алып калган. Тынай бешикте. Келин күмүш ооздуу көөкөрдөн жакшы ачытылган кымыздын тундурмасынан байбичеге куюп берип жатты. Булар кереге жайылып, үй тигилген ченде барышат. Келин түндөгү көргөн түшүн эстеди:

*Түлкү, Тынай, Жаркын үчөө өз өргөөлөрүндө олтурушкан экен. Аңгыча эшиктен бир ак сакал адам кирип келет. Балам! – деп Жаркынга карайт. – Береги тумарды баланын бешигине тагып койчу! Бул аны ар кандай балаалардан сактайт, – деп тумар берет. Аңгыча ак сакал дубана жок болуп калат. Күн күркүрөп кара нөшөр башталат. Кокуй, кыян жүрүп келе жатат деген чуу чыкты. Күркүрөгөн коркунучтуу дабыштан Жаркын менен Түлкү экөө эшикке чуркап чыгышты. Кудай эле өзү сактасын! Баба-Атанын тоосу тараптан кап-кара болгон кыян суусу түз эле булардын өргөөсүн көздөй каптап келе жатат. Көзүң жамандыкты көрбөсүн.*

*- Түлкү! Кокуй Тынайды карма! Түлкү үйгө кире албай кыян менен аккан бойдон кетти.*

*- Түлкү! Кокуй эл журт! Түлкү агып кетти. Тынай! Кулунум! Үчүкенин үч уулу маңдай тарапта күлүп турушту.*

*- Түлкү биздин кулубуз. Эми сага барбайт. - Өзгөчө Ма[а]маткул жалжактап күлүп болбойт.*

Аңгыча чочуп ойгонуп кетти. Жүрөгү дүкүлдөп, жаш келиндин эси чыгып калган эле.

Жаркын минген бээнин кулуну жылкы менен кошо кетип калыптыр. Башка күндөрдө энесинин жанынан чыкчу эмес. Кара жорго бээ кишенеп кулунун издеп тынчыбады. Желини да тарсайып эмчегинен сүт куюлат. Бул окуя Жаркындын түндөгү түшүнө окшошуп кетти. Санаасы чыдабай Түлкү бир

кокустукка учурап калдыбы деп санааркайт. Байбиченин жанында дагы каралаша турган калмак күң бар. Ал деле каралашат. Эртерээк барып безеленген кара бээнин кулунун таап бергиси келди. Калмак күң нары жакта арык боюнда идиштерди жууп жүргөн. Келин бээге минип кайненесине бешикти алып берүүсүн өтүндү. Кемпирди кудай уруп чамынып чыкты. Жанындагы болот кестикти сууруп чыгып:

- Какмаар! Сен мени жумшаганча болдуңбу? Ыймансыз өлүгүңдү ... - деп качырып сала берди. Өмүр бою мал менен өскөн чыйрак, шамдагай келин бешикти шап эңип алып, качкан бойдон кетти. Келиндин бул жоругу да Бүбүкандын намысына тийди. Эч нерседен капарсыз идиш жууп, арык тараптан келген байкуш күңдү башка бир салды.

[M 20]
Ал бечаранын эмне жазыгы бар эле? Башын катып, камчы тийип кан чыккан чекесин сыйпалап, үнсүз көз жашын көлдөттү.

Кымыздын тундурмасына кызып алган Бүбүкан албууттанып барып байлануу турган кара жоргонун жүгөнүн шыпырып алып, башка бир чаап айдап жиберди. Өзү аюу талпакка оонап жатып алды. Кара жорго кишенеп жылкынын артынан жете барды.

- Кокуй катыгүн! Байбиче минген жорго турбайбы, - дешти жылкычылар. Кармап алышып жоргону жетелеп кайра чабышты. Бир кокустук болуп байбиче жолдон жыгылып калдыбы? - дешип чочулашты.

- Түлкүгө айт! Эгер мени энем деп эсептесе кереге жая электе жанагы аялын кетирсин! - деди. - Кереге жайгандан кийин кеч болуп калат. Анда балалыктан кечип, ак сүтүмө коёмун да өзүм ушул журтта жарынып өлөм! - деп жылкычыны кайра жөнөттү. Түлкү жигиттери менен дөңгө түшүп, көчкө көз салып олтурушкан. Адыраңдатып чаап келген жылкычы Түлкүнү четке чакырып чыгып, энесинин сөзүн төкпөй-чачпай айтып берди. Түлкү да, Үчүке да энелеринин сырын жакшы билет. Айтканынан-кайтпаган киши. Айласыз эки оттун ортосунда калды. Үчүке менен кеңешти эле, ал мукактанып тим болду. Кыязы бир тууганын кыя албай, энесин да кыя албай турду. Түлкү этек-жеңин күбүнүп атланып жөнөдү. Жанына жалгыз Атакозуну алды. Жолдо Атакозуга айтты. Ал да делдейди. Эч ылаачы таап бере албады. Муну Түлкү өзү гана чечмек. Көчкө келип:

- Мына бул жылкыны, көчтү бүт алып Суусамырдын Ала-Бел, Жайсаңына бар! Төркүндөрүңдүн жайлоосу ошол эмеспи? - деди ичи уйгу-туйгу болуп. Жаркын көз жашын көлдөтүп төгүп ыйлап туруп:

- Үчүкенин үч уулу үстөмдүк кылар! Байкуш Тынайыма Алла Таала өзү жар болуп колун сунар! - деп баланын эки бетинен эки өөп кош айтышты.

- Капырай түндөгү түшү туш келгенин карачы? Түлкүнүн да соо калбасын эстүү Жаркын түшүндү. Бир кырсыкка учурайт. Көчтү Жумгал аркылуу Үлбүрчөк баш болгон жыйырмадай баатыр жигиттер коштоп, Ала-Белге жеткирип келишти.

Арадан бир жыл өттү. Ошол мезгилдин ичинде Түлкү баатыр белин чечпей, өзүнө арналып тигилген өргөөгө келип жатып, энесинин үстүнө сейрек келип, суз учурашып турду.

Эл жайлоого көчүп келген учур. Көк дукабага көмкөргөн ак чыныдай болгон өргөөлөр өзөн бойлой тигилген. Өтөктөн уйлар байырлап, көк шибери көйкөлгөн белестерде сан кара боз койлор ыңкып, желе-желе бээлер байланып, жай берекесин чачып, босогодон май агып, «ат семирип нык болуп, эр семирип бук болуп» турган кез. Сарысейиттин айлы «үлүш» берип, шарактаган кыз-келиндер кызыл-тасыл болуп жарашыктуу кийинишип, куду жайлоонун жыты аңкыган гүлдөрүнө окшоп топ-топ болуп бастырышып тамаша көрүүдө.

[М 21]

«Үлүш» жалаң эле тамак ичүү менен чектелбей ар түрдүү тамаша, оюн-шооктор менен коштолоор эле. Улуттук оюндардын бардыгы ойнолчу. Ошентип эл жыргап турган «үлүш» учурунда байбиче дагы бир маселе козгоп чыккан экен.

- Мен Түлкүнүн аялын кетирттип жибердим. Буга балам наараз сыяктанат. Саламдашканы солгун, паанайы пас сыяктуу. «Катын жолдо, бала белде» -,  деп кесир сүйлөдү. - Балам тил алса той түшүрүп, мал берип катын албай эле койсун. Карсылдашып салышып, малын тийип, тартууга келген же колго түшүрүп келген катынды алсын! Мына той түшүрүп, калың берип төмөнкү Саруулардын мыктысынын кызы Жаркынды алдык эле ал кайра тең ата болуп кайненесин жумшаганга чейин барды. Мен аны ошол тең ата болуп бизди кайра жумшагандыгынан кетирттим.

Илгери кыргыз элинде качан ушундай ыймансыздык бар эле? Азыркы жаштар чокуңа чыкчу болушту. Мага «күңкөр» боло турган келин керек! - деп

сөз учугун улады. Береги Ичке-Суу, Лоб Ноордо[11] Нойгуттардын Жагоо бийинин кызы бар экен. Аты Жаңыл экен. Эркек сыяктуу кайгуулга чыгып, ит агытып, куш салып мырза чалыш жүргөндүктөн аны «Жаңыл мырза» дешип кадырлашат дейт.  Мага ошону келин кылып бергиле -, деп жатып алды. Бул ээлигип турушкан баатырларга майдай жакты. Аттардын тилдерин бууп, суутушуп, жолго кам көрүлө башташты.

**Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк, Бургуй баатырлар баяны**

Атакозу:
Бул баатырдын насылы саяк. Туугандарына таарынып сарбагыш элине көчүп кетет. Ал жерден Үчүке, Түлкү менен кол кармашып, доону бирге жоолап, жоону бирге жоолап туруп калат. Түз жүргөн, сыпаа, калыс сүйлөгөн, тайманбаган баатыр болгондуктан кадыр-баркка ээ болуп, өзүнчө айыл күтүп, ошол кездеги уруу саясаттарына жан дили менен катышып турган. Мунун таржымал-таберигин санжыранын «саяк» бөлүмүндө беребиз.

Чабак:
Бул баатырдын да насили саяк. Бир эр санжырачылардын, айрыкча Турусбек уулу Абдыракмандын айтуусуна караганда Атакозу менен бир тууган болгон. Бирок Абдыкалык Чоробай уулунун айтымына караганда Чабак Атакозу менен ага-ининин балдары болгон. Тууган аралык наарызылыктан улам Атакозу экөө бирге келишкен экен. Эми буларды тактоого да убакыт болуп калаар.

Үлбүрчөк:
Үчүке, Түлкү менен жортуулга кошо барып Жаңыл мырзанын колунан өлгөн баатырлардын бири. Насили кыргыздын азык уруусунан дешет.

[М 22]
Бургуй:
Сарбагыш ичиндеги жетиген уруусунан. Өз заманынын мыкты баатырларынан болгон экен. Жортуулдук кагылышууларда далай эрдиктерди жасагандыктан жана жөө да, атчан да душманына алдырбагандыктан атагы чыгып турган.

[11] Лоб Ноор ~ Лобнор; zugunsten der Einheitlichkeit wähle ich die gegenwärtig übliche Normschreibung “Лоб Ноор” entsprechend der mongolischen Phonetik des Hydronyms.

Булар: «Ырыс алды - ынтымак» дешип, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып турушкан.

Булардан башка жортуулга 300дөн ашык кол аттанган дешет. Даярдык жакшы көрүлүп, жибек боолу чатырларды, жан казан, жан аяктарын, күл азыгын алышып, эл кайра тартып калганда жолго чыгышты.

Жол азыгына кысыр эмди тайларды, туу калган бээлерди кошо айдай чыгышты. Бул баатырлардын жол азыгы.

**Жаңыл мырза баяны**

Куш учурбас мерген кыз,
Кулжаны тоодон терген кыз,
Баатырсыган жигиттин,
Баарысын тегиз жеңген кыз
(элден)

Жаңыл мырза байыркы кыргыз урууларынын бири болгон Нойгуттардан чыккан. Алар биздин замандын биринчи миң жылдыгынын башталышында эле Кэмден Алтайды аралай көчүп олтуруп, Кебез-Тоого[12] байырлап, «Сарымсак-Тоосун» сагаалап көчүп жүрүшүп, Ичке-Сууну бойлой, Лоб Ноор көлүн жакалап туруп калышат. Жаңылдын атасы Жагоо бий. Ал киши да «тулпарлары байланып турган кермеден, намысын жоого бербеген» кол баштаган калк атасы болуптур. Жаңыл мырзаны санжырачы ыраматылык Токтогул уулу Жолдошказы мындайча сүрөттөйт:

Калмактар коркуп какшаган,
Калтаарып айла таппаган.
Каршы алдына келгенди,
Камандай чалып таштаган,
Эрлерди жоого баштаган,
Эзели жаздым атпаган.
Кабылан кызын нойгуттун,
Кылымдын эли мактаган.
Жагоо бийдин Жаңыл кыз,
Лоб Ноордун жээгин бойлогон,

[12] Kenčiev [M 22], ebenso *Biškek Šamï* (17. Juni 1992) Kleinschreibung: *кебез тоо*.

Көк жолборс менен ойногон.
Сурмалуу көз, ак маңдай
Салышса жоодон жасканбай[13]
Баатыр болуп төрөлгөн,

[M 23]
Айбаты бийик арстандай.
Тектирден теке сулаткан,
Будурдан бугу кулаткан.
Жебээге[14] колу маш болгон.
Жекеге чыккан аз болгон.
Жергелүү журтка баш болгон.
Нойгуттун колун баштаган.
Найзага боюн маштаган.

Баатыр кыз болгон дешет. Ошол учурда жоокерчилик заман болсо да касташкан душман жеңбей, катылып жоосу келбей, эл бейпил жашап туруптур. 700 үйлүү жедигер туугандары көчүп келишип, «Ичке-Сууну» жердешип, Жаңыл мырзага каралап туруп калышат. Ошол кезекте калмактар кайрадан жылып, кыргыз жергесине ыкыс берип турган учур экен. Санжырада Жаңыл төрөлө электе эле бир жолу Нойгуттарды казандан эчтеме калтырбай чапканын эстеринде сактап калышкан экен. Калмактын Коң тайчысы (аны кыргыздар «короон калмак» деп аташкан) 1644- жылы чапкан дешет. Ошондо «Катуудан казанын, жумшактан күлүн» да калтырган эмес экен. Ал чабуул элдин али эсинен кете элек болгон. Жаңыл кол курап даярданып, жаңы чабуулга келишкен калмактарды Ичке-Суунун бир айрыгы Ийри-Суунун боз жайыгынан тосо чыгат. Катуу салгылашуу болуп ошондо Жаңылдын атагы чыгат. Жаа тартканга ушунчалык шамдагай болгондуктан он чакты киши жебе сунуп бергенге түтчү эмес экен. Бир огу да текке кетпей мерчемдүү мээлеген жерине тийгенин кеп кылышат. Жаңыл «Уларды учуруп, аркарды качырып» атчу деген сөз ошондон калган экен.

Жоо жеңилет. Андан кийинки «Кашкар кагылышында» да жеңишке жетишет. «Анжиян чабуулунун» да мизи кайтарылат. Мына ошондой мезгилде, же башкача айтканда Жаңыл мырзанын атагы таш жарып турганда Үчүке,

[13] KENČIEV [M 22] sowie *Biškek Šamï* (17. Juni 1992) dialektale Schreibung: *жазганбай*. Normschreibung JAŠTEGIN TURGUNBAEV.
[14] Жебе (Normkirgisisch)

Түлкү келип олтурат. Бул каргашалуу окуя болгон учурду 1672-жыл эле деп жатышат санжырачы Жолдошказы менен Абдыракман. Анын чын-төгүнүн да болжол менен айрым маалыматтар менен салыштырып тактап көрөбүз.

Үчүке, Түлкү жигиттери менен Нойгуттарга барганда алардын жылкылары «Жол-Кара» деген жерде экен. Жолдо келе жатышып «Күмүш-Булак» деген жерге өргүү болушат. Чаалыккан аттарды откорушуп, эрлер тоюнушуп, эки күн жатышат. Ушул жерден кеңеш курушат. Бир эри:

- Эртең айылга түз эле кирип, «жоо келдилеп»[15] чабуул коёлу. Жаңыл жекеге чыкса байлап алалы – дешет. Алардын арасында Дөөлөстүн Жантай деген баласынан тараган Кара сакал Калматай деген жашап калган адам болот.

[M 24]

Ал:

- Андай кылганыбыз акылга сыйбаган иш болот. Тынч, бейкапар жатышкан өз элибиздин тынчын алганыбыз жарабайт. Бул биринчиси. Экинчиси кан төгүлүп кетиши ыктымал. Силер айткандай Жаңыл мырза: «Кел мени байла» деп туруп бербейт. Силерге окшогон эр жигиттерди Нойгуттун аялдары төрөбөй койду дейсиңерби? «Эрди намыс өлтүрөт», кайын-журт болуучу эл менен кагылышпайлы. Үчүнчүдөн Жаңыл көзгө атаар мерген. Эки-үчөөңөр окко учушуңар да ыктымал. Андан көрө эртең Жол-Карадан барып жылкы тийели. Жылкычыларын бүт байлап алып, ичинен бирөөнү гана бошотуп коё берели. Өзүбүз Кереге-Ташка барып жол тосуп жатабыз. Жолго эрлерден кароол коёлу. Жаңыл келсе кармап алып, жылкыларын кайтарып берип жакшы жөрөлгө менен кетели, - дейт.

Муну Үчүке, Түлкү ошондой эле бир топ баатырлар да туура көрүшөт. Эртеси үрөң-бараңдан аттанышат. Жол-Карага келишип, жайылып жаткан калың жылкыны көрүшөт. Ошол жерден эрлер адат болуп калган ыкма менен жылкы тийишет. Жылкычыларды бүт жылдырбай байлап алышат. Бирөөнү бошотуп:

- Сен барып Жаңылга кабарла. Жылкыны Үчүке, Түлкү деген баатырлар алды де. Бүгүн Кереге-Ташка жете барып конобуз. Эртең күтөбүз. - Нойгутта катындан башка баатыр жок дешти эле дешип күлүшүп, шылдыңдап бошотушат.

[15] Nach JAŠTEGIN TURGUNBAEV wäre die korrekte Form: *жоо келди деп*.

Жагоо бийдин картайып калган учуру экен. Бошонгон «Экилүү Сыдык» деп элге маалым болгон неме бирге-экини кошуп, «Жаңылды кордоп сөгүштү» дегенчилик кылып айтып барышат.

Жаңыл Түлкү баатырды угуп-билип, сыртынан жактырып жүрчү экен. «Экилүү Сыдыктын» сөзүн угуп сууй түшөт.

- Аттиң ай ... баатыр жигит десем-калжаң жигит белем, - деп калат. Чачын төбөсүнө түйүп, жоо кийимин кийинет. Төө терисинен жасаган чопкут. Анын сыртынан соот кийип, «Беш-кабырга[16] белдемчи» дегенди байланышчу. Кийимдин оордугунан анча-мынча чабал баатырлар өзүлөрү атка мине алышчу эмес экен. Жаңыл жоо жарагын байланып:

- Арттан келе бергиле! - деп жөнөйт. «Кара-Долу» деген өкүм тулпар аты бар экен. Улам барган сайын күчөп, оозунан чыккан ак көбүк омуроого чачылып бара жатты.

Түндө Жаңыл түш көргөн: *Жоо кийимин кийинип калмакка каршы аттанып бара жаткан. Эмнегедир жүрөгү түпөйүл болуп, саналуу. Эркек болбой,кыз болуп калганга кейийт. Баса өзүнүн уялаш эркек бир тууганы да жок эмеспи. Атасы болсо картайып калды.*

*Өзү да бой жетип, туурга олтураар кези өтүп бара жатат. Же бир ылайыктуу эр жигит жок. Түлкү баатыр оюна түштү. Ооба, аны сыртынан угуп жактырып жүргөн. Түшүндө аны көрдү. Муруту жаңы гана кыр жаап келе жаткан жаш жигит экен. Баса ага тийгени жаткан экен. Кыязы той болуп жатса керек.*

[M 25]

*Аңгыча болбой Түлкү Жаңылга таарынып, ордунан туруп кетти. Аңгыча атасы Жагоо бий пайда болот.*

*- Ийе балам! Сен жоого аттанбадың беле? Баштаган колуң кана? Эмне олтуруп алдың? - деп жемеледи. – Мына бул эки кылычтын бирин алып жоого аттан!*

*Кылычтар деле татынакай экен. Сабы алтын, толтосу күмүш. Болотунда айып жок. Кара ташты тең бөлүп түшө турган. «Ал балам, жаныңа байлан» деди атасы. Бирөөнү алып сабынан кармады. Жаңы эле жасалган го, ысык экен? Колунан түшүп кетип тең бөлүнүп калды. Экинчи кылыч да ошентип тең*

---
[16] [M 24] eigentlich: *беш-кабыга белдемчи*, ebenso *Biškek Šamï* (17.6.1992) ↔ [M 18] korrekte Schreibung *беш-кабырга белдемчи* (s. JUDACHIN 1965, 127).

*бөлүндү. Чочуп ойгонду. Бул эмне деген чайды-куйду түш? Жүрөгү элеп-желеп болуп калган экен. Капырай!*

Жаңылдын түш көргөнүн Абдыкалык Чоробаев да, башка санжырачылар да айтышат. Бирок айырмалар бар. Баатыр кызды кереметтүү сынчы катары да эсептешет. Эми эл ичинде, айрыкча санжырада айтылып жаткандыктан аны биздин таштап кеткенибиз жарабас.

Чатыраган көп жылкыны айдашып, баатырлар Кереге-Ташка келип жайланышты. Бул ушул азыр кытай тарапта. Илгери чек ара ачык кезде эл каттап турушкан. Наркы тарабы “Жылгындуу-Кокту” деп аталып, адырмактуу жапыз токол тоолуу. Кичинекей белесчени[н] эңкейе бергенде жакшынакай жайык өзөн кетет. Кат-кат болуп жыйылган жүктөрдөй болгон чөкмө тоо тектеринен келип чыккан таштар жатат. Кереге-Таш деп аталышы ошондон болсо керек. Кошуун[17] үч топко бөлүнүштү. Үчүке, Түлкү белестин түшө калышындагы булакка жайгашты. Кара сакал Калматай өзүнчө бир кошун. Тейит тукумунан Аккочкор, Каңкы өзүнчө бир кошун. Туу калган бээлерден бирден кармап союшту.

Эми санжырага ышкыбоз окуурманым сиздерге дагы кайрылып кечирим сурай турган эки ооз сөз турат. Санжыра боюнча бир иретти сактап келгенбиз. Бул жерде аны сактабай калдык. Анын себеби ушул Калматайга байланыштуу. Биз адегенде Дөөлөстүн Бакдөөлөт байбичесинен төрөлгөн Кара Токодон баштадык. Андан кийин Токонун жатындаш бир тууганы, Бакдөөлөт байбиченин экинчи баласы Жантайдан баштасак болмок. Андан кийин Элчибек, Манап. Биз ал иретти сактабай калдык. Анткени анда да ушул эле Жаңыл мырзага байланышкан окуялардын айрымдары Калматайдын тукумун таратууда, Элчибектин тукумун таратууда эскерилмек. Элге бийлик кылууда ушул эле Үчүке, Түлкү окуялары менен туюнтулмак. Андай кылганыбызда санжырабыз чолунуп айтылып калып жатат. Манаптын тукумун ошону үчүн биринчи тараттык. Кийин санжыра боюнча китеп жазуучулар болсо ар бир сөзүнө шилтеме берип, ирети менен санжырасын таратса болот.

[М 26]
Башында Дөөлөттүн балдарын таратууда Бакдөөлөт байбичеден – Токо менен Жантай дегенбиз. Бул жерде Жантайды коё туруп эле Манапка токтолгонубуздун себеби жогорудагыдай.

[17] Кошун ~ кошуун.

Ошентип Жаңыл мырза келе жатты. «Жылгындуу-коктунун» ичи бир топ өрүү. Андагы адырлуу ак чаптар, кызыл түстүү чөкмөлөр, жарча жана жалчалар геологиялык термин менен айтканда палеоген-неоген деген өзүнчө бир жер тарыхында пайда болгон тоо тектерден пайда болгондуктан андан Советтик геологдордун жардамы менен кытай геологдор нефти жана газ кендерин тапканы бизге белгилүү. Ошондой эле ал жердин геоморфологиясын да энциклопедияга көтөрүп жазгандыктан, санжырачылардын айткандары, сүрөттөөлөрү туура келип жаткандыгы кызыктуу.

Жолго буктурма кылышып Үлбүрчөк менен Бургуйду коюшкан. Андан берки бир буйткага Атакозу менен Чабак калган. Күн кылкылдап батып бара жаткан мезгил. Алыстан келе жаткан бир караан жолду байкап турган Үлбүрчөккө даана көрүндү. Караан жалгыз. Ким болсо да ичип-жеп, ушунчалык тездик менен келе жатат. Бургуй баатырга белги берип:

- Жалгыз бирөө келе жатат. Чалма салып капысынан карма! – деди. Ооба, андай учурлар бирин-эки баатыр куугунчуну колго түшүрүүчү эң оңой ыкманын бири. Бирок өрөпкүгөн жаш баатыр аны каалаган жок. Эгер Жаңыл болсо мазака кылып кийин айта жүргүсү келди. Жалгыз кыздын колунан эмне келмек эле. Мейли эркек баатыр болсун! Бирме-бир алдыра койбос.

- Нака куугунчулар экен! Арт жактан коюу чаңга аралаш калың караан чыкты, - деп дагы эскертти.

Баса ошол жоокерчилик заманда «жоо малды алды» деген суук кабар кимге гана болбосун оор тийген. Мал менен жан сактаган көчмөн эл колдогу төрт түлүгүнөн, айрыкча жылкы баласынан ажыраса мүңкүрөп олтуруп калышкан. Жаңыл бери жөнөөрдө айыл ичи ызы-чуу түшүп, бала-бакыра, катын-калачтар каргап, ыйлап калышкан.

Жаңыл жаңы гана тумшукту имериле бергенде найза сундурган бирөө:

- Сен кимсиң? Түш аттан, чеч кийимиңди! - деп качырып сала берди. Жаңыл шашып да койгон жок. Жоонун «буктурмадан» тосоору баатыр кызга да белгилүү го. Чалма ыргытса дароо аргамжысы кесилмек. Найзага-найза! Бургуйдун найзасы четке кагылды. Мындай таасын шамдагайлыкты Бургуй күткөн эмес.

- Жанагы жылкы алган каракчылар силерсиңерби?

«Каракчы» деген сөз жаш баатырдын намысына тийди. Ушул жерден кызга орой мамиле жасалып кетти. Бетме-бет бута атымдай турган Бургуйдун жүрөгүнө «соот бузар» учу болот жебе келип кадалды. «Өз убалың-өзүңө» деп бастыра берди.

Эми ачуу айкырык тигил кырдан чыкты.

[М 27]
Бул болгон окуяны өз көзү менен көрүп турган Үлбүрчөк эле. Карап туруп эле жаш баатырдан ажырап калды. Бая күнкү «Күмүш-Булакта» айткан Кара сакал Калматайдын сөзү чын чыкты.

- «Жеке!» – деп качырды Үлбүрчөк. Бургуйдан бир топ улуу болуучу.

Баса жекеге чыкпагандай экөөнөн башка киши жок эле да. Ал «Жеке!» дегени шашканынан айтылды. Анысы найзалашалы дегени эле. Жаңыл түшүндү. Кара тулпарды теминип койду эле ыргыштаган аргымак аркыратып алып жөнөдү. Экөө чакан аңдан кездешти. Кыян суусунун ташкындоосунан пайда болгон аң экен. Кара аргымак мурда аттады. Ушунчалык катуу күч менен өлчөлүү жерге тийген болот учтуу найза сооттун жынжырын быркыратып, чопкутту тешип өтүп, сол жак мүрүнү талкалады. Күч менен кайра найзаны сууруп алып андан ары жолун улантты. Баатыр кыз кумсарып, ачуусу кайнап, эми алдынан ким чыкса да аёочудай түрү жок.

Атакозу менен Чабак төмөн жактагы каңыр-күңүрдү угуп, жоонун келгенин билип жатышкан. Эмне болду экен? Жаңылды колго түшүрүштүбү? - деген ойдо турушкан. Алар эки баатырдын кызды колго түшүрүп алып келе жатышкандарын көз алдыга элестетип турушкан. Жагдай тигилер ойлогондой болбой чыкты. Имерилиштен артында тайганы бар баатыр чыкты. Эки баатыр чочуп кетишти. Бул күтүлбөгөн жорук. Чын эле Үлбүрчөк менен Бургуйлар мерт болуштубу? Кантип?

- Эй, сен кимсиң? – деди чыдамы кеткен Чабак баатыр.

- Жылкы алган каракчылар силерсиңерби?

- Үлбүрчөк менен Бургуй кайда?

- Ал каракчылар эми силерге экинчи кошулбайт! Жаныңардан үмүт кылсаңар чып-чыргасын коротпой жылкыны кайрып алдыга салгыла!

Жоокер досторунан ажырашкандарын билишип чыдабай кетишти.

Кылычын кындан сууруп качырып сала бергенин Чабак өзү да сезбей калды. Каргашалуу катындын канын ичмек болду. Кылычтар жаза сермелип ажыраша кетишти. Кайрадан аттардын башын бурушуп теминишти. Кыл кыйма болот кылыч Чабактын ийнинен ылдый шылыды. Кош кайран жарык дүйнө! Тагдыр таразасы ажал салмагын оодук басып, жаш өмүр чалгы тийген балтыркандай кыйылды. Айлананы иңирт басып, кайгылуу көрүнүштүн күбөсү томсоргон дөбөлөр болду.

Атакозу аянбай салгылашты. «Ала-Тоонун арстаны» аталган баатыр эле. Бул жерде экөөнүн бирөөнө ажал кылтагын салыш керек. Биринин өмүрүн-бири кыйганы жатышат. Аяныша турган түрлөрү жок. Экөө алты жолу беттешти.

Жан найзанын учунда болуп жатты. Жетинчи беттешүүдө учу жылтылдап кан көксөп турган найзанын учу Атакозунун соотун жарып өтүп жүрөгүнө кадалды.

[М 28]
Кийин колго түшүп келип, Кара сакал Калматайга тийгенде:

- Эзели Атакозу сыяктуу баатыр менен беттешкен эмес элем! – дептир арман кылып.

Колу найзанын сабына карышып, тизеси титиреген Жаңыл эси эңгиреп араң турганда арттагы куугунчулар жете келишти. Төрт баатырдын араң жан жаткандарын өчтөрү барчылап бишкектеп таштаашты. Жаңылдын колун ушалап, суусун берип эс алдырышты. Күүгүм кирип асманга жыбыраган жылдыздар чыга баштады. Төрт өлүктү алып келишип катар тизип, ат жабуу менен үстүн жаап жанына куралдуу төрт сакчы коюшту. «Ит-куш» жеп кетпесин дешип душмандашса да өлгөндөрдүн арбагын сыйлашкандары болсо керек.

Эми эле тирүү турушкандарын өмүр оту жалп этип өчүп, жарыкчылык менен түбөлүккө кош айтышты. Ар биринин жакшы тилеги, келечеги бар эле го?

Калың колду төмөнүрөөк калтырышып, төрт киши белеске чыгып барышып арсак таштардын арасынан алды жактагыларды карашты. Эч нерседен капарсыз эки баатыр алдыларына көрпөчө салдырып олтурушат. Бирөө кырынан жатып ээр токумду жазданган. Экинчи жаш баатыр эмнегедир ойлуу. Нары окчун жерде жоон топ жигиттер шатыра-шатман болушуп, каткырыктары таш жарып капарсыз. Суу бойлой үч топко бөлүнүшкөн экен деп ойлоду Жаңыл мырза. Тигил ойлуу жер тиктеп олтурган жаш баатырды жазбай тааныды. Түлкү баатыр ... Капырай, бул жаш жигит түшүнө кирген. Мурда анын даңкын, атын угуп жүрсө азыр аны даана көрдү. Капырай, түшүнө өзүндөй болуп киргенин кара.

Үчүке менен Түлкү ажал аркаларынан келип алкымдаганы турганын кайдан билишсин. Өзөн бүт канды булоон. Бышкан эттин жыты келип жатты. Ага кошулуп кандын, жиндин да жыты теребелге тараган.

Жаңыл Үчүке, Түлкү экөөнү тең сынады. Адамдын сырттандары экен. Айрыкча Түлкү сынга толду. «Кара Тоонун каз бөктөргөн шумкары экен» деп койду. Колунан жамандык келбеген, арам ойго кирбеген, алсызды асырап айланасына топтогон, калыстыгы менен кара кылды как жарган хан заада болчу жан экен. Намысын жоого бербеген, ачуусу келсе арстанды да ала салдыра сермеген баатырлыгы да чоң экен.

Үчүкеге да токтолду, бирок анын азыраак кемчилик жагын да баамдап, кара мүртөздүгүн билди.

- Атаганат, ушул экөөнүн кимиси болсо да намыс кылбай тийип алчуу жигиттер экен! Өмүр бою өкүнүчтө калып, шорго жаралганын ойлоп кейиди. Бул экөө тең буюрбаганын билди. Түндөгү көргөн түшү бузук эмес беле. Каргаша болуп жол тоскон кайгуулчу баатырлардын чогоолдугун карачы? Ургаачынын энелик касиетин сыйлашпай орой айтышты, анысы аз келгенсип кол салып киришти.

[M 29]
Эч жамандык көрбөй эрке өскөн баатыр кыз андай тамашаны көтөрө албайт. Кара чечекей бир туугандары болсо да жазасын колуна бермек.

Жанагы Жаңылга кошулуп келишкен үчөө шыкак беришти. Кокуй, тетигил эки баатыры капарсыз олтурганда жаа менен жайла дешти. «Асманды бузган куу булут, айылды бузган куу чубут» деп кайда болсо каргашага көмөктөш экилүү, бирге-экини кошуп айтуучулар болот эмеспи. Илгертен эле ошолордун залакасы элге тийген. Ордолуу шаарлар бузулган. Кан төгүлгөн учурлар болгон. Жанагы «Экилүү Сыдыктын» кесепети дагы тийди. Кокуйлап:

- Нойгуттун ырысы жок экен. Кыз бала бирөөнүн бүлөсү тура! Тетигил эки баатыр башчысы. Алар Нойгутту соо кылабы? Олдо кокуй ай, - деп кейий берди. Жаңыл чынын айтты.

- Колум жамандыкка барбай турат! Соогат баатырлар деп эле түшүп барсамбы? – деп жалооруду.

- Тигини! Мунун боор толгоосун карачы? Анда тигил төрт баатырын эмне өлтүрдүң? – деди Сыдык. Баятан жагдайды байкап олтурган карыя бар эле, эми ал сөзгө аралашты:

- Чырагым! Эгер эр өлбөгөндө жанагы өзүң айткандай соогат сурап барсаң болмок. Биздин кол кандуу болуп калды. Кагылайын, төрт эр деген эмне? Макул, сен түшүп бар! Бар тобокел кылалы. Андан кийинки абалыбыз эмне болмок? Сенден да ажырасак, малдан да ажырасак бир ууч Нойгуттун көргөн

күнү эмне болоор экен? Жөн жаткан элге кол салып жылкы тийген немелер аяп коёбу? Канга-кан, жанга-жан дешсе эмне кылабыз. Аша чаап алдыга кетип калган күнөө өзүңдө! Болбосо ак сакал, көк сакалдарды арага салып бул баатырлардын максаттары эмнеде экенин билсек болмок. Төрт эрди өз колуң менен жайлап жиберипсиң! Эми кеч болуп калды го? – деди.

Бул карыянын айтканында чындык бар эле. Сөзсүз арага ак сакалын сеңселткен карыны салып сүйлөшсө болмок.

Бирок чыныгы кесир чайкаган булар эмес, Сарысейиттен байбичесинде эле. Мурда эле Түлкүнүн келинчеги менен тымызын эрестешип жүрүп, акыры кетиртип тынды. Эми кайра ага ыраазы болбой балдарын карсылдашып салгылашып жатып, малын да тийип келип, олжодон түшкөн Жагоо бийдин Жаңылын келин кылып жумшамак.

Кесиреттүү кемпир арты эмне болот деп ойлоп койгон эмес. Эл ичинде: «Көпкөн катындын кесепети калкка тийет!» деген макал бар. Адамзаттын доорунда ар кандай кесепет аялдардын текеберчилигинен чыкканы дайыма уламачы акылман карыялар тарабынан айтылат.

Мына эми аягы жакшылык менен бүтпөй турган, укумдан-тукумга кала турган шумдук башталганы турат. Буга чыныгы каргашалуу кемпир гана күнөөлү экенин кары тарых ырастап олтурат.

[M 30]
Биз жогоруда Жаңыл мырзанын ит агытып, куш салганын, мергенчи экенин баса көрсөтүп кеткен элек. Ушул каргашалуу кагылышууга да «кер тайгандын» кошо ээрчип келгенин айттык. Насили ит болгондон кийин жөн турмак беле. Ортодо эр өлүп, кан төгүлүп жоолашып жатканды кайдан билсин. Кан-жиндин жыты алган неме шимшип кемегенин жанына барды. Суу ташып, эт бышырып жүргөн жигит тайганды көрүп чочуп кетти.

- Кет! Ой, мына бул тайган кайдагы? - Таң калаарлык - бул жакын арада как эткен карга, кук эткен кузгун жок эле го?

Шоокумду башына ээрин жазданып жаткан Үчүке баштады. Ал:

- Ал жанагы канчыктын канчыгы го? Кет! – деп ордунан козголо берип кооптонду. Бул сөз буктурмада тургандарга даана угулду. Өзгөчө Жаңылга: «Канчыктын канчыгы го?» деген сөз каттуу тийди. «Экилүү Сыдыктын» чырагына чындап май тамды.

- Уктуңарбы? – деди кекээрлүү. Ошол замат жаанын ышкырган огу Үчүкеге кадалды. Сөз сүйлөөгө шайы келбей Үчүке кыйшайып кулаганы бара жатты.

Эми экинчи ок ышкырып келип Түлкүгө кадалды. Бир аз чирене түшүп барып экөө тең шалак этип кулап кетишти. Орукта баятан бери капарсыз жаткандарга чуу түштү. Аңгыча – «Жаңыл мырза» деген ураан айкырып, жер жаңырта дүңгүрөп, селдей каптап калышты. Чаң-тополоң, кимди-ким көрсүн. Чидерленүү турган аттарына мине качып жөнөштү. Басмайылы бошотулган ээрге мине алышпай ооп түшүп жаткандар андан көп. Төмөнкү оруктагы Калматай менен Аккочкор, Каңкылар качууга үлгүрүштү. Үчүке, Түлкүнүн кошунундагылар жапырт колго түшүштү.

Байлоодогулар бошотулуп, анын ордуна колго түшкөн жортуулчулар байланды. «Келмелүү-кезек» деген ушул тура.

Жаңыл келип Түлкүнүн башын жөлөгөндө ал кадимкидей көзүн ачып, бирок сүйлөөгө дарманы келбей үзүлдү.

Эртеси ошол жерге өргүү болушуп, Жаңыл өлгөндөргө жай каздырды. Алты баатырды ардактап көмдүрүштү. Ар кимисине өздөрүнчө белги койдурду. Жаңы мал атап сойдуруп, куран окуттурду.

Мына ошол «Кереге-Таштын» алдында баатырлар уктап жатышат. Алардын мүрзөлөрү жепирейип, чым басып калган. Кийин алардын урпактары барышып, аталарынын арбактарына атап куран окутуп жүрүштү.

Жаңыл колго түшкөндөрдүн аты-тонун бердирип, бошоттуруп жиберди. Айылга кайгылуу кабар кетти.

Сарысейит азыркы көлдөгү Ак-Өлөңдө төө кайтарып жүргөн экен. «Сүйүнгөн менен маңдай жарылбайт, корккон менен жүрөк жарылбайт!» Алты баатырдын Жаңыл колдуу болгонун угузушту.

- Үчүке, Түлкү кулунум! Атакозу, Чабак арстаным, - деп аттын башынан алыс кетип бир топко эсин жоготкон экен.

[М 31]
Суу ичирип эс алдыргандан кийин үйүнө чугойгон бойдон келиптир.
Эми биз ушуну менен Жаңыл мырза тууралуу санжырабызды токтото туралы. Анткени мындан ары улана турган сөз учугу жалаң Үчүке, Түлкүнүн тукумдарына тийешелүү. Бирок Жаңылдын уландысы сарбагыш уруусунун Дөөлөстөн тараган Жантай деген баласынын балдарынын ичиндеги Кара сакал Калматай бөлүмүндө кайрадан уланмакчы.

Ошентип, Жолдошказы менен Абдыракмандын санжырасында Үчүке 1648-жылы, Түлкү 1652-жылы төрөлүп жатышат. Алар 1672-жылы кытай жергесиндеги “Кереге-Таш” деген жерде Жаңыл мырзанын жебесинен кайтыш

болушту. Ал эми Абдыкалык Чоробаевдин эскерүүсүндө алты баатыр тең жаанын огунан майып болгон делет.

## Үчүкеден тарагандар

Биз жогоруда Сарысейиттен – Үчүке, Түлкү, Кудаян, Эрдене деген төрт баланы таратканбыз. Эрденеден тукум жок деп жүрүшөт. Азырынча Үчүке, Түлкү, Кудаянга токтоло туралы. Эрдене жөнүндөгү маалыматты да кезеги келгенде айтабыз.

Үчүкеден:
Мааматкул, Дөөлөткул[18], Орго. Айрым санжырачылар, өзгөчө Муса уулу Айты Оргону – Карамурат деп берип жатат. Осмонаалы Сыдык уулу Орго дейт. Кандай себеп менен аты өзгөрүлүп кеткени белгисиз.

Эми Үчүкенин улуу баласы болгондуктан сөздү Мааматкулдан баштайлы. Ал киши атасы өлгөндө 4-5 жашта болсо керек.

Санжырада 1668- жылы төрөлгөн деген маалымат турат. Аны Чань Цюанб деген кытай географынын «Географиялык четки чек» деген китебинде да далилдейт. Ал китептеги маалымат боюнча Мааматкул 1758- жылы 90 жашта экендиги жөнүндө маалымат берет. Ал болсо санжыра маалыматы менен үндөшүп турат.

Үчүке, Түлкү өлгөндөн кийин бийлик Кара сакал Калматайга өтөт. Качан гана Мааматкул эр жеткенде элди Кудаян башкарып калган учур болот. Кудаяндан кийин бийлик жүргүзүп, чачылган элди жыйноо анын энчисине тийген. Мааматкулдун 6 баласынын төртөө Кудаян менен барып, ошол жерде калып калышкан. Хожент тараптагы Оро-Дөбөдө Тагайдын башка балдарынан тарагандар бар. Алардын ичинде: Бугу, Саяк, Сарыбагыш[19], Жедигер, Солто ж.б. уруулардын өкүлдөрү бүгүн барсаңыз да турат. Мааматкулдун төрт баласынын тукуму «Сумбүлө-Сайда». Бул жердеги жалпы Тагай, Мааматкул тукумдары 10 миңге жакын. Көбү башка элдердин арасына сиңип кетишкен. Бирок "түпкү тегибиз кыргыз" деп жүрүшөт. Аны да айта кетебиз.

[M 32]

---

[18] KENČIEV verweist auf: Дөөлөткул ~ Дөөлөт ~ Дөөлөс (vgl. Дөөлөткул [M 111], Дөөлөс [M 112], Дөөлөт [M 87]).

[19] KENČIEV hier *Сар**ы**багыш* ↔ meist *Сарбагыш*.

**Мааматкул баяны**

Мааматкул да заманынын мыкты адамы болгон экен. Ошол жоокерчилик заманда кол баштап чыгат. Анын кытай тарыхында «Ма-моет-холь» деп беришкен жана анын 1758-жылы нака токсон жашка чыкканын маалымдаган. Бул кишинин үч аялы болуптур:

1-аялы Бурулдан: Темир, Болот эки уул.

2-аялы-Кундуздан: Чоюн, Эрмек, Сары үч уул.

3-аялы-Шааркандан: Беккожо.

Экинчи жана үчүнчү аялдын балдары, же тактап айтканда Мааматкулдун Кундуз менен Шааркандан төрөлгөн балдары: Чоюн, Эрмек, Сары, Беккожолор хан Кудаян менен бирге Сырдарыя (Жейхун) менен Аму дарыясынын ортосуна чейин көчүп барышып, андан Ирандын түндүгүнө көчүшөт. Ушул Ооганстандын Памир тарабында, Каракалпакта, Өзбекстанда бирин-сериндеп оокат кылууда. Бул жерде Бурул байбиченин Болот, Темир деген балдарынын тукумдары турат.

**[Болоттон тарагандар]**

Болоттун дагы 3 аялы болот:

***1-аялы Каз байбиче:***

Төркүнү Саяк. Бул байбичеден 5 бала:

1.Тайырбек, 2. Сүрөкө, 3. Айдаке, 4. Камчыбек, 5. Нураке. Беш бала.

Буларды «Беш Күрөң» дешип аташат. Осмонаалы Сыдык уулунун маалыматына караганда Болот бий картайып калганда кымызга чоң тоюп алып уктап калат. Ошол бойдон ойгонбой «күрөң» болуп, о дүйнөгө кетет. Сөөгүн балдары жүктөп барышып Арстанбапка коюшат. Ал кездеги атактуу кишилердин баарынын сөөгүн Анжиянга коюшкан. Анткени биринчи миң жылдыктан баштап өлүктү кыргыздар Анжиянга коюшкан имиш. Мурун өрттөп жиберишчү дешет.

***2-аялы Күмүш байбичеден:***

1. Аким, 2. Таттыкөтөн, 3. Алыбек, 4. Айдарбек. Булар чала манаптар дешип аталышат.

Болот бий балдарын Санчы сынчыга сынатат. Бирок сынга толгон бала жок болуп чыгат. Сынчы карап олтуруп бул аялдарыңдан жакшы тукум чыкпайт деп

кесе айтат. Болот бий анда  жакшы тукум кала турган аялды сындап алып бер деп өтүнөт. Сынчы ага макул болот.

Болот элин бүт көчүрүп, жолдогу бир дөңгө чыгышып, көчтү карап олтурушат. Не бир сулуу келишкен сонун кыздар, келиндер өтүп жатат дейт. Сынчы башын өйдө кылбай олтура берет. Бешим ченде көчтүн аягы үзүлөт. Болот бий:

- Олуям бул эмне? Ушунчалык  көчтөгү аял затынан бирөө да туура келбедиби?- дейт.

- Жок – дейт сынчы. Анда  аттаналы, - дейт Болот. Сынчы:

- Ушул элде бирөө болуш керек экен!

- Деги киши калдыбы? Карагылачы! - деп Болот бий жигиттерин жумшайт.

[М 33]

Өрөөнгө көз чаптырып карап жигити бат эле келди.

- Баатыр өрөөндө эл деле калбаптыр. Көчтүн арты болуп  бир жесир аял көчүп келе жатат.

- Кеттик эмесе! - деди ачуусу келип кумсарган Болот бий. Үргүлөп олтурган Санчы сынчы өзүнчө  күңгүрөнүп олтурган. Ал киши тик багып кишини карачу эмес дешет.

- Көч али бүтө элек баатыр!

Болот бий токтоп калды. Ошол учурда Жунгарлардын чабуулунун күчөп турган учуру эле. Уруу башчылары чогулуп эртең кеңеш курултайы болот. Лама Жорчуга каршы аттаныш керек болуучу.

Бир маалда көч аягы болуп жалгыз бой жесир келин өттү. Мурду жырык күрөң уюна жаман кара алачыгын артып, тестиер кыз баланы жүктүн үстүнө мингизип койгон. Шөлпүлдөп, аял кебетеси деле жок. Узун бойлуу олбурлуу неме экен. Бул келин бир жарды дыйкан жигиттин аялы эле. Алланын жазуусу го? Бечара күйөөсү каза болгонго үч жыл болгон экен. Каралашаар тууган жок. Дайыма элдин артында. Өңү да серт. Аты Таалаке, тарк-турк этип орой болгондуктан аны «Таалаке-Таркылдак» дешчү. Сабоо чыбыкты алып:

- Өш, өлүгүңдү көрөйүн! - деп баркылдап жоон үнү менен ашата уйду тилдеп бара жатты.

Санчы сынчы башын жогору көтөрүп:

- Мына баатыр! Издегенибиз табылды. Мына бул аялдын жатыны уу. Мындан аркыраган арыстан, кара чаар кабылан, туулгалуу Ак Жайсаң, куу

учурбас куу кумпай,  көнөк баштуу көк жолборс, «Кырк адырдын сырттаны» деген тукумдуу болосуң! - деп жобуратып дагы бир тобун санап өттү.

Адеп келинди көрсөткөндө Болот бий чочуп кетти.

- Келиндин табарсыгы толуп бара жатат. Тетиги белестен өтө барып даарат ушатат. Барып карап келсин бирөө. Заарасы кере карыш жерге чейин чуңкурайтып кеткен деди. Бир аздан кийин бир жигити чаап барып көрүп келди. Ошентип Болот бий Таалакени алган эле.

Санжыра боюнча ошол кездеги кырдаалга, калмактардын чабуулуна токтоло кетели.

Жунгарлар же Ойроттор сырткы кебетеси боюнча Монголдорго жакын. Каңгай жана Алтай тоо этектеринде көчүп жүрүшкөн. 990/ 1582-жылы Коң Тайчы (Хорон калмак) кыргыз-казакка чабуул койгондо Түгүр менен Сарысейит бийдин калмактарды Каркыранын «Көк Дөбөсүндө» тосуп чыкканы баяндалат. Калмактардын Ала-Тоону көздөй жылып келе жаткан кабары угулуп, ошондо жалпы кыргыз биригип жоого каршы аттанышкан. Ошол салгылашууда Мурат бий, Калча бий, Кулжыгач бий, Сарысейит бийдин аты аталат. Үчүке, Түлкү анда төрөлө элек кездери болсо керек. Андан саал мурдараак Токо баатыр менен Норуз Ахмед хандын согушун эл али эсинен чыгарган эмес экен.

[М 34]

Калмактын Сенге ханы 1544-жылы Ала-Тоого чабуул жасады. Жоо Түндүк Казахстан аркылуу келсе керек. Кыргыздар калмактарды Чүйдүн башынан тосушту. Бул жолу дагы согуш катуу болду. Үч күн удаа салгылашып, казактан Тобокен хан жардамга келди. Калмактар көп олжо менен кайтышты. Капарсыз отурушкан сарбагыш уруусунун бир нече айылдары таланды. Кийинки жылы камданып барып, калмакты кыргыздар чапты. 1652-жылы калмактар чабуулун кайрадан башташты. 1669-жылы Иле боюнда  Бошокту хандын 16 жаштагы кичи баласы командалык кылган аскер менен кыргыздардын ортосунда айыгышкан катуу болгонун санжырада айтышат. Абдыракман менен Жолдошказынын санжырасында ошол беттешүүдө Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Үлбүчөк, Бургуйлардын эрдиктери катуу даңазаланат. Калмактардын мизи ошондо бир майтарылган экен. Жанагы баатырлар ошондо оозго киришет.

Болот, Темирдин учурунда калмактар үстөмдүк кылып, эл Анжиян тарапка сүрүлүп калганын айтышат. Айрым маалыматтарга караганда кыргыздар Мааматкулдун тушунда сүрүлүшсө керек.

Кайрадан Эсенгул, Атаке баатырлардын тушунда көчүп келгени санжырада айтылат. Жаңыдан кыргыздар өз жергесине көчүп келе баштаган учур болсо керек. Атаке баатыр Боомдун оозунда турган бир үйгө кирип барса калмак мас болуп уктап жаткан экен. Атаке кылыч менен башын алып таштайт. Үйдө эки чоң бойго жеткен кыз бар экен. Аталарын өлтүргөн Атаке баатыр менен тура калышып бойлошо кетишет. Кемпир канжар менен саймак болот. Эшиктен Жамансарт баатыр кирип келип, кылыч менен үчөөнү чаап салат. Эгер Жамансарт баатыр өз убагында келбегенде калмак катындар Атаке баатырды майып кылып коюшу да ыктымал экен. Мына ушундай окуялар менен салыштырып олтуруп жылдарды тактап алса боло турган.

***Болоттун 3-аялы Таалакеден:***

Саалыбек, Эсенгул[20]. Санчы сынчынын айтуусу боюнча Саалыбек - жатын чайкаар экен. Анткени Таалакени алган киши анчейин бир кембагал адам болгон экен. Мына ошондуктан «жатыны» калыбына келиш үчүн анчейин эмес бир бала төрөлүш керек экен. Саалыбек ошол «жатын чайкаар» бала болгон. Экинчи уулу Эсенгул. Мына бул чыныгы баатыр адам болгон экен. Алибеттүү аябагандай зор адам болгон экен. Жүктү нар төөнү чөгөрбөй жүктөөчү дешет. Каз байбиче менен Күмүш байбиче Таалакеге күнүлүк кылышып, төө жетелетип, көчкөндө кетирип жиберишет.

Эсенгул бешикте экен. Аны биз өңөрүп барабыз демиш болушуп, баланы атайылап эле журтка таштап кетишет. Кыясы ит-куш жеп кетсин дешсе керек. Эл көчүп барышып журтка конушат. Үй тигилет. Баланы эмизиш керек эле. Таалаке баланы барып сураса «Журтка унут кала берген» болот. Эртең менен таң заарынан жоон топ киши аттанышат.

[M 35]

Журтка барышса бала аман эсен бар экен. Бир марал эмизип турган экен, качып төш таяна берет. Баланын ууртунан сүт агып калган. Баланы алып келишип ак боз бээ союп, түлөө өткөрүшүп, атын эсен калгандыгы үчүн

[20] Kenčiev hier *Эсенкул* ↔ meist *Эсенгул*. Zugunsten der Übersichtlichkeit wähle ich die häufigere Schreibung *Эсенгул*.

«Эсенгул» деп коюшат. Эсенгулдун тушунда кыргыздар Анжиян тарапта болуп калышат.

Баатыр жаш кези экен. Болоттун Телкызыл деген тулпары калмактын колуна түшүп кетет. Кыргыздар Анжиян тарапка сүрүлүп, ошол жактагы башка уруулар менен бирдикте калмак чабуулдарынын мизин кайтарып турушкан. «Атты жоо колунан алып келем» деп калды.

- Кой балам барба, - деди Болот бий, - буйурбаган чак экен, ага барам деп өзүң окус болуп калба.

Бирок ага Эсенгул болгон жок. Эки жолдошу менен түн жамынып, күндүзү бекинип жүрүп олтурду. Күлүк Маркашка деген калмактын бир бегинде калган экен. Ал Кеминдин ичин жердеп турса керек. Үч азамат жан кишиге көрүнбөй түн катып жол жүрүп, көп машакаттардан кийин Кеминге келишти. Кайран бабалардан калган жерди ээн эркин жердешип чардап жатышкан. Бирок буруттардан чочулап дале болсо сак. Алтай, Кангай тоо этектеринен көчүп келишкендери менен калмактардын чекелери деле анчалык жылып кете элек. Жай жаткан элдин көз жашы басып келгендерди телчиктирип жиберген жок. Кайра коркунучтуу өч алууларга айланды. Чакан жигиттерден куралган баатырлар тындырбай өч алып турушту. Бир жагынан казак, бир жагынан кыргыздар түн жамынып келишип кол салып турушту. Маркашканын жылкысы көп эле. Көбү кыргыздыкы. Акмалап жүргөн Эсенгулдар бир түнү түн жамынып жылкыга келишти. Беш калмак жылкычы кайтарып жүрүшкөн экен. Аттарына өбөктөп келишип, “Калмак ашунун” оозунан жылкы тийишти. Беш жылкычыны оңой эле көмүлө түштү. Ала айгырдын үйрүн айдап чыгышты. Жалдарына тумарча тагылган беш аргымакты кошо алышты. Күндүз бекинишип, түнкүсүн жол жүрүп олтурушуп Анжиянга келишти. Баягы ала келишкен тулпарлардын үчөөнү Өзгөндүн бегине тартуулашты. Бек:

- Эмне мүдөөң бар Эсенгул мырза? - деп сурады.

- Чачылган элимди жыйып берүүгө жардамдашыңыз бегим, - деди.

- Оо, карышкырдын тукуму! – деди бек. - Айтканың карачы! - Ошентип кайра күч топтошуп баскынчылардан жерди бошотууга мезгил жетип калган эле. Улам берилеп көчүшүп аягы Кетмен-Төбө менен Тогуз-Торого ашып келишти. Ошондо Солтодон Кошой бий, Эсенгул, Атаке, Качыке, Бердибек,

Нышаа баатырлар кол баштады. Ошентип 1743-жылы Цеван Жорчунун аскерлерин кыргыздар катуу жеңилишке учуратышты.

Уюткулуу эл эмеспи, бат эле кайра куралышып, мал-жаны дүркүрөп өсүп, азыркы ата-конуш орундарына келип жайгашышты. Ошол күндөн мына бүгүнкү күнгө чейин ошол орундарында жердеп келе жатышат. Бирок көчмөн эл болгондуктан жер которуштуруулар болуп турган.

[M 36]
1745- жылы кыргыздын Чоңбагыш, кытай, саруу, саяк уруулары биригип, калмактардын 20 миңден ашык аскерлерин талкалап 12 чоюн замбирегин колго түшүрөт. Он миңге жакын солдаты өлөт, төрт миңи колго түшөт, калган алты миңи качып кутулат. 1748-жылы хандын бир тууганы Зайсаң Жорчуну кыргыз урууларынын бирикке[н] урууларынан түзүлгөн жоо[к]ерлер толук талкалашат. Мындан кийин калмактын чоң мамлекти ыдырап бузула баштаган. Өз ичтеринен да бир сулуу кызды талашып чабышып кетишет.

Ал: «Ордолуу калк калмакты, Олоң-Байыр кыз бузду» деген макал калды.

Мына мундан пайдаланып, кытайлар калмактарды кырып киришти. Бир кырсык өзү келген жок. Кытайлар ушунчалык мыкаачылык менен калмактарды кырды: Аялдар, жаш балдар, кары-куру таңдарды да ашпады. Кыргыздар кайра калмактарга жан тартып аман алып калууга аракет жасашты. 1758-жылы калмактар орус жерине кире качууга аргасыз болушту. Көбү Волга боюна, Астрахандын талааларына барышып жан сактоого аргасыз болушту.

Бир кездеги улуу калмак мамлекети ушинтип ыдыраган. Эл оозунда:

«Келме кезек, терме тезек» деген сөз калды.

## Эсенгул балдары

Мына ушул жерде бир топ чаташуулар болуп турат. Осмонаалы Сыдык уулу Эсенгул баатырдан 10 бала деп жатат. Санжырачы Муса уулу Айты Эсенгулдун беш аялы бар экенин айтып жатат. Ал эми Нурак санжырачы Эсенгулдун 6 аялынан 21 атаны таратып жатат. Булардан башка он чакты санжырачыда деле жарытылуу маалымат жок. Ишенгенибиз Осмонаалы Сыдык уулунун санжырасы эле. Бирок бул киши араларынан төрт атадан, же андан да көп

аталарды таштап, аттатып келип бир атактуусун гана атап кеткен. Көпчүлүк аталар так таралбай калган.

Эсенгулдун:

1. Каныш деген аялынан – Асанбек, Үсөнбек, Найман, Чөл. Бул балдары чала манаптар деп аталышып, Жаңы-Талапта, 8- Мартта турушат.
2. Аныйпа байбичеден – Куттуксейит, Кубат, К[а]расарт, Шооруk, Абдыраман, Ныязбек. Булар Нарында, Кочкордо.
3. Анар байбичеден – Атабай, Керим, Жапар, Саткын.
4. Айдай байбичеден – Кудаяр, Жайчы, Субан. Учкунда турушат.

Калган 5-6 аялынан да 4 бала.

[M 37]

5. Шааркан байбичеден – Айытбай, Керим.
6. Турдубүбүдөн – Акылбек, Асылбек.

Ошентип Эсенгул баатырдын 21 уулу укум-тукумдары өсүп, 7 болуш эл болуп турат деп жатышат. Ар бир уулу өзүлөрүнчө Назар уулу, Карасарт уулу, Шоорук уулу дешип өз-өз аталарынын наамы менен аталышат. Алардын барын таратып олтурсак майдаланып кетет да окуурмандарды жадатып алышыбыз ыктымал.

Эми биз Болоттун тукумун, же башкача айтканда анын уулу Эсенгул баатырдын 21 уулу менен токтоло туралы да кайрадан артка кайрылып, Хан Кудаян жөнүндө сөз козгой кетели. Болбосо улам тереңдеп олтуруп, санжырабызда чаташуулар пайда болуп, окуурмандарга түшүнүксүз болуп калышы ыктымал. Биз жогоруда Сарысейит бийдин: Үчүке, Түлкү, Кудаян, Эрдене деген балдары бар дегенбиз. Үчүке, Түлкү жөнүндө баяндама берип, Кудаян менен Эрдене жөнүндө аз-аз түшүнүк бергенбиз. Эми ошолорго кайрадан кеңири токтоло кетели.

**Хан Кудаян баяны**

Үчүке, Түлкү өлүп, Сарысейит кан жутуп бүк түшүп жатканда бир аялы баланы колунан жетелеп келип:

- Бий! Сабыр кылып, кайраттаныңыз. Тахдырдын жазуусу ошол. Өлгөндүн артынан өлмөк белек? Дагы эле уучуңуз кур эмес. Мына бул эки чүрпөңүз турат, - деп 7 жашаар Кудаянды, 4 жашаар Эрденени колунан жетелеп келген дешет. Санжырачылардын бул айтканына караганда Кудаян менен Эрдене

башка аялдан болсо керек? Мына ошол Эрдене менен Кудаян бой тарта элегинен пайдаланып, бийликти Кара сакал Калматай жүргүзүп келди.

Мыкты жомокчу, санжырачы жана манасчы Багыш Сазановдун санжырасында Кудаян 1645-жылы төрөлгөн имиш. Кудаян чечкиндүү баатыр жигит болгон экен. Ошол учурда калмактардын аябай кыргыз жергесине кирип келе жаткан учуру болсо керек. Мындайда жакадан баш, бир женден кол чыгарып керек болгон. Ошону үчүн азыркы элдин "Чоң Сары-Ой" деп аталган жеринде тогуздап мал союп, ак жайдамазга[21] баштарын эңкейте 9 кулду мууздап, тогуз болот кылычты канга боёп белине тагып, элди тогуз айлантып, тогуз жолу мууздалган калмак туткундарынын башын аттатып, оң менен солго кан көтөрүшөт. Тогуздалганынын себеби: түпкү түрк атабыз тогуз уулуна чейин хан болгон экен. Өгүз атабызды хан көтөргөндө тогуз хандын урматына тогуздаган расми белгиленип, ошондон бери бул салт келе жаткан имиш.

«Той кылдык урматына Өгүз хандын, Өгүз хан бирөө болгон тогуз хандын» деген макал ошондон калган экен.

Кудаян хан болуп турганда эл аябай кыйналган экен.

[М 38]
Бир жагынан калмактардын чабуулу күчөп, экинчи жагынан Кудаяндын каарлуулугунан айрыкча Тагай тукуму жапаа чегишкен. Мурункулар бир жылга түтүнгө бир карадан алып турса Кудаян эки карадан алчу дешет. Ошону үчүн эл оозунда:
«Кудаян тушунда куурап калдык,
Таштанбектин тушунда таштай каттык»
деген макал калган экен. Таштанбек Атаке баатырдын уулу Таштанбек эмес. Макал кандай себептен Таштанбекке тийешелүү болгонун учурунда айта кетебиз. Ал Жабаң уруусунан тараган тукумдан чыккан десе, айрым санжырачылар Тагай тукумунан тараган башка бир уруудан чыгарышат.

Эми кайрадан Кудаянга токтололу. Кудаян элди жалпы көчүрүп, калмактардан запкы көрүп Аму-Дарыясынын жээгине чейин барган имиш. Муну Осмоналы Сыдык уулу берип жатат. Башка санжырачылар башкача айтып жатат. Чындыгында Сазан уулу Багыштын санжырасында кыргыздар 1429-жылы Сыр-дарыя менен Аму-Дарыянын ортосундагы «Мавераннахар» деп аталган жерге 30 миң үйлүү киши көчүп барышканын бугу санжырасында айтып өткөнбүз. Ал ошол Орозбакты, Дөөлөстүн балдарынын учурунда

---
[21] *Жайдамаз ~ жайнамаз.*

болгонун санжыра айтат. Кийинки жолу ушул Кудаян алып барган экен. Бул барышта көп аскер камдайт. Элди күргүчтөтүп айдап күчтүү жоо менен беттешмек болот. Ал жоону санжырачылар «калмактар» деп эле берип жатышат. Балким ал башка монгол хандары менен согушууга бара жатканбы деген да ой бар. Балким дагы мен биле элек санжырачылардан табылып калаар. Ошол жортуулга камданганда бир олуя адам айткан экен: «Бул жортуулга барба! Элди бекер кырасың! Өзүң да соо калбайсың» -, дейт. Кудаян ачуусу келип сынчы олуяны өлтүрүп салат. Бирок анын аягы жакшылыкка алып келбейт. Эл кырылат. Өзү да ошондо «опот» болот. Олуя-сынчыны өлтүргөндүгү үчүн кем тукум болуп калган экен.

Кудаяндан – Тоголок (Токулак деп Осмонаалы Сыдык уулу берип жатат). Тоголоктон – бар болгону 20 гана түтүн эл бар. Жанагы окуянын каргышына калып, тукуму 20 түтүндөй ашпай калган дешет. Ош тараптагы Сунбула-Сай деген жерде турушат дешет. Түндүк кыргызстанда барбы же жокпу? Анысы бизге белгисиз.

Ошол Кудаян алып барып кырган элден калганы чачылып жүрүп олтурушуп алды Кетмен-Төбөгө келип туруп калышкан экен. Көбү түштүктө калып Хожентин Оро-Дөбө деген жеринде 7 миң чамалуу түтүн эл ушул азыр да бар экен.

Эрденеден тукум жок деп жогоруда эле айтканбыз. Ошентип Кудаян хандын жортуулу ийгиликсиз болуп элдин кырылганы ушул убакка чейин унутулбай келе жатат. Эл ичинде да көптөгөн уламыштар бар. Баарында тең Кудаян тууралуу начар пикирлер айтылат. Демек калктын мүдөөсү аткарылбай, бийлик канкорлукка алып келгени берлгилүү болуп турат. Барган жеринде «дарга» орноттуруп анча-мынча каяша айткан адамдарды астырып турган.

[M 39]

Кыйыктанып айтканын жасабай койсо малы-жаны талатып жиберген. Сулуу кыздарды да алып бирөөлөргө тартууга бердирген дешет. Ошол кезде эл катуу убайран болгон. «Кудаяндын тушунда куурап калдык» деген сөз бекеринен айтылбаган болсо керек.

Эми биз кайрадан Эсенгулдун 21 баласынын бизге керектүүлөрүн тарата кетели. Колдогу маалыматтар боюнча алып карасак айрымдары гана тарап, калгандары «уулу» деп аталган наам боюнча эле калыптыр. Биз аша чаппай ошол колдогу маалыматка гана таяналы. Эгер керек болуп калса, эл деген

“казынанын булагы” кайрадан эл ичиндеги мыкты санжырачылардын эмгеги боюнча толуктоолор киргизилээр!

Бул жерде дагы бир эскерте кете турган сөз бар. Осмонаалы Сыдык уулу Эсенгулдан бар болгону он уулду эле таратып жатат. Муса уулу Айты, Токтомамбет санжырачы, Сазанов Багыш ж.б.лар 21 уулу болгон деп жатышат. Аныкташка убакыт болбоду. Убакыт болсо да толук кадыр эсе маалымат берген санжырачыны жолуктура албадым. Кокус алмашылып калса, окуурмандар тарабынан оңдоо киргизээрбиз. Ошентип:

1- аялдан тараган – Асанбек (Асанбай деп да жүрөт).

Асанбектен – Асанбек уулу (Асанбай уулу), Үсөнбек уулу (Үсөнбай уулу), Найман уулу, Чөл уулу (Чал уулу) дегендер бар дешет.

2- аялынан – Куттуксейит.

Бул кишинин 3 аялы болгон. 1- аялынан – Шамен, Райымбек, Байтели. 2- аялынан – Баястан, Карач.

3- аялынан – Эмимбет, Алманбет, Жантели. Шаменден – 3 уул. Алар: Байтерек, Малабек, Чынгыш, Субан.[22] Байтеректен – Балбак, Баракан.

Эскертүү: Осмонаалы Сыдык уулу Байтеректен – Балбак, Бекчоро, Чынгыш. Бекчородон – Аалкан деп жатат. Балбак мыкты чыккан экен. Он сегиз жашында эле сакалы белине жетчү дешет. Ошондуктан Куттуксейиттин балдарын толук таратууга аракет жасашса керек. Бирок алар[д]ы да чаташкан. Кубат уулу, Шооруk уулу, Назар уулу, Карасарт уулу Жети ата Борукчу аталышып булардын баары Кочкордо турушат. Эсенгулдун 21 уулунун канчоосунан тукум жогу бизге белгисиз.

**Ныязбек баяны**

Ныязбек өз заманынын мыкты адамдарынын бири болгон. Ал киши токсондон аша жашап анан кайтыш болгон экен. Анын доору ата-конушу, Ала-Тоону калмактардан бошотуу учуруна туура келип, ага бала кезинде катышып калды.

[M 40]

Бирок отурукташып калышкан калмактар жерди оңой менен бошотуп бере койбосу да белгилүү. Ныязбек жигит болгуча эле «жылкы тийүү» барымтасы калмактар тарабынан жүргүзүлүп турган. Ошондо ал бир нече эрдиктерди көрсөтүп, эл оозуна алына баштаган. Ал түгүл кыргыздардын өз ичиндеги

[22] KENČIEV gibt vier (statt drei) Söhne an.

уруулар аралык чыр-чатактарына да катышып, топко жетекчи болуп турган учуру да болгон. Ошол мезгилде кыргыз элинин саясый абалы начарлап турган. Себеби бир топ кыйынчылыктар менен «ата-конушуна» жаңы келишкен. Экинчиден кокон жана кашкар бектери да кысым көрсөтүп турган мезгил эле. Ал түгүл канатташ турушкан казак туугандар да кыргыздын жылкысын тийе качышып, тескерисинче кыргыздар барышып алардын жылкысын алып турган мезгил болгон. Кокондо 1812-жылы Омор хандын уулу Маадалы хан болду. Анын миң башы аталыгы Хаккули зардал чечкиндүү киши эле. Мурунку Алим хандын тушундагы чек araларын калыбына келтирүү максатында көп аракеттерди жасаган. Ал кыргыз жергесине да кирип келе баштаган. Мындай учурда жалпы эле Түндүк Кыргызстандын элдери сырткы жоолордон коргонуу үчүн мыкты курал-жарак жана соода каражаттары керек экенин билип турушкан. Мына ошондуктан Ныязбек бий 1812- жылы бугу элинен Шералы жана анын уулу Качыбек менен бирге Омбудагы Батыш Сибирдин генерал-губернатору Глазенепге барышканы санжырада баяндалат. Генерал-губернатор буларды жакшы кабыл алат. Ал кезде Орусиянын кербендери Кытайга соода кылыш үчүн кыргыз жергеси аркылуу өтүүчү. Ага көзөмөл болуп беришке шарттама кабыл алышат. Бирок курал-жарак сатууга тыю[у] салынып калган эле. Анча-мынча гана темир-тезек алып турушка мүмкүнчүлүк болгон. Ал темир-тезектери: чоюн казан, кумган, жез табак, чылапчын ж.б.лар эле. Ошентип курал сатып ала алышпай келишти. Ныязбекке сабы алтын болот кылыч тартуу кылган. Качыбекке капитан деген наамды биринчи жолу берген. Шераалы да алтын медал менен сыйланган.

Буларды биз жогорудагы санжыранын «бугу бөлүмүндө» эле айтып өткөнбүз. Бирок бул жерден да аны кайталап койгонубуз абзел. Анткени «Ныязбек» аттуулар санжырада көп учурайт.

Ныязбектин дагы бир өзгөчөлүгү элди дыйканчылыкка үндөгөндүгүндө. Жарыктык Анжиян жери «ак буудай» айдасаң кайкалаган түшүм алып, кардың тоё турган жер эмеспи. Эл түштүккө сүрүлгөндө ошол дыйканчылык менен бей-бечаралар жан сакташты.

Мына бул ата-конушка келгенде дагы ошол дыйканчылыкты эстен чыгарышпады. Арык казышып, дың жерлерге суу чыгарышты. Жанагы көптөгөн каптал арыктар «калмактын арыктары» дешип жүрүшөт. Ал туура эмес. Кыргыздар эле өзүлөрү казышкан. Ал арыктардын аттары ошол бабалардын наамында бүгүн да сакталып калды. Кээси гана унутулуп, нуктары бүгүнкү күнгө чейин сакталууда.

Кыштоо, жаздоо, жайлоо жана күздөө жайыттары да уруу башчылары тарабынан чечилген.

[M 41]
Деги ошол мезгилде элди дыйканчылыкка үндөгөн жалаң эле Ныязбек болбостон бардык уруу башчылары эл камы үчүн көптөгөн аракеттерди жасашкан. Кандай гана болбосун уруу түзүлүштөрүн сактап, аларды кыйынчылыктардан алып чыгууга аракеттенишкен.

**Ныязбектин балдары**

Эми урматтуу окурман, санжыра ышыкбоздору! Сиздерден дагы бир кечирим суроого туура келет. Анткени Эсенгулдун тукумун таратууда анын Ныязбектен башка балдарынын таралышы бир топ мүчүлүш болуп калган сыяктанып турат. Анткени мендеги болгон маалыматтар ошол эле эл ичиндеги көптөгөн санжырачылардан алынды. Аларда толук маалымат берилген эмес. Ал эми кадырман тарыхчы-санжырачы Осмоналы Сыдык уулу да аттатып гана чечмелеген. Эми менин сиздерден суранаарым кымбаттуу окуурман ушул гезит бетине жарыяланган санжыра менен эле чектелип калбастан ага толуктоо киргизип, билгениңерди редакцияга жазып жиберсеңер келечекте чыга турган санжыра китебине чоң жардам кылган болоор элеңиздер. Бул жердеги негизги максат тактап кийинки муундарга байыркы бабалар баянын калтырып кетиш. Калк ичи канчалык казынанын булагы болсо дагы мезгил агымы менен кошо агылып бизге окшогон карыялардын суюлуп бара жатышында болуп жатат. Далай сонун ак таңдай куйма кулак адамдардын ажырап, алардын алтын мурастары өзүлөрү менен кошо кетип калганы өкүнүчтүү экендигинде талаш жок.
Ныязбектин үч аялы болгон экен.
1- аялынан – Стам уулу деп турат. Тилекке каршы ал атанын балдарынын таралышы жөнүндө биздин колдо маалымат жок. Бар болгону «чала манаптар» Куланакта турушат деп гана коюшкан. Осмоналы Сыдык уулу Ныязбектин эки эле аялы болгонун айтат. Экинчи аялынан Түлкү жалгыз. Ныязбекте 9 эле уул болгон дейт. Санжырачы Жолдошказы Токтогул уулу Ныязбектин үч аялы болгонун баяндайт. Ал кишинин маалыматында биринчи аялынан Стам уулу, экинчи аялынан айтылуу сегиз бек, үчүнчү аялынан Борукчу, андан Түлкү дейт. Биз ошол Жолдошказынын санжырасы боюнча алып жатабыз.

2- аялынан – Бердибек, Бердикожо, Субан, Ормон, Ажы, Шатен, Кожобек, Рыскулбек. Мына ушул сегизи тең «Ныязбектин сегиз беги» аталган эл бийлеген мыкты адамдар болгон экен. Булардын тукумдары да мыкты чыгышкан. Ошону үчүн эл ичинде:

«Ныязбектин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек,
Теменеси болот бек»

деген макал калган. Эми булардын ар биринин өзүлөрүнчө бийлик кылып эл бийлегени жөнүндө көптөгөн жазма маалыматтарда бар.

[M 42]

Чындыгында Ныязбектин 9 беги болгон. «Сегиз бекти» жөн эле уйкаштыгына карата жанагындай лакап кылып жатышса керек. Демек биз 9 бек деп атап жаткандыктан 9-беги ким экендигине токтоло кетели. Жогоруда биз Ныязбектин 3 аялы болгон дедик. Кичүү аялынан жалгыз Түлкү экендигин да айттык. Түлкү баатыр Жолдошказы санжырачы айткандай Борукчудан эмес, Ныязбектен. Борукчу такыр башка адам. Ал жогортон кошулат.

**Түлкү баатыр баяны**

Түлкү Ныязбектин казак аялынан. Сегиз бектин энеси айлакер, акылман адам болгон экен. Күнүлөп, жаш казак аялды четтетип, байын ага жолоттурбай обочо кондуртуп коёт. Бул иш Түлкү төрөлгөндөн кийин болот. Көпчүлүк учурда салынды болуп калган казак эне жайлоого чыга албай жатакчылар менен калып калган жылдары болот. Кичинекей Түлкүнү медер кылып, бооруна кысып, өлбөстүн күнүн көрүп күн өткөрөт. Түлкү чоңоюп, бой тартат. Ал кичинекейинен эле чыйрак, чабандес, олбурлуу болот. Жанына мыкты жолдош жоро күтөт. Бирок анчалык атак деле алып кете [э]лек кези. Салынды токол аялдын баласы Түлкүгө да байбиче ичи тарлык кылып, балдарынын эч кимисин каттаттырбайт. Пендечилик ... сегиз баласынын ичинен дагы энесинин тилин алышып, «күчаладай» чыгып келе жаткан инисине кастык ойлогон күндөрү болду. Түлкү 16 жашка жаңы чыккан. Боз кыроо нечак түшүп, эртели-кеч суук болуп калган. Түлкү бир күнү турса түндө кыламык кар жаап койгон экен. Бала мергенчиликке да шыктуу жаа менен жазбай аткан мерген эле. Тоо тору деген чоң тору атын токуп минип, соноорлоп жөнөдү. «Кыямат-Кыроону» өрдөп бара жатты. Улам нарылаган сайын ар түрлүү аңдардын изи

жолуга берди. Түлкү бир жерге келип токтоду. Илбирс коктунун таманына килейген чоң кулжаны баскан экен. Эти бүтүн бойдон жатат. Адатта илбирс башка айбанаттардай олжосун улкуп-жулкуп жебестен такыр колтугунан гана таза канды соруп ичет. Эч жерине али тийбептир. Жору-кузгун али көрө элек болсо керек. Илбирстин изи деле барбайып итабар чоң. Канга тойгон неме анчалык деле узаган жок го? - деп ойлоду. Тоо торуну ошол жерге байлап коюп, жөө илбирстин изин кууп төш таянды. Бир коктудан өтүп барып жаткан экен. Жырткычка жакын барды. Илбирстин жини келип күркүрөп, куйругун чагарактатат. Түлкү көзүн ирмеген жок. Колунда төш жарыдай суу союл. Чактап жаңы эле кесип ала койгон. Аралыктын өлчөмүн алып Түлкү илбирске жакын барды. Канга тоюп, аңдарга жеке ээлик кылган жырткыч балага кол салууга камданды. Дегеле илбирстин шамдагайлыгында чек жок. Атырылып секирди. Бир чапчуу менен төө болсо да көмөлөнтмөк. Жаш баатыр жалтанган жок. Колундагы көк союлду таасын шилтеди. Каардуу жырткыч ала салып барып, сол бутун бир серпип алып жатып калды. Жаш баатыр машыккан адаты менен терини бат эле сыйрып таштады.

[М 43]
Илбирстин терисин Тоо Торуга жапты эле бучкактары жерге сүйрөлүп калды. Жаш баатырдын минген аты айбандын зору болуучу. Семиз кулжанын этин да кошо бөктөрдү. Түз эле атасыныкына жөнөдү. Ныязбекти балдары, инилери, айыл-ападагылар «бай» дешип ызат кылышчу. Ныязбек жаңы эле эртең мененки чайга олтурган. Эшиктен салам айтып, ийилип Түлкү кирди. Ныязбек алик алып уулун карады. Бешенеси жарык, кыдыр жылоолоп алганын түшүндү: - Кайдан баатыр таң атпай.?

- Бай! Быйылкы соноордон түшкөн тырмак асты олжомду сизге алып келдим эле! Көрүп коёр бекенсиз? - деди. Чай ичилип эшикке чыгышты. Ушунчалык зор илбирс! Союл менен башы жара чабылган. Эрдин-эри бул зор айбанат-жырткычка даап бара ала турган эмес. Кайра үйгө киришти. Ныязбек сегиз бектин энесине:

- Байбиче! Баягы кашкар чепкенди алып Түлкү балама жап, - деди. «Күнүнүн күлү да кас» дегендей байбиченин ичи тарыды. Баса сандыкта катылган чепкен азбы? Анчейин бирөөнү берип узаткысы келди. Ага Ныязбек болбой, өзү айткан чепкенди бердириди. Балдарына:

- Иниңерди бооруңарга тартып, айыл кондура жүргүлө! – деди. Бир күнү Түлкү баатыр атасын конокко чакырды. Салынды катындын үй-жайы обочо

өзүнчө бир кыштоодо эле. Бир байдан болгон чоң ирик алып келип сойду. Үй ичи комсоо, эски, жыртык болсо дагы ирettүү, кыйла таза экен. Аялын, болгондо да ак никелүү аялын, ушундай мыкты уулун жакырчылыкта кармагандыгына Ныязбек катуу уялды. Тамак аш ичилип бүткөндөн кийин Ныязбек кетмек болду.

- Ата! Кетпеңиз, бул да сиздин үйүңүз, - деди Түлкү. Жатаар мезгил болгондо Түлкүнүн энеси жедеп эркектен чоочун болуп калса керек. Төшөктү жанаша салып, бирок эки жууркан жаап койгон экен. Аны байкаган Түлкү баатыр:

- Эне! Чогуу жаткыла! Ак никеңер бар! Мына силерден мен төрөлүп олтурам, - деп чогуу жаткырган дешет. Түлкүнү өзгөчө Ормон жогору баалап, дайыма өзү менен бирге алып жүрүп үйлөнтүп-жайлантат. Мына Ныязбектин 9 бегинин бири ошол Түлкү баатыр болгон.

Түлкүдөн – Тезекбай, Кооман.
Тезекбай заманында Борукчу элин былкылдатпай билип турган. Тезекбайдан – Атакан болуш. Заманында Кооман да мыкты адам болгон.

Бердибектен – Муратбек, Манда (жез чокмор) баатыр, Шаабай. Муратбектен - Өрдөкбай, Иса деген эки уул. Шаабайдан – Салбар. Манда баатырдан – Жамгырчы, Баястан, Кийизбай.

[M 44]

**Субан**

Субан – Ныязбектин сегиз бегинин бири. Бул дагы кармаганынан кан чыгарган балбан, өрт менен өлүмдөн кайра тартпаган баатыр адам болгон. Жалаң эле Субан баатыр болбостон, Ныязбектин тогуз уулу тең жоого намыс бербеген адамдар болгон. Ошону үчүн «күч атасын таанібайт» деп, эл журтту бөлүп алышып, өз бийликтерин жүргүзүшкөн. Субандын эрдиги жөнүндө бир окуяга токтоло кетели. Илгери Кочкордун көпчүлүк бөлүгү саяктардыкы болгон. Чоро саяк Бекболот деген бир байдын жылкысы ошол Кочкордо кыштап жаткан. Жылкычылар жайдыр-кыштыр кымыз ичишет. Кышкысын кысыр бээлерди байлашчу. Жегендери кысыр эмди тайдын эти, ичкендери кымыздан тартылган кол арак болуп турган немелер дайыма тамаша кылышчу. Бир күнү алар тай

жарыштырышты. Байгеси деле анчалык чеке жылытаарлык эмес. Болгону тизгин, чылбыр же токулга, ичмек сыяктуулар.

Жылкычыларга кайрылып кымыз иче кетиш үчүн Эсенгулдун 21 уулунун бири Айдаке баатыр кайрылып калды. Кымыз, кол арак ичишкен немелер кысып алышып байге талаша кетишти. Баш байгеси бир чоң чылбыр эле, жеңилген тарап бербей жатты.

Бирөө одураңдап:

-Кана баш байге? - деп калды.

- Мына!- деди алагүү болгон бирөө тамашага чалып, мына муну сайганбыз, ал! - деп Айдакени көрсөттү. Айдаке ага ыза болуп калды. Ныязбек агасына келип, жылкычылардан көргөн ызаасын айтты. Ныязбек ачууланып: ак сакал, көк сакалдарды чакыртып, намыстанып саяктарды чапмак болушту. Адегенде Медет датка менен Качыке баатырга киши жиберди. Анда:

- Силердин Бекболот байыңар менин Айдаке деген инимди мазактаптыр, Бекболотту байлап келип, тартуу тартып алдыма түшөсүңөр. Болбосо чабабыз!- дейт. Буга кеңешип отурушуп Медет датканын акылы боюнча тартуу тартып бармак болушат. Медет датка эзели чыр-чатакты жакшы көрбөгөн, калыс адам болгон экен.

-Ойлобой сүйлөгөн онтогон ооруга жолугат. Эрдин көңүлүн калтыруу болбойт. Чабышуудан пайда жок. Эки бир align туутуган элбиз!- деп Бекболотко тогуз чаар ат камдатат. Бекболот тогуз чаар атын айдап болжогон жерине келип, Медет менен Качыкеге жолугат. Ал шылтоолоп:

-Силер «Кубакынын белинен» мени күтүп тургула. Мен кийим-кечемди кийип келе калайын деп жолго салат. Кокус барса ызаланган Айдаке баатыр соо койбосун билген. Малы-жанын көчүрүп, Нарынга кире качат. Медеттер күтүп жатышып, жолоочулардан Бекболоттун Нарынга көчүп кеткенин угушат. Мынча болгондон кийин деп камданган немелер Ныязбекке барышат.Чын эле тигил бай келсе соо коюшмак эмес экен.

Медет, Качыке экөө тең кадырман адамдар болгондуктан Ныязбек аларга урмат көрсөтөт. Кулжыгач эли Чорого бир ата жакын болгондуктан, Ормондун Качыке баатырга сөзү тийип калат.

[M 45]

-Жашабаган чоң таман! Бул жубарымбектин атасындай болгон мага каяша сүйлөөгө кандай акысы бар! Ушуну теске сала турган менде бала барбы? - Бул

Качыке баатырдын өктөөсү бат эле саяк элине желдей тарайт. Анда Качыке баатырдын картайып калган кези эле.

Бул жерде дагы бир айта турган сөз бар. Айрым санжырачылар Бекболотту Жанболот баатыр менен алмаштырып жатышат. Тайлак баатырдын чоң атасы Жанболот баатыр андан мурунураак жашап өткөн адам.

Саяктар камынышып барып Ныязбекти чапмак болушат. Чоро элинен Жанболот баатырдын уулу Бердикожо келет. Кетмен-Төбөдөн өйдөчекти Карашаал баатыр келет. Качыкенин Абайылда баш болгон улуу катындан балдары жөнөшөт. Качыке баатырдын кичүү аялынан төрөлгөн Эралы баатыр аты жок кала берет. Энесинен атасынын Марал торусун суратат. Байбиче жакшы киши экен, «жараса ушул уулуң жарайт», - деп Марал торуну жетелетет. Эралы жоо киймин кийинип келип атасынан бата сурайт. Качыке батасын берип: «Аттын чылбырын белиңе бекем курчап жүр! Жоо менен беттешип калып кокус жыгылсаң аттан ажырап калып колго түшпө» деп эскертет.

Эралы аттанып колдун артынан жете барат. Ал кезде Жумгалда ала шалбырт болгону менен Чүйдө көк үч муунап калган экен. Ныязбектин айылы мал төлдөтүп, Шамшыдан берки түздө болуучу. Жылкысы наркы Кара-Көңүз тараптагы тоо арасында жаткан. Саяктар капарсыз жаткан айылга чабуул коюшуп, бүт кара малды олжолоп алышты. Мына ошондо Ормон баатыр жоонун артынан кууп келди. Анын артынан куугунчулар келе жатышты. Ормондун алдын Эралы тосту. Беттеше кеткенде эле Ормонду ыргыта сайып байлап алышты. Арттан келген Субан Эралыны ыргыта саят. Субандын Эралыны сайганын саяктар айтышпайт. Бирок Кожоберди баатыр Субан менен айкаша кетет. Мындан пайдаланып, чылбырды атасынын айтуусу боюнча белине курчанып алган Эралы аттанып кетет. Ормондун колго түшүп, Байтөбөттүн башындагы орго салынганы ошондон.

Субан жалаң эле эл бийлеген бек болбостон кол баштаган баатыр да болгон.

Субандан:

1-аялынан: Малдыбай, Адыл

2-аялынан Мусаке, Матай, Чыңгыш

3-аялынан: Ыйбак, Жайнак

Осмонаалы Сыдык уулу Субандан эки эле уулду, Мусаке менен Адылды таратып жатат. Муса уулу Айтыда да ошондой. Мусакеден 6 уул: Байгазы, Койкелди, Мангелди, Чойкелди, Ботой. Байгазынын да үч аялы болгон. 1-

аялынан Эсенгул, Султан. 2-аялы Канышайдан-Капсалаң, Шакир, Абдылда. 3-аялы Сайкалдан: Турдумамбет, Айдарбек, Турсун.

[М 46]
Байгазынын уулу Эсенгул Субан элин башкарып, болуш болуп келди. Эми Байгазынын 3-аялы Сайкал жөнүндө бир аз баян айта кетели. Ал киши акылдуу, мыкты ургаачы болгон экен. Кыз алган жары Ыбыке. Анын алты аялы болуп,Сайкал алардын эң кичүүсү, жаш жана өңдүү түстүү болгон экен. Байгазы ага ашык болуп, жашыруун катнашы болсо керек. Канааттын атасы Ыбыкенин ашы берилгенден кийин Сайкалды Байгазы ала качып кетмек болот. Жер болжошуп кел. Кечинде алып кеткендей бололу!-деп Байгазы Үсөн деген жигитин жиберет. Жесирдин үйүндө толгон эл. Ачык сүйлөшүүгө болбойт. Үсөн аял менен «каймана» сүйлөшмөк болот. Үсөн эшиктен кирип келип босогого туруп калды. Сайкал аны Байгазы жибергенин билди.

- Кечки көз байланган кездеги тигил жолдун боюндагы моло таштай болуп эмне босогодо туруп калдың? - деди Сайкал. Үсөн:

- Мен кечки жол боюндагы «моло таштай» болсом  жаныман үзбөй киши өтүп турат. Бака маңдабай эч ким келбеген мобул дөбөнүн нары жагындагы алачыктай таш сыяктуу сен деле отурбайсыңбы! - деди.

- Чык! Өлүгүңдү көрөйүн, - деп Сайкал уруша кетти. Бул табышмактуу сөздү Сайкал менен Үсөндөн башка эч ким түшүнгөн жок.

Үсөн бат эле Байгазыга барды. Капырай бат эле сүйлөшө койдуңбу? Жүрөгү элеп-желеп болуп, ашыктык отуна күйгөн Байгазы:

- Сүйлөштүңбү?

- Сүйлөштүм, - деди Үсөн.

-Эмне деп сүйлөштүңөр?

-Үйдүн ичи толтура киши экен. Каймана сүйлөштүк. Менин жөн келбегенимди билип жеңем:

- Күүгүм талаштагы жолдун боюнда турган  моло таштай болбой төргө өтпөйсүңбү?- деди. Мен:

-Мен күүгүмдөгү жолдун боюндагы  моло таштай болсом жаныман үзбөй киши кара өтүп турат. Мобу дөбөнүн ары жагындагы киши кара келбеген алачыктай таш сыяктуу сен деле отурбайсыңбы? - дедим. Ал:

-Чык эшикке!- деди.

-Ие кокуй! Бул эмне деп сүйлөшкөнүңөр?- деп Байгазы чочуп кетти. Ал мындай деди Үсөн күлүп. Кечинде көз байланганда мен жолдун боюндагы

моло таштын жанына барам. Ошол жерден күткүлө дегени. Мен ал жерден киши кара үзүлбөй өтүп турат. Бирөөлөрдүн көзүнө чалдыгып калышыбыз ыктымал. Андан көрө береги дөбөнүн ары жагындагы эч ким келбеген алачыктай таштын жанына кел дедим, деп түшүндүргөн экен. Күүгүмдө Сайкал ошол алачыктай таштын жанына келди. Белен турган кара жоргого мингизип жүрүп кетишти. Ошондо:
«Алдыда турган ач кайкы,
Аргымак минбей ашпасмын.
Алдым деп жубан менен сага,
Артылтып камчы чаппасмын» деген ыр саптары элдин эсинде калган.

[М 47]
Адылдан – Суранчы, андан – Кайып, Ырыскул, Алымкул, Мааматкул.

**Адыл баатыр баяны**

Жоокерчилик заманга жараша сырттан басып кирген жоого дайыма даяр турушкан. Жоодон малды-жанды, бей-бечараларды коргоп эр жүрөк азаматтар чыгышкан. Мына ушундай мыкты азаматтардын бири айтылуу Адыл баатыр болгон. Ал кишини эл «Ала Тоонун арстаны» деп аташкан.

Жоо менен беттешкенде байыркы ата расмиси боюнча «Жеке!» деген бир гана сөз эки тарапта тургандарды тизгин тарттырып аламан ат коюусун токтоткон. Эки жактан эки баатыр беттешип, бирөөнүн өлүмү менен аяктайт. Тобокел! Эрөөлгө чыккан баатыр өмүр эмес, өлүмгө чыгат. Адыл баатыр жекеге көп чыккан экен. Айрым уламачы, санжырачылардын айтымына караганда Адыл 1826-жылы төрөлгөн дешет. Жаш кезинен баштап эле Төрөгелди менен бирге жортуулга чыгып жүргөн дешет. Анын баатырлыгы 1810-жылкы Текес калмактарынын жылкы тийүү учурунда байкалат. Кыргыздын көп жылкысын калмактын Дорго баатыры тийип кетет. Ал кезде кара малга анчалык карашкан эмес. Көбүнчө жылкы алышкан. Абайылданын Нарбото, Шербото, Төрөгелди деген баатыр балдары, Адыл, Түлкү баатырлар калмак алган жылкыны Текес тараптагы «Көк-Байталдын» белинен эңкейе бергенде кууп жетишет. Жылкыны катуу айдагандыктан бир топ кулундар, көксөө, как чеке болгондору жинигип жолдо калган экен. Дорго эки жолдошу менен буктурмада кала берген экен. Алдыда бара жаткан Нарботону капыл-тапылдан качырып калат. Удаа бара жаткан Адыл тайманбай кол салып, үч калмакты теӊ сайып түшүрөт. Бат эле

жылкыга жетишип, карсылдашуу башталат. Жылкыны ажыратышып, жортуулчуларды байлап алышат. Айрымдары гана качып кутулган. Жылкыларды айдатып жиберип, ээликкен баатырлар өзү тийишкен калмактын бир айылын чапмак болушат. Адылдын мышыктай шамдагай, жолду мыкты чалган, уйкусу жок өзгөчөлүгү болгон экен. Кайгуулга барып, калмактын жол тоскон үч кайгуулчуларына жолугуп калат. Тигилер Адылдын кыргыз экенин билишип, байлап кетүүгө аракет кылышат. Эки жолу урулган чалманы кесип салат. Беттешүүдө өзү жалгыз эки калмакты торойто чаап, бирөөнү байлап кетет. Илгери тил кармаганда анын санына чылбыр салганда эти ооруган неме безилдеп болгонун айтып берчү дешет. Ошол кайгуулчуну  сүйлөтүп, Нарынколдун бир куймасы «Чар» деген жерден бир айылды чабышып, көп олжо менен кайтышкан экен. Ошондо Адыл баатыр он алты жашка жаңы эле чыкканын карыялар кеп кылышат.

[М 48]
Анын эрдиги айрыкча Кененсары менен Норусбайдын чабуулунда көзгө көрүнөт. Айрым санжырачылар ошол Кененсары менен Норусбайдын чабуулунда Төрөгелди баатыр катышкан деп жатышат. Көптөгөн маалыматтарга караганда ал кезде Төрөгелди баатыр  жортуулга барып, жанындагы жолдоштору качып кетип жалгыз калганда чалма урушуп, көптөгөн казактар колго түшүрүп алышкан. Ошондуктан ал өлөөрүн билбеген таш жүрөк баатыр кызайларда туткунда жаткан. Ал эми Адыл болсо жекеге чыгууда аябай эрдик көрсөттү. Бул маалымат казак Нысанбай ырчынын эскерүүсүндө толук сакталган. Нысанбай ырчы өз көзү менен көрүп, жазып калтырган. Ал кишинин эскерүүсү ыр жана кара сөз түрүндө. 1924-жылы Алма-Атадан «Кененсары – Норусбай» деген ат менен арабча басылып чыккан. Каалоочулар аны В.И. Ленин атындагы китепканадан таап окуса болот. Согуш Токмоктун үстү жагынан болгон. Эки жактан тең бештен киши „эрөөлгө“ чыгып турушкан. Мында Адыл менен беттешкендер аман соо калышкан эмес. Экинчи тараптан Норусбай менен беттешкендердин соо калбаганын баса көрсөтөт. Норусбайдын «Ак чаңгы» деген атын атып өлтүрүшкөндө гана аны Адыл сайып түшүргөн. Норусбайды байлап алыш үчүн кыргыздар жабылганда Эржан төрө баш  болгон эки жүздөй казак ат коюшуп, Норусбайды куткарып кетишет. Ошондо Норусбай: „Аттан ажырап калдык, эми иш оңолбой калды“ деп акеси Кененсарыга келип айткан экен. Адыл казактын «кырк элчисин» да сайып түшүргөн. Аны Ормон баянында толук айта кетебиз. Андан кийинки эрдиги

Сарыбагыш менен Бугунун кагылышында бааланды. Төрөгелди 1855-жылы Кокон ханынын туткунунан бошоп келди. Бугулар болсо чабуулду 1854-жылы эле айрым маалыматтарда август айында жортуул башталган дешет. Ургаалдуу көпчүлүк кол тескей тарабы менен жөнөгөн. Тандалган беш жүздөй кол Күрмөнтүдөн нары өтүп барып, Сарбулактагы четки айылды чаап, Боромбайдын[23] да үй-бүлөөсүн да колго түшүрүшөт.

Эки эл катуу убайым болушту. Адыл баатырды Балбай баатыр да жактырып, жакшы көрүүчү экен. Бугунун мыктыларынын бири Мырза деген менен Адыл акыреттик дос болгон экен. Ал Аксурду минип, күрөөкө тонду кийип, ач арстандай кайсактап, Боромбай, Балбай, Мырза үчөөнүн бирөөсүн издеп чыкты. Башка качкандарга анчалык тийген жок. Каршылык көрсөтүп жолун торогондорго гана катылды. Ал Бугу элинен бир бечараны кармап келип мууздап, тууларын кандаганда үчөөнүн бирөөсүн, эгер колго тийсе үчөөнү тең аябай башын кесүүгө туу алдында ант берген. Ал жоон топ атчандардын арасынан Мырзаны көрдү. Ач айкырыкты салып, топко найза сунду. Топ көп болушса да баатырга такаат кыла алышпай жайыла качышты. Адыл Мырзаны сайып түшүрдү. Ал жалынып:

- Жан соога баатыр! Акыреттик дос элек! - деп коркконунан титиреп буулугуп турду. Адыл Аксурдан ыргып түштү.

[M 49]

Көзүн көрүп туруп досуна кол сала алган жок. Анын кулагына:

- Адылга айт! Кечиктирбей Мырзаны мага кошсун! - деген сөзү угулду. Кандуу туунун алдында туруп ант бергенин эстеди.

- Олтуруп алдагы мөөкүңдү чеч! - деди Адыл. Колу калтыраган Мырза олтуруп бутуна асылды. Башын ылдый каратып бутуна асылып жатканда курч болот шарт этип шилтенип, баш тоголонуп кетти. Көз чанагынан чыгып тиктеп, тили ушунчалык узарып, бир неме деп айтчудай жалмаңдап жатты. Мүрүсү титиреген моюндан кызыл кан атырылып жатты. Баштын канын соруктуруп, ууртунан тешип канжыгага байлады. Жолдон Надыр чал кездешти эле башты ошого берди. Үйлөрүнө кайтып келгенде Надыр Мырзанын бир тууган карындашы Алтынайга:

- Эй, Алтынай! Бери чык! Мына бул башты тааныйсыңбы? Ушул эрдиги үчүн эмне бересиң? - деп Мырзанын башын бир тууган карындашынын алдына таштады.

---
[23] *Боромбай ~ Боронбай.*

- Ии, тааныдым! Он эки айры бугубу десем соёчору тура! Анын эмнесине мактанасың! Тоодой болгон Ормонуң деле хан башы менен барып, кара атанга жүктөлүп, өз кунун өзү алып келди. Эрдигиңди Үмөтаалың менен Төрөгелдиңе айт. Эби келсе, эрдигиңди билишсе энелерин беришээр, - деп басып кетти.

В.И.Петров деген топограф Кеген тараптан Күрмөнтүгө келишти. Кыргыздар Орусияга карай элек болушса да айрым сулуу кооз жерлердин жашыруун-карта пландарын түзө башташкан. Он бир солдаты менен келип бейбаштык кылышты. Үрүп чыккан ит болсо да, жалгыз-жарым жолуккан кишилерди да атышты.

Он бир казакта тең кылыч-мылтык. Даап эч ким бара алган жок. Барган күндө да союл менен эмне кыла алат. Бирок орустардын зөөкүрлүгү сөөккө өтүп кетти. Ал Адыл баатырга да угулду. Жанына төрт-беш жолдош алып, кылычтарын ичинен байланышып «жер ченчилерге» жакын келишти. Орустар тигилерден шек санаган жок. Чукул келип ач айкырык менен качырып сала беришти. Мындайда шамдагайлык керек. Кыл кыйма «исфаган[24] болот кылычтар» ишке киришти. Буйдамга келишпей он бир зөөкүрдүн башы ыргып, өзүлөрү чалгы тийген балтыркандай кыйрашты. Курал-жарактарын алышып өзүлөрүн жар көчүрүп салышты. Муну эч ким билбей калды. Бирок өз туугандарынын ичинен эле чыккынчы чыгып, жашыруун Верный шаарына киши барып, кайран баатырды «Жан-Булак» деген жерге алдап чакырып барышып, оруска карматышты. Алдоо менен колго түштү.

- Аксур алдымда болуп, орус менен бир айкашып өлбөдүм! - деп арман кылган экен. Адыл ошентип орустан өлдү. Ич ара касташуу, көрө албастык акыры түпкө жетти.

[M 50]
Ормон хан - Ныязбектин сегиз бегинин бири. Ормондун үч аялы болгон.
1-аялынан: Үмөтаалы, Чаргын
2-аялынан: Бакал, Үсөн
3-аялынан: Сейилкан, андан – Муса
Үмөтаалынын он төрт уулу болуптур. Алары: Көкташ, Бекташ, Акташ, Чакмакташ ж.б.

[24] Russisch-sprachige Version für kirg. „Исфахан“, die iran. Stadt „Isfāhān“.

**Ормон хан баяны**

Айрым санжырачылардын айтканына караганда Ормон 1791-жылы туулган. Элинин сүрөттөөсүнө караганда олбурлуу, зор адам болгон экен. Эки көзү жалындап күйүп турган, бүркүт кабак, аны эч ким тик багып карай алуучу эмес дешет. Узун, чоң, кара сакалы болгон экен. Пайгамбар жашына барып калса да күүлүү-күчтүү жигиттер сыяктуу шамдагай, ал кишиде али карылыктын да карааны көрүнө элек кези болгон. Өз атасы Ныязбек жүздөн аша жашаган. Ушул азыр Ормондун сүрөтү колубузда турат. Ал сүрөт англичан Макс Тейлер деген саякатчы адамдын «Жети-Суу өлкөсүндө» деген китебинен алынган. Анткени 1820-жылы Англияда «Ость Инди» деген уюм түзүлүп, алардын максаты бай сырьёлорду алыш үчүн калониялар керек болгон. Англичандар XIX-кылымда колдорунда ошол кездеги мыкты флот тургандыктан дүйнөгө бүтүндөй үстөмдүк кылыш үчүн көп аракеттерди жасады. Ошол кезде өнөр жай тармактарынын өнүгүшү боюнча Британ аралы «дүйнөнүн мастерскою» деп аталган. «Ость Инди» уюмунун максаты Орто Азия өлкөлөрү боюнча маалымат жыйноо керек болгон. Ошондуктан алар элдин шартына жараша дербиш түрүндө жер кыдырышкан. Макс Тейлер өзү деңиз кемесинин капитаны, географ, окумуштуу  адам болгон. Ал Ооганстан аркылуу өтүп келген. 1840-жылы ал Ысык-Көлгө чейин жеткен. Анын китеби 1840-жылы жарык көргөн. Жол катнашынын жана тоо тармактарынын пландары тартылган. Аз да болсо кыргыз жергеси боюнча маалымат берилген. Макс Тейлер ошол кездеги Ормондун хан көтөрүү салтанаттына туш болуп, анын сүрөтүн карандаш менен тартып алууга жетишкен. Аны казак туугандар алышып, андан Абылай хандын образын түзүштү. Абылай хан болсо Жунгар доорундагы жашап өткөн адам. Анын тушунда антип сүрөт тарта турган европалыктар келише элек учуру эле. Сүрөттөгү айырма казак туугандар сакалды өтө эле калың кылышкан. Бир топ сулуулап, сүрдүү кылууга аракет кылышкан. Чындыгында ал сүрөт Абылай ханга эч убакта окшобосу ыктымал. Балким казак туугандар Абылайды айрым сүрөттөөлөр боюнча да тартуулары да ыктымал. Кандай тартып алышса да алардын өз ыктыяры. Бирок сүрөттүн карандаш менен 1840-жылы тартылганы да ырас. Бул капитан көп жерлерди кыдырган.

[M 51]

**Ормондун балалык чагы**

«Хан» атанып, кыргыздын тарыхында саясий жогорку ролду ойногон. Өз заманында эл үчүн көптөгөн пайдалуу иштерди жасаган бул адам тууралуу санжыра боюнча көп маселе козголот. Алардын көпчүлүгүн биз угуп жүрөбүз. Айрымдары «жамаачыланып», башка окуяга кошулуп, жөн эле ойдон чыгарылган сөздөр да жазмачылар тарабынан жабыштырылган. Биз ошол кошумчаланган учуртмалуу сөздөрдү кошпоого аракет жасадык.

Жогоруда Ормонду 1791-жылы төрөлгөн экен дедик. Ооба, учурунда жазылып калбагандыктан бул маалымат куйма кулак, уккандарын унутпаган карыялар боюнча алынды. Алар да бир убакттарда өзүлөрү сыяктуу бир карыялардан уккан чыгаар.  Жунгарлардын чабуулунан кыргыздар түштүк тарапка сүрүлгөнүн айтканбыз. Ормондун доорунда калмактар Волга боюн көздөй сүрүлүшүп, айрым гана жерлерде калышкан. Иле боюнда, Текес тарапта, Үч Турпандын талааларында али көп эле. Казак талаасы эбегейсиз зор талаалуу адыр болгондуктан алар жер которуштуруп, көчө качып, кээде ит урушун салып жатышып, алардын ургаалдуу көпчүлүгү өз жерлеринде калышкан. Бирок жапайы чабуулдан катуу жапаа чегишип, малдан-жандан көп зыянга учурашкан.

Ормон бала кезинен эле москоол, сөөк-саактуу болгон экен. Заманың бөрү болсо-бөрү, түлкү болсо-түлкү бол деп, жоокерчиликке жараша түтүнмө-түтүн шайдоот, көчүү-конууга даяр турушкан. Ар бир үйдүн эркеги жоокер болушкан. Колундагы малыңды тарттырсаң бүттү. Оокат өткөрүү оңойлукка турган эмес. Жоокерчиликке бала жашынан машыккан. Ооз жарма тай минишкен жаш балдар өзүлөрүнчө топурандашып, найза сайганды, кылыч шилтегенди, эңишкенди кичинесинен үйрөнүшкөн.

Ормон кичине кезинде эле айлакер болгон экен. Өзүнөн улуу бала болсо да ага баш ийип, тай менен кыйкырып, караган буталарга чабуул коюшуп, союлдардан найза кылышып, «көз ирмебей саюу» деген баатырлардын осуятын эске алышкан. Көкбөрү да тартышкан. Айтор алар алты жашынан тартып атка минүүгө үйрөнүшкон.

Ормон малсаак эле дешет. Он бештерге барып калган кези болсо керек. Төө кайтарып жүрүп курсагы ачканбы айылга келиптир. Келсе айылда эркек аттуудан бир жан жок. Күндө кермеде байланып туруучу ээр токулгалуу аттар да көрүнбөйт.

-Жеңе! Акемдер кайда кетишти? - деп сурады. Жеңеси Бердибектин келинчеги болсо керек. Чоң кара аяк кымызга талкан чалып берип:

-Жылкыны жоо алды! Жар-Таштын нары жагында карсылдашып салгылашып жатышат. Кудай өзү сактай көр! - деп күбүрөдү. Аны уккан бала шашып кымызды жутуп чобур атка минди. Эшикте көк союл жаткан экен, такымга кыстарып «Жар-Ташты» көздөй жөнөдү.

[М 52]
Жеңеси чакырды эле болгон жок. Айылдыгы кемпир-кесектер да чакырышты. Уга турган эмес.

Эки жоо беттешип, жекеде түпөгү аяктай кара кыя сеңселген, болот учтуу узун найзачан бирөө турган экен. Имерилиштен чыга берип эле жини келген бала Ормон, Ормон... деп качырып сала берди.

Мына кызык... кайдан чыга калды? Эки жак тең аң-таң.

- Кокуй, балээ болду! Баланы майып кылат! - Абылай баатыр шашылып атка минди. Аңгыча Ормон менен жекеде турган душман экөө беттеше түштү. Карс этип катуу согулган көк союл жалындап, баланын өпкө-боорун аралай сайылмак болуп келе жаткан кандуу болот уч найзаны бөлө чапты. Ныязбек тараптагылар жамандыкты көрбөйлү дешип көздөрүн жуумп жиберишкен. Экинчи жолу камынтпай башка согулган көк союлдан душман топтой кулады. Такоолдо турган эки жоонун бири Ормонду түтүндөй качырды. Анысын Айдаке баатыр сайып түшүрдү. Жапырт аламан ат коюшту. Жоо туруштук бере албай качып жөнөдү. «Качкан жоону катын алат!» Ошондо Ормондун көк союлу далайдын башын каңдады. Олжодон көп ат түштү.

Көзү ачык адамдар ошол алгачкы жолку жоо менен айкашуусунда анын колдогону «Көк жал бөрү» экенин, эки ийнинен шам күйүп, башына бакты конуп, жолу ачылганын айтышты. Ормон ошол эле жылы эки жортуулга катышат. Ормондун сырткы кебетеси, зор денелүү болгондугун чоң атасы Эсенгул баатырга түспөлдөш дешчү экен. Кадимки Калыгул олуя:

- Алла Таалам жар болуп, качырганын кайсаган көк жал бөрү оң жак үзөңгүсүнө сүйөнүп, маңдайына бак конуп, сол жак  үзөңгүсүнө адалдыктын ак супарасы болгон ак тайлак жанашып калган экен. – Мындан ары карай иши оңолуп даражасы жогорулайт деп батасын берип:

- Минген атынын буттарында темгили бар экен. Көзү чекир экен. Бул белгиси бар малды минген баатырдын жолу болбойт. Балага Кубаттын Телкызылын мингизгиле, - деген экен. Ормон Калыгул олуяны өлөөр-өлгүчө сыйлаган. Тилин алган, алдынан кыя өтпөгөн.

Экинчи жолку жортуулду Иленин нары жагындагы Жалайыр деген элге жасашты. Анткени Жалайыр элинен чыккан Таштемир баатыр кыргызга кол салып, Черик элинен миңге жакын жылкы алып кеткен экен. Мына ушул жортуулда Ормон менен Ажыбек баатыр достошкон экен. Ажыбек баатыр өлөөрүндө үч арманын айткан дешет.

- Биринчи арманым найзанын учунан, мылтыктын огунан, кылычтын мизинен өлбөй, үйдө жатып кемпирлер өлүүчү кара чычкактан өлмөк болдум. Экинчи арманым Чоко кара Бердиш менен Кашкарга бара жатсам Жаангер кожо көп кыргызды кырдырып, манжулар менен согушуп жаткан экен. Кайта келе жатсам колго түшүп калыптыр. Ошону манжулардан бошотуп, Жаангер кожону Бээжиндин ханына өзүм тартуулабадым! Бошотойун десем Бердиш болбой койгон.

[М 53]

Экинчисин айттым, эми үчүнчүсүн айтайын:

Ормон хан менен дос элем, аны Бугулар союшуптур. Ошонун кунун кошо куушуп, бугулардын баатырлары менен бир беттешпей кетип бара жатам, - деген экен.

Жанагы жортуулга аттанганда Ормон он беш менен он алтынын эле ортосунда болгон. Илгери балдарды эрте үйлөнтүшкөн. Чаргын менен Үмөтаалынын энелери ошол жортуулдан келээри менен алып беришет.

Жылкынын ургалдуу көпчүлүгү Турдуке бийдики болгон. Жортуулдагы согушуунун «Кол байлоо», «Толгомо», «Ит урушу» деген ыкмаларды Ормон чыгарган дешет. «Кол байлоо» согушу жөнүндө дагы бир аз эске сала кетели. Жоокерчилик заманда эл аябай сак болушкан. Күнүгө беш кишиден кайгуулга баруу адатка айланган.  Улуу тоолорго чыгышып серепчилеп жол чалышкан. Душмандын шек шыпаатын көрүшсө, аларда канча күч бар экенин аныктоого аракет жасашкан. Эгер аябагандай көп боло турган болсо ар кай жерлерге жасалма алачыктарды тигишип жанына арык торук оорулуу малдарды калтырышкан. Жоо колу чачырап олжо издегенде буктурмадан чыгып талкалашкан. Толгомосу жоонун алдын аз кишилер тосуп чыгып, тийишип анан качып беришкен. Кууп чачырап калган колду буктурмадан тосуп туруп курчап алышып жок кылышкан. Бетмебет согушуу болсо «жекеге» чыгуу менен башталган. Булар Таштемирдин жылкысын тийишти. Кудай бетин салбасын көп жылкы чатырап, чаң асманга чыга күндүн көзү көрүнбөй калды дешет.

Жылкыны Иледен өткөрүп жиберишип жоонун алдын тосушту. Тору айгыр менен алдыда Таштемир. Маңдайлаша келип:

- Жеке! - деп найзасын көтөрдү. Ажыбек жана башка бир тобу чыкмак болгондо Ормон:

- Жол меники! - деп ийилип элден бата сурады.

- Оомийин, баатыр! Кудай арбак колдосун. - Таштемир менен Ормон төрт жолу беттешишти. Найзалар ак куурайдай бычырап, чопкут, сооттон өтпөй баатырларга залал келтирген жок. Бирок кандуу найза тийген жерлер далайга ооруксунуп калуучу. Эмки кезек нар кескен кылычтарга келди. Баса нар кескен демекчи анын да өзүнчө мааниси бар. Нарды чөгөрүп туруп чапканда экиге бөлүп салуучу экен. Ошону үчүн «Нар кескен» аталган. Айкалышуу анчалык көпкө созулган жок. Таштемирдин мүрүсү шылый чабылды. Эрөөлгө чыккан үчөө күмжам болгондон кийин жекеге чыкпай калышты. Адамдын сүрүн алган ач айкырыктар жоонун үшүн алып жабыла качып жөнөштү. Ошентип Ормон Турдуке бий менен да алакасын үзгөн эмес.  Кийин кудалашып, кызын Үмөтаалыга берген.

Үчүнчү жортуулу казактарга жасалды. Анткени Атакенин Карабек деген баласы казактан өлгөн. Атаке сарбагыштын жери азыркы Кеминде болбостон тигил эле Каркырадан нары Кегенде болгон. Аны карыялар да далилдейт.

[М 54]
Ошондой эле Эсенгул менен Атакенин араздашып, Ташкентке өзбек хандарына Эсенгулдун 18 күлүк ат (эки тогуз), тогуз кыз, тогуз куш тартуулаганын, Атакенин кокондуктарга баш ийбей Каркыра тарапка көчүп кеткендигин академик Б. Жамгерчинов да өз эмгегинде толук далилдейт. Ал эми жалпы эле сарбагыш эли Ысык-Көлдүн күңгөйүнөн Байсоорунга чейин, тескейинен Тоңго чейин, Кочкорду, Чүйдүн башын жердеп турду. Карабектин кунун кууганда Ормон нака 15 жашка толо элек мезгили экен. Бирок акылы, айлакерлиги менен айырмаланып ошондо кол башчы болуп калган дешет. Карабек Абылай хандын чабуулунан кийин өлгөн экен. Абылай хан казак туугандардын маалыматына караганда 1758-жылдары 16 жашта хандыкка көтөрүлгөн экен. Карабектин өлүмүн Абылай хандын чабуулу менен байланыштыруу жарабаган иш. Ал кыргызга 1770-жылы кол салганы жазма маалыматтарда сакталган. Эгер ошондо Карабек өлгөн болсо анда Жантай туулбай калмак, себеби Жантай 1794-жылы төрөлүп, 1868-жылы кайтыш болгон. Демек мына ушуга таянып жана Сагындыктын санжырасындагы маалыматтарга карап, 1805-

жылдардагы Иленин наркы өйүзүндөгү казак-кыргыздын Бел-Саз чабышында өлгөн десек жаңылбайбыз. Ошол Карабектин кунун кууш үчүн болгон жортуулда Ормон кол баштаган. Алар улуу жүздүн чоң байы Жанаыстын айылын чабышып, кыз-келиндерин олжолошкон. Бирок казактардын негизги күчү келип калат. Ошол кездеги ата расмиси боюнча жесекке чыгуу менен согуш башташты. Жесекке Ормон өзү чыккан. Такоолго Иса, Илиппай дегендер барышат. Бул жерден казактар салтты бузат. Салт боюнча эки баатыр беттешүү керек эле. Ага жеткирбей жекеге чыккан кишинин атын атып өлтүрүү казактарда адатка айланган. Жекеге чыккан Ормондун атын атып салышты. Казак баатыры жөө калган Ормонду түтүндөй качырды. Найзачан атчан киши жөө кишини оңой эле алмак. Бирок ага жеткирбей Илиппай туурасынан качырып келип ыргыта сайып кетти. Жөө калган Ормонду Бердибек ат коштоп келип согуш талаасынан алып чыгып кеткен экен. Илиппайды казактын мергендери атып салышты. Ормондун кошуунунда эки жүздөй милтелүү мылтыкчандар бар эле. Буга жооп кылышып, алар топтон чыгып барышып жапырт ок чыгарышты. Жарданып турушкан казактардын колунан жалп-жалп этип бир нече кишилер окко учуп, алдыңкылар артты көздөй бурулушту. Ал кыргыздын чабуулга өтүшүнө өбөлгө түзүп, ач айкырык жерди дүңгүрөтүп, жоонун үшүн алып каптап кириштi. Мындай алааматка туруштук бере алышпай казактар качып беришти. Ошентип эрдин куну, эриштин аркагы бүтүп, кыргыздар көп олжо менен келген экен. Ормон хан көтөрүлгөнгө чейин бир нече жортуулдарга катышкан. Ормондун бала кезинде уруулар аралык барымталашып мал тийип алуу дайыма болуп турган. Бир жолу Ныязбектин эки айгыр үйрү жылкысы жоголду. Муну саяктардан көрүштү.

[M 55]

Ал кезде шекшиген жердин жылкысын «тийип алуу» адатка айланган. Күрөөкө тон кийип, күлүк ат минип, сарыбагыштан тогуз киши атганып чыгышты. «Көрсө - барымта, көрбөсө - сыйрымта, [барып алып кел]»[25]. Жүрөктөрү курч, элирип турушкан жаш өспүрүмдөр Курманкожо элинин жылкысына тийишти.

Мына ушул жерди санжырачылар ар кандай кылып айтып жүрүшөт. Окуяны саяктар башкача кылып айтып, өз аталарын көтөрө чалышса, сарбагыштар өзүлөрүн макташат.

---

[25] Redewendung von mir vervollständigt, vgl. JUDACHIN 1965, 678.

Саяктын санжырачылары эки айгыр үйүрүн сарбагыштарга алдырышат. Артынан Шайбыр баатыр баш болгон бир тобу кууп барышат. Куугунчулар барымтачыларга «Ак Учуктан» жетишет. Токтолоп кыйкырган Шайбырды топтон бөлүнгөн бирөө качырып сала берет. Жалаңдаган болот учтуу, бөрү тил найза так тушталып келе жатат. Таамай согулса андан адам соо калаар эмес. Шайбыр чоң баатырлардын бири болгон. Андай ажал издеп тике маңдай сунулган найзанын нечени көргөн. Көз ирмебей тике барып, сунулган найзаны бөлө чаап, жанагы баатырды ат үстүнөн оодара тартып жылаңачтап жиберет. Артынан жете келген Нусуп:

- Кокуй...кийинт кайра! Бул адамдын сырттаны экен, - деп кийимин жанагы жаш баатырга кайра бергизет. Көрсө жанагы жаш баатыр Ормон экен. Аркасында кулундун жалындай жалы бар экен дешет.

Сарбагыштардын айтымына караганда куугунчулар барымтачыларды Кубакынын белинен кууп жетишет. Ормон куугунчуларды бүт сайып түшүрөт. Арт жактан келе жаткан Нусупка:

- Мал - боор эт менен тең. Сакалдуу башыңыз менен өзүңүз келген экенсиз. Малыңызды алыңыз да бата бериңиз! - деген экен. Нусуп жакшылап бата берген экен. Мына ошондон баштап Ормон – Ормон болуп, калкка кадыр баркы арткан имиш.

Эмнеси болсо да тарыхта Ормондун ээлеген орду жалаң эле кыргыз эмес башка элдер үчүн да бир топ чоң мааниге ээ. Аларды чечмелеп айта кетүүгө аракет кылып көрөлү. Анын анчалык токтолуп, элге кадыры өтө элек кезиндеги жаңы гана башталган эрдиктери негизинен ушулар. Буга жанагы Субан баянын айтып жаткандагы Качыкенин уулу Эралы тарабынан колго түшкөнүн кошуп айта кетсек да болот. Ал окуя жогоруда айтылды. Бирок тактап кетүүбүз да зарыл. Көп окуялар туура келбей аталар же энелердин аттары алмашып калган учурлар да болуп жатат. Аны ошол санжырачылардын эмгектеринен тандап алгандан кийин одоно каталыктар кеткенин кийин байкап калып жатабыз. Баса Эсенгулдун «Анардын алты уулунан - алгылыктуусу эле Ныязбек!» деген макалды эсимден чыгарып жиберип, аны башка энеден санжырачы Муса уулу Айтынын айтуусу боюнча жазган экенмин. Ал эми мурунку сандагы жарык көргөн сандарындагы Байгазынын Сайкал деген аялынан айтылуу мыкты адам Эсенгулду төрөтпөй башка энеден төрөтүп коюптурмун. Аларды толуктап, эгер өзүнчө китеп болуп чыгып калса андай мүчүлүштөр кетпес керек.

[M 56]

**Ормондун жигиттик-мырза курагы**

«Ормон чыкты октолуп,
Күйүп турган чок болуп.
Калкты бийлеп топ куруп,
Кайыр айткан жок болуп!
Эки чылбыр - бир тизгин,[26]
Ээлеп алган кезеги.
Кооптонуп сестенди,
Кокондуктун нечени.
Дөөлөт кушу колуна,
Конуп турган кезеги»

деген ыр саптары эл ичинде сакталып калган экен. Айрымдары бул ырды жалаң эле Ормон менен байланыштырбастан, аны Жантай менен да байланыштырып:

«Ормон чыкты октолуп,
Журттун баары копшолуп.
Жантай чыкты жалтырап,
Калктын баары калтырап»

деп да айтып жүрүшөт. Айрым аксакалдар[27]: «Ошол кезде сарбагыштын оттой дүркүрөп күчөп турушкан мезгилдери эле» дешип айтып калышат. Эмесе аз да болсо Ормондун тушундагы орчундуу окуяларга токтолуп көрөлү.

Ормондун жаш, жигиттик кези - Кокон хандыгына туш келди. Анткени менен келечектеги  хан сарттардын деспотизминен боюн алыс кармады, аларга анчалык теңсинип баш ийген жок. Айрым учурларда Кокондуктардын бирин-серин салык жыйноочулары кайра чебине жетпей калган учурлары көп болгон. Чынында эле Кокон хандыгы Ормондон коркуп чочулашкан. Айылын эч убакта сарттарга көрсөткөн эмес. Ошондуктан түндүк кыргыздарга баш-көз болуп, Кокон хандыгынын бийлигин чыңдаш үчүн хандын акимдери тарабынан Ормонго «Парваначы» деген наам берилген. Санжырачылардын көпчүлүгүндө Ормондун Кокон хандыгы мезгилиндеги ишмердүүлүгү өтө эле жупуну көрсөтүлөт. Айрым санжырачылар жада калса бүгүнкү күндүн эле айылдагы тарых мугалимдери Ормонду, Тайлак баатырды, Медет датканы, Качыкенин уулу Эралыны чаташтырып караманча эле башкача айтып жатышкандыктарын каза болгон туугандарыбызга топурак салууга барып, угуп отуруп таң калдым.

---

[26] Oder: *эки тизгин, бир чылбыр*, s. Judachin (1965, 731).

[27] Аксакалдар ~ акс акалдар.

Ар ким өз аталарын көтөрө чалышып мактап жатышат. Бул жөнүндөгү чындыкты мен санжырачы маркум Турусбек уулу Абдыракмандын 1903-жылы жазган санжырасынан таптым. Эгер ал санжырага кызыгуучулар болсо Аламүдүн районунун Таш-Дөбө айылына барса балким таап алышаар. Ал араб тамгасы менен таза жазылган кол жазма. Мен андан башка адамдардын жардамы менен которуп жазып алгам.

[M 57]
Абдыракман өлгөндөн кийин иниси Арзыгулда калган экен. Ошол Арзыгулдун байбичеси азыр бар. Эгер байбиче Жумгалда болбосо ушул эле Таш-Дөбө айылында болуш керек.

Санжырачы окуяларды Мадалы хандын учуру менен байланыштырат. Ал атасы Омар хандын ордуна хандыкка 1812-жылы келген экен. Андан кийин Байтүгөлдүн уулу Медеттин датка болушу менен чагылдырылат. Чоро Саяктан чыккан Тайлак баатыр жөнүндө да кеңири токтолот. Санжырада Түндүк Кыргызстанда бийликти түздөн-түз хан бийлик жүргүзбөстөн анын ар бир шаарларга койгон бектери тарабынан жүргүзүлгөндүгү баяндалат. Мисалы Чүйдөгү Бишкек, Олуя-Ата, Токмок ж.б. чептерди Ташкенттин бийлөөчүлөрү тарабынан салынып, хандын атынан бийлик жүргүзүшкөндүгүн айтышат. Ал эми Медетке хан Ярлык жазып, чен тонун кийгизишип, хан өз колу менен «даткалык даражасын» берген. Ошондуктан элеттин Медет даткасында жанагы хан өзүнө жардамчы кылып алышкан Анжияндын, Ташкенттин, Маргалаңдын, Өзгөндүн ж.б. бектериндей даража болуп, алардын Түндүк Кыргызстанга койгон бектерине, салык жыйноочуларына баш ийген эмес. Тескерисинче кайра алар Медетке баш ийип, айтканын жасашып урмат көрсөтүшкөн.

1820-жылы жер талашуудан солто менен сарбагыштын ортосунда чоң чабыш чыгат. Салгылашуу Шамшынын алдындагы талаада болот. Солтодон бир нече эр өлүп, Ысык-Атанын сайынан да бери сүрүлүп калышат. Тынаалы баш болгон бир тобу тартуу тартып барып Ташкенттен сарбаздарды[28] алып келишет. Кайра чабуулга өтүшүп, 1821-жылы сарбагыштарды чабышат. Ошол салгылашууда Ормон, Төрөгелди, Нарбото, Шербото ж.б. баатырлардын соболосу жогору көтөрүлөт. Туткунга бир топ сарбагыштар түшөт. Ормон өзү баш болуп, Алимназар деген сарттын аскер башчысы, кадырман адамын баш кылып, солтолордон да бир тобун туткундашат. Бул чатак Медет датканын кийлигишүүсү менен басылат. Бирок солтолорду коргоочу катары 1825-жылы

[28] Normschreibung. KENČIEV: *сарбас* (*сарбастар*).

Бишкек чеби салынганы баяндалат. Андан кийин Кокондуктар бат эле көптөгөн чептерди салып жиберишкен. Сарттардын үч жерге салган чебин Ормондун эки жолу талкалаганын санжырада баса көрсөтөт. Ошондуктан Кокон хандыгы Ормон менен Тайлак баатырдан оттон корккондой корккон.

Ошол эле санжырадан Тайлак баатыр кокондуктардын Курткадагы чебин 1827-жылы талкалап, 1828-жылы «Мынакелди» деген жерден Түштүк-Батыш тарабындагы «Пычан» деген жерде Кокон ханынын көптөгөн аскерин талкалап, Арап деген баатырын өлтүргөндүгүн баса көрсөтөт. Тайлак баатыр 1832-жылы өлгөн деп жатат. Муну тактап «Саяктардын санжырасына» беребиз. Муну аралаштырып жатканыбыздын себеби айрым санжырада Медетти да, Тайлакты да Ормонго кол башы кылып берип жатышат. Ошолорду айырмалаш үчүн ушулар кошулду. Медет болсо 1838-жылдарда өлсө керек. Так маалымат табылган жок. Медеттин ашына Ормон келген эмес.

[М 58]
Ал хан боло элек кези болуучу. Санжырада да, башка жазма маалыматтарда да Ормон 1840-жылы хан көтөрүлгөндүгү баяндалат.

Ормон саясатчыл акылман адам болгон. Ал ошол мезгилдеги кырдаалды жакшы түшүнгөн. Уруулар аралык чатак, доомат болсо кийин Ормон чечим кылып, чырпык кыркып бүтүм чыгарган.

Ормондун даражасы көтөрүлүп, жалпы эле кыргыз элинин арасында кадыр-баркы өсөт. Өзгөчө Медет датка өлгөндөн кийин Түндүк Кыргызстанда сарттардын ишенимдүү адамы катары эсептелинип, ага таянууга аракет жасашат. Бирок Ормон Кокондуктарды анчалык тооткон эмес. Ал акыл менен иш кылган.

Кокондуктарды тоотпогон бугу эли, сарбагыштын Ормону, тынымсейиттин Табылдысы, чериктердин Ажыбек баатыры болушкан. Айбаты күчтүү адамдарга Тайлак баатырдан сокку жешкенден кийин кокондуктар өтө сак мамиле жасашкан. Ормон ички алакасын да жакшырткан. Кайсы гана уруу башчылары болбосун алар менен тыгыз байланышкан. Чериктердин Ажыбек баатыры менен достошкон. Катуу багыт Какшаал тараптагы Турдуке бий менен кудалашып, анын кызын уулу Үмөтаалыга алып берген. Көл башындагы Боромбай менен кудалашып, анын уулу Өмүрзакка кызын берген. Ошондой эле ал Анжиян эли менен да байланышып, алар менен соода-сатык иштерин жүргүзгөн. Омбу менен байланышып, ал жактан соку кант, булгаары, идиш

аяк, казан алдырткан. Кашкарга тери, кийиз, аркан, аң-терилеринен берип саттырган.

Мына ошентип калктын калың катмарына Ормондун кадыры аябай жогорулап, анын сөзүн ызат кылбаган киши болгон эмес.

**Ормондун хан көтөрүлүшү**

Санжырачы Токтогул уулу Жолдошказынын кол жазмасында мындай баяндалат.

1840-жылы, Көт-Малды менен Орто Токойдун ортосундагы Чүй суусунун жээгине миңдей үй тигилди. Байыркы Өгүз хандын жөрөлгөсүн улап ата расмиси деп тогуздап мал союлду. Оң, сол, ичкилик бардык элдин өкүлдөрү чакырылды. Жыйында Ормон сөз алып сүйлөдү.

- Калайык! Менин сөзүмдү уккула! Душмандар тушубузда, тушоосу бутубузда турат. Элибизге коржоңдоп кокондуктар чоңдук кылат. Капшытыбызда калмак турат. Кылычын алган кытайлар бар. Жунгарлардын тушунда чабылдык-чачылдык. Кезегибиз келип, кемтигибиз толуп, ата конушубузга кайрылып келип конуп отурабыз. Биримдигибиз кетип, ит арка болуп ыдырабайлык. Күч бирдикте деген.

Туткасы болбой - эл болбойт. Калктын жүгүн көтөрө турган бир азаматты хан шайлап алып, анын саябанынын алдына биригели. Хан болуучу азаматтарды даярдагыла. Үч күн мөөнөт, - деп айтып өз өргөөсүнө кирип кетти.

[М 59]
Муну да айрым санжырачылар башкача кылып айтып жүрүшөт. Санжырачылар Айты, Беккожонун санжырасында Ормонду эч ким хан көтөргөн эмес, ал өзүн-өзү хан деп жарыялаган. Ал сарбагыштын гана ханы болгон деген уламышты айтышат. Аны да элге түшүнүктүү болуш үчүн айта кетели:

***Муса уулу Айты, Тойчу уулу Беккожолордун айтканы***

Ошол 1840-жылы жазга жуук Ормон солтонун, саяктын, сарбагыштын кадырман адамдары, кол баштаган баатырларын Көт-Малдыга үй тиктирип чакыртат. Анда:

- Бат келгиле! Кеңеше турган чоң иш болуп жатат. Көл башындагы Чоң Ногой баатыр сарбагыш, солтону, саякты чапканы көп кол курап бери көздөй

келе жатат. Мен алдынан тосуп чыгып тартуу тартып, араң токтотуп турам, - деп үрөй учурган кабарды айтып элди чакырат. Эл аябай көп чогулушат. Ал кезде топко келген кишилер камына келишчү. Үйүн жүктөп, союшун жетелей келишкен. Эл келип жатып калат. Ормон Чоң Ногойго акыл үйрөтөт. Ал:

- Эшигиңдин алдында куралдуу сакчың бар. Эч ким менен сүйлөшпөй жата бер. Сен  элдин көзүнө сарбагыш, саяк, солтону чапканы келген кол башчы катары көрүнөсүң! Ачууланып чамынып жата бер. Мен сенин алдыңа келем. - Ыңгыранып сүйлөбөй жооп бербей жатып:

- Болбостур эми. Ормон баатыр! Сизге бир ачуумду бердим! - дегин деп үйрөтөт. Ошентип акылдашкан Ормон элге келип:

- Ой калайык калың журт! Чоң Ногой баатыр эч кимди теңсинбей тигил өргөөдө жатып алды. Аны мен араң токтотуп отурам. Эми анын алдына баралы. Бир тууган эл элек, бекер элди бүлдүрбөңүз дейли, - деп элди Ногой баатыр жаткан үйдү көздөй ээрчитет. Өргөөнүн жанына келип элди токтотуп, жанына солто, саяк, сарбагыш элдеринен экиден өкүл алып, ийилип таазим кылып, камчысын мойнуна салып:

- Баатыр! Аз айып, көп күнөө болсо, кечир! Саяк, солто, сарбагыш туугандарыңыз тогуздап тартуу тартып, кермеге байланып турат. Элди чаппаңыз! Бир ачууңузду мага бериңиз! - деп жалдырайт. Ногой унчукпай көпкө турат. Ээрчип баргандардын үрөйү учат. Ормон - Ормон башы менен ушинтип жаткандан кийин, - бул Ногоюң бир балакет көрүнөт - дешет. Ногой бир маалда:

- Болбостур Ормон баатыр! Сенден башка кишинин сөзүн укпайт элем. Болуптур бир ачуумду берейин! - дейт. Ошондон кайтып келип элге кетүүгө уруксат[29] бербей эки-үч күн жатып алат. Андан кийин бир күнү талаага шырдак, килем төшөтүп, алдына илбирстин терисин салып, ага өзү келип отурат. Анан элге:

- Кыргызда кызыл тебетей бирөө эле болот! Эми тарагыла! деп ачка араң турушкан элди тараткан экен. Бул санжырачылардын айтканына караганда Ормонду сарбагыштардан башка уруулар хан деп атаган эмес!  - деп жатышат.

[M 60]

Ошондо Ногой баатыр:

---

[29] Normschreibung. KENČIEV: *улуксаат*. Lokale (Čüy, Kočkor) Variante.

- Капырай, ошондогу Ормондон коркконум ай! - деп айтып калуучу эле дешет. Эми биз кайрадан Ормондун хан көтөрүлүшү боюнча Абдыракман менен Жолдошказынын санжырасына кайрылып көрөлү.

***Ормондун хан көтөрүлүшү боюнча Абдыракман менен Жолдошказынын санжырасындагы баяндар***

Бул эки санжырачылардын бабалары Ормондун хан көтөрүлүш салтанатына катышкан адамдар экен. Атайын чакырылган. Биз жогоруда ушул санжырачылардын бабаларын айтып келишип, ал боюнча улам атадан-балага өтүп, кагаз бетине чийилип калгандыгын айтышат. Жогоруда биз ошолордун санжырасы боюнча баштап келип, Ормондун элге кайрылып:

- Калайык журт! Ылайыктуу азаматты тандап хан шайлап алгыла үч күндүк мөөнөт! - деп өз өргөөсүнө кирип кеткенине токтолгон элек. Эмесе ошону улайлы. Булардын санжырасы көптөгөн башка санжыралар менен да үндөшүп турат. Осмоналы Сыдык уулунун, Белек Солтоной уулунун айткандары, жазып калтырган маалыматтары да окшошуп турат.

Үч күнү топураган эл өзүлөрүнчө кеңешип ханга ылайыктуу эч кимди таба алышкан жок. Кеңешип отуруп акыры хандыкка ылайыктуу жалгыз гана Ормон экендигин билдиришет. Улуу шашкеде топ башталды. Ормон, Ажыбек баатыр, Боронбай, Турдуке, Жангарач ж.б. адамдардын коштоосу менен элдин ортосуна чыгышты. Кара таандай калың элге Ормон колун жогору көтөрүп:

- Калайык журт! Калктын жүгүн көтөрө турган, караңгыда жол тапкан, капилетте сөз тапкан, аламын деп келгенди аңтара сала турган, чаламын деп келгенди чалкасынан сала турган, бечарага кайрымдуу, беттешкенге айдыңдуу, алакандай кыргызды асырап, канатына калкалап турган азаматты таптыңарбы? - деп үн салат. Көпчүлүк эл чуулдап:

- Ормон! Ормон! Хандыкка бир гана Ормон ылайык! Эки чылбыр бир тизгинди колуңузга алыңыз! - деп чуулдашты. Ар бир уруудан топтон бөлүнүп чыгып Ормондун жанына келишти. Айчыгына ак жибектен күндүн сүрөтү сайылган жашыл тууну көкөлөтө көтөрүштү. Ак боз бээни союп, ай туякка чалынып, курандан кутпа окутуп, Казан шаарынан келген ногой Мансур молдого курандан аят окутуп, мурун даярдап коюшкан кызыл тыштуу суусар тебетей кийгизишти. Кызыл кымкап чепкен жабышты. Ошондон кийин ырымдап ак жайнамазга киши мууздалды. Ага Исфаган болот кылычты кандап, тууну канга боёп ак кийизге салышып, кыйкырык ызы-чуу менен:

- Ормон хан! Ормон хан! Ормон хан! - дешип кыйкырык салышып, асманга тарсылдаган бараң мылтыктар атылып, Ормонду элди үч айлантып келип мурун даярдап койгон бийик серего чыгарышты.

[М 61]
Чогулган эл семиз туу калган бээден ар бир кошун сайын союшуп, ак майга тоюшуп, эртеси дагы чогулуштУ. Ормон көрүнгөндө жалпы эл салт боюнча ызаат кылышып, таазим этишти. Ногой Мансур молдо салабат айтып, курандан узун бир сүрөнү окуду. Андан кийин хан ордосунун акимдерин шайлашты. Кол башы болуп саяк Кетирекейдин Алыбеги дайындалды. Ички тартипти, тентектик кылгандарды теске салуу иши Төрөгелди баатырга ыйгарылды. Ар бир уруулардын башчылыгына акимдер дайындалды. Бугуга Боронбай, Ныязбектин сегиз беги сегиз жерде акимдик кылышты. Солтого Жангарач бийлик кылмак болду. Жети урукка бөлүнгөн саяктын жетөөнө жети киши, черикке, тынымсейитке да акимдер бекитилди. Эгин айдап дыйкан чарбасын өнүктүрүү боюнча да бүтүм кабыл алынды. Булардан башка да көптөгөн мыйзамдарды кабыл алышты. Эр өлтүргөнгө эки жүз жылкы кун. Кыянаттык менен өлтүрсө канга-кан өлүм жазасына тартылып даргага асылат. Бирөөнүн ак никесин бузганга кырк жылкы. Ар бир уруу боюнча жердин чеги белгиленди. Хан өзүнүн ордосу менен кыргыздын кайсы гана жергеси болбосун көчүп жүрүүгө укуктуу болду. Жердин, элдин ээси хан! Уфадан Ногой молдо алдырып балдарды окутуу жагы да каралды.  Четке кербен жөнөтүп, сырткы соода жагын өркүндөтүү жагы жаш акылдуу Шаменге тапшырылган. Мына ушулар Белек Солтоной уулунда, Осмонаалы Сыдык уулунда толук болбосо да аз аздан чагылдырылган. Алардын учуру «Беймаал» мезгилге туш болгондуктан көптөгөн Ормондун мыйзамдары толук берилбей калган. Элден салык жыйналып, аскер күтүү жагы да каралган. Ошондон бир аз убакыт өтпөй эле кыргыз жергесиндеги кокондуктардын чеби бүт бойдон талкаланып, сарбаздар Кыргызстандан куулган. Ормон тандалма мыкты усталарды чогултуп, мылтык соктурган. Ысык-Көлдүн жээгиндеги жана суулардын сайроонундагы чогулган кумдарды чайкатып, анын түбүндө калган кара оор металдардын күкүмдөрүн эритип айбалта, кылыч, жаанын огун жасаттырган (кара Н.А.Северцовдун «Түркстан крайы боюнча саякат» деген китебин, Спб/1867/).

Ормондун хан болушунун саясый мааниси аябай чоң болгон. Кокон хандыгы кыргыз жергеси боюнча мурункудай даң салып, зекет жыйнап жүрө

алышпай калышкан. Ошол кезде орустар да кыргыз-казак жергесине улам тереңдеп кирип келе баштаган. Бирок алардын жолун Ормондун «опузасы»[30] тоскон. Ормон өзүнүн ордосун  сырттан келген элчилерге көрсөткөн эмес. Журтун которуп көчүп кетип турган. Орустар айрыкча «Крым согушунан» кийин кыргыз жергесине тереңдеп кирди. Алардын жолун бөгөгөн экинчи бир жырткыч болду. Алар англичандар эле. XIX кылымда алар аябай күчөп, «дүйнө жүзүн каратып алуу» планын ишке ашырыш үчүн жан далбас кылып жатышкан.

[M 62]
Англичандардын тизгинин Оогандагы көтөрүлүштүн жеңиши артка тарткан. Мыкты куралданган аскери мүшкүлдө болуп талкаланган. Анысы аз келгенсип Индиядан да көтөрүлүш чыккан. Англичандар мурункусундай жутунуп кыргыз жергесине кире албай калганынын себеби ошол болгон. Орустардын да жутунуп келе жатышканын да билген акылдуу Ормон түшүнгөн. Ошондуктан өзүнүн ордосун анын элчилерине да көрсөтпөгөнү ошондон болгон.

Жанагы Ногой баатырдын катышуусу менен хан болгон деген айрым санжырачылардын айткандары туура эмес сыяктанып турат. Эгер ал туура болсо, анда эмне үчүн санжырачылардын басымдуу көпчүлүгү Ормон тууралуу жазылып калынган маалыматтарга шилтеме берет. Маселен, Абдыракмандын Ормонго хан көтөрүү үлпөтүнө барганын, андагы шаан-шөкөттү сүрөттөгөнүн өзүнүн бабаларынын кол жазмаларында сакталганын айтат. Абдыракман өзүнүн санжырасын 1903-жылы жазганын, чоң аталарынан калган толуктоолорду өз санжырасына киргизгенин айтып жатат. Ошондой эле Жолдошказы, Осмонаалы, Белек ж.б. көптөгөн санжырачылар өздөрүнүн санжыраларында белгилешкен.

Ормон айлакер, акылдуу адам болгондугунда талаш жок. Ал жанагы Ногой баатырды хан көтөрүү эмес, башка бир ишке пайдаланган. Аны түшүнбөй башкача айтып жүргөнүбүз санжыраны бурмалагандык болоор. Ошондуктан бир кишинин айткан санжырасы боюнча окуяларды бурмалап айтып санжыра жазууга болбой турганын, анда сөзсүз туура эмес жактары боло турганын көптөн бери айтып келе жатабыз. Ормондун хан көтөрүлүшү боюнча бир убакта Абылгазы деген кишиден Бактыгул деген жигит экөөбүз жанаша олтуруп укканбыз. Андан бери мына жыйырма жылдан ашык убакыт өттү. Абылгазы карыя болсо Кудай бейишин берсин, азыр арабызда жок. Быйыл эле бир туугандар кайтыш болуп, ага топурак салганы айылга барып калсам, баягы

[30] Kenčiev: *опоco*.

экөөбүз жанаша олтуруп уккан кишим Ормондун хан шайланышын такыр эле баш-аягы кылып айтып, өзгөртүп жибергенине күбө болдум.

Мен ага санжыраны туура айтпай жатканын айтсам, ал киши адегенде чычалады.  Андан кийин: «Мен муну Абылгазыдан уккам» деди. Мен аны менен чогуу олтуруп укканымды айтып берсем анан араң мойнуна алды. Мына ошентип Ормондун хан көтөрүлүшүн каңырыш айткандар өтө эле көп. Бизге чындык керек. Бизден кийнки жаштар толук чындыкты билишсин. Ансыз да далай жылдар ата салтыбыз, санжырабыз «эскинин калдыгы» делинип бурмаланды. Сак мамиле жасап, тактап туруп анан элге тартуулаганыбыз жакшы. Эл дагы казынанын булагы. Алар да кемтиги болсо толукташат.

[М 63]
Ормон чоң саясатчыл адам болгону анын айрым жүргүзгөн иштеринде байкалат. Көчмөн элге ордо куруп, бир орунга олтуруп бийлик жүргүзүү мүмкүн эместигин түшүнгөн. Феодалдык доордо жашап, өнөр жай тармагы өнүкпөгөн аз элди күчтүү мамлекеттер оңой эле басып алышмак. Ормон аны түшүнгөн. Ошон үчүн өзүнүн жупуну хандык ордосун башка элдин элчилерине көрсөтпөөгө аракет жасады. Анысы: «Ормон опуза» деп аталган. Ал боюнча Осмонаалы Сыдык уулу да минтип жазат.

Ормон «хан» болуп көтөрүлдү. Ошондон кийин Ормон хан түрдүүчө чараларды көрдү. Бир жерге олтуруп хандык кылууну заман ылайыксыз тапты. Ысык-Көлдүн айланасы, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Чүй, Суусамыр, Кетмен-Төбө, Алматы, Казак жерлериндеги эл жок ээн жерлерде көчүп жүрдү. Ал кезде казак-кыргыз чагылгандай бир күнү бул жерде болсо, экинчи күнү башка жерден көрүнгөн. Араларына бир да башка калкты киргизбеген. Арак ичип, оюна эмне келсе ошону иштешип, бири-бирин жанчып жүргөн ээн баштарга тыюу салган. Бирине да бийлик кылып жаза бербестен, мал башына зыян кылбастан «опузалап» коркутуп башкарды. Арак, бозо ичкендерге тыйуу салды. Ичкилик акылыңды азайтат! - деди. Өзү ичкен жок. Орустардан Ормон ханды көрүш үчүн келгендерге көрүнбөгөн. Аларды бир бекет жерден-орто жолдон кетирип турду.

- Алар бизди хан деп келишет. Бизде хандыктын эчтемеси жок. Сырыбызды билип алып, эртеси келип мал жаныбызды, жерибизди тартып алат, - дечү экен.

Мына Ормон ошондой айлакер адам болгону билинип турат. Барып конгон жерине дарга орнотуп койгон. Ал күнөөлүүлөрдү, курал-жарактарды төөгө жүктөтө жүргөн. Ал жаңы хан көтөрүлгөндөгү ою ишке ашкан жок. Анысын

жогоруда айтканбыз, дагы айта кетели. Уфадан, Казандан молдо алдырып, балдарды окутуу, өнөр үйрөнүш үчүн балдарды башка билими бар элдерге жиберүү керек болгон. Ошондой эле аскер кураш керек болгон. Ормон хан шайлангандан кийин тарап кетип бара жатышкан уруу башчылары:

- Кызыл тебетей аскер курап алып, кайра өзүбүздү чабат! - дешип анысын тескери түшүнүшкөн. Балдарын окутууга моюндары жар берген жок. «Өзү эле окуп молдо боло берсин!» - дешти. Мына ошондой ит арка ойлор пайда болгон. Бирок Ормон аны түшүнүп, хандыгын акыл менен жүргүздү. Бир жолу орус элчилерин орто жолдон кетиришти. Ормон кандай адам деген орустун татар тилмечине анын килейген чоң тебетейин көрсөтүштү. Ал эбегейсиз чоң кылып, атайы жасашкан деп жүрүшөт. Ормон тынымсыз кылыч-мылтык соктуруп, элдер үчүн күрөөкө тон, туулга, зоот соктурган. Кимдир бирөөлөр менен согуша тургансып, дайыма камылга көргөн сыяктуу иш кылды.

[M 64]

**Кененсары, Норусбайдын чабуулу**

Казак ханы Абылайдын кыргыздарга кол салышын «Солтонун санжырасында» толук бермекчибиз. Анда атайын: «Хан Садырдын колго түшүшү, Саяктын колунун жеңилиши, Жайыл кыргыны» ж.б. окуялар толук берилмекчи. Ошондуктан биз аларды токтото туруп, Абылай хандын тукумунан чыккан же башкача айтканда неберелеринин чабуулунан кеп сала кетели.

Кененсары менен Норусбай төрө султандын тукумдары. Атасы кадимки Касым. Чоң атасы Абылай хан. Абылай хан кыргыз кызынан төрөлгөн жээн. Орусия улам тереңдеп казак жергесине басып кирип, сулуу жакшы жерлерин ээлеп алышып, казактарды чөлгө сүрүштү. Укуктарынан ажыратты. Тынч мал менен өскөн көчмөн элди адам чыдагыз абалга алып келген. Мурунку бийлик башында турган хандарды бийликтен четтеткен. Орустар улам тереңдеп кара тумандай каптап казак жерине кирип келе берген. Эзүүгө чыдабаган эл 1830-жылы көтөрүлүш чыгарышты. Анын себеби жакшы жерлерге отурукташкан казак орустардын ээн баштыгы себеп болду.

Начар куралданган эл төрт казак курендерин өрттөшөт. Буга жооп кылып орустар мыкты куралданган казак орустарды жиберет. Көтөрүлүш башында Кененсары Касымов, Норусбай төрө, Эржан төрөлөр болушкан. Кененсары менен Норусбайдын максаттары орустарды өз жеринен кууп чыгып, ата-бабаларынан келе жаткан бийликти өз колдоруна алуу эле. Казак эли канчалык

баатыр болушса да, замбиректин чачма огуна туруштук бере алышкан жок. Бир нече жолку салгылашуудан кийин Кененсары өз ордосун Сары-Аркадан улуу жүз казагы көчүп жүрүшкөн Жети-Сууга көчүрөт. Алтын, күмүш жыйнап Ирандан сексен төөнүн куралын алдыртмак болот. Бирок кимдир бирөөлөрдүн чыккынчылыгы астында ал куралдар орустардын колуна түшүп калган. Ошондой болсо да Кененсары менен Норусбай казактын орто жүз, улуу жүз, кичүү жүзүн бириктире алган. Ал 1845-жылы кыргызга элчи жиберген.

**Казак элчилеринин Ормонго келиши**

1845-жылы жай айлары эле. Ормон хандын ордосу Көк-Ойрок жайлоосунда болуучу. Хандын жасоолдору жол тосуп жүрүшкөн. Салт атчан кырк казакты токтотушту. Тигилер: «Кененсары хандан Ормон ханга элчиликке келе жатабыз», дешти. Жесекте тургандардын бирөө Ормонго чаап жөнөдү. Шашылыш окчун жерге беш-алты үй тигилди. Ага кызматчы жигиттер, келиндер дайындалды. Жесекчи баштап барып, үйгө элчилерди түшүрдү. Чай ичилип, кымыз сунулду. Жакшылап коноктоп бээ союшту. Жагынага кой союшту. Эки күндөн кийин Ормон жана анын жан жөкөр кадырман адамдары элчилерди кабыл алды. Элчилердин башчысы Теңизбай кисесинен Кененсарынын мөөрү басылган катын тапшырды.

[M 65]

- Кене хан дубай салам айтуу менен бирге баатыр кыргыз элине бакыт каалап, жообун тез аранын ичинде берсин - деди. - Чокунуп, чочко жеген каапырларга бирге пайгамбардын жашыл туусун көтөрүп чыгалы! - деп жатат деген сөздү кошумчалады. Ормон арабча, фарсы, чагатай-казак тилдерин аралаштыра жазган катты окутуп түшүндү. Анда казак-кыргызга бир эле хан болуш керек. Ал ата мурасы боюнча султандын тукуму Кененсары хан болуш керек экен. Ормон бүткүл кыргыз урууларынын бектерине киши чаптырды. Алары бир айга жакын мезгилде келишти. Орой-парай өзүлөрүнчө сүйлөшүп олтурушуп мындай чечимге келишти:

- Хандыкты Кененсарыга бербейли. Бир убакта кыргыздар Чыңгыз ханга тынччылык менен карап беребиз деп катуу убайымга туш келген. Керме-Тоодо ит улуп калган. Эгер хандыкты берсек Кененсары кыргызды орустун бетине салып кырат. Же алардыкындай бизде курал жок. Замбирегинин үнү эле үрөйдү учурат. Ошондуктан «Хандыкты колдон чыгарбайбыз. Эгер биригүүнү

кааласа биз даярбыз. Анда Ормон казак-кыргызга хан болсун», деген жоопту жазышты. Кырк элчиге кырк чепкен жабышты. Кырк ат мингизишти. Сый, урмат көргөзүшүп аттандырышты.

**Кырк элчинин даргага асылышы**

Ач көздүк менен шайтан азгырык түбү жакшылыкка алып келбейт. Элчилер бел ашып наркы «Челектин» ичине түшүштү. Ал жерде да аппак чакан боз үйлөр тигилип, ылаалаган көп жылкы жаткан экен. Казак элчилеринин нээти чындап бузулду.

- Койгула! Туз татыган жерге кара санабагыла! - деген Теңизбай баш болгон бир топ улгайган адамдардын сөздөрүн угушкан жок. Алабармандаган казактар үрөйдү учурушуп, кыйкырып жылкы тийишти. Четте турган эки жылкычыны жыга чаап салышты. Булар Мусаке менен Адылдын айылы эле. Алты эле киши кырк казак менен беттешти. Карсылдашкан салгылашуу чай кайнамга созулду. Адыл баатыр ак сурду минип алкынтып, элчилерди аттан ажыратып, көмөлөтө коюп бүт байлап алды. Аттарына таңып эртеси Ормонго жеткиришти. Ормон аларды:

- Ууру, жалганчы экенсиңер. Ак даамга, тузга кара санагандарга бир гана жаза. Силер элчи эмес, уурулар экенсиңер! - деп бүт бойдон даргага астырды. Теңизбайды тирүү калтырып,

- Ханга айта бар! - деп тапшырды.

Элибизде «ач көздүк - адамдын душманы» деген сөз бар. Кырк элчи сыйлап урмат көрсөткөндү аяк асты кылгысы келишип жылкы тийишти. Ооба, Ормон аны кечирген жок. Өлүм жазасына тартты. Туура иш кылды. Эгер коё берсе хандыктын кадыр баркы кетмек. Ал жалтайлаган жок. Казактан коркуп, хандыгын да берген жок. Кыргыз «Кыдыр даарыган» уюткулуу журт экендигин далилдеди.

[M 66]

**Чабуулдун башталышы**

Ошентип кыргызга келген кырк элчи өзүлөрү бейбаштык кылышып, колго түшүп, бүт бойдон даргага асылды. Өзгөчө Ормондун теңсинип хандыгын бербегенге Кенeнсары менен Норусбай катуу намыстанышты. Кыргызды чапмак болушуп, тыңчысын да сынчысын да жиберишти. Ногойбай деген аргын

казагынын күлүк аты жоголуп, аны кыргыздардан  көрүштү. Жолдошказы санжырачынын айтымында казак сынчысы солтону аралап жүрүп, Жамангара баатырга көзү түшкөн экен. Үсөңгүнү кыска теминген, чолок кийим кийинген, «Каман алптай» алы бар, жүрөгүндө жалы бар эр экен. Муну алдап чакырып барып мерт кылбаса, кыргыз казакка алдырбайт деген экен. Жигиттери менен „конокко“ дешип алдап чакырып барышып, Жамангараны өлтүрүштү. Жамангара окуясын „Солто санжырасында“ толук баяндаганбыз. Сөз Ормон жөнүндө болуп жаткандыктан ошого токтололу. Кененсары менен Норусбай биринчи чабуулду 1846-жылы Жамангараны алдап барып өлтүргөндөн кийин баштады. Жол алдындагы Бакы айлын, Төлөк уруусу солто ичиндеги мундуз айылдарын чапты. Үйлөрдү өрттөп, бооз келиндердин ичин жарышты. Бешиктеги балдарды толорсугунан керегенин башына илген мыкаачылыгы да болду. Бир айылды чаап, эркек-аялын тып-тыйпыл кырып, көп олжо менен кайтмак болуп жатышкан. Кызыл атка нар кескен кылычты ээринин кашына илип, жүгөнүн башына түйүп агытты. Ал капчыгайдын оозунда жаткан Ормонго жетсин дегени эле. Салгылашып жүрүшкөндөргө карматпай жаныбар кызыл ат майдан талаасынан чыгып, аңгырап кишенеп, капарсыз жаткан Ормонго барды. Кызыл ала кан болуп келген кызыл атты көрүп, Ормон агасынын айылы от менен жалындын арасында калганын түшүндү.  Дароо зоотун кийип, туулгасын кийбей аттанды. Шайдоот куралчан жүзгө жакын жигиттер даяр болду. Казактар айылды талап кайра тартып калышкан. Арстандай айкырып, Ормон агасынын айылына келсе өлүп жаткан экен. Түшө калып, агасынын, инисинин башын күрмөлөрү менен жаап, жаагы түйүлүп каны ичине тартып артынан кууп жөнөдү. Бирин-серин мал айдаган казактарга жолугуп баштары чабылды. Ормон башкага карабай кетип бара жаткан Кененсарыга кыйкырды:

- Токто! Кененсары, токто! Жеке! - деп кыйкырды. Кененсары токтогон жок. Норусбай кайра кайрылайын деди эле жибербеди. Ормон:

- Хан болсоң токто! Катын болсоң кач! - деди. Кененсары чаар аттын башын тартты. Жанындагыларды жолду бошоткула деп алдыга өзү чыкты. Ормонбек кызуулук кылып, жетип эле бир шилтеп эки бөлүп салгысы келди. Кененсары аяр боюн качырып сак мамиле кылды. Качып бийигирээк жерде турду. Кылыч шилтеш үчүн Кененсарыга ыңгайлуу, Ормонго ыңгайсыз эле. Ачууга алдырган Ормон күч менен жай болотту шилтеди.

[М 67]

Ээрдин кашын таарып, кылычтын учу сандын булчуң этин тилип өттү. Кененсарыны минген аты аман алып калды. Бурула берип кайра оңолгончо Кененсары кылыч шилтеди. Ачууга жеңдирген Ормондун чыкыйын кылыч жанып өттү. Телкызыл жоо колуна ээсин калтырбай алып жөнөдү. Көңүлү караңгылаган Ормон кылычты бек кармаган бойдон келип калың камыштын чекесине жыгылды. Телкызыл кишенеп тура калды. Жоонтоп хан жөкөрлөрү чаап келишип, Ормондун кылычын, соотун олжолошту. Ал жылкы чабуул ошону менен бүттү.

Кышты карай чечүүчү чоң чабуулга камынышты. Үч жүздү бүт куралдандырышып, он миңден аша аскер курады. Казак Супатай баатыр кыргыз менен канаатташ жашап, өтмө катар сөөк эле. Аны зордоп кошуп алды. 1847-жылы кайрадан басып келишти. Селдей каптаган казактын колу Чалдыбардан баштап жогору карай түрүп келе жатты. Калпак баатыр серкенин чаначы менен толтура дары ийлеткен. Бир күнү кечке калыпка ок куйду. Кырма кара табакка толтура ок болду. Санап да жатат. Алты жүздөн ашык. Буюрса бир жай, кийик уулап кумардан чыкса болот. Айылдаш олтурган Асаналы келип калды.

- Баатыр! Ушундай учурда жоо келип калса эмне кылмак элең, - деп жөн эле астейдил сурап калды.

- Мына! - деп табакты көргөздү. Алты жүз ок. Алты жүз жоонун ажалы. Ошону оозуна сала бергенби үрүң-бараңда жоо басты. Калпак чабдар атына баласын, аялын мингизип качырды. Узап бара жаткан чабдарды казак мерген бир бутун сый атты. Жаныбар үч буту менен качкандарды куткарды. Калпак көзгө атаар мерген эле. Башбакканын таш каптырып турду. Калпакка Турдуке мерген кошулду. Экөөлөп күн бою атышып жатышты. Казак колу ар бир айылга бөлүнүп кол салышкан. Айрым жерлерде оңой эле жеңишке жетишип жатышты. Кыргыздын малын силерге берем! Энчи алгыла! деп жетим жесирлерди көгөн, жип-шуусу менен көчүрө келген. Алар малды талап алып жатышты. Калпак үч күн алдырбай турду. Курчоону жарып өтүүгө ат жок. Мүңкүрөп турду. Же бир жардамга келишсечи. Акыры ок да түгөндү. Акыркы ок менен күрсүйүп соот кийген бирөөнү сулатты. Андан кийин аялдын мончогун октоп атты. Акыры мончок да түгөнүп шурууга кезек келди. Шурууң да курусун. Бирөөнүн чепкенине жабышкан го. Огу түгөнүптүр деп кубанып шурууну көргөздү! Эми жалпы ат коюшту. Калпакка жөө салгылашууга туура келди. Калпак найзалашып жатты. Эки үч жеринен жарадар да болду. Найзасы бычырып сынып, эми кылыч менен салгылашты. Ортого алышып төрт найза катары менен сайылды.

Казактар кырып жоюшуп, олжого карк болушту. Көгөндөргө койлорду тизип жаткандар андан көп. Канайдын мүрзөсүн ачып аны мазакташты.

Бечара бир жаш келин жаңыдан өлүп мүрзөгө коюлган экен. Аны коргонго жөлөп, мазактап күлүп жатышты. Анысы Алла Таалама да жаккан жок көрүнөт.

[М 68]
Чагылган чартылдап, жамгыр куюп, өткүн өтүп кетти. Бир улгайган карыя бар эле.

- Эй казактар! Силер арбакка калдыңар! Соо калбай калдыңар. Тетиги булуттун арасындагы ак кийимчен, ак боз ат минген эки кишини көрдүңөрбү? Алар силерге ачууланып ок атып жатат! - деди. Баягы тесподен чыккан ээн баштардын жүрөктөрү ооздоруна тыгылды. Сөөктөрдү кайра көмдүрүп таштапты. Жээни Кудаймендени Кененсары Чүйдүн башына жиберген. Кыргыздын куралган бир тобу аны ташын-талкан чыгарышып талкалашты. Колго түшкөн Тынаалыны кыйнап, жол көрсөтүш үчүн алып жүрүштү. Ал чакан казак колдорун кыргыздын айрым күчтүү бөлүктөрүнө жолуктуруп турду. Тоо таянган кыргыздар да көп болду. Туш-тушка чабарман кетти. Таластан, Жумгалдан, Тогуз-Тородон атайын кол жыйналып жөнөштү. Кочкордон, Ысык-Көл айланасындагы сарбагыштар келишти. Бул согушка бугу эли катышкан жок. Ат-Башы, Нарын тарапка да чабармандар кетишкен. Бирок казактардын колу басымдуу эле. Эл чачкын эле. Кыргыздар бирдиктүү күч болуп турууга убакыт керек болуучу. Казактар Май-Дөбө деген жерге келишип чатыр тигишти.

**«Ормон опуза»**

Мына бул Кененсары-Норусбай тууралуу маалыматты карыялардан жана ошол согушка өзү катышып, өз көзү менен көргөн Нышанбай ырчынын жазып калтырган осуятынынан окудук. Ал китепче болуп чыккан экен. Адегенде ал эл оозунда айтылып жүргөнү кириш сөзүндө баяндалган. Андан кийин аны атайын ошол Нышанбай ырчынын кол жазмасын таап алышып, аны 1924-жылы кайрадан басып чыгарышкан. Эскертүүдө ошол Кененсары Норусбайдын чабуулун казак окумуштуулары изилдеген экен. Нышанбайдын айтканы өзгөрүп олтуруп, казакты көтөрө чалып, кыргызды жамандаганын айтат. Ал окумуштуулар кыргыздарга да келишип жазып кетишкен. Анда тескерисинче казактарды жамандаган, кыргыздарды көтөрө чалып мактаган. Нышанбай

кыргыздарга колго түшүп калып, бир жыл туткунда болгон экен. Аны кыргыз манаптары ээрчитип алышып, ырдатып алып жүрүшкөн. Ал киши болгон чындыкты айткан.

Ормон хан акылдуу болгондуктан бардык ишти акыл менен баштаган. Чүйдүн суусун бурдуртуп салып казактарды суусуз калтырган куралдуу мыкты азаматтарды жасоолго коюп, барган казактардын башын кесип сууга салдырып турган. Ар бир кишиге атынын куйругуна чычырканак байлатып тоодон сүйрөтүп түшүртүп турган. Жел Аргыдан Токмокко чейинки тоо этегиндеги адырлар коюу чаңга толгон.

- Бул эмне? - деп сураган Кененсарыга, Таластын колу келди, саяктын колу келди деп апыртып айтып турган, кечинде ар бир киши он жерге от жаккан. Эбегейсиз зор аралыктагы от тим эле жылдыз болуп кеткен дешет.

[М 69]
Кенесары менен Норусбай, Эржан төрөлөрү Тынаалыны чакырып сурашты.

- Тигил эмне деген оттор? - дешти. - Бул кыргыздын колунун оң канаты, сол канаты эртең келет, - деди. Андан кийин негизги күч келет. - Капырай бул кыргызың уй түгүндөй көп эл экен го? - дешип коркуп калышты. Эртең менен таң кулан өөк болгондо сурнай үнү бапылдады.

- Капырай аногу сыйырдай мөөрөгөн неси? - дешип дагы Тынаалыдан сурашты.

Ал:

- Бул маңка казак эмнеге көөп бизге келди! Сазайын колуна берип бирин да тирүү кетирбегиле! - деп жатат Ормон хан деп жооп берди. Күн нурун жерге жаңы чачыратканда Жеке! Жеке! дешип кыргыздан беш баатыр чыгышты. Ар бирине экиден такоол. Казактан да экиден такоол талашып, беш баатыр чыгышты.

Ушул жерден ачык чындыкты айта кетели. Бая күнү ушул согушка бир санжырачы Төрөгелдини катыштырып жатат. Төрөгелди андан мурдараак жылкы тийем деп казакка барып, жолдоштору качып кетишип, энөө эр неме колго түшүп калган. Жалгыз баатырга жабылышып, чалма урушуп кармашкан. Ал туткунда болгон. Абайдылданын башка балдары ошол согушка катышкан. Мындан казактан чыккан Норусбай мыкты найзакер экенин айтышат. Беш жолу беттешип, бешөөнү тең мерт кылды. Аны байкаган Ормон Молдалы мергенди чакырып:

- Эрте барып сол тараптагы аңга жашын. Сени эч ким билбесин. Ак боз ат минип эртең да эрөөлгө Норусбай чыгат. Өзүн атпай атын ат. Мага Норусбай тирүү керек. Аттан жыгылаар менен элүү тандалган азамат ат коюп барып көк бөрү тартып алып келишет. Бирөө сага ат жетелей барат, минип бери чап!

Эртеси дагы ата расмиси боюнча жеке! жеке! деп кыргыздар эрте чыгышты. Казактан дагы баягы Норусбай чыкты. Качырышып беттеше берээрде мылтык тарс этип, ак боз ат күүлөнүп барып кырданды. Норусбай үстүнөн алыс кетти. Жаныбар боз ат аласалып[31] кайра тура калып, бир кишенеп шалак кулады. Даяр турушкан белем. Эржан баштаган бир тобу мурда жетишип Норусбайды атка мингизип тобуна кире качышты. Ал түнү да жагылган от жайнап жылдыз болуп турду. Бул күнү казак баатырларынын жеке эрөөлгө чыккандары соо кайра кайтышкан жок. Супатай баатыр ишенимдүү кишилерин кыргыздарга жиберип кабар алып турду. Үчүнчү түнү өзүнө караштуу колун алып колго түштү. Кыргыздар кыйкырык ызы чуу менен таң атаарга апта убакыт калганда кол салды. Шашкан жана качкан казактар Мыкандын сормо кара суусуна капталышты. Аттары тыгылгандарды улам арттан келгендери тебеледи. Жан курусун. Кара таандай качкан эл бөйдө өлүм болушту. Арт жагын: «Качкын жоону катын саят» дешип кырып киришти. Бир тобу колго түшүп беришти.

[M 70]
Баса десеңчи. Бечара топураган элде эмне жазык. Куралдарын ыргытып жиберишип, шөмтүрөшүп, жан соога сурашып турушту. Жылаандын башын жанчыш керек эле. Кененсары, Эржан төрө, Норусбай төрө жана алардын бир нече жан-жөөкөрлөрү качпай эле жөн бастырып бара жаткан жеринен кармашты. Каршылык көрсөтүшкөн жок. Сабырлары суз.

- Сиз Кененсары деген хан белеңиз?

- Ооба, энди не кылмаксың?

- Бул Эржан төрөбү?

- Ооба, - деди тайманбаган жылдыздуу жигит.

- Тигил жигитти коё бериңиз! Ал бизге кокусунан кошулган башка киши, - деди, Кененсары эптеп өлүмдөн оолак кылды Норусбайды.

- Ойбай аке не деп өтүрүк айтып турасың! Сенден кийин калып, мен дүйнөгө түркүк болмок белем. Ушул жармач дүйнөдө калп айтуунун кажети жок. Туткунга алып жаткандарды карап үнүн көтөрүңкү чыгарып:

[31] *Аласал-*: nach JUDACHIN (1965, 625) < ала сал- ‚s. hin- und herwälzen, s. von einer Seite auf die andere wälzen'.

- Далай баатырлардын канын суудай төккөн Норусбай менмин! Бышырып жесең мына мен мындамын, - деди.

Ошентип төрөлөрдү айылга айдап келишти. Кененсары Ормонго бир жолуктурууну суранды. Бирок Ормон ага болгон жок.

- Илгертен күн көзүн көргөн суукка тоңбойт, хан көзүн көргөн өлүмгө кыйылбайт деген кеп бар. Мени менен жолукса анда Норусбай менен Кененсары тирүү калышат. Булардын мойнунда далай эрдин каны жатат. Ошон үчүн өзүңөр билгиле, - деп тынай менен солтого өткөрүп беришти. Ормон ошентип элине кайтты. Төрөлөрдүн кээ бирөөлөрү өлтүрөбүз дешсе, кээлери кыз алып берип, аттап-тондоп жөнөтөлү дешти. Талаш-тартыш күч алды. Солтолор:

- Жамангара баатыр тирүү барбы? - деп сурашты.

- Силердин Жамангараны ушул колум менен жайлагам! - деди Норусбай төрө. Солтолор тараптан чуу чыгып калды. Колдоруна канжар кармаган Калпак баатырдын аялы, Жамангаранын аялы кирип барышты.

- Уя, ит кыргыз! Бизди өлтүрө турган эр бүлөңөр жокпу? - Аялдар Кененсарыны жара тартышып канынан ууртаошты. Анан кийин Норусбайды, Эржан төрөнү дагы бир төрөсүн жара тартышып көксөлөрү сууду. Кененсарынын башын куржунга салып Омбуга «Калыгул керооз» дегенди жөнөтүштү. Кененсарыны бир дөңгө коюшту. Норусбайдын сөөгүн Орловканын сайына коюшту.

Мына ошентип чабамын деп келип чалынды. Өлөрүндө Кененсары үч арманын айткан экен. Биринчиси - жеңеми эрге тий десем болмок, дагы бир көк жалды төрөмөк. Экинчиси - Иран аркылуу сексен төөнүн жүгү колго тийип калса, ушул баатыр кыргыз менен бирдикте орус менен бир беттешпедим. Үчүнчүсү - карындашымдын сөзүн тыңдабадым.

[M 71]

**Ормондун айлакерлиги**

Биз жогоруда Ормон айлакер, акылдуу адам болгон дедик. Эгер андай акылдуу болбогондо ордосун сырттан келген чет элдерге көрсөтүп, өз билгенин жасамак. Ормондун өзү айткандай көчмөн кыргызда андай сапаты боюнча айырмаланган хандык жок эле. Хандык куруш үчүн төрт тарабы шайма-шай болуп, бардык мамлекеттик иштаи жолго коюп, ирээти менен башкармак. Хандын атынан акча чыгармак, сырткы элдер менен байланышып, соода-

сатыгын күчөтмөк. Туруктуу армия кармаш керек эле. Ордо күтүп, сырткы жана ички иштерди башкарыш үчүн акимдерди дайындап, алык-салык иштери боюнча олуттуу иштерди жүргүзмөк. Ошону үчүн ал душманга сыр алдырган жок. Андан кокондуктар да, орустар да жалтанышкан. Ормон жөнүндө билишкен эмес. Анын аброю казак ханы Кененсарыны талкалагандан кийин өзгөчө жогору көтөрүлдү.

Эми мурдагыдан да көп элчилер келе баштады. Кокондуктар анын хандыгын тааныды. Ошондуктан жанаша жакшы мамиледе жашоого аракет жасашты. Экинчиден Кокон хандары өз ичинен хандык талашып ырктары кетип жатты. Кашкардан да элчилер келишти. Орусиядан да келүүгө аракет жасашты. Бирок Ормон алардын бирине да көрүнгөн жок. Адаттагыдай эле тынымсыз көчүп жүрдү.

Айрым санжырачылар Орто-Токойдо олтурганда Ормонго түш көргөзөт. Аны жашыруун башка жактан киши чакырып келип жорутуп, андан кийин казак жерине кеткендигин айтышат. Эми мунун канчалык даражада чындыгы бар экендигин ким билсин! Ормон да түшүн эч кимге айтпаган. Жоруган киши да башка бирөөгө айтууга акысы жок эле. Кокус Ормон өзү тигини бирөөгө айтып койгонун угуп калса сөзсүз хандан жаза алмак. Бирок казак жерине көчүп барганы ырас. Анысы бардык санжырачылардын эскерүүлөрүндө бар. Санжыралардын көпчүлүгү Ормонго түш көргөзөт. Эрте туруп, Орто-Токойдун ээн жерине барып көргөн түшүнөн чочулап калат. Анан түштү жоруп бериш үчүн атайы киши жиберип алыстан жоругуч адамды алдырып келет. Экөө жан кишиге айтышпай ээн калып сүйлөшөт. Жоруган киши Ормондун окус боло тургандыгын айтат. Буга ылаажы барбы? деп сураган Ормонго

- Бар ханым! Жер которуңуз! - деген кеңеш берет. Ошондуктан Ормон казак жерине көчкөнү ошондон дешет. Бул жерде да санжырачылар бир пикирде эмес. Бирөөлөрү Ормонду Алма-Ата тараптагы ээн жерге көчүрүп барса, кээси „Каркыра“ тарапка көчүрүп барат. Эми ток этер жерин айтсак: Ормон казакка барганда аны өрүлүктөп казактар келишет. Аларга сый көргөзөт. Арасында кыргыздын кызынан төрөлгөн жээн болот. Ормон мына ошого өзгөчө көңүл бурат. Чапан жаап, ат мингизип, таеке-жээн болуп катышат. Казактар Ормонду өлтүрүп Кененсары, Норусбайдын кунун алмак болушат.

[М 72]

Анысын жанагы жээн аркылуу болжошкон жерден болгон кабарды угуп турушат. Казактын мыктылары Шорук менен Эрбол экөө сүйлөшүп, конок

катары отуздай киши келмек болот. Жайланышып олтургандан кийин мезгили келгенде белги бермек болушат. Аны Ормон уккан. Келе турган күнүн да жакшы билет. Эч кандай чуу көтөрбөстөн эч кимге айтпай тымызын даярдык көрүлдү. Болжогон күнү болгондо жасалгалуу ат минишкен отуздай казак Ормондун конок үйүнө келип түштү. Он бештен бөлүнүшүп өргөөгө кириштн. Элпек кыймылдаган келиндер чай кайнатып, чай боорсокту жайнатып, ага аралаштырып, эжигей курут, бышкан жая, карын, казы-карта жана зардектей куйкаланган керчөөлөр коюшту. Соку кант дасторкондун үч жерине коюлду. Анжыяндан алынган өрүк, мейиз, чагылган жаңгак, кургатылган коон. Хандын дасторконунун кенендигине таң калышты. Аңгыча иттерди абалатып, ат[т]ын кара терге чөмүлткөн, ала чапан кийип, кылыч тагынып, селде чалынган Кокондуктун чабарманы келди. Аттан ыргып түшүп, кашкар өтүгүн кычырата басып үйгө кирди. Таазим кылып, өзбекче:

- Улуу даражалуу өкүмдар! Сизди казактар чапканы жатат деп угуп досуңуз Нармамбет бек 500 сарбаз менен келди! - деди, Ормон:

- Ийе кокуй! 500 сарбазды мен кайда батырам? Казактар кайдан мага кол салсын? Минтип эле жыргап коноктошуп олтурабыз, - деди. Шорук менен Эрболдун үрөйлөрү учту. Сырлары ачылып калгансып шашып калышты. Аңгыча Жол-Колот тараптан кула жээрде атты тердетип куралдуу чабарман келди.

- Сизди казактар чапканы жатыптыр! - деп Төрөгелди 500 колу менен келе жатат.

- Мен укпаган кайдагы кабарды силер уктуңар! Эми келсе келсин, казак туугандар менен бирдикте күтүп аларбыз! - деди. Аңгыча Көк-Мойнок тараптан да бир чабарман көрүндү. Ал дагы миңге жакын кол алып уулу Үмөтаалы келе жатканын айтты.

- Кокуй андай болсо биз дагы конок камын көрөлү! - дешип шашып казактар дүрбөп аттанышты. Буктурмага коюшкан колу тарап жок болушту. Күндөп-түндөп чочуган казактар Торгойдун талаасына кире качышты. Мынабул амал Ормондун ойлоп тапканы эле. Эгер өзү шашып көчө качса душманына олжо болмок.

Чоӊ Ногойду болсо жогоруда айтылгандай талап[32], салык төлөбөгөн элге көрсөтүп, чыгымын төлөттүргөн.

Ормон баарын акыл менен жасаган. Ошону үчүн эле аз колу менен көп сандаган жоолорун жеӊген. Кыргыз баатырлары да, Ормон сыяктуу эле сансыз көп жоого айла, амал колдонгон.

Ормондун бул акылмандуулугу эл ичинде «Ормон опуза» деп аталып келе жатат.

[M 73]
Кыргыз элинин ичинде бир сонун макал бар. Пенде болгон соӊ «жаӊылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк» болбойт деген. Жаӊылбас-жазбас жалгыз гана Алла Таала өзү. Ормон да көптөгөн каталыктарды жиберген. Бал тилдүү жанындагы куйтку адамдардын тилине кирген. Кетирген анын үч чоӊ каталыгы анын керт башына зыян келтирди - деп жазган өзүнүн санжырасында Жума уулу Абдыкадыр. Бул санжырачынын айтымында куйтку адамдардын тилине кирип, Ормон Алыбек менен жат болгон. Анын себеби мындай.

Алыбек баатыр казакка жортуулга барып, бир жерден он үч, он төрт жаштардагы казак кызына жолугат.

- Кайдан келе жаткан кызсыӊ? - деп сурайт.

- Качып келе жатам!

- Кимден?

- Жай билбеген жакыр адамдардан! Атам бир жайсыз жерге кайындаган. Күйөөм кечкил тушшук кеӊ таноо, башы кара, буту айры, төрт аяктуу айбандан айырмасы жок урган экен! Ага баш кошсом таӊ атып кеч киреер эмес. Алла Таалам адам баласына өмүрдү бир эле жолу берет. Өз теӊимди издеп, инимди ээрчитип, кыргыз таякелерге келе жатам. Кудай туз насип буюрган жерге токтоп калаармын!

Кыздын бешенеси жарык, акылы тунук, жылдыздуу экен. Алыбек өзү менен кошо алып келет.

Айрым санжырачылар өзү алып алган деп жүрүшөт. Аны Жолдошказы санжырачыдан сурасам жолбун сөз деди. Алган аялын кайра бирөөгө тартуулап берүү кыргыздын тарыхында болгон эмес экен. Экинчиден бирөөдөн аялын

[32] KENČIEV калап, ebenso BIŠKEK ŠAMÏ 19. August 1992. GÜLZAT ABDALIEVA schlägt vor: кадак „Gewichtseinheit, etwa Pfund“, da früher in „kadak“ abgewogen wurde. Nach MAHABAT SADYRBEK (August 2011) sei die Bedeutung unklar, bei einer weiteren Durchsicht im Februar 2012 Vorschlag einer Lesung durch „кылып“ (Gerundialform von *кыл-* ‚machen‘). Da das Verb im zweiten Satzteil ein Akk.-Objekt erfordert und dieses nur an Чоӊ Ногой-*ду* erkennbar ist, schlage ich eine Lesung durch *талап* (Gerundialform von *тала-* ‚überfallen‘, ‚plündern‘) vor und korrigiere dieser Form zugunsten.

тартуулап бергенди кыргыз жаман көргөн. Андай берген аялдарды өзүлөрү албай башка кулдарына беришкен.

Ошентип Алыбек баатыр кызды алып келип, Ормон ханга тартуу кылган экен. Ага ыраазы болгон Ормон сый кылып атактуу «Кара келтени» бериптир. Алыбек мылтыкты жакшы көргөн киши экен. Кубанып колунан түшүрбөй алып жүрөт.

**Кара келте баяны**

Ормон дайыма курал-жарак жасатып жүргөн усталары бар экен. Ансыз деле жогоруда Ормондун курал-жарак жасатканын эскерткенбиз. Кара келтени Шакир уста жасаган экен. Ичине алты сай салып, ичин курч молибдин темири менен чайкатып, суук булакка сугарып, көп аракеттер менен жасайт. Кароол салып, кундактап атып көрөт.

Калпы-чынын ким билсин, биринчи ок чыгарганда ырымдап «кандуу болсун» деп кулдарынан бирөөнү атып, анын канына мылтыктын оозун малуучу экен. Андан кийин бута коюп үч жолу сынаган. «Кара келте» менен адегенде отун алып улагасында жүргөн бир кулун атып салган. Анын канына мылтыктын оозун малып, анан бута коюп атышат.

[M 74]

Бутаны талкалап өтүп, андан наркы ийин казып жаткан сокур чычканга тийген экен. Ал окту да чукулап таап алышат. Анан бутаны орточо алыстыкка коёт. Аны да атып көрүшөт. Ок даана мээлеген жерге тийген. Барып карашып, окту издешет. Нары жагын караса бир кара чаар жыланды бөлүп өткөн экен. Капырай! Кандуу мылтык болот го? дешти. Эми аябаган алыска бута коюшту. Алыстыгын мындан бил, төшкө жыгачты кагып, ага керип койгон кементай бүлбүл араң көрүнөт. Башка бараң мылтыктардын эч бирөө ага жеткен эмес. Атышты. Кементайдын арт жагынан чаң бурт эткенин байкашты. Ат минип чаап барышты. Ок кементайдын ортосун тешип өтүп, нары жагындагы бир кескелдирикти бөлүп салган. Мылтыкка да ырымдап түлөө өткөрүштү. Кийикке чыккан сайын куру келүүчү эмес. Үнү да чаңырып, башка бараңдардан башкача. Бул мылтыкты Ормон өзү да жакшы көргөн.

Ошентип Ормонго Алыбек баатыр сулуу кызды тартуу кылганда ушул „Кара келтени" сый кылган же чындыгын айтканда сулуу кыздын өбөлгөсү болгон. Ошол „Кара бараң" Ормондун өлүмүнө себепчи болорун ээси кайдан

билсин. Алыбекти көрө албагандар Ормон менен чагым кылып кара келтени алдырмак болушат. Бул мылтык ал каңкордун колунда турганда ага катылуу да өтө коркунучтуу. Ошол чагымчылардын тили менен бир күнү Ормон Алыбекке киши жиберди.

- Алыбек атып жүрүп кара келтенин кундагы да чиригендей болду. Кара келтени берсин! Кайра кундактатам! - деген аманат сөзүн айттырды. Анда Алыбек:

- Кызбаланын да көчүгү чиригендей болду. Кыз бойдон мага кайра кайтарып берсин! - деген жоопту берди. Чабарман Ормонго төкпөй-чачпай айтып келди. Алыбек бир табак ок куюп, көчүп Ысык-Көл башындагы бугуларга кетип калды. Агасы Ажыбекти ала кетти. Ормон теңтуш болгондуктан Алыбекти жакшы көрчү экен. Экөөнүн ортосу ошентип алыстайт. Алыбектин антип бугуларга кире качканы Ормондун жинин келтирет. Барып Алыбек канкорду өлтүрүп, башын кесип, кара мылтыкты кошуп алып келгиле деп кырк киши жумшайт. Таң жаңы куланөөк болгондо Ормондун жигиттери келишип Ажыбектин үйүн басышат. Ажыбек да олбурлуу баатыр жигит эле. Бир экөөнү жыга тебет. Караңгыда:

- Сен Алыбексиңби? - деп сурашса, - ооба мен Алыбекмин! - дейт. Анысы инисин сактаганы эле. Күйөөсүнүн белинен кучактап, керегенин көгүн кармаган келиндин эки колун кыя чаап салышат. Эшикке сүйрөп чыгышкан Ажыбектин башын беленденип турган Касымбек кыя чаап салат. Шашып башты куржунга салышып качып жөнөшөт. Бул учурда Алыбектин энеси ойгонуп, Ажыбектин үйүндөгү чаң тополоңду угуп, Алыбекти ойготот. Алыбек шашып, тууганы Беккожону ойготуп, Ажыбектикине келсе анын башы жок жерде жатат. Жеңеси кансырап алдан тайып калган. Экөө аттарды жайдак минишип, баскынчыларды кууп жөнөштү.

[М 75]
Жерге жарык кирип калган. Ормон жумшаган кырк жигит катуу бара жатышты. Азык уруусунан чыккан Жайнак шекшинип келе жатты. Камчыланып башчы болуп келген Эсенгулдун бир баласы Назардан тараган атанын балдарынын бири Кадыркулга айтты:

- Менин билишимде ушул биз өлтүргөн киши Алыбек эмес, - деди. - Менин шегим бар, - деди. Элүү башы боз атынын башын тартып тура калды. Күү менен айрымдары өтүп барып кайра келди. Башты карашып бир аз тура

калышты. Кууп келе жатышкан Беккожо экөө тең токтошту. Алыбек бир чоң ташты бетине кармап мылтык сундуруп:

- Беке! Тетиги боз атчанын карап тур! - деди. Беккожо бараңды анчалык алыс тиет деп ойлогон эмес. Боз аттын үстүндөгү жалп этти. Тигилер кайрылып карап, эс учтарын жыйганча бараңдын түтүнү дагы булады. Дагы бирөө кулап кетти. Топтошуп кача жөнөшкөндө топко байлап туруп дагы бир атты. Дагы бирөө сулады. Эми аткан менен ок жетпейт эле. Тигилер жайыла качышты.

Мына булардын баарын берип жатканымдын себеби. Ормон тууралуу Сарбагыштын санжырасында толук маалыматты колумдан келишинче бере кетем деп бугу санжырасында окурмандарга убада берген элем.

Эми экинчи каталыгы Балбай баатырды орго салдырбай эле байбичеси айткандай аттап-тондоп, достошуп жөнөтүп жиберсе болмок дешет. Ормондун байбичеси Балбай кетип бара жатканда жакшы эле безилдеген. Аны Ормон тескери түшүнүп, «анын жүрөгү өлдү, эми мага экинчи бата албайт» деп жаңылышкан. Эми Балбай баатырдын колго түшүшү боюнча санжыралар эки ача пикирди айтып жүрүшөт.

Биринчиси мындай:

Бирназар уулунун бир топ жылкысы жоголот. Ал кезде бугудан жылкы жоголсо Төрөгелди алды, сарбагыштан жоголсо Балбай алды дешип жылкы тийип, кым куут болушуп жатып калышчу. Ансыз да бук болуп араң колу кычышып турган баатырлар жөнөп калышчу. Ошентип тогуз эле киши менен келген Балбайлардын азыгы түгөнүп калат. Ал кезде: «Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдо» дешип тамак-аш алышчу эмес. Короого келип колуна тийген кой-козуну эңип кете беришчү.

Кеч кирип калган. «Мен эле барайын!» деп Балбай кошундан аттанып чыкты. Күн жаңы эле жаап басылган. Саяктын бир байынын короосуна келди. Короо четинде байбиче турган. Амандашкан жок. Түз бастырып, короого кирем деп келе жатып, кемер жар урап кетип аты аласалып кетти. Балбай да жыгылып түштү. Деги кудай таала ушул жерден сыр көрсөттүбү?

Балдарын чакырды кемпир, жоодой болгон беш алты жигит пайда болуп, Балбайды камынтпай баса калышып байлап салышты. Эртеси Ормонго жеткиришти.

- Мага экинчи катылбай турган кылып жүрөгүн өлтүрөм, - деп орго салдырып таштады.

[М 76]
Санжырачылардын айтымына караганда сарбагыштын «Чоң Чарык» уругунан Бекболот деген киши бугулардын айылына кудасыныкына барып, тогуз азаматтын барымтага сарбагыштардан жылкы алганы камынышып жатканын угуп келип, Ормонго чейин кабар кылып койгон экен. Жылкысына сак болушуп, саяк Кетирекейдин балдары байлап барышып Ормонго берген деп жатышат. Анан Ормон жанагинтип, «Мага каяша кылбагандай болсун! Жүрөгүн өлтүрөм!» деп орго салган дешип айтышат.

Уламыштын экинчиси саал башкараак:
Ал Медет датканын ашына байланышат. Медет датка 1838 же 1839-жылы өлсө керек. Азыркы Кочкордун «Кызыл-Дөбөсүндө» анын ашы өтөт. Кыргыздардын арасында эл оозунда «Көкөтөйдүн ашынан» кийинки үч ашты айтып жүрүшөт. Бири ошол Медеттики, экинчиси тынымсейит Аликенин ашы, үчүнчүсү сан жылкылуу Сарыбайдын атасы - Солтонкулдуку. Ошол Медеттин ашында миңден ашык үй тигилген экен. Бүтүндөй үч Куртка, Түгөлдүн балдары ашка камынышкан. Ашка оң менен солду, казакты, Кашкар, Коконду да чакырышкан экен. Аштын шаан-шөкөтү өтө кызык, аны саяк санжырасында баяндай кетебиз. Ошол ашта Медеттин кызы Сыйнат[33] атасына кошок кошуп, ошончо элди таңдандырат. Аттан каракучкач Дайырбектин кара аты чыгып келет. Бугунун Балбай баатыры Сыйнатка ашык болот. Кара атты да тартып алмак болуп анан кийин кеч күздө жортуулга чыгат. Жортуулга чыгуусуна дагы бир окуя себеп болот. Ошол ашта бугудан чыккан Мырза деген киши: «Мага уйдун этин берди! Чыбыгын кошо салыптыр!» деп шылтоолоп чатак чыгарып жылкы тиймек болот. Аны Боронбай:

- Ар кай жерден келген эл бар. Саяк өзүбүздүн тууганыбыз! Башка элге «этке таарынып чатак чыгарды» деп кеп болосуң! Андай кыйын экенсиң аштан кийин келип саякты чаап ал! деп тыйып койгон экен. Ашка Ормон келген эмес. Ошол себеп менен боз кыроо болуп калганда кол курап саякты чапмак болушат. Курмангожо элинен Илепес деген киши сөөк-тамырлап көл башына барып калат. Элдин жортуулга камынып жатканын түн катып отуруп элине келип кабарлайт. Медеттин уулу Дуулат бий жылкыны нары Соңкөл ашырып жиберип, көп колду тоо арасына бекитип, жоону күтөт. Бир күнү бугунун колу келип Кочкорду басат. Бирин-серин гана үйлөр калган. Айылда кемпир-чал,

[33] Сыйнат ~ Зыйнат.

ылаңдаган мал калган. Бир нече кишилерди колго түшүрүп да алышты. Дуулат бийдин айлын сурашты эле кыштоосунда дешти. Бул саам эки жигити менен Балбай өзү чалгын чалды. Сарбулакты[34] өрдөп бара жатканда тосотто тургандар качырып сала беришет. Арткы эки Балбайдын жолдоштору кайра качышат. Балбайдын аты музга тайгаланып жыгылып калат. Чукул жердеги тосотчу аттан түшө калып Балбайды баса калат. Бирок Балбай баатыр аны көпөлөкчө көрбөй көтөрүп турат. Ошол кезде тосоттогу экинчи жигит келип ай балта менен тизеге тартып жиберет. Анан чогулуп байлап алышып айылга алып барышат.

[M 77]
Чапканы келген бугунун чалгынчысы экендигин билишет. Күн мурун эле даярданышып, кеңешип коюшкан. Бир кара үйгө алып барышат. Ал Стам деген кишинин үйү эле. Байбиче эч кимден тайманбаган бетке чабар киши эле.

- Ботом сен көл башындагы бугу Балбай баатыр болуп жүрбө? - деп суроо таштады. Балбай:

- Жок байбиче! Мен ал эмесмин! Жөн жай эле кишимин. Жетиген уруусунан чыккан Доңкулдак дегендин уулумун. Төмөн таякелериме баргам. Жолдон 1-2 жылкы уурдай кетейин деп кайрылгам, - деди. Кексе кемпир аны Медеттин ашында көргөн. Такып сурады.

- Ботом ушул сен Балбай элесиң! Ашка келбедиң беле? Эгер Балбай болбосоң кулагыңды кесип алайынбы?

- Ийе, кессеңиз кесип алыңыз! - деди кенебеген баатыр. Тажаал кемпирдин андай карөзгөй экенин кайдан билсин!

Ушул жерден баатыр чеки иш кылган дешет. Биринчиден эзели калп айтпаган баатыр калп айтты. Экинчиден «Олжо алсак башка малга карабайм. Зыйнат менен Карагерди мен алам!» деп ооз кесир сүйлөгөн дешет. Ошол жерде келин болуп келген Балбайдын карындаштары бар экен, аны, башка да бир топ кишилерди чакырып, күбө өткөрүп, Балбай экенин далилдегенден кийин шум кемпир:

- Убада, убада! - деп жерде жаткан кыңарак менен баатырдын бир кулагын чунайта кесип алган дешет. Балбай:

- Башка келген балаага, кулак-мурун садага! - деп туруп берген экен.

Санжырачылардын басымдуу көпчүлүгү эртеси Дуулат бий Ормонго жеткиздирип, ал орго салган дешет. Бирок ошол Медет датканын тукуму, ушул

[34] Сарбулак = Сары-Булак (KJE 248).

азыр ардактуу эс алуудагы Мейманжан ак сакалдын айтуусунда Балбайды Ормонго бербей эле жыл маалына чейин алып жүрүшүп, анан элине коё берген деп айтат.

Демек, кулагы Балбайдын Ак Зыйнат менен Карагерди алганы келгенде кесилгени анык болгонсуп турат. Ал эми Балбайдын кулагын Ормон кестирген дегени жалган сыяктанат. Ал эми жылкы алганы барганда орго салдырганы чын! Таш жүрөк баатыр кулагын кескени үчүн саякты бир нече жолу чапкан.

Медеттин уулу Айтак баатырды өлтүрүшкөн. Мына мунусу элдин эсинде сакталып калган. Ормонго орго салгандыгы үчүн аябай өчүккөн. Ал акыры аягында Ормондун өлүмү менен аяктаган. Мына бул эл оозундагы Балбай баатырдын орго түшкөндүгү үчүн айтылган экинчи эл оозунда айтылган уламыш эле. Ормон хан жалаң эле Балбай эмес, хан атагы болгондуктан көп эле кишилерди жазалаган. Осмонаалы Сыдык уулунун эскерүүсүндө ал киши малга да, жанга да зыян келтирген эмес деп жазат. Ал эми В. Плоскихтин китебинде «опузалап» жылына 5-6 кишини даргага аскан деп өзүнүн китебинде жазган.

[M 78]
Ким билсин? Балким өтө кылмыш жасаган тентектерин, элди тартипке чакырыш үчүн асса аскандыр. Бирок ал Осмонаалы Сыдык уулунун санжырасына карама-каршы пикирди туудуруп турат. Эми Балбайдын орго түшүшү боюнча эки пикир пайда болду. Алардын кимиси туура экенин айтуу кыйын. Менимче жылкы алганы колго түшүп, орго салынганы туура сыяктанат. Анткени Медеттин ашына Ормон чакырылса да барган эмес. Анда ал хан көтөрүлө элек кези болгон. Балбай Зыйнатты, Карагер атты алам деп келгенде жыл эсеби боюнча да хан боло элек кези болуучу. Медеттин ашы 1839-жылы берилди деп жатышат. Ормон хан боло элек болгондуктан атактуу баатырды орго сала албайт эле. Демек жанагы биринчи жогорудагы уламышыбыз туура сыяктанып турат.

**Ордодон чыккан чатак**

Эзелтеден эле коогалуу иштин башталышына учкундан жалын тутанып, кымындай эле иштер себепчи болуп турган. Сарбагыш менен бугу бир атанын балдары болгондуктан, тигил эле Белек баатырдын тушунан бери „тең

туугандык“ кылышып, араздашып келе жатышкан. Оңойлук менен бири-бирине баш бере коюшпаган. Атаандаштык күчөп турган.

Эл бейпил эле жатышкан сыяктанган. Жээликкен эр жигиттер, кыштын күнү чакырышып, бирин-бири конок болуп жүрүшүп, ордо ойномок болушат. Буга себепчи сарбагыш Субандын уулу Адыл менен бугу Мырза экөөнүн достошуусу да көмөкчү болгон. Кээде сарбагыш менен бугулар майдай-сүттөй болушуп, кучакташып калышкан учурлары болгон. Ошондой жакындашуу учурунда Адыл баатырга кадимки «Ак сур» атты Солтонкулдун жылкысынын ичинен тандап туруп мингизишкен.

Бир күнү Адыл баатыр бир топ жигиттери менен досу Мырзаныкына барат. Сый көрүп, сейил курушат. Ордо атышат. Кетээрде сарбагыш менен бугунун жигиттери «Байсоорунга» чогулуп, чоң байге сайып ордо ойношмок болушат. Болжогон күнү бугудан кырк киши келип түшөт. Булардын ичинде тамаша көргөнү келишкен Сарт аке менен Боронбай да бар эле. Ордонун башында Балбай баатыр менен Төрөгелди баатырлар да бар эле. Булар жүздүн үчү чүкө салышып, кырк эки таман ордо курушту. Эки жактан тең ичтеринде эзелки кек, сөөк өчтүү кекенүү бар эле. Өзгөчө Ормондун орго салгандыгы үчүн Балбай баатырдын ичинде кайнаган кек калган. Жаңыдан ордо курушуп, жүздүн үчү чүкөнү тизип, далынын жука сөөгүнөн хан жасашып, ортого салышып, таза табылгыдан чен чийин камдашып даяр болушту. „Ат калчашаар“ учурда карыя калыс киши катары Калыгулду чакырышты. Калыгул олуя эки элге тең калыс. Бугулардын кызын алгандыктан бирөөнө жезде, сарбагыштын кутманы, Ормон хан - хан башы менен анын алдынан кыя өтө албайт.

[M 79]

Калыгул менен Төрөгелди тууралуу Темирдин тукумдарын таратканда кеңири токтолобуз. Ошондуктан Калыгулдун ким экендигине токтолбой эле ордо оюнуна токтололу.

«Токтоткула балдар оюнуңарды! Чылпылдаган эле кан болуп кетиптир!» деп акылман олуя тегеренип кетти. Көзүнүн кычыктарына жаш толуп, мууну бошоп кейип турду. «Ушул ордону сен чыгардың беле?» дегенсип Ормон тарапты карады. Калыгул олуя далай жолу Ормонго акыл айтып, айрым учурда жини келип «Чоң таман» деп тилдеп койчу.

Бул саам анын тилин алган эч ким болбоду. Эзелтеден бери, бирине баш бербей «тең ата» болуп келишкен бир атанын балдары сөөк өчтүүсү кайра

тутанып турду. Калыгулдун сөзүнө айрымдары муюп, ордунда селейип турушту.

- Ой жарыктык жезде! Кайдагы канды айтып үрөйдү учуруп турасың? Атайын камынып ордо атышып, кумар кандырыш үчүн туугандарыңыз келип отурса! - деп Муратаалы нааразы болуп сүйлөдү.

- Ийе жарыктык! Картайып калса керек? Оюндан эле кантип от чыга берсин! Калыс катары чакырсак ордо атышпагыла дегени эмнеси? - дешти сегиз бектин балдарынан.

- Ат калчаша бергиле! - деди шырдак салдырып, анын үстүндөгү аю талпакта олтурган Ормон. Анын сөзүн жанында жанаша олтурган кудасы Боронбай да кубаттады.

- Балдардын ордо атышуусуна тоскоол болбойлу. Андан көрө тамаша көрүп олтуралы. Ак сакал, көк сакалдар олтуруп, кантип эле калыстыгыбызды айтпай чатакташтырып коёлу!

Балбай, Өмүр, Жанек сыяктуу баатырлардын ичинде кайнаган кек, эрестешкен эрегиш бар эле. Ордодон жеңип байге алуу эмес, өчөшкөн-өчтү алуу эле.

Ордо оюну эки күнгө созулду. Борборго чүкөлөр нечен жолу тизилди. Сарбагыш тарабындагылар үстөмдүк кылып бара жатышты. Чагалдак уруусунан чыккан Бейшен, Ажынын уулу Абыкан, Элчибек дегендер мыкты ордочулардан боло турган. Ошентип олтурушуп, акыры бугу тараптагылар чокондошуп калышты. Жума күнү намазга олтурушуп, ата-бабалардын арбагына куран окушту. Ал күнү ордо ойноо токтотулду. Ушундан пайдаланып мыкты ордочу Чыймылды алдырышмак болушту.

-Утулуп кала турган болуп турабыз! Буларда ордочулар көп экен. Береги чагалдак  Бейшендин азабы өтүп турат. Чыймылды алдырбасак[35] болбой калды, - дешти. Калыстар тобуна келишип,

- Биздин ордочубуз келбей калыптыр! Армансыз бололу. Уруксат[36] бер Чыймылды алдыралы, - дешип ойлорун ортого салышты. Калыстар тобу макул болушту. Сарбагыштын оюнчулары да:

- Катын бугулар кайсалактап калышты. Арманда калдык ешпесин, - дешти. Бугулар кош ат менен Жети-Өгүзгө чаптырышты.

---

[35] *Biškek Šamï* (26. August 1992): *алдырбаса*. Kenčievs Manuskript am Seitenrand deutlich, wenngleich mit schwacher Farbe: *алдырбасак*.

[36] Уруксат (Standardkirgisisch), Kenčiev улуксаат.

[M 80]

- Кайдан болсо да Чыймылды таап, тирүү болсо өзүн, өлсө сөөгүн жүктөп кел! - деди ачуудан кумсарган Балбай баатыр. Эгер көр оокатка шылтоолоп келбей калса намыстанган баатыр аны издеп барып үйүнөн таап союп салаары да бышык эле. Түнү менен жол жүрүп аттын күчүнө салышкан үч жигит Жети-Өгүздүн оозундагы кыштоодон Чыймылды таап алышты. Сары жаргак каңдагай, пыязы күрмө, анын сыртына ышкын түпкө салган кара көрпө жакалуу тон кийген Чыймыл ордого керектүү буюмдарын алып аттанып чыгышты. Аргымак минип туйлатып, жел менен кошо жарышкан шамдагай кыргыз жигиттери бат эле ордо атышкан айылга келишти. Чыймыл көлдүн баш-аягына таанымал чоң чертмекчи боло турган. Абалды өлчөп көрүп Ормонго ийилип таазим кылып:

- Ханым! Жалгыз чокон калыптыр. Эгер ылайык көрсөңүз жүздүн үчү чүкөнү ордого бүт салалы. Эгер жандырып кетсем мөрөй биздики. Жандыра албай калсак байгени берели! - деп маселени кабыргасынан койду.

- Оо, жүздүн үчү чүкөнү чертип кетүү кайда? Андай азамат али туула элек! - деп ойлоду Ормон.

- Жалгыз чокон менен эле кантип алып кетмек элеңер. Андан көрө «Жандалбаса»[37] кылып чычалабай эле байгени бербейсиңерби! - дешип сарбагыштын ордочулары чуулдашты.

- Жөн койгула! Өнөрү болсо көрсөтсүн!

- Койсоңорчу, жүздүн үчү чүкөнү бүт чертип кетүү кайда!

Чыймыл айткандай ордого жүздүн үчү чүкөнү бүт салышты. Оюндун шарты боюнча Чыймылдын тебетейин шыпырып алышып, жарданган сарбагыш тараптагылар „Куу, куу, уу...“ лап асман жара кыйкырып турушту. Баарынан да мына ушул кордук жаман эле. Бугу тараптагылар кудайга жалынышты. Балким башка киши болгондо андай «куу-куулап» кыйкырган кыйкырыктан сүрдөп, ордонун борборуна тизген чүкөгө томпоюн да жеткире албай калмак. Чыймыл чыйралды. Карс-карс күлүп, кашкөйлөнүп, керилип мээлеп туруп топту бир атты. Чоң табактын бетиндей болуп бөгүнөн тизилип жаткан чүкө бычырап туш-тушка чачырады. Экинчи жолу тооруп ичке түштү. Чүкөлөр жамыраган козудай болуп беш-алтыдан ордонун чийиминен алыс чыгып жатты. Теңинен ооп калган. Чыймыл Ормонго кайрылды.

- Ханым! Оң бармагым жарылып, андан кан чыгып, оюн чатак боло турган болду. Мүмкүн болсо ат которуп минейин! - деди.

---

[37] Жан далбаса.

- Өнөрүң болсо көрсөт! - деди таң калып олтурган Ормон. Чыймыл оң чөнтөгүнө оң томпоюн салып, бармагын таңдырып, сол чөнтөгүнөн чыйкандай кызыл-жошолонгон бугунун томпоюн алып чыкты. Капырай ...бул ордо үчүн жаралган уул белем! Сол колу менен шатырата чертип кирди. Оң колунан айырмасы жок. Сарбагыштар «кың» дебестен шалдайып карап турушту.

[М 81]
Ийиктей имерилип, олтуруп-туруп чүкө черткени, шамдагайлыгы шумдук. Кичине эле жыдыкейликтин чети билинсе сарбагыштын оюнчулары ордодон дыркыратып сүйрөп чыгууга даяр. Бирок Чыймылдын олтуруп-турганынан эч бир өөн табыла турган эмес. Бардыгы оюндун эрежеси менен болуп жатты. Ордодо бир да чүкө калган жок. Хан гана калды. Чыймыл:

- Ханды сиз турганда чертүүгө акым жок! Сизге ыйгардым. Хан сиздин айтууңуз боюнча болсун! - деп ийилип таазим кылды.

Кимдир бирөөлөр:

- Эки жактан эки бала чыгып күрөшсүн! Хан жыкканына берилсин! - деп калды. Бул эрегишкен эки жактын чырагына май тамызды. Балбай:

- Биз ханды чертип эле алабыз! - деп калды. Мунусу Ормонго айткан каяша эле. Аны сезген Боронбай жалтактап:

- Балбай баатыр! Жетишет эми, - деп өңү боп-боз болуп ачуусу келген Ормонго карап жалтактады.

- Күрөшсүн!

Балбай дароо шымаланып чечинип кирди. Бука моюн буржуйган балбанга деги ким даап чыгат. Унчукпай Төрөгелди чечинип кирди. Озунуп башка бирөө чыкпагай эле деп шашты. Эки балбан тоорушуп, бирин-бири жеп жиберүүчүдөй тиктешти. Аяныша турган түрлөрү жок. Экөө тең атактары чыккан баатырлар. Жоодон тайманып калышкан эмес. Бетине келген далай баатырларды камандай чалып салышчу. Билектен алып булкушуп көрүштү. Бир убакта бел курчоодогу курдан алышты. Экөө бири-бирине алдыра турган түрлөрү жок. Күчтөрү да ыктары да бирдей экен. Төрөгелдинин ичинде арамдык ою жок. Балбайда болсо ичинде шакардай кайнаган кек бар. Мактанган баатырын көтөрүп уруп, башынан аттап, Ормон «жөө чалга» дале болсо «кыр көрсөтүп» кетүү. Ордодон бир жолу утулушкан.

- Кана Балбай баатыр! Байгени бер! - деп кечөө Төрөгелди демиткенде

- Биз байгени нечак[38] бергенбиз! Ормон хан биздин Сарт акеге эки тогуз айгыр үйүрлүү жылкы карыз! - деген. Ага Ормон саал кубарып өңү бузула түшүп анан башын ийкеген. Балбайдын жоруктары нечак эле Ормондун кыжырына тийген. Эми минтип тытышып, күрөшүп жаткандарын карачы? Бир күнү кечке кармашса да бирине бири алдыра турган түрлөрү жок. Аксакал калыстар тобу арага түшүп экөөнү ажыратмак болушту. - Күрөшүңөрдү токтоткула! - деп эки тараптан эки калыс чыкты. Төрөгелдинин оюна эч нерсе келген жок. Колун коё берип бери бурулмак болду. Ошону гана күтүп турган Балбай бардык күчүн үрөп, камсыз турган Төрөгелдини так көтөрүп жерге уруп, башынан аттап кетти. Ормон кумсарып:

- Бул эмне кылганың! Чунак кулак чулдур кул! Жетесиз ит! - деп чамынды. Төрөгелди тура калып кол салмак болгондо Эр Өмүр Балбайдын колуна чоюнбашты карматты.

[M 82]

Адыл чуркап барып наркескен кылычты Төрөгелдиге карматты. Беймаал кан төгүлмөк болду. Ормон ордунан козголгон жок. Боронбай баш болгон бир тобу арага түшүштү. Жоолашкандар экиге бөлүнүштү.

- Черт ханды! - деди Балбай тикчие карап Чыймылга буйрук берип. Эптенип олтура калган Чыймыл сол томпой менен жука кылып, далынын жалаңкат каңылтыр сөөгүнөн жасалган ханды чертти эле анысы Ормондун башынан алыс зуулдап келип күрөндүгө сайылды.

- Байгебизди бергиле! - дешип бугулар доомат кылышты.

- Эсирген чунак кулак кул! Сага кайдагы байге! Жөн турган Төрөгелдини көтөрүп уруп башынан аттагандыгың үчүн айып тартасың! - деп күбүнүп Ормон ордунан турду. Мына чатак мына ушинтип башталды. Атайын тигилген өргөөгө киришип тамакка карабай бугулар аттанмак болушту. Жарданган сарбагыштар шойкомдуу жосун баштагылары келип турушту. Кан төгүлүп «кызыл кыргын» болуп кетиши да ыктымал эле. Дегеле эрегишкен бир атадан тараган эки бир туугандардын тең ата балдары аяныша турган эмес.

- Жолду тоспогула! Айыл үстөмдүгү кылганы турасыңарбы? Силер үчүн биз козу эмеспиз! Көзүңөрдү ачкыла! - деп бакылдады Сарт аке. Нары ак өргөө тараптан Калыгул олуя менен Ажы, Бердикожо көрүндү. Жанагы котолоп турушкан сарбагыштын жигиттери тарап кетишти. Кыязы тигил аксакалдардан ызат кылышса керек.

---

[38] Нечак = эчак ~ эбак ‚längst’.

Бирок эки бир тууган элдин ичинде шакардай кайнаган кек калды. Таранчыдай дүркүрөп аттанышып бугунун адамдары жөнөп калышты. Шоруң каткан[39] жанагы чагалдак[40] уруусунан чыккан ордочу Бейшен да аттанып, бир тиричилик жумушу боюнча чыккан го? Туталанып кара көк болуп бара жаткан Балбайдын көзүнө чалдыкты.

- Түш аттан! - Чагалдак калтаарып коркуп кетти. Кайыр айтууга же каяша кайтарууга чамасы келбей калды. Айла жок. «Кер жаак» деген кедейдин жалгыз аты эле. «Ачуулуунун алдынан чыкпа» деп саат айдап, аялынын тили менен аттанып калганын кара. Ызаланып ыйламсырап Ормонго келди. Ормон опурулуп:

- Ой, жаны жок ит! Түш десе эле түшүп атыңды бере бересиңби? - Ордо ата албаган соң атыңды алса алып кетсин, - деп койду.

Эки тарап тең эрегишип, бирин-серин жолоочулардын аттарын жыгып алышып, барымталашуу күндөн-күнгө күч алып бара жатты. Муну Боронбай, Сарт аке сыяктуулар эп көрүшпөй тыйган менен Балбай, Муратаалы, Алыбектерге майдай жагып турду. Бир күнү Балбай баш болушкан бир тобу жаңы гана айгыр салып бөлгөн эки айгыр үйүрлүү байталын тийип кетишти. Бирок Ормон тараптан жылкы издеп келген киши болгон жок. Ошол жылы Ормон Күрмөнтүнүн бир коктусуна жети жүз иригин кыштатты. Эми ушул ириктен кокус алса бугуга доомат коюп, чаап алмак.

[M 83]

- Мен бугуларга уу коюп жатам! Таман тузак тартып жатам! - деди, ага акыл айтып, „эл арасы барымталашып тынчыбай турганда бөйдө ириктерди бугуларга жем кылып жатасың" деген Ажыга. Ормон Ысык-Көлдүн «Кабыргасына» кыштаган. Ал жер жылкыга да жайлуу эле. Жети жүз ирикти Балбай менен Алыбек экөө айдатып барышып, элге таратып беришти. Атын алдырган чагалдак – Бейшенге:

- Сенин «Кер жаагың» Солтонкулдун жылкысында жүрөт! - деп ошол жакка баргандар айтып келишти. Мал деген боор эт менен тең. Бечара чагалдактын жалгыз атынан башка анча деле чеке жылытаар малы жок жалаң төш кедейлердин бири. Бул күнү Ормон ага күпүлдөп:

[39] Judachin (1965, 911): шору каткан.

[40] Kenčiev hier *чагалдар*, vgl. [M 79] *чагалдак*. Ich folge der ersten Schreibung, da *Čagaldak* als Clan/Abteilung der Sarbagïš bekannt ist (vgl. [M 9]).

- Сенин жаның барбы? - деген сөзү «атыңды барып уурдап минип жүрө бербейсиңби» дегендей угулган. Жүгөнүн алып, кудайга сыйынып, «Кер жаакты» эптеп колуна тийгизмекке жөө жалаңдап жөнөдү.

Барымтачы уурулар көбөйүп кетти. Эл бирин-эки малдарынын жанынан чыкпай сак турушту. Эптеп мал менен оокат өтүп жаткандан кийин кантишмек эле. Жылкыны болсо караган азаматтар күнү-түнү менен жесекке чыгышып, чалгын чалышып өтө сактык менен кайтарып турушту. Бечара чагалдак Солтонкулдун жылкысына жакшы эле жакындап барган. Таң атып, жерге жарык кирип калганда аны бир жесекчи көрүп калды. Дарылдаган үнү менен:

-Ууру эле ууру! - деп эртең мененки тынчтыкты бузуп байкуш чагалдакты кууп калды. Чын эле эси чыккан бечара чагалдак качып берди. Атчан неме адырандатып жөөгө жетмек болду. Жанталашкан байкуш эптеп кутулуш үчүн көлдүн терең жерине кире качты. Тили жок жоо кайдан анын чагалдак-бечара экенин билсин? Шөлбүрөп суу болгон кийими менен көлдүн түбүнө кетти. Эртеси катуу толкун  болуп, өлүктү жээкке чыгарып таштаган экен. Алып барышып бир коктуга корумдап салышты.

Балким жабылуу аяк жабылуу бойдон калат беле? Ким билсин? Чагалдак бечара качпай эле жөн жайын айтса деле болмок. Ажал айдап баратат да. Жанай деген киши болгон. Ал Муратаалыга жан жигит болуп жүргөн. Мырзасынын жоруктарына кээде ыза болуп калуучу. Бир күнү Ормонго барып ишти айтып койду. Өлүктүн корумдалган жерин да айткан. Сарбагыш тараптан кырктай киши аттанып барышып, өлүктү таап алышты.

- Чагалдак-Бейшенди бугулар өлтүрдү болуп калышты. Кун доолашуу башталды. - Ормон үйүндө жатып алып күпүлдөдү.

- Бул албарстынын тукуму мага эмне мынча асылды. Барымтага мал алды. Киши өлтүрүп жан алды. Кун берсин бизге катын бугулар! Болбосо канга-кан чабамын! Алыбек канкорду мага тирүүлөй байлап алып келишсин.
Боронбай сыяктуулар:

- Чымчык деле караганга корголойт тура. Биз караганча болбой калдыкпы?

[M 84]
«Жөө чалдын» бул эмне деген кордугу? Мал уурдаганы келген чагалдак уурусу өзү көлгө түшүп өлсө да ага кун беребизби? Минтип олтурса күн көрсөтпөйт! - деп Муратаалы күпүлдөгөн. Ал дайыма сарбагыштарга тең ата болгонсуп, бугунун акими сыяктанып жүрчү. Ич ара тымызын тирешүү күндөн-күнгө

күчөп, коркунучтуу абалга өттү. Эки эл катташпай, сөөк тамырга баруучулардын аягы суюлду.

Төрөгелди баатыр мал төлдөтүп Кегетинин оозунда эле. Бир күнү камынтпай шоодай болушкан жүз элүү сарбаз барышып:

- Сизди Бишкек чебинин беги чакырып жатат! - деп алып кетишти. Маргаландын беги Абдусатардын кербендери ушул кыргыз менен казактын чегинде каракталып дайынсыз болуп кеткен эле. Аны таптырыш үчүн Төрөгелдини «ак үйлүүгө» алган. Ормон Кокондуктарга да доомат коймок эле. Аны үчүн бугулар менен бир жаңсыл болуш керек.

Ошентип Ормон 1854-жылы жүздөн нечак ашып калган атасы Ныязбектин, агасы Ажынын, кадырман олуя Калыгулдун тилин албай үч жүздөй киши менен бугулар тарапка аттанып чыкты. Ал: „Менин айдыңыман коркуп бугулар алдыма чөгөөлөп келишет“ деп ойлоду.

Ушул жерден санжырачыларда эки ача пикир бар. Бугунун санжырачылары Ормонду адегенде эле кол салдырып, көчтү талатып, бир сулуу келинге:

- Баатыр акем кайда? - дедиртип жиберет. Алдаш молдонун казалында эрөөлгө Ажынын уулу Абыканды чыгарып, ага [Ы]стамды[41] беттештирет. Анда жанагы бугу санжырачылардын көчтү Ормонго талаттыргандыгы туура эмес сыяктанат. Ал эми айрым санжырачылар башкача айтышат.

Ошентип Ормон  Ныязбектин, Ажынын, Калыгулдун сөзүн укпай үч жүз киши менен келгени чын сыяктуу. Ал жанагы Күрмөнтү тараптагы дөбөлөрдүн бирине келип түшөт. Ал дөбөлөр азыр да бар. Ал байыркы түрк элдеринин же скифтердин мүрзөсү деп жүрүшөт. Айтор ал дөбөлөр кол менен жасалганы анык. Анткени андагы топурактардын алгачкы түзүлүшү (скелет каркастары) өзгөрүп, кол менен жасалганы аныкталып турат. Ошол дөбөгө келип олтурган. Ал бугунун билермандары келип жүйөлүү сөзгө келет деп ойлосо керек.

Аны бугунун санжырачылары ошол эле жерден Ажынын уулу Абыканды ак боз ат мингизип эрөөлгө чыгарып, ага Ыстамды беттештирип, анан Абыканды Кетирекейдин уулу саяк Алыбектин огунан өлтүртүп жатат. Анан октон коркушкан сарбагыштар качып беришип, Ормонду колго түшүрүшөт. Анда туура келбей жатпайбы? Ормон кайдагы көчтү талады? Ормон талап жатканда:

-Баатыр акем кайда? деп сулуу келин жалдырап кантип айтты? Тап-такыр эле айырма болуп, окуялар башкача болуп жатпайбы?

[41] Kontext unklar: *Abïkan* [M 79] ist der Sohn des *Ajï* [M 11], Bruders des *Ormon* [M 41] und Halbbruder des *Stam* [M 41] der Abteilung Esengul der Sarbagïš. *Stam* müsste hier einen Angehörigen der Bugu bezeichnen. Vgl. *Biškek Šamï* (9. September 1992) lässt den Namen aus. Jedoch [M 85]: *Ïstam* (Ыстам), Ringer oder Krieger der Bugu, der gegen Abïkan im Zweikampf angetreten sei. Im Kontext hier sicherlich dieser Ыстам.

Талдап карап олтуруп төмөнкүдөй жыйынтыкка келип, Абдыкадырдын санжырасын негиз кылып алууга туура келди.

[М 85]
Эки айгыр үйүрлүү байталдардын жоголушу, жети жүз ириктин таланып кетиши, Чагалдак-Бейшендин атына барып, бугу „колдуу“ болуп өлүшү, Алыбектин моюн толгоп, „кара келтени“ бербей бугуларга кире качып кетиши, аны кайтарып бергиле деп киши жиберсе Боронбай менен Муратаалынын:

„Чымчык деле караган-бутага корголойт“ биз Ормонго ошол „караган-бутача болбой калдыкпы?“ деген жообу намысына келтирген. Хан башы менен элине сөзү үзөт болбой олтурса эмне деген жорук. Дайыма тең тууган болуп бут тоскондору кала элек. Ошон үчүн жогоруда айткандай үйүндө жатып алып күпүлдөгөн. Эгер ошол учурда Төрөгелди болсо адатынча нечак эле кол курап алып: „Катын бугуну“ чабамын деп жөнөмөк.

Ормон үч жүздөй киши менен бугуга жөнөдү. Ага каршы болуп „барба“ дегендердин сөзүн уккан жок. Жүйөлөшсө сөзгө келип „кун алып“, жедирген жылкысы менен иригин төлөтүп, Алыбекти байлатып алып жүрө бермек. Келип Күрмөнтү чендеги көп дөбөлөрдүн бирине түштү.

Бугунун кайгуулчулары сарбагыштын кол курап келе жатышкандарын көрүшүп элге кабар беришти. Мурдатан эле „Жөө чал“ келбей койбойт дешип камынып жүрүшкөн бугулар найзаларын алып, ар кайсы айылдан чууруп Ормондун жолун тосо чыгышты. Элге: «Ормон бүтүндөй Ысык-Көлдү аламын деп жатыптыр» деген каңшаар да мурун эле таралыптыр. Жерден ажыраганадан көрө чабышып жатып өлөлү дешти.

Жанагы бугунун санжырачылары айткандай Ормон четинен эле элге бүлүк салып чаап кирген эмес дешет. Антип кырчылдашып чабыша турган болсо көп кол курамак. Үмөтаалынын Нарындагы элине кабар бермек эле. Ормон ошолорду тескеп ойлобой коймок беле! Бугулар куралдуу күч менен алдын торoорун билген эмес. Боронбай баш болгон бир тобу алдына келет деп ойлогон. Эми ушул жерден дагы бир тактык керектигин айта кетели. Бугулардын санжырасында да, Алдаш молдонун казалында да согушту ушул жерден баштатып жатат. Ал эми саяктын жана сарбагыштын санжырачылары согушсуз эле бет маңдай «текөөрлөшүп турган» деп жатышат. Сарбагышты Алыбектин огунан качырат да андан пайдаланып бугулар ат коюшат.

Ушул жер эки ача. Бирөөлөр: «Сарбагыш менен бугу тирешип турушту. Ормон Төрөгелдинин ордуна аскер башчы болуп келген Ажынын уулу

Абыканды эрөөлгө чыгарды, бугу тараптан Ыстамды бетине чыгарган» деген сөздү айтып жатышат. Санжырачы Жолдошказы бул жердеги беттешүүдө Ажынын уулу Абыканды жекеге чыгарып өлтүртпөйт. Абыканды «Ормондун кунун кууганда, 1855-жылы Жуукудагы беттешүүдө өлтүртөт». Жанында турбагандан кийин же кагаз бетине түшүрүп калбагандан кийин аны айтуу кыйын. Бирок, Ормондон башка да эрдин өлгөнү айтылбайт. Сөз жалгыз гана Ормондун өлүмү жөнүндө болот. Алыбек келип атканда ок жетпей тийип калып, экинчи жолу атканда Ормон минген чоң кара боз аттын ооз-омурткасын талкалай атат. Сарбагыштар ошондо качып беришет.

[М 86]
Эмесе мындан аркысын санжырабызга негиз кылып алган Жолдошказыныкы боюнча эле айтып кете берели. Толуктоочулар болсо кийин кошоор.

Ормон келип дөңгө түштү. Аттарды ой жакка байлашып, бықыраган калың эл Ормонду тегеректешти. Атчан жети-сегиз гана Ормондун жан жөкөрлөрү атчан дөңгө чыгышкан. Ошол дөбөгө эле аларды «сарт байлоо» кылышты. Элдин калган бөлүгү жанаша дөбөгө олтурушту. Эч нерсе ойдо жок, жөн эле аш-тойлордо тамаша көргөнсүп турушту. Жандарында сиенит таштарынан байыркы түрк доорундагы өлгөн кишинин эстелиги турду. Чүпүрөк байлап, эл сыйынышкан мазарды этибарга алышпай анын түбүнө табарсык бошоткондору да бар. Дээрлик ушул жерлердин баары байыркы бир доордогу жашаган элдердин калың мүрзөсү эле. Арадан далай кылымдар өткөндүктөн маркумдардын белгилери чөп басып, жерге айланып калган.

Аңгыча бугулардын колу чаң ызгытып бир таш (чакырымга жетпеген жер) келип топтоло башташты. Чабыша турган түрлөрү бар. Арты түгөнө турган эмес. Булар нечак камданып даяр турушкан сыяктуу.

Ормон ачуусу келип кумсарып олтурду. Эгер бугулардын жолун бөгөп жоо болуп чыгаарын билгенде, ишти башкача жасамак. Колу аз. Калыгул олуянын тилин албай аттанып чыккан. Ал киши акыры ачууланып:

- Сен чаап алгыдай бугу калмактан келген эл эмес, бир атанын балдары! Сага канат-бутак боло тургандар ошолор! - деп кейиген. Калыгул кээде Ормонду «Чоң таман» деп тилдеген күндөрү болгон. Карылыгы жетип сапар кетээр чагында «эки элдин кан төгүшкөн кырчылдашканын көрбөсөм экен» дечү. Олуя баягы ордо атышта эле эскерткен: «Ордоңор кыпкызыл эле кан болуп кетти! Токтоткула!» - деген. Мына эми ошол кандуу кырчылдашуу эми

башталмак болду. Тегин жаткан эл тербип, шордуулардын башына да калың шор үйүлдү.

Бугулар да калдайган чоң караанга айланышты. Арт жагы түгөнө турган эмес. Булар да жүйөлөшүүгө келишеби деген үмүт менен турушту.

- Ормон обдулбасын, Ысык-Көлдүн өзүнүн ээси бар! - деди Сарт аке. Бугулардын сурданып жоо катары тосуп чыкканына Ормон катуу намыстанды.

- Жекеге киши камдагыла! -
Беш алты баатыр жигиттер тизиле калышты. Жол меники дешип турганда:

- Аба, жол меники! - деп Ормонго Ажынын уулу Абыкан ийилип таазим кылып бата сурады. Адыл баатыр да жекеге чыкмак болгон. Улуу агасы Абыкандан өтүнө албай тим болду.

- Оомийин! Абыкан баатыр, ак жолуң ачылсын! - Аба жарып чуркурап бата беришти. Ойноктогон Ак боз атты алдыларына тартты. Сурнай үнү бапылдап, карсылдаган добулбастын үнү жүрөктүн үшүн алды. Бугу Муратаалы апкаарый түштү. Эки такоол коштоп келишип кийин калышты. Ат ойнотуп Абыкан ортодо.

[М 87]
Ажынын уулу Абыкан беттешкенин мертинткен баатыр жигит эле дешет. Ат үстүнөн алдыра койбойт. Найзага да мыкты. Бугу тараптан чыккан төрт бугунун баатырын аттан топтой түшүрдү. Эми ага Ыстам түштү. Экинчи беттешүүдө ал да өлөөрчө жарадар болду. Такоолчулар жөлөп, таяшып алып келишти. Ошол учурда мылтык үнү чаңырып, Абыкан Ак боз аттын үстүнөн өбөктөп, анан чалкалай түшүп шалак этип кулап түштү. Экинчи жана үчүнчү мылтык үнү чаңырды. Сарбагыштын такоолчулары согуш талаасынан Абыкандын сөөгүн алып кетүүгө үлгүрүштү. Экинчи ок дөңдө олтурган Ормонго жетпей кемип тийип калды. Үчүнчү ок Ормондун Кара боз атынын ооз омурткасын быркыратты. Ок жеген жаныбар бир чыңырып алып, ала салды. Жанаша байлаган Сазанын аты куйушканын үзүп, жээрдени жүгөнү башынан үзүлгөнчө сүйрөп барып, дөңдүн этегине түшүп жатып калды.

- Опей бул Кара келтенин үнү го? - деди Ормон шектенип.

- Алыбек канкордун атканы. Ал сизди мээлеп жатат, - дешип тегеректей тура калышты. Эмики ок топтун ичиндеги бирөөнү жалп эткизди. Жан курусун жайыла качышты. Башка мылтыктын үндөрү да бадырай баштады. Жетпей тийген окту Адыл чукуп келип Ормонго карматты.

- Кара келтенин огу! - деди тегерете карап. Бир саяктын огунан коркуп... дегенде дагы жабыла атылган октон бир тобу кулашты. Кыйкырык ызы чуу менен бугулар ат коюшту. Сарбагыштар такаат кыла алышмак эмес, бугулар төрт, беш эсе көптүк кылышкан. Ормон локуйган зор киши болгондуктан аны өзүнүн «Кара боз» аты гана көтөрүп жүрүүчү. Адыл, Саза, Түлкү, Чапы, Ботаалылар аттарын тартышты. Кыйыр туугандары Эшкожонун чоң тору атын минди. Жапырылып кетип бара жатканда андан аттайм деп чоң тору аттын бели сынды. Жаныбар онтоп, арткы эки бутун сүйрөй очорулууда. Дагы баягы Ормондун жан-жөөкөрлөрү чогулуп тура калышты. Куугунчулар кирип келишти.

- Кокуй кеткиле! Силерди өлтүрүп жиберишет. Мага тие албас! - Ормон безилдеп жиберди. Имерчиктегендерди болбой кетирди. Жанында Дөөлөт[42] гана калды. Соксоюп олтуруп калышты. Аттан ажырагандарга карашпай куугунчулар кыйкырып найзаларын кезеп өтүп жатышты.

Тааныдыбы? Же тааныбай эле жасадыбы? Ормонду эки киши удаа камчы менен башка тарта өтүштү. Арттан жоон топ кишилер менен Боронбай келди. Аттан түшө калышып, салам айтышты. Алардын саламына анчалык көңүл бурбай ыза болгон Ормон:

- Мени башка чапкандарды тааныйсыңбы? - деди.

- Бирөөн билбейм. Бирөө Нышаанын[43] Мырзасы.

- Кемелиме келбегир! - деди каргылданып.

- Ийе кокуй! Талаада олтуруп калыпсыз. Ат камдагыла! Үйгө жүрүңүз! - деди Боронбай. Сүйлөшүп отуруп калышты.

[M 88]

Бир топ аттуу баштуу кишилер чогулушуп калышты.

Качкандар кантип каяша кыла алышмак эле. Ошондуктан илгертен эл ичинде: «Качкан жоону катын алат» деген макал бар. Кууп жеткендер «жети атасынан берки өчтөрү» барчылап, далай шордуу аттары начар кедейлерди тигил дүйнөгө жөнөтүштү. Айрымдарынын жакшы тилек, жакшы ойлору бар эле го? Өлгөндөрдүн бирөөнүн жаш ымыркай көп балдары бар болсо, кээ бирөөлөрү жалгыз тукум эле. Моокумдары каныпv, бакырып аттан кулап жарык дүйнө менен кош айтышкандарга маашыр болушуп, «мен баланча кишини

---

[42] Kenčiev (s. [M 111]) verweist auf: *Дөөлөткул* [M 31], [M 111] ~ Дөөлөт ~ Дөөлөс. Дөөлөт (hier: Zeitgenosse des Ormon [1791-1854]) ist chronologisch <u>nicht</u> mit *Дөөлөткул* [M 31] (Bruder des *Мааматкул* [M 19], [M 31], 17./18. Jh.) identisch.

[43] Hier: *Ныша*. Zugunsten der Einheitlichkeit folge ich Kenčiev [M 141]: *Нышаа*.

сайдым, мен түкүнчө кишини сайдым» дешип аты тондорун олжолошуп, кайтып келе жатышты. Кылыч алдыда келип Боронбай менен Ормондун сүйлөшүп отурганын көрдү. Боронбайда да Ормондо да кеги бар. Баары бир Белектин балдары. Жакын эле туугандар. Кылыч атадан жаш калган. Ушул Ормондун кызын бир кезде Кылычка кудалаган экен. Боронбай өзүнүн уулу Өмүрзакка алып берип койгон. Ичи күйүп жүргөн неме кайра тартып куугундан келе жаткан Балбайды издеди.
Жолдон жолугуп:

- Өчүңдү ала турган болсоң эми ал. Жөө чал колуңда турат! - деди. Алыбек да кошо келе жаткан экен. Ал дагы шыкак берди. Качкан жоону кубалап, ал өзүнүн агасы Ажыбекти өлтүргөн баягы кырк кишинин алтоону өз колу менен жайлап, көксөөсү бир аз сууп калган. «Келме-кезек, терме-тезек» кудай ушинтип жеткирет. Сураштырып олтуруп түн жамынып Ажыбекти, өзүн өлтүрүүгө Ормондун айдактоосу менен кимдер келгенин бүт билип алган эле. Эгер Ормонду Балбай өлтүрбөсө аны өзү өлтүрмөк.

Балбай түнөрүп унчукпай келе жатты. Ошондо ал нака 63 жашта экен. Ормондун бир жаш, жарым жаш кичүү болсо керек. Балбайдын келе жатканын алыстан Ормон да көрдү. Түрү суук жан алгычтай көрүндү.

- Каным, тигил баатырдын ичине кек кетти. Кайра чакырып достошуп, ат мингизип, кыз алып берип кетир! - деген байбичесинин сөзүн эстеди. Кектүү карашкан суук көздөрдүн арасында тилектеш адамы болуп мындайда караан болбойт беле? Ал Калыгулдун сөзүн да эстеди.

- Тигиниңдин түрү суук! Айткыла! Мага колу тийбесин, - деди. Ансыз да Адылдын досу Нышанын уулу Мырзага төбөгө чаптырып ыза болуп турган неме. Балбай оңураңдап Ормон тарапты бир карап:

- Кач, Кач! - деп найза сундуруп Ормонду түтүндөй качырды. Жолундагылар жарылып жол бошотуп кача беришти. Кыса болот учтуу долоно саптуу найзаны Ормондун табарсыгын туштап уруп өттү.

- Икии... Чунак кулак ит! Чулдур кул! Албарстынын тукуму! Жедиң! - деди. Өңү бузулуп, табарсыгынын тушун оң колу менен басты.

[M 89]

Кызыл кан салааларынан чыкты. Көзү ымыр-чымыр болуп, эрдин кесе тиштеп, кумсарып олтуруп калды. Жаратты таңышып, атка жөлөп мингизишип Боронбай жетелемек болду. Ормон соо кишидей чылбырды кудасынан жулуп

алып соо кишидей өзү бастырды. Бир жолу да онтоп, ооруксунган жок. Жанаша келе жаткан Дөөлөткө:

- Кач! Эптеп булардан кутул. Көргөнүңдү айта бар! - деди. Ормонду өзүнүн кызыныкына түшүрдү. Кансырап, өң алэээттен кетип бара жатса да сыр билгизбей аттан түшүп кадимкисиндей басып барып төрдөгү көлдөлөңгө отурду. Кызы чыркырап ыйлап жиберди эле аны акырын токтотуп койду. Кызы суу жылытып, кийимин чечип, төшөккө жаткырып, жараттагы канды ичине калтырбай соруп таштамак болду. Бир топ уюган канды соруп таштагандан кийин бир аз тынчып, көзүн жуумп жатты. Ал түндө түш көргөн.

Калың чердин арасы... Өзү жалгыз экен. Токойлуу черди тепетең бөлүп чоң дарыя агып жатыптыр. Аңгыча дарыя кичирейип соолуп калат. Пай, пай... Балыктын көптүгүн карачы.  Бала кезинде Солтонсарынын суусунан балык кармашчу. Балык кармагысы келди. Колдон жылмышат. Көпкө убара болуп кармай албай жаткан. Аңгыча бир ит кийимин тиштеп качмак болот. Жээкке чыкты. Итти таш менен урду. Бир аз качып барып жаланып туруп алды. Таш менен уруп жатты. Эми ураарга таш жок, кайсалактап калды. Ит эми аркырап көк жал карышкыр болуп качырды. Чала бурдап өттү. Экинчи жолу качырганда колундагы кийими менен жазганды. Не болсо да шаштысы кетип калды. Үчүнчү жолу карышкыр качырып келип жандап өттү. Табарсыктын үстү тызылдап кичине чийип кеткен экен. Аңгыча ойгонуп кетти. Табарсыгы толуп калган экен, эшикке чыгып даарат ушатты. Таң жаңы дык салып, чолпон жылдыз өйдө көтөрүлүп калган экен. Таңкы муздак желге маашырланып сергип турду. Ошол таң чолпонунун жаркыраган кооздугу сонун эле. Аны экинчи көрбөстөй суктана карап турган. Көрсө ошол чолпон жылдызы менен акыркы коштошуусу тура. Капырай түшү да туура келди. Чоң дайра анын өмүрү, соолуп калганы анын өмүрүнүн бүткөнү болсо керек. Калың балык анын мал жаны болсо керек. Көк жал качырып тиш салганы да туура келди. Оозу кургап, ичи от менен жалын болуп, каны катып суусады.

- Суу, - деди алсыз үнү менен. Кызы жанында ыйлап отурган. Атасына көргөзбөй жашын аарчып, аякка суу куюп келди. Бир ууртап кичине жандана түштү. Эси ооп, жөөлүп, улам эсинен танып турду. Тамыры акырын кагып, бутунун учтары муздап бара жатты.

- Суу! - деди дагы кичине суу ууртатты.

- Кызым! Мен эми эртеңки таңды көрбөйм. Сөөгүмдү жүктөп элге өзүң алып бар. Төрөгелдиге, Адылга айт Көлдү үч айланышсын!

- Адылга айт. Досу Мырзаны мага кошсун! Менин кунумду Шамен бүтүм чыгарып кессин. Дөөлөт кайда?

- Дөөлөт акем башка үйдө!

[M 90]
«Болоору-болду». Көргөндөрүн айтып барат дешип Дөөлөттү нечак эле жайлап салышкан. Атаңдын көрү бири кем дүйнө! Айрым бузуку арамза адамдардын тилине кирбегенде эмне? Шайтан айдап ошол бузукулардын тилине кирип, минтип өз кызынын көз алдында жоо колунан жараланып жарык дүйнө менен кош айтышканы олтурат. Анын көз алдына Калыгул келди.

- Кутмандуу олуям! Сенин айткан акылдарыңды укпадым! - деп күбүрөдү. Улам эси ооп, шайы кетип бара жатты. Кыйналып жатып жалгыз жылдыз толгондо жан берди. Кызы атасынын үстүндө жалгыз эле. Кошуна айылдагы кишилер, күйөөсү Өмүрзактын жардамы менен жай жерине алып коюшту. Боронбай, Сарт аке баш болгон бир топ аксакалдар чогулушуп, талаш-тартыштардан кийин кара атанга жүктөтүп, кызына жетелетип жиберишмек болушту. Ормондун кызынын жанына эки жигит кошуп беришти.

Кара кийип кан жутуп келе жаткан Ормондун кызын жолдо «кайгуулдап» жүрүшкөн сарбагыштын кишилери тосуп алышты. Киши чаптырышып айылга кабар айттырышты. Үмөтаалы Нарында эле. Кош кабарга киши жиберишти. Кабарга барган киши Үмөтаалынын зөөкүрлүгүн билүүчү.

- Кандай баатырың аман жатабы? - деп сурайт.

- Аман эсен эле. Жогору бугу туугандарга барган экен ошондон бир аз ноокастап[44] келди! - деди.

- Ормондун ноокастап келгени анын өлгөнү! - Киши чаптыртып кол алдындагыларга кабар айттырды. Бугуну чабам деп биротоло камдана чыкты. Күндөп түндөп жол жүрүп Ормондун айылына келди. Элди өкүртпөй өзү айыл аралады. Ормондун кызы ээрчите келген эки жигитти Ормондун арбагына багыштап чалдырмак болду эле кызы тыйып койду.

- Ормондун күнү[45] ушу экөө менен бүтмөк беле, кепке калаарыңарды билесиңерби? Эки кулду Сарт аке дегендин акылы боюнча мага кошуп беришкен. Мындай келжиреген сөзүңөрдү коюп, андай кыйын экенсиңер аттуу баштууларын өлтүрүп кунун алгыла!

- Сени алып келебиз! - деди эле ага.

---

[44] *Ноокас* = *оокас* ‚krank'.
[45] Ормондун *күнү*: möglicherweise fehlerhaft für Ормондун *куну*?

- Мен бугунун бүлөсүмүн. Мени ошону үчүн башка элге бергенсиңер. Мен бул жерде калып калсам дагы сөзгө каласыңар! Өлүгүңөрдү өзүңөр көөп алгыла, - деп эки жигитти ээрчитип алып жолго чыгат.

- Кыз деген биринчи душман экен! Кызды балам деген оңбосун! - деп Үмөтаалы жер сабап олтуруп калат.

Төрөгелди ак үйлүүдөн жаңы эле бошоп үйүнө келген. «Ормон ооруп жатат» деген кабар келди. Бирок Ормонду нечак коюп коюшкан мезгил эле. Ал кабарды «Кун кууганы» жортуулга камынып жатканда жиберишкен эле. Каары катуу баатыр жигиттери менен аттанып катуу келе жатты.

[М 91]
Ормондун өлгөнү жөнүндө ага даап эч ким угуза алган жок. Ал Ормонду жакшы көрүп, анын тилин алуучу. Ошондуктан хан аны дайыма тыйып, акыл айтып тураар эле. Сырткы элге Төрөгелдинин арбагын көтөрө чалып: «Көк долуну мен кынжылап байлап отурам. Аны бошотуп коё берсем ай-ааламды бир заматта буй кылып жиберет» деп Ормон да аны көтөрө чалуучу. Эгер Төрөгелди болгондо ал Ормондун жанынан карыш жылбай кырылышып кетишмек. Ошону үчүн Ормон өлгөндө анын кызы минтип кошкон экен:
«Атамды бугу сойгондо,
Төкөм төмөнкү Бишкек коргондо.
Оолугуп бардың бугуга,
Атаке,
Олтура бербей ордоңдо.
Батынмак эмес бугулар,
Баатырың Төкөң болгондо»
деп кошкон кошогу али күнчө элдин эсинде жүрөт.

- Ой балдар! Баатырга Ормонду угузалы. - Айылга да жакындап калдык деп Өсүк уругунан Намазбек алдыга теминди. Баатыр алдыда бара жаткан. Жоого минүүчү көк кашкасы кызып, терин жыйып алып, башын чулгуп, улам арышын керет. Төрөгелди да Ормонду «өлдүбү» деп шек санап, жүрөгү сезип келе жаткан. Намазбек жанашып угузду. Кара мүртөс баатыр кылычын шарт сууруп алып бир шилтеп эч нерсе болбогонсуп, кумсарып барып анан өкүрүп жөнөдү. Байкуш Намазбек чалдын башы топтой тоголонду. Катарда бара жаткандар Намазбекке карабай Төрөгелди менен кошо өкүрүп жөнөштү. Арттагы үчөө аттан түшө калышып, чаңга оонаган денени, али жаны толук чыкпай көзү

чанагынан чыгып, тили ушунчалык узарып жалмандап турган башты дит багып тиктей алышпай турушту.

Төрөгелди көпкө басылбай өкүрдү. Куран окулуп бүткөндөн кийин чабуулга камынышты. Чакан дөбөчөгө Ормондун жашыл туусун орнотушту. Анын жанына «Ак Сурду» байлашып, Ормондун «күрө[ө]кө тонун» Адыл баатырга кийгизишип, Төрөгелди өзү кол баштамак болду. Ушул каргашалуу кагылышууда үч миңден ашык киши опот болгонун Белек Солтоноев да, Айытбайдын жана Алдаштын поэмаларында да ачык эле айтып жүрүшөт.

Эми Ормондун өмүр жолун ушуну менен аяктай туралы. Кошумча-алымчасы болсо башка санжырачылар айтышаар. Тарыхчыларыбыз бар. Алар да электен өткөрүп, илимий жактан такташаар.

Мындан аркысы «Сарбагыш менен бугунун чабышы». Аны санжыранын «бугу бөлүмүндө» аздыр-көптүр айтып кеткенбиз. Бул каргашалуу чабышууну каңырыгың түтөп, кабыргаң кайышпай туруп айта албайсың.

Калыгул олуя айткандай ыркы кетип - ыдырап, ынтымак кетип - ырыс кыркылган учурлар көп болгон. Алакандай кыргыз алты бөлүнсө таалайыңдын тайкылыгы ошол.

[М 92]

Эзелтен бабалар биримдик үчүн, ынтымак үчүн жандарын үрөп келишкен. «Алтооң ала болсоң алдыңдагыны алдырасың» деген макал кокусунан чыккан эмес. Жалпы кыргыз бир бүтүн монолиттүү уютку. Мына ошол бүтүндүктү көздүн карегиндей сактообуз зарыл. Эки элдин чабышына кабыргасы кайышкан Садыр аке:

«Солто элдин тогу,
Саяк элдин шогу,
Сарбагыш менен бугунун барынан жогу»

деп бекеринен айткан эмес. Кылжыр атанын эки баласынан тарагандар чабыша кетишип канчалык кесиретке жолугушканын окурмандар өзүлөрү талдап көрүшсүн. Эмесе санжырабызды уланталы. Жогоруда далай жолу «Кудайды ортого салып», болгонду-болгондой калыстык менен санжыра айталы деп айтып келе жатам. Жакшыларын гана иргеп, терс көрүнүштөрүн жашырып-жаап коюга акым жок. Ошондуктан Үмөтаалынын жоруктары жөнүндө да айта кеткеним оң. Үмөтаалы жөнүндө эл ичинде аңазалуу сөздөр көп. Мен болгондорун гана айтам. Анын «Тогуз Таш» деп аталган балдарынын тукумдары мага таарынбас. Анткени Үмөтаалы жөнүндөгү окуяларды мен

оюмдан чыгарган жокмун. Ал киши жөнүндө Темир бийден тараган тукумдан чыккан Осмонаалы Сыдык уулу молдонун санжырасы, Белек Солтоноевдин эскерүүлөрү, жалпы эле эл ичиндеги толгон санжырачылар маалымат берип жатышат.

**Үмөтаалынын мыкаачылыктары**

Ормондун бир аялынан Үмөтаалы, Чаргын деген балдары бар экендигин жогоруда айтып кеткенбиз. Эл ичинде: «Кесирлүүнүн кес алдынан чыкпа» деген макал бар. Байлыкка, мансапка, дөөлөткө мас болгон Үмөтаалы жанына «кара суугa - кан куйган», шилтеген жагын жарып өткөн зөөкүр жигиттерди жыйып алып момун элге өз билгенин жасаган экен. Үмөтаалы өзү: «Аптада киши өлтүрбөсөм курушум жазылбайт» дечү экен. Осмонаалы Сыдык уулу да аны күнөөлөп: «Далай адамдын канына сооп болгон» болгон деп жазат. Үмөтаалы нака кырк байтал берип бир кылыч сатып алган экен. Ал кылычы кийин «кырк байтал» атанган. Аны сынап көрүү үчүн сегиз кишинин башын чаап көргөн. Убал-сооп дегенди такыр билген эмес. Бир жолу бирөө Үмөтаалыга мылтык тартуулап келет.Чоң уста киши болсо керек. Темирди жууруп, чоорун жасап - курaштырып, алардын ичине сай салат. Татынакай тоонун арчасынан кундак жасап, айрым жерлерине күмүш чөгөрөт. Ханзаадага тартуу кылып мал алып, тамак-ашка тоюш үчүн жалгыз тогуз жашар баласын ээрчите келет. Мылтыкты сынаш үчүн ошол устанын ээрчите келген баласын бута кылып атып сынап көргөн экен. Андан кийин бир жигитине өзүнүн катындарын бир үйгө киргиз деп буйрук берет.

[M 93]

Ал жигит мырзасынын тили менен аялдарын чогултуп улуу байбиченин үстүнө киргизет. Жанагы мылтыкты кайрадан дүрмөттөп «кайсы ичи карасына тийсин» деп бараңдан түтүн булатып машаасын ирмеди. Үйдүн ичиндеги катындар ызы-уу түшүштү. Дөңдө олтурушкан жан-жөкөрлөрү барышса жаңы гана алган сулуу көрөркөз он жети жашар токолуна ок тийиптир. Тиштерин быркыратып, каргашалуу мылтык огу жаактын этин жулуп кеткен. «Ичи кара экен» дешти кошоматчылар. «Ичи кара» деди Үмөтаалы да. «Катын өлсө - камчы сап, кайра төшөк жаңырат».

Бир жолу Үмөтаалы Кочкордон Нарынды көздөп кетип бара жаткан. Сары-Булакта беш эчкилүү бир кедей жашай турган. Үмөтаалы аттуу жалгыз баласы

бар экен. Кедейдин аялы эчкилерин саап, сүтүн бышырып, балага анын көбүгүн калпып коёт. Көзүн караган эрке бала дайыма сүттүн көбүгүн, айрандын каймагын жечү. Шордуу аял жалгызынан ажыраарын кайдан билсин. Жалгызынын атынан айтып чакырат. Бала төшкө ойноп кеткен экен. Каргашалуу желмогуздун ошол кезде кетип бара жаткан кези болуучу. Аялдын үнүн угуп,

- Кайрылгылачы! - деп атынын башын бура тартты. Кумсарып, кан ичмеси кармап алачыктын жанына келип топураган атчандар токтошту. Эстери чыгып, нес болгон кедей менен анын аялы калтаарып эшикке чыгышты. Тогуз жашар баласы да атасынын артында.

- Мени ким чакырды? - деди кумсарган канкор. Эсине келген кедей салам айтып, эки колун бооруна алып жүгүнүп таазим кылды. Шашып:

- Келиңиз ханым! - деп ат алууга камынды. Үмөтаалы атын теминип:

- Мени ким чакырды? - деди

- Кагылайын ханым! Кулдугубуз бар! Биз сизди чакырган жокпуз. Мынабу жаман перзентибиздин атын ырымдап «Үмөтаалы» деп койдук эле! - Жалооруп эстери чыгып турду. Жигиттери да тунжурап, бир балакеттин болоорун сезип турушту. Күрөңкөй, Аккан, Сатар деген баш кесерлери бар эле. Алары чыныгы желдеттер болгон.

- Ме! - деп канкор кестигин Күрөңкөйгө берди. - Баланы муузда! Жер үстүндө бир эле Үмөтаалы болот. - Эне-аталары чыркырап баланын үстүнө түшө калгандарына болбой күчтүү жугундуга тойгон дөбөттөр сүйрөп кетишти. Бала чала бакырып андан кийин эки ийни титиреп, наристе кызыл каны кумдуу чопого сиңип жатты.

Мындай зөөкүрлүк апта сайын болуп турган. Тири укмуш каңкорлугу элдин жүрөгүн түшүргөн. Бетмаңдай атчан киши келе жатса аны атып салып турган. Болбосо жанагы эле «кырк байтал» кылычы менен башка чаап өтүүчү. Айлына барышкан соодагер сарттар кайра чыккан эмес. Аларды тоноп, өлүктөрүн жар көчүрүп салышчу экен.

Кечээ эле Нарындын бет маңдайындагы чаптардан салык таап алышты. Аны «Үмөтаалынын хан салыгы» дешти. Түлкүлөр мекендеп жүрүшкөн экен. Болгону таңгак шайы, мата, шырдак, ала кийиз.

[M 94]/[M 95][46]

[46] KENČIEV irrtümliche Nummerierung (-95-). Zugunsten der Reihenfolge: [M 94]/[M 95].

Соодагер сарттардын жарыбаган бечара окаттары. Мына болгон дүнүйөсү ошол. Ошолорду соодагерлерди өлтүрүп, «хан салык» кылган имиш.

«Бирөөлөргө айтып коёт» деп салыгын кызганып, аны көрүшкөн үч жигитти да уу берип өлтүрткөн. Кан менен жаштан алынган «хан салыгы» артында калып, нечак чирип калганын айтып жүрүшөт. Үмөтаалы тарыхта «кара мүртөз, канкор» адам катары калды. Анын зөөкүрчүлүгүн жашырып-жабууга акыбыз жок. Ормон өлүп бара жатканда кызы Куланга:

- Куу кулакка айт, зөөкүрчүлүк кылып бирөөлөрдүн канына сооп болбосун! Күнөөсүз адамдардын канын бекер төкпөсүн, - деп айткан деп жүрүшөт.

Исанын айтуусуна караганда Чолпон-Атанын түндүк тарабындагы көлдүн «Күнгөй тоолорундагы», «Карагай-Булак» деген жерге Алыбектин айлы көчүп келген экен. Алыбек карап олтурса карагайдын бир ачык жеринде марал оттоп жүргөн экен. Ошону атып келе коём деп жалгыз өңүп жөнөп калат. «Үркүтүп албайын» деп аңчылыктын кызыгына баткан неме өңүт издеп кайберен менен кошо жогорулай берет. Ошол учурда сарбагыштын кайгуулчулары тоодо кароол карап бекинип жаткан эле. Шырп алдырбай алар аңдышып Алыбектин артынан түшүшөт. Шек билинип калса аларды колунда «кара келтеси» бар Алыбек соо кетирмек эмес. Ошондуктан сарбагыш тарабынан камандай болгон күчтүү төрт жигити тобокелге салышып жандарын оздоруна кармашып тосуп турушат. Аны кийик аңдыган Алыбек кайдан туйсун. Акырын жылып келе берди. Качан гана аралыгы эки үч метирдей калганда капысынан кол салышты. «Кара келте» колунан ыргып кетти. Төрт жигиттин бирөөнү өзөөртө тээп, экөөнү үстүнөн ала салдырганда килейген чоюнбаш төбөгө заңк этип бир тийди. Көзү караңгылап, эси эңгирип отуруп калган Алыбекти төртөөлөп басып жыгылышты. Нары жактан да чуркап келишип, бат эле колу бутун байлап жиберишип, моокумдары канганча тепкилешти. Башы-көзүн бат эле көпкөк челек кылып жиберишти. Атка таңып алышып, Үмөтаалыга сүйүнчүгө жиберишти. Сатай деген жигит атынын өлөр-тирилээрине карабай чаап келип Ормондун өргөөсүнө түштү. Чоң үй болгондуктан келим-кетим үзүлгөн эмес. Мында Үмөтаалы да олтуруптур. Булоолонгон Сатай:

- Таксыр, сүйүнчү! Баягы Алыбек канкор колго түштү, - деди ийилип таазим кылып. Аны укса да атасынан калган мансап колуна тийген Үмөтаалы атайылап эле укмаксанга салып үч жолу:

-Ыя! - деди. Төртүнчү жолу башын ийкеп, энесине:

- Ме! Келгенде тирүүлөй бөйрөгүн сууруп ал! - деп жалаңдаган ак тинтени сунду.

- Кокуй ий, кайран гана баатырды кыйнабай эле өлтүрсөңөр боло! - деп тигинде бир кемпир боору ооруса керек. Үмөтаалы тура калып:

- Ыя! Саяк менен сагызганга убал жок! - деп кемпир байкуштун башын чаап салган дешет. Бутун чечип канга бөлөнгөн Алыбекти эшиктен киргизишти. Эки колу аркасына байлануу экен.

[М 96]

Жылаңбаш, тытылган кийими, башынан салаалап аккан каны менен үйгө салтанаттуу басып ээн турган төргө келип мандаш токунуп олтурду. Не кылганы менен даамдаш болуп, теңтуш өсүшкөн курбулар эмеспи. Ормондун үч аялы тең Алыбек баатырды аяп турушту. Колу байланып кордук көрсө да кабагым-кашым дебестен кере-кере аттап барып төргө мандаш токунуп олтуруп алышы Үмөтаалынын кыжырын кайнатты. Энесинин колунан түшкөн жалаңдаган ак тинте канжарды эми Үмөтаалы колуна кармады. - Муну төргө коё бергенин карасаң! - деп жини кайнап суук көзү менен улага жакка карады. Үйдө жигиттеринен эч ким жок экен. «Бул киши сойгон канкорлукту көзүбүз көрбөсүн» дешсе керек. Үмөтаалы канжарды жалаңдатып кайрап:

- Ормон канаа... - деп адамдын үнүнө окшобогон тажаал үн менен Алыбекке жакындады. Алыбек солк этип койбостон кенебей:

- Мынаа! - деп эки тизесинин ортосун көргөздү. Үмөтаалы эми анын тытылган чепкенин такыр айрып таштады да:

- Ормон канаа! - деди.

- Мынаа! - деди Алыбек калыбынан жазбай. Үмөтаалы эми анын акыркы көйнөгүн айрыды. Алыбек жан соогалап жалдырайт деп ойлогон. Кебелбей олтурушу кыжырын ого бетер келтирип, ачуудан кара көк болуп кетти. Дагы адамдыкына окшобогон дарылдаган үн менен:

- Ормон канаа? - Бөйрөктүн тушуна канжарды ойдолотуп, терисин кесип кирди. Канжар өтпөй койду эле, эми ал устарадай курч эт жечү бычагын кынынан сууруп алды. Шашпай бөйрөктүн тушун оё кесип кирди. Кызыл кан шыркырап агып жатты. Алыбек кың эткен үн чыгарган жок. Ормондун аялдары нечак эшикке чыга качып кетишкен. Жаракаттан колун салып Алыбектин бир бөйрөгүн сууруп чыкты. Экинчи бөйрөккө асылганда кайран баатыр акылынан тanып, акырын кыйшайды. Көзүн бир чоң ачып жарыкчылык дүйнө менен кош айтышты да кор этип көзү сүзүлүп, жаны чыга албай титиреп жатты. Кызыл-ала болгон Үмөтаалы канга мас болуп, тизеси титиреп, бычактын сабы колуна

карышып сыртка чыкты. Сакалы сербейип, таноосу кыпчылып нары кабакты көздөй басты. Чуркап келген эки жигитине:

- Алгыла! - деди. Анысы түшүнүктүү. - Өлүктү үйдөн алып чыккыла! - дегени эле.

Үмөтаалынын мыкаачылыгын ушуну менен токтотолу. Пендечилик, беш кол тең эмес. Бирөө баатыр болсо, бирөө жакыр. Бирөө канкор болсо, бирөө анткор. Оош-кыйыш дүйнө деген ушул. Жогоруда биз Ниязбектин «сегиз бегин» чечмелеп келе жатабыз. Ормонго келип токтоп, ал хан болгондуктан жана кыргыздын тарыхында олуттуу орунду ээлегендиктен ага көбүрөөк токтолууга туура келди. Эми калгандарын айта кетели. Жаңылбасак алардын Бердикожо, Ажы, Субан, Ормондордун тукумдарынан тараттык эми калгандарын айталы.

[М 97]

**Ырыскулбек**

Ниязбектин сегиз бегинин бири. Ат-Башыны жердеп турган.

Ырыскулбектин тукумдары жөнүндө көпчүлүк санжырачыларда чеке жылытаарлык маалымат жок. Таянганыбыз эле Осмонаалы Сыдык уулунун санжырасы эле. Ал киши чөп башылап гана ошол тукумдан чыккан «мыктыларын» айтып, калгандарын таштап кеткен. Башка санжырачылар да ошол сыяктуу. Бирден-бир таянганыбыз эле Ат-Башылык Муса уулу Айты. Ал киши Ырыскулбектин тукумун жакшы эле таратып келип теңин таштап кеткен. Ошондой болсо да ошол кишинин таратуусу боюнча таратып көрөлү. Калып калгандары болсо билгендер толукташаар.

Ырыскулбектин төрт аялы болгон экен.

1-аялы Маапа байбичеден – Кайдуу, Осмонаалы, Мүсүраалы, Шамбет.

2-аялынан-Бешим, Бөпүтай, Аалыбай, Райымбек.

3-аялынан-Мамыке, Шамыке.

4-аялынан-Сыдыкбек, Куджа.

Эми булардын ичинен:

Кайдуудан-Чоко, Сооронбай деген эки уулун берип жатышат. Чокодон- Казы, Шергазы.

Осмондон - Супа, Кырбаш, Супадан-Султангазы, Кырбаштан - Кадыр, Жапар.

Кадырдан - Нукун, Абат.

Шамбеттен - Тойчу, андан – Көпөтай, Ыбырай.

Ырыскулбектин калган балдарынан тараган тукумдарын колдо маалымат жок болгондон кийин толук таратып бере алганыбыз жок. Ушул тукумдан тарагандардын ичинен мыктысы эле Кайдуунун уулу Чоко болгон деп жүрүшөт. Дөөлөттүү, элге алымдуу өз заманынын билимдүү мыкты адамдарынан болгон дешет. Чоко сыпаа, кара кылды как жарган калыс адам болуптур. Бей-чеки сөз сүйлөбөй дайыма топ башкарганда дайыма калыстык менен башкаруучу дешет. Кат-сабаты да жоюлган киши болсо керек. Осмонаалы молдонун санжырасына караганда Чоко ошол кезде чыккан гезит-журналдарды көп окуп, империяда болуп жаткан жаңылыктар менен таанышып турган дейт. Эл оозунда Чоко тууралуу көп айтышат. Өзгөчө анын Токмокто, «Көтмалдыда» топ болгондогу айрым окуяларын айтып жүрүшөт. Анын уулу Казы да атасынан калышпаган мыкты адам болгон дешет. Анын учурунда Совет бийлиги чыгып калган учур болду. Совет мамлекетине да анча- мынча кызмат кылып жүрүп Казы да кийин «Манаптын тукуму» деп кармалып кеткен экен.

Эмесе сегиз бектин бир беги Ырыскулбекти да жана андан тараган тукумдарын да ушуну менен токтотолу. Кезеги келип калса жана айтылбай калган аталардын тукумдарын да кошо кетерибиз шексиз.

[М 98]

**Шатен**

Ниязбектин сегиз бегинин бири, Куланак тарапта турушкан. Булардан тараган тукумдар да толук берилбей калды. Колдо бар маалыматтар боюнча гана болгону алынды. Калып калганы болсо билген санжырачылар тарабынан толукталаар. Эми:
Шатенден – Качы, Түлөкабыл, Бекмырза үч уул.
Качыдан – Мамбет, Байсак, Акбай, Абыке, Жаркынбай, Чолпонбай, Орозбакты.
Мамбеттен – Касымалы ажы, Шералы. Кичи аялынан – Оруналы.
Касымалыдан – Айдыраалы, Акимаалы, Карыпаалы.
Булардын ичинен Касымалы мыкты болуп жүргөн адам болгон дешет. Ошондуктан санжырачылар бул жерде анын тегин толук беришип, калгандарын таштап кетишкен. Элден уккандарыбызга караганда дөөлөткө мас болгон Касымалы манап оюна эмне келсе, ошону жасаган экен. Тең тууган жана даражасы бирдей болгондуктан Чоконун Казысы менен касташып жүргөнүн эл кеп кылат. Чоко өлүп, анын ашын бергенде Касымалы ажы келбей

калган экен. Жумгалдан Байзак баатыр да Чоконун ашына барган экен. Ага карөзгөйлүк кылып Касымалы ашка келбей койду дешет. Анда Байзак баатыр:

- Барыңар сегиз бектин тукуму болсоңор, Касымалынын ашка келбей калышы илгери-кийин тууган ичине нааразычылык туудурат, - деп киши жибермек болот. Мурда да киши жиберишкен экен, ага Касымалы болбой койсо керек. Байзак барып Касымалыны алып кел деп кадимки Куйручукту жумшайт. Болбосо Касымалы кыйыктанган кишисинин атын сойдуруп, өзүнө жегизип, жакпаган кишисин сабатып кордук көрсөтүп коючу экен. Балким Куйручуктан башка киши барса Касымалы аны аябай кордлоп, кордук көрсөтүп коюга камынып жаткан экен. Аны Байзак билип, атайылап эле Куйручукту жумшаганы да ошондон болсо керек. «Жолдош аласыңбы?» десе Куйручук болбой коёт. Жалгыз жөнөп калат.

- Ат-Башы тарапты карап тур! «Маңдын» баласы мага киши жибербей койбойт! - деп киши каратып койгон экен. «Маң» демекчи Кайдуу наспай тарычуу дешет. Ошону үчүн аны кемсинтүү максатында «Маң» деп ат коюп алган.

Бир кара атчан киши келе жатканын Касымалынын жигиттери кабарлады. Касымалы эр жак капшытына төшөк салдырып, тескери карап жатып алды. Куйручук келип аттан түшүп, салам айтпай эле алдына төшөк салып, тигил капшытка тескери карап жата кетет. Эмне болду дегенсип Касымалы жарым бурулуп, бир көзү менен карады. Аны сезген Куйручук да жарым бурулуп, ууртун чулчуйтуп, көзүн укмуштуудай тостойтуп карап калды. Булар эмне болушаар экен дешип шыкаалап карап турушкан Касымалынын жигиттеринин боорлору эзилип бүлкүлдөп күлүп жатышты. Касымалы өйдө болуп олтурду. Куйручук да өйдө болду. Үй ээси алаканын шакылдатты эле жан жигити кирип келди. – «Менин тамагымдан» алып келгиле! - деп буйурду.

[M 99]

«Мырзасынын тамагы» мурун эле жигиттерине белгилүү болсо керек. Жайпак табакка экөөнө эки жуурат куюп, эки колдоп алып келди. Касымалы аны эңкейип итче ичип кирди. Эптеп бир шойком[47] таап Куйручукту жигиттерине сабатуу. Куудул да аны туурады. Бир маалда Касымалы айранды жалап жатып итче ыркырап койду. Куйручук ыркыраса эле «мобул неме мени капканы жатат» деп жигиттерине айтмак. «Итти алып чыккыла» демек. Аны куудул түшүндү. Айрандан чоң ууртап: «Вав, вав» деп бетине бүт айранды бүркүп

[47] Normkirgisisch: *шойкон*

салды. Касымалынын бети-башы бүт айран болуп сакалынан ылдый чубурду. Муну манап күткөн эмес. Ачуусу келип көзү тегерек болуп кетти эле, куудул да ыраңын бузуп аны туурап:
«Аябай чыгып таскагы,
Айлына тийип каскагы,
Ала моюн дөбөттөй
Айран сакал Касымалы!
Чындап чыкты акмагы,
Чыпка сакал Касымалы!»
Айыбын тарткын - кайтамын,
Чоконун уулу Казыга,
Мамбеттин уулу Касымалы,
Чочко экен деп айтамын!» дегенде:

- Ой кагылайын, сен кимсиң? Куйручуксуңбу? - деп шашып калды. Айыбын тартып, айтканын аткарып, Касымалы ашка келген экен.

**Кожобек**

Бул дагы Ныязбектин сегиз бегинин бири.
Кожобектен – Бүргө, Шамей. Бүргөдөн – Кадырберди, Чоткара. Чоткарадан – Нааматаалы, Омор.

Бизге Шамейдин тукумдары белгисиз. Ошондой эле Бүргөнүн Кадырберди деген баласынан кимдер тараганы белгисиз.

Ушуну менен Эсенгулдун тукумдары же тактап айтканда Болот бийдин тукумдары ушулар. Дагы толукталса кошумча берилээр. Үчүкенин үч уулунун бири Мааматкулдун Болотунан тарагандары негизинен ушулар. Эми Темирдин балдары жөнүндө маалымат бермекчибиз.

## Темир баяны

Темирдин өмүр жолунда жунгарлардын чабуулу башталып калган. Темир өзү эр киши болгон дешет. Нечен жолу калмактар менен кагылышкан. Кара чегирткедей чубуруп калмактар Ала-Тоого келишип, кыргыздын эзелки ата конушун талаша баштап, эл түштүккө сүрүлүп, мал-жандан ажырай баштаган мезгил эле. Темир Чотала деген калмактын кол башчысынын аскери менен Кетмен-Төбөдөгү салгылашууга катышкан. Анда кыргыздын Найман, Кушчу,

Саруу, Саяк уруулары менен бирге Сарбагыштын миңге жакын колун башкарган. Ошол салгылашууда Темир өзүнүн жоокерлери менен сол канаттан атып турган он эки замбирегин туурасынан каптап келип колго түшүргөнүн санжырачылар айтып жүрүшөт. Калмактардын аскерлери Европалык тартип менен үйрөтүп, замбирек, мылтык менен куралдандырышкан.

[М 100]
Анткени Сибирь экспедициясында жүргөн швед офицери жана окумуштуу баласы Ренат дегенди калмактар өзүлөрүнө алып калышып, андан замбирек куйганды, мылтык жасаганды үйрөнүшкөн. Ошол кездеги калмактардын аскерлери Азиядагы хандардын аскерлеринен алда канча артыкчылыгы бар эле. Темирдин катышуусу менен калмактардан адегенде эле Кетмен-Төбө өрөөнү калмактардан бошотулган. Бул согушта айрыкча солто жана саяк уруулары да чоң роль ойногон. Ошонун натыйжасында жерди калмактардан бошоткондон кийин Кетмен-Төбөнү саяктар ээлешкен. Өрөөндүн чыгыш жагына солтолор көчүп келишкен. Бул мезгил Темир менен замандаш солто Кошой бийдин учуру болсо керек делинип божомолдонот.
Анткени Коңур-Өгүзгө көчүп келгенде:
«Коңур-Өгүз жер экен,
Коктусу калың чер экен.
Кош өгүзүн алдырып,
Кошой бийдин,
Кокуйлаары эп экен!» деген ыр саптары элдин эсинде сакталганы аныкталат.
Негизинен ошол мезгилде калмактар да өз ичтеринен чатакташып чабышып, бытырап бөлүнүп турган учур эле. Анткени калмак Бошокту хандын тукумунан Чурму деген баатыры менен Хотала дегени бир кызды талашып, чатак ошондон чыккан дешет. Эл ичинде ошого байланыштуу:
«Ордолуу журт калмакты,
Олоң Байыр кыз бузду» деген лакап сакталган. Андан кийин кытайлар кырып киришкен. Кыргыздар кытайлардын кыргынынан далай калмактарды сактап калды. Үч жүз жылга жакын үстөмдүк кылган жунгарлардын бийлиги кыз талашып, чабышуудан начарлады. Ынтымагы кеткендиктен, алардын ыркы да кетти. Калмактардын батышты көздөй сүрүлүп жаткандарын уккан кыргыздар өзүлөрүнүн ата конушуна келиш үчүн кайгуулга өз кишилерин жибере башташкан. Алар келип айрым өрөөндөр элсиз ээн калганын көрүшкөн.
«Элкин, Элкин, Элкин-Тоо,

Элкин-Тоого мен чыксам,
Эл карааны көрүнбөйт.
Көлдө жаткан каз-өрдөк,
Ылаачын тийсе бөлүнбөйт» деп айтып келишкен.

Ата конуш Ала-Тоону калмактардан бошотуу үчүн кийинки Темир бийдин балдарына чейин созулду. Анткени айрым буйтка жерлерге жашынып, калмак айылдары көп калган. Жумгал өрөөнүн бошотууда Качыке жана анын атасы Түлкү баатырлар чоң роль ойношкон.

[М 101]

**Темирдин балдары жана андан тарагандар**

Темирдин Черикчи, Кулуке, Богочу, Назар деген төрт баласы болот. Эмесе аларды катары менен баяндай кетели.

Черикчиден – Абайылда, Борколдой, Жаныбек, Жаманкара, Мама; Карамende, Бекбото, Адылбек, Дайырбек, Карабай, Манапбай, Кенжетай – 12 уулу болгон экен.

Абайылда баатыр киши болгон экен. Казактын Барак төрөсү ээн жаткан жерлердеги элкин жаткан айылдарды талап, текеберчилик менен Кочкор өрөөнүнө чейин келет. Оңой жеңишке жеткен неме ийгиликтен башы айланып, азыркы «Кочкор-Ата» деп аталган Ортоктун тоосунун чыгыш жак этегиндеги үч кичинекей дөбөчөгө келген дешет. Ал жерде казан асылган кемегелер, эл зыярат кылып сыйынган белгилер, бир жалпак ташка будданын сүрөтү тартылып аны лотос гүлүнө олтургузган белги бар эле дешет. Барак келип колго түшүргөн байлоодогу кыргыздардан:

- Бул эмне? - деп сурайт. Байлоодогулар аны «мазар» экендигин, ага эл сыйынаарын айтат. Текеберлүү Барак Будданын сүрөтү тартылган жазуусу бар ташты талкалашып:

- Кыргыз сыйынган жерди биз булгап коёлу. Колдогону болсо анда бизге «сыр көрсөтсүн» - деп даарат ушатат. Аңгычакты болбой ар кайсы тоодон колдоруна найза кармаган кыргыздар чууруп түшүп келишти дешет. Ээн жердин бөрүсү болуп, оңой жеңишке ээ болгон неме сестей түшөт да: «Дөнөнбай баатыр! Бул түнөргөн кыргыздардын түрү бузук. Мен ортодо турайын, колду үч топко бөл. Оң канатты Ашен балбай башкарсын. Сол канатты Эликбай баатыр башкарсын». Ошентип жалдуу Барак аз эле кыргыз баатырларынан сүрдөгөн экен.

Санжырачылардын жана казак туугандардан алынган маалыматка караганда «Ата расмиси» боюнча «жекеге» чыгып сайышууда эле кыргыз баатырлары кыйла эрдиктерди көрсөтүшөт. «Орток Тоосунун» чыгыш жак этегиндеги тегизгендүү талаа чачылган курал-жаракка, адам өлүгүнө толот. Казактар дагы бир нече баатырлар опот болгондон кийин такаат кылып тура алышпай качып беришкен дешет. Мына ошол каргашалуу кармашууда «Жалдуу Барак төрө» баш болгон казак колу жеңилип, Барак да өлөт. Алардын арасында Абылай хандын эки бир тууганы Сапарбай, Далбай да бар эле. Бул каргашанын акыры 1770-жылы Абылай хандын кыргызга аттанышына себепчи болду. Абылай хан өзү кыргыздын жээни болгон. Бирок, «Жалдуу Барактын», бир туугандарынын өлүшү, анын аябай кыжырын келтирген. Аябагандай көп кол курап ал адегенде Таласты басып кирип, Хан Садырды колго түшүрдү. Андан ары өтүп, «Кулун-Бел» деген жерден саяктарды талкалады. Солто, сарбагыштын бириккен колу менен күчтүү жоо Чүй өрөөнү тараптагы кайта турган жолундагы «Кыз-Туубас» менен «Ак-Суунун» ортосунан тосушту.

[M 102]
Кан селдей акты. Кыргыздар жеңилип, кадимки Жайыл баатыр ошондо өлгөн. Биз буларды санжыранын солто бөлүмүндө «Абылай хандын чабуулу» деген бөлүм аркылуу толук берүүгө аракеттенебиз. Абайылда баатырдын тушундагы тарыхый окуялардын бири ушул. Калганын тарыхчылар толукташаар. Эми:

Абайылдадан - Нарбото, Шербото, Төрөгелди, Шадыкан, Бакы[48], Кундук, Капсалаң, Асыл, Басыл. Бул балдары Ботокөз байбичеден.

Экинчи аялынан: Шеримбек, Ыбыке. Үчүнчү Субан деген аялынан Кыдык деген жалгыз уул болгон. Төркүнү боюнча «Жараш эне» аталган. Анткени бул кишинин төркүнү саяктын ичиндеги Курманкожо уругунан тараган «Жараш уулунун кызы» экен. Ошондуктан Субан аты калып «Жараш эне» атыгып кеткен экен. Абайылда баатырдын үч аялынан тарагандар ушулар. Эми:

Нарботодон - бир нече түтүн тукум бар. Аларды жалпысынан Нарбото уулу деп аташат. Өтө эле майдаланып кеткендиктен жана алардан толук маалымат жоктугунан «бутактарга» ажырата алганыбыз жок. Бирок Нарбото жөнүндө эл оозунда жакшы пикирлер калган. Ал киши Ормон менен Төрөгелдиден кийинки эл сураган адам экен. Калыстыгы, адамгерчилиги боюнча айырмаланып, калкына кадырлуу, белдүү эле дешет.

---
48 Бакы ~ Беки (s. u.).

Шерботодон - Шербото уулу деп аталышкан калың айыл. Бул кишинин да тукуму өскөн адам экен. Жалпы эле Абайылданын уулдарынан тукумдун малдуу-баштуу бай адамдары мына ушул тукумдардан тарагандар. Буларды да өздөрүнчө майдалап тарата берсек элди зериктирип жибере турганбыз. Осмонаалы (өз атасы Сыдык эмес - Кыдык экен) Сыдык уулу да өз санжырасында толук таратпастан «Шербото уулу» деп гана токтолот. Атактуусу Элтайдын уулу Муратаалы деп койгон. Эми Алла Таала өзү жар болсун! Шерботону баатыр киши болгон деп да айтышат.  Бирок кандай эрдик көрсөткөнү жөнүндө колдо маалымат жок. Эми Абайылданын Шадыкан, Беки, Кундук, Капсалаң, Асыл, Басыл деген балдарынан тарагандар да өз-өз аталарынын наамы менен «Уулу» же тактап айтсак: Шадыкан уулу, Беки уулу ж.б. аталып жүрүшөт. Аларды да майдалабай ушул бойдон калтырууну туура таптык.

Төрөгелдиден - Шамыркан, Батыркан, Үркүнчү, Карасай, Чоткара деген беш уул болгон.  Шамыркандан - Молдо Кылыч. Бул кишиге кезеги келгенде колдо бар маалыматтар боюнча кеңири токтолобуз. Батыркандан - Мураталы, Эсен, Аалыбай. Үркүнчүдөн - Өтөмбай, Кудайберген. Кудайберген чоң комузчу болгон. Музыка изилдөөчүлөргө кереги тийип калабы деген максат менен бул кишиге да кезегинде токтолобуз. Карасайдан - Суранчы. Бул киши да учурунда мыкты адам болгон дешет. Чоткарадан - Жакып, Абир. Абирдин Нарынкул деген баласы Уфадан 1914-жылы  бүтүп келген. Кыргыздын алгачкы билимдүү адамдарынан болгон. Медресе ачып, алгачкы «агартуу» ишин баштагандардын бири болгон. Бул киши боюнча эч сөз козголбой келе жатат.

[M 103]
Шадыкандан - Бектен, андан - Токтосун, Алыяскар. Абайылданын Кундук деген уулунан - Султан, Медет деген эки уул. Султандан - Кадыркул, Медеттен - Ыйманалы. Шеримбектен - Байгазы, Токо, Жакыпбай. Байгазыдан - Балбак. Бала Балбак деп аталган. Токодон - Кудайберген. Жакыпбайдан - Жумангалы. Ыбыкеден - Канаат хан, Касым, Байдаалы. Канааттан - Карыпбай, Ыскак ж.б. Кыдыктан - Осмонаалы молдо. Эмне үчүн атасын «Сыдык» деп өзгөртөөрү белгисиз. 1914-жылы Уфадан чыккан «Кыргыз тарыхында» (китебинде) атасы Сыдык деп жүрөт. Эми ушуну менен Абайылданын тукумун бүтүрүп, анын ичиндеги тарыхый инсандарга токтололу да акырында Темирдин калган төрт баласынын калган үчөөнүн тукумун тараталы.

**Төрөгелди баатыр баяны**

Тарыхый инсандарды жазуудагы санжырачылардын негизги максаты аларга так жана сак мамиле кылуу. Ар бир урууда акылман, калыс мыкты адамдардын болгондугу чын. Аларды ашырбай да, кемитпей да калыбы менен бергенибиз оң. Көпчүлүк учурда өз аталарыбызды гана көкөлөтө көтөрүп, чаң жугузбай мактап жиберип жатабыз. Башка уруудан чыккан калыс мыкты адамы болобу же даңкы таш жарган баатыры болобу унутуп, аттатып же кемсинтип айтабыз. Бул туура эмес жана наадандык. Мына менин алдымда Төрөгелди жөнүндө чогулткан көптөгөн материалдар жатат. Бул атактуу баатыр жөнүндө жалаң санжыра аркылуу берсек аздык кыла турган. Ошондуктан ал баатырдын айрым гана эрдиктерине токтоло кетсек болот.

Бугу элинин ичиндеги санжырачылар Султай уулу Сатыбалды, Талып молдо, Дөнөнбай, Кадыралы ж.б. көптөгөн санжырачылар так эмес маалыматтарды берип жатышат. Төрөгелди баатырды өтө эле кордоп жиберишкен. Балбайды аябай макташып, ошонун натыйжасында аны эң жаман мыкаачы катары көрсөтүп жиберишкен. Алар Балбай баатыр Төрөгелдиге эшектин мээсин чылап берген деп жатышат. Бул эмне деген дөөдүрөгөндүк. Балбай ошондой эле адамгерчиликтен кеткен кара ниет адам болуп кетиптирби? Ошондой эле ошол санжыраларда көп калпыстык кетиришип, «Мүйүздүү энени» кайнатасы Мырзакулга алып берип жатышат.

Мындай калпыстыктар көп эле санжырачылардан учурайт. Өзгөчө бугунун санжырачылары каргашалуу урyy чабышында Балбайга Төрөгелдини ыргыта сайдырып, ошол сайышта бутун сындыртып жатат. Бул туура эмес болуш керек. Башка калыс санжырачылар андай дебейт. Төрөгелдинин аты жыгылып, бутун баса жыгылгандыктан сынгандыгын ачык эле айтышат. Эгер экөө беттешсе сөзсүз бирөө майып болмок. Аны экөө тең түшүнгөн.

Балбай баатыр орустун колунда туткунда жатканда ага цианистий калий[49] деген күчтүү ууну берген. Ачык эле атып же даргага аса алышмак эмес эле. Кантсе да баатырдын артында калдайган калың кыргыз эли турган. Ошону үчүн уу беришкен. Түрмөдөн баары бир тирүү чыгарышмак эмес. Акыры уу таасирин тийгизе албагандыктан анын денесине сыйпашкан.

[M 104]

Кандай болсо да уу деген уу да. Денеси балаалап, эсине бирде келсе, бирде келе албай өлүм алдында жатат. Ошондо арман кылып:

[49] KENČIEV: *цианисттий кальций*. Im Text Korrektur von mir.

- Атаңдын көрү бири кем шум дүйнө! Өзөктөгү дарт болуп, өз тууганым кас болуп, чагым кылып, каапырга капысынан кармап берди. Алдымда атым, жоо жарагым колдо болуп, орус менен кармашып жатып өлбөдүм! Мени ушул азаптан куткарып ала турган кыргызда бир гана баатыр бар эле. Ошол көк жал кайран баатыр Төрөгелдини да куру намыс үчүн бутун үч жолу сындырып, кордук көрсөттүм эле. Калыгул олуя жездем айткандай: «Алтын ээр ак каңкы, аргымак чалыш атка чак. Атка тынчы жок болсо, алтынын анда отко жак! Алымдуу тууган жок болсо, акырын айтып жатка жак!» дебеди беле кайран киши. Тууганым бутума тушоо салды, душмандын табасы канды. Таекелерим менен таттуу жашасам болмок экен, - деп арман кылган экен.

Төрөгелди чоң баатырлардын бири болгон. Анын өмүр жолу таламалуу жоокерчилик заманга туура келди. Өз дооруна жараша ал дагы жанына жалаңдаган кылыч байланып, бөрү тилдүү найза кармап чыкты. Карыялардын сүрөттөөлөрүнө караганда узун бойлуу, кең далылуу, бүркүт кабак, жаагы жазы, башы чоң адам болгон экен. Калың кара муруту, чокчо сакалдуу эле дешет. Согушка киргенде өлөөр-тирилээрин билбей, эң коркунучтуу жерлерге аралашып кеткендиктен аны дайыма Сейит баатыр коштоп, коркунучтуу учурларда андан ажыратып кетүүчү экен. Төрөгелди баатырды айрыкча Абыкан баатыр көз салып жүргөнүн эл кеп кылышат.

1834-жыл болсо керек. Ормон Кочкордун Сары-Булагына кыштамак болот. Кеч күз. Чырандыда күздөп отурушкан. Кош ат минип, катуу жол жүрүп келген чабарман келип түштү. Бул Ормондун кудасы чериктин чоң манабы жана байы Турдукеден келген эле. Анын кызы Туржанды Үмөтаалы алган. Кудай кошкон кудасынан жардам сурап келген. Турдукенин отуздан ашык жылкысын карыга чаап, тизеге кагып, аттарынан ажыратып, бир жактан келген күчтүү жоо жылкысын айдап кеткен экен.[50] Ормон бат эле суроо салып, тыңчылар аркылуу сураштырды. Саяктын баатырлары тынч экен. Андай алыска жортуулга аттанган шек-шыбаа билинбеди. Солто тараптан да эч ким жортуулга Какшаал багытына өткөнү билинген жок. Бул жылкы тийгендер же Текестин калмактары, же бугунун баатырлары болуш керек эле. Сурамчылап олтурса Турдукенин жылкысын бугу Балбай алганы аныкталды. Текестин Ала-Айгыр деген жериндеги Теректиге изи сууганча багып жатышкан экен. Аттап-тондоп Төрөгелди менен Адылды аттандырышты. Нечен бел ашып Төрөгелди Текеске келди. Отуздан ашык киши жолум үй тигишип, Теректиде жылкы багып

[50] Syntax bei Kenčiev fehlerhaft. Tatsächlich müsste der Satz lauten: *Турдукени карыга чаап, тизеге кагып, атынан ажыратып, отуздан ашык жылкысын айдап кеткен экен* (Mahabat Sadybek, Mail 7. Juli 2011).

жатышкан экен. Бээ байлашып кымыз жасашып, кысыр эмди тай, казысы карыш бээ союшуп Ногой, Балбай, Жанек, Өмүр, Молдо баатырлар чардоодо. Турдукенин кошуп берген кишилери Теректиге Төрөгелди менен кошо келишип өз жылкыларын таанышты.

[М 105]
Жылкы алган жоо оңой менен эле малды бере коёр түрлөрү жок. Адылдын акылы боюнча жылкы алгандарга шек билгизбей таңга жуук кол салышмак болушту. Майга тоюшуп магдыраган немелер таңкы таттуу уйкуда жатышкан. Ач айкырык-кур сүрөөн менен Турдуке, Турдуке дешип ураан чакырышып, мылтык атышып жылкы тийишти. Жылкы кайтаргандарды бурчамга келтиришпей аттарынан ажыратышты. Жесекчилердин жолум үйүн аралата айдашты. Чоң Ногой шашып:

- Ой бул баягы «жангечти көпсөрдүн» үнү го? - деп чочулады. Төрөгелдини «көпсөр» дешчү экен. Баягы жылкы алышкан бугунун баатырлары атка минишет. Алгачкы беттешүүдө эле Төрөгелди Балбайды көмөлөтө саят. Чоң Ногой баш болгон көпчүлүгү чаңга оонашат. Өмүр Төрөгелдини атмак болгондо Балбай аттырбай алып калган экен. Төрөгелди, Адыл экөө тигилердин курал-жарактарын бүт олжолошот. Жөө ай-талаада калгандардын бешөөнө аттарын айдатып беришкен экен. Жөө жалаңдагандар Каркыранын «Көк-Дөбөсүнө» араң жетишкен экен.

Төрөгелди баатырдын калмакка, казакка, Кашкарга жасаган жортуулдары өтө көп. Бардык окуялары кызыктуу. Ал жөнүндө санжырачы Осмонаалы Сыдык уулу да өзүнүн 1914-жылы Уфадан чыккан «Тарыхи Шадымания» деген китебинде да эскертет. Анда: «Карыялар Төрөгелди менен байланышкан окуялар биринен-бири кызык. Айрым окуяларын айтышканда көздөрүнө жаш алуучу эле» деп эскертет. Ал Ормон хандын саясатына ылайык Кокон хандарынын чебин талкалоого катышкан. Алыбек, Төрөгелдилердин күчү менен Токмоктун, Жумгалдын, Куртканын чептери талкаланып, сарбаздары кыргыз жергесинен куулган. Бирок Кененсары менен Норусбайдын чабуулуна Балбайдын да, Төрөгелдинин да катышпаганы анык. Байбагыш, Кабылбек, Сатыбалды, Дөнөнбай, Алдаш, Айытбай, Талып ж.б. көптөгөн санжырачылардын маалыматтарында бугу эли ал чабуулга барбай калганы айтылат. Төрөгелди болсо казакта туткунда болот.

Төрөгелди баатыр он алты, он жети жаштарда болсо керек. Атасы Абайылда баатыр солтонун чоң манабы Канайдын кызы Жийдегүлгө кудалап

койгон экен. Ал кезде ар ким өз алына жараша куда күткөн. Байтик баатырдын атасы Канай ошол мезгилде солтону былкылдатпай бийлеп турган. Карапайым анча-мынча адамдарга Жийдегүлдү бермек эмес. Ошол кезде Төрөгелди баатыр жаш болсо да атагы таш жарган баатыр конгон учуру эле. Оң менен солго баатырлыгы боюнча таанылып калган. Колуктусуна күйөөлөп келди. Өргөө көтөрүп, мал союлуп, кыз оюн, таң тамаша болуп жатты. Калың айыл «Бер-Булакта» болуучу. Ала-Арчанын оозунан «Бөлтөккө» чейин чытырман токой. Камыш, кайың-тал, чычырканак да аябай жыш өскөн. Ал кезде Кыргызстанда көптөгөн айбанаттар болгон. Бөлтөктөн нары улуу тоонун этегине чейин атчан бастырсаң көрүнгүс калың тобулгу[51] эле дешет. Арасы эжигейдей сары бетеге түрлүү чөп. Арасы тоодак, элик, коён. Суунун жээгинде бир калың камыш өскөн аянтча бар эле дешет.

[M 106]
Ошону бир кызыл чаар жолборс ээледи. Аз эле мезгилдин ичинде он чакты туу калган бээлерин жара тарттырышты. Анысы аз келгенсип жолоочулап бара жаткан бир жигит баласы, аялы менен майып болушту. Мал жеген жолборс киши жегичке айланды. Канай эртең мененки насипке олтурган. Анын үйүнө иттерди абалатып, ат тердетишкен үч жылкычы келип түшүштү. Ыманбай жылкычы озунуп:

- Кудай уруп салды баатыр! Түндө жылкыга жолборс кол салды. «Камбар Ата тору айгырды» жара тартып кетти! - дешти. - Такаат кыла алганыбыз жок, - дешти. Жийдегүл экинчи аялдан төрөлгөн кыз эле. Эренче байбиче дайыма Наалыга күнүлүк кылып жамандай коюп жүрүүчү. Жийдегүл ошол Наалыдан төрөлгөн жалгыз кыз. Андан башка Бошкой, Байсейит деген да эки бала бар эле. Эренче байбиче:

- Ботом жанагы сарбагыш күйөө бала баатыр дейт. - Кайындарына кызмат кылып жолдош-жоролору менен жолборско ууга чыкса боло? - деп калды. Аны уккан Наалы байбиче безге сайгандай секирип кетти.

- Жолборско уу кылганга солтодон бир киши чыкпай калыптырбы? - Бул кабар Төрөгелдиге да угулду. Ал атын токунуп, жалаң камчы менен жөнөдү. Бул көз көрүнөө өлүм. Камчы менен кантип жолборско каршы барсын? Айылдагы эр бүлө бүт аттанышты. Колдорунда курал бар. Топ камышка келишти. Канга тойгон жолборс ачык жерде эле жаткан экен. Аты

---
[51] *Тобулгу* dialektale Variante (Čüy-Gebiet); Normkirgisisch: *табылгы*.

үрккөндүктөн атчан барууга болбоду. Көк кашка тулпарын Төрөгелди Ысмайылга карматып өзү жөө жөнөдү.

- Капырай деги дени сообу? Жалаң камчы менен...

Тике бара жаткан кишини көрүп жолборс жини келди. Өйдө туруп бир силкинип алып, жүрөк түшүргөн күркүрөгөн жоон үнүн чыгарып, оозун араандай ачып жаланып алды. Анан комдонуп куйругун чагарактатып күркүрөп жатты. Карыялардын айтканына караганда адам баласынын оттой жанган эки көзүнөн жалтанбаган айбанат болбосо керек. Бул окуяны жазуучу жана көрүнүктүү санжырачы Сардарбек Ырыскул уулу айтып берип жатканда жолдошум Омор Эркетан уулу экөөбүз өтө кызыгуу менен угуп олтурдук.

Төрөгелди баатыр жолборс качып кетпегей эле деп шашты. Баатыр жолборско он чакты кадам калганда жырткыч качырып сала берди. Таш жүрөк өлүмдү билбеген неме көзүн ирмеген жок. Камчысын шилтеп калды. Калдайган зор айбан ала салып жатып калды. Карап турушкан эл «ак сарбашылга» мал айтышып жөнөп келишти. Камчы оңой камчы эмес эле. Чачы тагылган учунда көк коргошун огу бар экен. Өлчөмдүү шилтенген камчы баш сөөктү жара коюп, мээге чейин батып кеткен экен дешет.

Деги ошол мезгилде жолборско жеке барып чаап алуу баатырларга адатка айланса керек. Далай чабалыраак баатырлар жолборстон мерт болушкандары да талашсыз. Жолборс чабыш үчүн биринчи жүрөк, күч керек.

[М 107]

Зор айбанды өзөгүнө коргошун чөгөргөн камчы менен селейте чабуу эмне деген эрдик. Баатырлар үчүн камчы атайын жасалган. Карыялар анын эки түрүн айтышат. Биринчи түрү өзөгүнө бүт коргошун чөгөрүп, жылан боор кылып анын сыртынан майда көк менен өрүлөт. Аны менен чапканда беттешкен жоосунун башын жара чаап салышкан. Экинчиси камчынын учуна гана ок чөгөрүп өргөн. Анысы чапкан жандардын этине батып кеткен. Бирок камчы чабуунун да өзүнчө ыкмалары болгондугун айтып жүрүшөт.

Бир жолу Төрөгелди баатыр эки жолдошу менен Ысык-Көлдүн батыш тарабындагы талаа менен келе жаткан экен. Болот уулу Назардын калың төөсү ошол талаада жайылып жүргөн экен. Назардын кара буурасы кишичил эле. Атчан кишилерди да куткарбай чайнап салуучу. Назар малдуу, жандуу, колунда бийлиги бар адам болгондуктан анын буурасын даап эч ким өлтүрө алган эмес экен. Бирок буура далай кишини чайнап өлтүргөн. Каардуу киши

болгондуктан далай бечараларды кыйнаган. Назар бир бечарага мазарды кыйдырган. Ал:
«Кыйайын десем мазардан корком,
Кыйбайын десем Назардан корком» дегени макал болуп эл арасына тарап кеткен. Назар жедеп карып жүзгө таяп калган учуру эле дешет.

Төөлөр кургак талаада ак тикенди аймап жешип жайылып жүрүшкөн. Буура жол менен бара жатышкан үч атчанды көрдү. Жата калып оонап жиберди. Демек буура качыраарында ошентет. Төрөгелди баатыр аны этибарга алган жок. Берки экөөнүн көздөрү төөлөрдөн өтүп, коркуп бара жатышты. Оонаган буура тура калып, тайтая туруп заара таштады. Анан чычая атчандарды карап, чолок куйругу менен чаткаягын чапкылап, желкесин эки өркөчүнө ургулады да оозун араандай ачып, тайраң уруп, мойнун созуп качырып сала берди. Мындай учурда арышы чоң буура кандай гана күлүк ат болсо да куткарбайт. Төрөгелдинин эки жигити «чү» коюшту. Кимди-ким көрсүн! Эптеп тилсиз айбан жоодон жанды кутказуу керек. Чыга качууга тоо, түшө качууга үңкүр жок. Төрөгелди тизгин тартты. Алдында мингени сары тору аты эле. Далай жолу жортуулга минген ишенимдүү мал. Бирок жаныбар, узап кетишкен эки жигиттин аттарынан калышпай алып учуп жөнөгөнү турат. Эки таноосу дердеңдеп кишенеп жиберди. Баатыр тизгинди жыйа кармады. Дагы эле ишенгени жалаң камчы. Араандай оозун ачып, арсайган тиштерин көрсөтүп, тайраң урган буура бат эле жетип келди. Ал адатынча сары торунун ооз омурткадан тиштемек болду. Эгер буура атты тиштегенде жылдырмак эмес эле. Ат да жанталаша[52] арткы аягы менен тике турду. Буура омуроосу менен коюп кетмек эле, анда Төрөгелди ат-маты менен бууранын алдында калмак. Камчы шилтенди. Бирок өлчөлүү жерге тийбей, кемип тийип калды. Бууранын мурдунан кан кетип, бакырып, башын чайкап, дабдыраңдап туруп калды.

[М 108]
Эми экинчи жолку камчы шилтенди. Ал бууранын эки көзүнүн ортосуна созулду. Билгич акылман баамчыл адамдардын айтымына караганда төөнүн маңдай сөөгү жука болот имиш. Жазы маңдайы жара чабылган буура бүк түшүп, бут серппей жан берген экен. Мына булар Төрөгелди баатырдын нукура эрдиктери десек жаңылбайбыз! Албетте чабыш чатактары көп эле болгон. Анын баарын жобуратып айтып олтуруунун кажети деле жок. Беш кол тең эмес, оомалуу-төкмөлүү дүнүйө. Ушундай чоң баатыр дагы карыпчылык башына

[52] *Жанталаш- ~ жан талаш-.*

түшүп мүңкүрөгөн учуру болгон. Баатыр үч жолу туткундалган. Казакка, Кокон ханына жана бугу Балбайга. Эң кордуктун шумдугун өз тууганы бугулардан көрдү.

Сынып, жаңы гана камдашып бүтүп келе жаткан бутун үч жолу бурап сындырды. Анын адам чыдатпаган оорусуна башка киши болсо жан соогалап жалынат беле, ким билсин. Төрөгелди көзүн ирмеп койбой, сөз сүйлөбөй туруп берди. Буга кыжыры келген Балбай эшикке алып чыгып, чоң ташка жөлөп бараң менен атты. Мында да жанынан кайыган окко туруштук берип, көзүн ирмебей турду. Чыныгы эр экенине душман ошондо көзү жетип турду. Качан гана солто элинен калыс Шоорук бий келип, кайра элди чаппаска «касам ичирип» араң алып кетти. Ал ошол өз сөзүндө турду. Экинчи бугуга аттанган жок. Деги ушул таш жүрөк баатыр кимден жеңилди эле деген суроо туулат. Ооба, ал дагы бирөөлөрдөн жеңилген. Эмесе ошого токтоло кетели.

Солто Жаңгарач баатырдын бир үйүр жылкысы жоголду. Ал ошол эле замат Жангарач баатырды чакыртты.

- Төрөгелди казакка бара жатат! - дешти эле. - Жолу болбой калса керек, кайтып келе жатып биздин бир үйүр жылкыны алып кетиптир. Аны сен барып кайрып келбесең, башка киши даап бара албайт. Ал солтонун күйөө баласы. Кан төгүшпөй кел! - деп тапшырат. Кула аты менен чуратып Жамангара Төрөгелдини кууп жетет. Ата расмиси! Жеке! Эки баатыр беттешти. Алгачкы беттешүүдө эле Жамангара Төрөгелдини ыргыта сайды. Найза чарайна менен олпокту жарып өтүп, соотко такалган. Төрөгелди баатыр көп эле эрлер менен беттешкен. Мындай күчтү жолуктура элек болуучу. Эси оой түшүп, чаңдан тура албай жатса келип:

- Өктөң калса кайра сайышалы! - деди.

- Жок баатыр мен жеңилдим! - деген экен. Ошондо Жамангара:

- Сенин баатырлыгыңды дагы сынайын. Колуңду тоз! Чекенденин күлүн өчүрүп назбай ийлейли! - дешет. Оттук чагып, чекендени күйгүзүп, күлүн Төрөгелди колуна тосот. Чокко моюбай, колун тартып албастан чыдап туруп берүү эмне деген эрдик. Баатырлар бирин-бири кыя алышкан эмес. Сый-урмат көрсөтүшкөн. Сөздөрү эки болбогон. Чындыктан тайбаган. Жалганчыны жаман көрүшкөн. Актык үчүн ажалдан башын кайра тартышкан эмес.

[М 109]

**Молдо Кылыч**

Темирдин тукумдарын таратып жатып Молдо Кылыч жөнүндө бир эки ооз сөз айтпай кетсек болбос. Молдо Кылыч тарых күүсүндөгү инсан. Өткөн жолу Тынымсейиттин уругун таратып жатып, Буйлаштын уулу кадимки Арстанбек жөнүндө өзүнчө токтолуп жакшы маалымат бербей кеткенимден окурмандар тарабынан бир нече өтүнүч каттарды алган элек. Ошол элдин мүдөөсү эске алынып, санжыранын китеп болуп чыга турган бөлүмүнө колдогу маалыматтарды пайдаланып, Арстанбек акын жөнүндө билишибизче киргиздик. Ошондон баштап тарых күүсүндөгү инсандарга атайын токтолууга туура келди. Ооба, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жөнүндө адабиятчылар көп изилдешкен. Биз мектепте окуп жүргөндө алар тууралуу окуу китептери чыкканы эсимде. Кийин буларды жазып чыккандар айыпталып, чуулгандуу иштер болгону белгилүү.

Молдо Кылычтын кайсы жылы туулуп, кайсыл жылы өлгөнүнө токтолбой эле коёлу. Алар санжыра түрүндө эмес, илимий түрүндө изилденген.

Менин колумдагы маалыматтарга карганда бул киши жазма акын болгон. Ал өзү жөнүндө:

«Молдо Кылыч менин атым,
Болжолу жок санатым.
Чахар китепти чала окуп,
Чала чыккан сабатым.
Жүрө-жүрө ачылган,
Катка жазган абазым!» дейт.

Бул улуу адамдын ырларын окуп олтуруп анын акындык дареметинин ушунчалык күчтүү жана көркөмдүк жактан жогору экенин көрүп таң калдым. Бала кезде анын «Будайыктын тою», «Жолбун ит» жөнүндөгү ырларын окуп, алардын айрымдарын жатка билүүчү элек. Анын тамсилдери кадимки эле турмушта кездешкен окуялар менен үндөшүп турат.

Менин өзүмдүн апам раматылык Аныйпа мындай деп эскертет. «Атабыз Өмүр малдуу-жандуу дөөлөттүү адам эле. Үйгө комузчу, ырчылар көп келээр эле. Бир жолу эл жайлоого чыгаар мезгилде үйгө Молдо Кылыч келип калды. Анда менин кыз кезим. Үйдүн ичи толтура ак сакал, көк сакалдар олтургандыктан биз ал кишинин ырын эшиктен уктук». Менин апам ыр жандуу жана зээндүү адам болгондуктан Молдо Кылычтын бир топ ырларын жатка айтаар эле. Мен дагы ошол апаман акындын көп ырларын үйрөнүп, кийин бир пайдасы тийип калабы деген ой менен кагаз бетине түшүрүп койгом.

«Жаман кыздын белгиси,
Тырмактары ороктой.
Үй-бүлөсүн жүдөтөт,
Жазгы келген коноктой.
Үйдөн-үйгө жүгүрүп,
Ушак айтат жомоктой!»

[М 110]
Атаганат! Замандын ошол мезгилдеги тардыгын карачы? Болбосо анын ырлары өз ордун таап, элдин колундагы казынага айланмак, бирок, ошентсе да эл ичинде мурас катары сакталган ырлары көп экендиги шексиз. Өзгөчө: «Насыят», «Зилзала», «Жокчулук», «Дүнүйө» ж.б. толуп жаткан ырлары сакталып калган. «Зилзаладагы» сүрөттөөлөр укмуш. Жердин силкинип термелгени, далай адам жылаңач чыккан экен чыдабай, үй жайына карабай. Короодо койлор чүчкүрүп, матоодо төөлөр бышкырып, уйлар өкүрүп, алаамат болгонун айтат. «Жер жарылып кеткени, далай жанды таш басып, жер көчкүнүн жүргөнү» окуп олтуруп үрөйүң учат. Боомдун капчыгайында кара алачык тигип бешикте балтыр бешик баласы бар беш эчкилүү бечара жашаган экен. Өгүздөй чоң таш кулап келип алачыкты аңтара салып, талкалап өтөт. Бешиктин быт-чыты чыгып таруудай талкаланат. «Талкаланды бешиги аман калды бечара, бешиктеги жаш бала» деген жерлери укмуш.

Атагы таш жарган баатырдын тукуму болсо да аябагандай эле жарды адам болгон эле дешет. Ал молдо болгону менен бала окутуп, медреседе олтурган эмес экен. Өзүнүн жазган казалдарын жатка айтып эл аралап жүргөн дешет. Айрым маалыматтарга караганда көптөгөн кол жазмаларын Уфага жүктөп барган экен. Балким архивде да сакталып калышы ыктымал эле. Ырларынын канчасы жарык көрүп, канчасы басылбай калганы бизге белгисиз. Таза, беш убак намазын үзбөгөн сыпаа адам болгон дешет.

Эми Молдо Кылыч жана анын ырларын адабиятчылар илимий жактан изилдөө жүргүзүшөөр. Биз санжырага ушуларын гана кошуп кетели. Аз болсо да окурмандар кабардар болгону жакшы. Ушуну менен Абайылдадан тараган тукумдарды токтотолу. Алла Таала жар болуп, үрөн-бутактары өсүп, Абайылданын балдары өзүлөрүнчө: Шербото уулу, Нарбото уулу, Төрөгелди уулу, Шадыкан уулу ж.б. болуп таралат. Алардын барын таратып олтуруу мүмкүн эмес. Ар бир уруулар жазып алышар. Эми Темирдин Черикчиден башка үч уулуна токтололу.

**Кулуке**

Бул кишиден - Дүйшөналы, Осмонаалы деген гана эки баласы менде жазылуу экен. Тилекке каршы калган балдары жазылбай калыптыр. Булардын тукумдары Кулуке уулу деп аталышат. Булардан да бир нече эл бийлеген азаматтар чыккан. Тукумдарынын көбү көчүп барышып башка элдердин арасында бирин-сериндеп туруп калышкандары бар. Басымдуу көпчүлүгү Кочкордо турушат.

**Богочу**

Богочудан - Койбөрү, Бердибек, Кедей деген үч баласы болгон экен. Ушул үч атадан тарагандар өзүлөрүн «Богочу уулу» деп аташат. Буларды ичинен Бакы ажы деген дин адамы чыккан. Калп айтпаган төп адам эле дешет. Богочу уулунун ичинде Мүсүралы деген дагы бир мыкты киши болгон экен. Ушунчалык шайдоот, жүргөн-турганы тың адам экен. Жетимиш жашында жылкы кайтарып, азоолорду жигиттерден үйрөткөндүгүн көргөндөр аңыз кылышканын айтышат.[53]

[M 111]

**Назар**

Назардан – Байменде, Өзүбек, Кадыбай. Мендеги маалымат боюнча ушул гана үч уулу жазылган. Калгандары белгисиз. Осмонаалы Сыдык уулунун китебинен да жарытылуу эч нерсе таба алганым жок. Башка санжырачылар өтө эле чаташтырып, биринин баласын бирине ыйгарган же атасын-баласы кылып так эмес маалымат беришиптир. Ошондуктан бул бөлүмдү жазууда көбүнчө азыркы санжырачылардын мыктысы жазуучулар союзунун мүчөсү Ырыскул уулу Сардарбектин маалыматына таяндым. Бул тукумдар да «Назар уулу» деп аталышкан көп эл. Сардарбектин маалыматында Богочу, Кулуке, Черикчинин тукумдары энесинин аты менен «Ак Көз» уулу деп аталышканын уктум. Буга караганда Назар бир энеденби деген суроо туулат. Эми аны толук билгендер

[53] Satz fehlt in Bıškek Šamï (11.-13. November 1992). Nach Mahabat Sadyrbek (Mail 19. Juli 2011) dialektale(?) Morphologie, richtig wäre: *Жетимиш жашында жылкы кайтарып, азоолорду жигиттерге үйрөткөндүгүн көргөндөр аңыз кылышканын айтышат.*

тактоо жүргүзүшүп, же мага, же редакцияга кабарлап коюшаар деген үмүттөбүз.

Эми Үчүкенин Мааматкул деген баласынан тарагандарды ушуну менен токтотолу. Анткени негизгилери ушулар. Майда аталарга ажыратууга чама келген жок. Колдон келген күндө да аларды ажыратып олтуруп окурмандарды сериктирип алабыз. Эми Үчүкенин экинчи уулу Дөөлөттүн тукумун тараталы.

**Дөөлөткул (Дөөлөт)[54]**

Карыя санжырачылар Дөөлөткул касиеттүү мыкты адам болгон дешет. Эми бул жерден бир кызыктуу окуяны айта кетүүдөн мурда кайрадан, Үчүке, Түлкүнүн иниси Кудаян ханга токтоло кетели. Жогоруда биз Санчы сынчыга Кудаянга сындап баа бергенин айткан элек. Ошого бир аз кошумчалап айта кетели. Окурмандар таң калбасын. Демек биз барын эле Санчы сынчыга сындатып жатабыз. Атасын да, андан 300 жыл өтүп кеткенден кийин андан тараган тукумдарын деле бир эле кишиге сындата беребиз. Бул туура эмес. Санчы сынчы эмне өлбөс болуптурбу?[55] Качандыр бир учурда Санчы сынчы аттуу олуя адам болгондур. Ал өзүнүн мыкты сынчылыгы менен элдин эсинде сакталып калгандыр. Кийин эл ичинен чыккан олуя адамдар сынчы болушуп, мурунку адат боюнча Санчы сынчы аталып кете берген го деген ой туулат.

Санжырачы Жума уулу Абдыкадырдын айтуусуна караганда Санчы сынчы Тагай бийдин тушунда жашап өткөн адам болгон. Сынчылык касиет анын тукумдарына токтоп, колдогон ак коёну кийинки муундарына өтүп турган имиш. Ал сынчы тукумдары ата мурасы боюнча «Санчы сынчы» аталып келишет. Анын аягы Кудаян хан менен бүтөт. Кудаян хан жортуулда жүрүп Санчы сынчынын тукумунан чыккан  Кара Шүкүргө өзүн сындаттырат. Кара Шүкүр ханды сыноодон баш тартат. Акыры күч менен сындоого мажбурлайт. Ата болбостур! - дейт.

- Эми сени сындайын. Бирок менден сын кетет. Сенден сыр кетет. Экөөбүз тең ач бел, куу жолдо өлөбүз! - дептир.

[M 112]

Тайсалдабай сынды туура айткандыгы үчүн Кудаян чочуп кетип, сынчыны төшкө коюп жиберет. Кара Шүкүр сынчынын койнунан ак коён булт этип чыга

[54] Kenčiev verweist auf: Дөөлөткул ~ Дөөлөт ~ Дөөлөс (vgl. Дөөлөткул [M 31], Дөөлөт [M 87]).
[55] Fragepronomen *эмне* + Fragepartikel *–бу*.

качып тактанын алдына кире качат. Кудаяндын болсо койнунан алача моюн ителги шарп этип учуп чыгып түндүккө конот. Ошондо сынчы:

- Мына болбодуң эле. Менден сын кетти, сенден касиет кетти. Эми экөөбүз тең ач бел, куу жолдо өлмөк болдук. Сендеги даража эми Дөөлөстүн балдарына токтойт. Анын тукумунан көзү ачык олуя чыгат. Эки жакшы бир чыкпайт, бир жакшы үзүлбөйт, - деген экен. Муну мурда айтканбыз. Кошумчалаарыбыз ошондон кийин Дөөлөс тукумуна бирде Дөөлөс десе, бирде Дөөлөткул (Дөөлөт деп да айтып жатышат) ооп кеткен дешет. Жанагы сынчынын: «Эки жакшы жанаша чыкпайт, бир жакшы үзүлбөйт» дегени ошондон деп жүрүшөт.

Дөөлөстөн[56] - Карамурут, Надырбек, Бай, Аалы төрт уул. Карамуруттан - Ныяз уулу деген эл бар. Алар канча атага ажыраары бизге белгисиз. Ошондой эле Карамуруттан канча бала бар экени да белгисиз. Кеминде он бир санжырачылардын эмгектери менен таанышып, карап чыктым. «Ныяз уулунан» башка маалымат ала алганым жок. Аны ошол тукумдан тарагандар өзүлөрү кошуп коюшаар.

Надырбектен - Мусулман, Сыдык эки уул. Мусулмандан - Абуке, Сейит, Кубат үч уул. Эми ошол Абукеден - Абуке уулу тарайт. Сейиттен – Сейит уулу тарайт. Эми булардын ичинен Кубат уулунун таралышына токтоло кетели. Санжырачылар эмнегедир калгандарына токтолгон эмес. Ошондуктан он бир санжырачыныкы үндөшүп тургандыктан ошолордукуна эле басым жасайлы. Кубаттан - Бердибек. Андан - Абыл, Абын, Абылай, Асыранкул. Аалыдан - Аккулак уулу.

Байдан - Калыгул олуя. Ошол Калыгулдан - Күнтууган, Шыгай. Шыгайдан - кадимки Көбөгөн ажы. Күнтуугандан - Кененсары, Эжейсары. Эжейсарыдан - Усубалы, андан - Турдакун.

### Калыгул олуя баяны

Уюткулуу кыргыз элинин ичинен Алла Таалам бешенесине бак берип, айтканы-айткандай келген олуя адамдары болгон. Мына ошолордун бири кадимки Калыгул бабаңар! Бешикте кезинде эле анын теребелине нур төгүлүп, башында

---
[56] Дөөлөс ~ Дөөлөткул ~ Дөөлөт.

шам күйүп турганын байкашкан экен. Оң жак жаагында калы болгондуктан ырымдап ага Калыгул деп ат коюшкан экен. Ал «Калдуу Кул» деген маанини билгизет. Бул олуя адамдын бүтүндөй доору жоокерчилик заманга туш келди. Ал кыргызга кыргын салууга келген жунгар баскынчыларынын адамдын жүрөгүн титиреткен мыкаачылыктарын укту, чет чебирин өз көзү менен көрдү. Ич ара барымтачыл уруу чабыштарын, таланган малды, кызыл уук болуп чабылган элди көрүп кабыргасы кайышты. Айрыкча ал Ормон ханга көп акыл айтып, көмөк көрсөткөн адам эле дешет.

[М 113]
Телмирип дөңгө олтуруп, кыялга чөмүп, көзүнөн жаш кылгырып, элдин келечегине кабыргасы кайышып, оң ийнин карап кеңешип куюлуштуруп сүйлөп олтурчу экен.
«Заман акыр болоор,
Жер такыр болоор.
Тегиз жерге тегирмен жүрөөр,
Тексиз жерден бий чыгаар!
Тоо токол болоор,
Токол байбиче болоор.
Уй пул болоор,
Кул бий болоор.
Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялаар.
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалаар!
Жылкы этинен жыт кетет,
Туздан татык кетет.
Кыздан кылык кетет,
Келинден уяттык кетет.
Теңирин таанybаган тентеги болот,
Кошоматка кой сойгон элпеги болот.
Этеги кыска жеңи жок чапан чыгат,
Атасынан баласы тапан чыгат.
Коңкогой мурун көзү көк,
Сүйлөй берсе сөзү көп.
Колоңсолуу коңур жыттуу орус келет,

Жер суудан ажыратып,
Тоо таштан конуш берет.
Оо эл журт!
Ата конушу Ала-Тоодон,
Ырыстуу жер Ысык-Көлдөн ажырабагыла!» деген дешет.

Кайран олуянын далай нуска сөздөрү кагаз бетине түшпөй көбү унутулуп кетти. Бул кишинин осуяттарын жатка билишкен куйма кулак карыяларыбыз да жок болуп кетишти. Бул акылман алтын жаак - жез таңдай адамдын насыят катарында айткандары да укмуш.

«Туура бийде тууган жок,
Тууганду бийде ыйман жок!»

Карачы бул эмне деген керемет сөз! Өз тууганына тартпай туура сүйлөсө аны туугандары жаман көрүшөт. Тескерисинче өз тууганына тартып, ыйманын сатып турса ал да жаман. Ал киши мына ошолорду таамай айткан.

«Таза болсоң суудай бол,
Кирди жууп кетирген.
Балбан болсоң жердей бол,
Баарын чыдап көтөргөн!»

[М 114]

Бул кишинин айтып кеткен сөздөрү бүтүндөй акыл-насаат болгон. Эл оозунда айтылып келген мейли лакап, мейли макал болсун бүтүндөй ушул бабабыздын чыныгы философиясынан жаралган. Калыгул бабабыз жөнүндө илимпоздор, изилдөөчүлөр көптөгөн жакшы маалыматтарды берип, калк казынасын байытат го деген ойдобуз.

Эмесе Алла Таалам жар болуп, байыркы өткөн аталардын арбагы колдосун. Алардын арбагына багыштап дуба окуп, ошону менен Үчүкенин тукумдарынан тараган уруктарды аяктайлы. Бизде дагы алдыда тарата элек көптөгөн аталардын тукумдары жатат. Ал түгүл Тогордун тукумуна дагы келе элекпиз. Алла Таала жар болсо аларга да кезек келмекчи.

Үчүкенин үчүнчү уулун бирөөлөр Карамурут деп атаса, экинчиси Орго деп беришет. Мунун кимиси туура, кимиси төгүл экени бизге белгисиз. Ошондой эле бул адамдан тараган тукумдар да бизге белгисиз. Балким билгендер да бардыр?

## Түлкүнүн тукумдары

Түлкү  баатыр тууралуу маалыматты колдон келишинче айтып өткөн элек. Түлкүнүн энеси келинин кетирип жатканда Күмүшай (Деркен) ыйлап туруп: «Үчүкенин үч уулу үч Үчүке болоор! Менин байкуш жалгыз Тынайым аларга кор болоор» деп көз жашын көлдөтүп, бешиктеги жалгыз уулу Тынайдын бетинен өөп, бешенесинен сүйүп кала берген эле. Бул кайгылуу ажырашуу жүрөктү сыздатып, ыйдын «ылаңына» капталтпай койгон жок. Безилдеп ыйлап бешикте бала калды, айдай жүзүн жаш чайып, кан жутуп какшап эне кетти. Сүйүктүү жарынан ажырап баатыр калды.

Баса ушул жерден бир айта кете турган сөз бар. Түлкүнүн келинчегин биз жогоруда Күмүшай деп эле берип кеткен элек. Ооба, негизи анын кыз кезиндеги азан чакырып койгон аты Күмүшай. Кийин Сарысейитке келин болуп келгенде ага кайненеси «Деркен» деп ат койгон. «Деркен» деген калмактын сөзү. Ал бизче «Башбербес» дегенди билдирет дешет. Келин менен кайнененин ортосундагы тымызын касташуудан келип чыккан. Асылган оору алмайынча тынбайт деп акыры кетирип тынды.

Тагдырдын буйругу ошол экен. Тынай томолок жетим калып, чоң ата-чоң энесинин колунда өстү. Үчүкенин үч баласы да атадан жетим калган эле. Бирок алар энелүү жетим болушту. Эл оозунда: «Энелүү жетим-эрке жетим» деп бекеринен айтылбаса керек. Карындары ток, кийимдери бүтүн болду. Булар чоң атасынын колунда бирге чоңоюшту. Төртөөнө тең энчи бөлүп берип үйлөнтүп, жайланткандан кийин карылыгы жетип, Сарысейит да көз жумду. Тынай баарынан кичүү эле. Ага оңойлук менен тес[57] тийе койгон жок. Дайыма улуу агалары ага үстөмдүк кылышкан күндөрү болду. Энеси Күмүшайдын айтканы туура келген деп жүрүшөт.

[M 115]

Анын үстүнө эл башына күн түшүп, калмак баскынчылары отурукташкан калк болбосо да көчмөндөрү Анжиян тарапка сүрүлүүгө аргасыз кылышкан. «Казак ачкалыгынан кайың саап, кыргыз Гизарга чейин сүрүлгөн». Ошол калабалуу кандуу жылдарда Тынай агаларынан же тактап айтканда Үчүкенин үч уулунан бөлүнүп чыкты. Тынай ушул эле Чүйдөгү Окторкой жайлоосунда турганда анын жылкысын Үчүкенин балдары айдап алышты. Бирок Тынай ага кабагым-кашым деген жок. Тууган кылып Жетиген уруусун, Азык уруусунун теңин, Токонун балдарынан Өсүк, Абыланын тукумдарын өз бооруна тартып, жөө-

---

[57] *Тес ~ дес* ‚Kraft, Stärke'.

жалаңдап Анжиянга сүрүлүштү. Айрым Беккожо сыяктуу санжырачылардын айтуусуна караганда «Жөө Тынай» деген атка ошондо конгон экен. Тынай тың жана баатыр, туура сүйлөп, калыс жүргөндүктөн тууган ичинде кадыр-баркы жогорулаган. Кырк жигит күткөн адам болгон.

Тынайдан - Атаке, Сатыбалды, [Соргор][58], Огол деген төрт баласы болуптур. Эми биз буларды ирээти менен таратып көрөлү.

**Атаке баатыр баяны**

Санжырачы Айткожонун айтымына караганда Атаке жышаналуу бала болуп төрөлгөн экен. Үстүңкү ээрди[59] тилип койгондой «жырык» эле дешет. Ошондуктан аны «Атаке жырык» деп аташчу дейт. Бекназар санжырачы аны башкача кылып айтат. Бала төрөлгөндө анын жалаң эле үстүңкү ээрди жырык болбостон анын таңдайы да жок болгон дешет. Ошондуктан Тынайдын аялы мындай таңдайы жок төрөлгөн баласын көрүп, «Кош-Көл» деген жердеги бир белеске алып барып таштаттырат. Ошол кезде Тынай өзүнүн жигиттери менен «Сарыбелес»[60] тараптан жолоочулап келе жаткан экен. Баланын белге алып барып ташталганына үч күнчө убакыт болуп калса керек. Ит куш жесин же бирөөлөр таап алсын деп ниет кылышса керек. Бала бешикке таңылуу. Бир көк жал канчык карышкыр үч күндөн бери эмизип турган экен. Тынай жигиттери менен келе жатканда карышкыр төш таяна берет. Караса баланын ууртунан сүт агып калган экен. Келип түшө калып баласын ала коюп, бешенесинен сылап жыттап, сүйүнүп үйүнө алып келет. Кесир чайкаган байбичесин атчан эшигинин алдына келип атынан чакырат. Күйөөсүнүн үнүн угуп шашып эшикке чыга калган аялын камчы менен тартып, тартып жиберип баланы колуна карматкан экен. Ай туякка ак боз бээ чалып түлөө өткөрүп, баланы ардактап багышат. Атакенин балалык доору да калмак баскынчыларынын учуруна туура келди. Ал эр жүрөк баатыр адам болгон. Дайыма бетине парда тартып жүрүүчү дешет. Шыбырап жай сүйлөөчү экен. Сөзүн аялы түшүнүп, башкаларга которуп айтып берген. Тынай кайтыш болуп, сөөгү Азирети Айюпка коюлган дешет. Айрымдары Тынайдын сөөгү Арстанбапта дешет.

---

[58] Name fehlt. Vgl. [M 117], hiernach von mir vervollständigt. Ebenso Biškek Šamï 18.-20. November 1992: “...*үч баласы*...”, weiter unten jedoch gibt die Zeitung die vier Namen an.
[59] *Ээрди ~ эрин*.
[60] *Сарыбелес ~ Сары-Белес*.

Атасы Тынайдын ордун Атаке баатыр баскан. Анын айлы ушул убакка чейин «Атаке сарбагыш» деп аталып келе жатат.

[M 116]
Түштүктө «Куба-Сай» деген жерде «Атаке арык» деген арык бар. Кыргыздар түштүккө сүрүлгөндө ошол бир жерге суу чыгарып, буудай айдашса керек.

1748-жылы кыргыздардын бириккен аскери Цеван Жорчунун кыркка жакын замбирек менен куралданган күчтүү аскерин талкалаганда ошол салгылашууга катышкан кыргыз уруу башчыларынын ичинде Атаке баатыр да жүрөт. Бул сейрек кездешүүчү документ Жума уулу Абдыкадырдын чоң аталарынын жазып кеткен санжыра мурасынан табылды. Абдыкадыр өзү 98 жашка чыгып дүйнөдөн кайткан. Мындай маалымат бир нече санжырачылардын эмгектеринен да табылды. Ошол санжыраларды салыштырып олтуруп, Цеван Жорчуну жеңип чыгышкан төмөнкү уруу башчыларын учураттым: Саяктан - Качыке, Жанболот, Берди. Бугудан - Шапак бий менен Бирназар. Сарбагыштан - Атаке, Эсенгул. Бостумактан - Ташыбек бий деп жүрөт. Санжыра кайра жаңыртып көчүрүлөн. Ошентсе да аябай эскилиги жетип саргарып эзилип араң турат. Арабча билген молдолордун, тактап айтканда Абылгазы Токтогул уулунун жардамы менен калыбына араң келтирдик. Балким «бостумак» эмес Бостон уруусу да болушу мүмкүн. Мындан башка Кытай уруусунан Муса бий, Саруудан Сейит баатыр катышкан. Бул жеңилүү жунгарларга урулган катуу соккулардын бири болду. Андан мурун эле 1745-жылы кыргыздардын бириккен күчтөрү калмак кол башчылары Септана, Хометена деген аскер башчыларын талкалашып, он миңге жакын жунгар аскерлеринин опот болгону санжырачылардын көпчүлүк эмгектеринде баяндалат. Мына ошол кыргыз элинин башынан өткөргөн оор кырдаалда Кушчу уруусунан чыккан Кубатбек бийдин даңкы санжырада толук көрсөтүлөт. Ошол Кубатбек бийдин тушунда Атаке баатырдын эрдиктери эскерилет. Атаке чечкиндүү жана акылдуу аракеттери менен Кашкар тарапка жасалган жортуулда атагы чыккан. Андан көп узабай Лама Жорчунун да күчтүү аскерлерин кыргыздар талкалаган. Жалпысынан алганда жерден сүрүлгөнү гана болбосо эч убакта жунгарларга багынып беришкен эмес экен. Лама Жорчудан кийин калмактардын күчтүү мамлекети ыдырап майда бектерге бөлүнө баштады. Анын себебин санжырада мындай деп баяндайт: Кыргыздар тарабынан өлгөн калмак кол башчысы Олоң-Байыр[61] деген сулуу кызы болгон экен. Аны калмак [н]оёндору талашып өз ара

[61] Kenčiev hier: *Оэлан Байыр*. Zugunsten der Einheitlichkeit verwende ich: *Олоң-Байыр* (vgl. [M 36]).

чабышып калышат. Чатак барган сайын ырбап, жунгарлар катуу кыйынчылыктарга дуушарланышат. Мындай учурда күч бирдикте болбогон соң ата мекенин бошотууга аттанышкан кыргыздарга туруштук бере алышпады. Ошону үчүн алар жеңилүүгө дуушарланып, мурун басып алышкан жерлеринен батышты карай сүрүлүштү. Экинчи дагы бир жагы кытай төбөлдөрү эң бир мыкаачылык менен калмактарды кыра баштаган. Жунгарлар эки оттун ортосунда калышкан. Атаке баатыр Солто туугандары менен бирдикте Сары Өзөн Чүйдү бошотууга катышты. Айрыкча ал Жамансарт баатыр менен бирдикте жасаган жортуулдары санжырада баса көрсөтүлөт. Ошентип Чүйгө 1749-50-жылдары кайтып келишкен. Кыргыздар жаңы гана телчигип келе жатканда эми Кокон хандыгы басып кире баштады. Ушул учурда эл талашып, эки бир туугандын балдары Эсенгул менен Атакенин ортосунда эрестешүү башталды.

[М 117]
Басып кирген жоого такаат кыла алышкан жок. «Бир мусулмандын балдары, Түрк атанын балдарыбыз» дешип туруп беришти. Миң тукумунан чыккан Шахрух бийдин балдары Алимден баштап хандык даражага көтөрүлүшкөн эле. Ташкендин бегинин жетекчилиги астында он миңден ашык сарбаздар Чүйдү басып келишти. Солто эли карап беришти. Ошондой эле тогуздап тартуу тартып Эсенгул да Кокон хандыгына өз кызматташтыгын билдирди. Атаке болсо өзүнүн эли менен Каркырадан нары өтүп кетти. Мындай учурда башка бир күчтүү мамлекеттен жардам сураш керек эле. Аны акылдуу Атаке түшүндү. Ага курал-жарак керек эле. Кыргыз элин бириктирип, аны Европанын бат атаар мылтыктары, замбиректери менен өз жигиттерин куралдандырмак болгон. Ошону үчүн ал 1784-жылы өзүнүн элчилерин санжырада айткандай орустун «катын падышасына» жиберди. Элчиге баргандары санжырада Аб[д]ырахман жана Шергазы деген адамдар экенин айтышат. Бегалы санжырачынын маалыматына караганда белекке үч илбирстин, беш сүлөөсүндүн терисин алып барган экен. Дагы бир санжырада оруска элчиликке Аб[д]ырахман менен Шергазынын жетекчилиги менен беш киши барганы айтылат. Элчилер туура бир жылда жетишкен. Азыркы тарыхчылар айткандай «Оруска букара» болуш үчүн эмес, соода-сатык иштерин жүргүзүш үчүн, курал сатып алыш үчүн шарттама түзүү үчүн барышкан экен. Екатерина 2-чи 800 сом күмүш акча берген экен. Баргандар кайра келе жатканда ногой көпөсүнүн чагымы менен Омбуда кармалып, акыры кайтпай ооруп өлүшөт. Мына Атаке

баатырдын максаты башка болгон. Кытайлар: «Буруттарды жунгарлардын күчөп турган мезгилинде да багынта алышкан жок» дегендей Атаке эч кимге багынган жок.

Атакеден - Солтоной, Абылай, Байшүкүр, Жанкиши, Карабек, Таштанбек, Сарытай жети уулу болгон экен. Эми биз бул жерден башынан келе жаткан санжыра тартиби боюнча биринчи Атакенин тукумун таратып бүтүп, анан ирети боюнча Тынайдын калган балдары Сатыбалды, Соргор (Сокур), Огол (Мурадил) деген балдарына токтолобуз. Эскерте кете турганыбыз Сокур менен Мурадилдин аттары Осмонаалы Сыдык уулунда бирөөнүкү Соргор, бирөөнүкү Огол болуп өзгөргөн. Негизинен арабчадан которгондо кетирилген каталар болсо керек. Эми:

Солтонойдон - Кудайменде, Тайлак, Кулатай, Жамбай, Жансары, Кулсары алты уулу болгон экен. Булар негизинен ушул азыр «Алты уул» аталышат. Кудаймендеден - Хана, Шаа, Сопубек үч балсы болгон. Эми: Тайлактан - Бабакан. Бабакандан - Турдубай, Нурбай, Осой. Кулатайдан - Чөкө. Жамбайдан - Дөөлөт. Жансарыдан - Кулуке. Кулсарыдан - Ормон, Балпык. Эми Солтонойдун тукумун ушуну менен токтотолу. Бул кезде алар да бир нече атага тарап, бутакташып кеткен.

[М 118]
Атакенин экинчи уулу Абылайдан - Жангарач. Андан - Бегаалы, Баа, Субан, Төлө.
Таштанбектен - Таштанбек уулу деген бир нече атага бөлүнүшөт. Сейитказы, Чыңгыш деген тукумдары болгон. Чыңгыштан - Кудаяр, Балкыбек, Мырзабай. Мырзабайдан - Кулмамат. Дагы бир уулу - Касым. Эми Кудаярдан - Сооронбай. Андан - Дүр. Сооронбай учурунда эл бийлеп чыккан адам болгон. Баласы Дүрдү орусча Верный (Алмата) шаарынан окуткан. Дүр дагы мыкты адам болгон экен. Мектеп салдырып, андан балдарды орусча окутууга үндөгөн адам. Анын салдырган мектеби «Сайлык» айылында ушул азыр да турат.
Сарытайдан - Жантели, Байтели, Ажыбай, Калча деген төрт уулу болгон. Жантелиден - Серкебай. Байтелиден - Саке. Сакеден-Өмүралы. Ажыбайдан - Эркимбай, Оогомбай. Андан - Омор.
Карабектен - Жантай, Телтай, Молтой. Мында бир айта кете турган сөз Кокондуктар басып киргенде Эсенгул аларга 18 орошон күлүк ат

тартуулаганын Атаке болсо Каркыра тарапка көчүп кеткенин жогоруда айткан элек. Карабектин күмбөзү ошол Кеген тарапта турат. Аны Чокон Валихановдун эмгектеринен окуп койсоңуздар сиздерге түшүнүктүү болгону турат. Эмесе Жантай жана Мөөркан тууралуу чаташтырылган туура эмес сөздөр айтылып жүрөт. Колдогу маалыматтарга таянып, Жантай, Ак Мөөр, Шабдан, Баяке тууралуу чындыкты айта кетели. Окурмандар аны туура түшүнүшкөнү дурус. Кийинки жазуучуларыбыз айрым учурларда Жантайды элге канкор начар адам катары көргөзүп жатышат. Болгонун болгондой кылып берүү биз сыяктуу санжырачылардын ыйык милдети. Бирок ушул менин санжырамдан да мүчүлүштүктөр кетип калышы ыктымал. Бул тарых күүсүндөгү инсандар жөнүндө кимдерден кандай маалымат алгандыгым жөнүндө баяндай кетишим керек. Ак Мөөр тууралуу маалыматты саяктын Чоро элинен чыккан мыкты санжырачылардан жана ошол Адылдын өзүнүн тукумдарынан алдым. Кинодо көрсөтүлгөндөй Адыл жарды, кедей адам болбостон кыйла даражадагы дөөлөтү бар бай адам болгон экен. Мөөрдөн өзүнүн энеси Маржангүл ашкан сулуу адам болуптур. Булар жөнүндөгү толук маалыматты ушул санжыранын Ак Мөөр бөлүмүндө баяндай кетмекчибиз.

Жантай жөнүндөгү маалыматты көпчүлүк эле санжырачылардан жыйнадым. Ошондой эле далай сонун кепкор адамдардан уктум. Бул кишини айрыкча тоталитардык мезгилде жазмачыларыбыз тим эле «көркоо» мыкаачы адам катары көрсөтүшкөндөрүн окуп да, көрүп да келдик. Бирөөлөрдү ашкере мактап, бирөөлөрдү ашкере жамандоого акыбыз жок. Тарыхта кандай орду болсо нака ошондой кылып бергенибиз дурус. Ак Мөөр жана Жантай жөнүндөгү кашкайган чындыкты 1964-жылы «Калмак-Ашуу» тилкесинде геологиялык чалгындоо жумуштарын жүргүзүп жүрүп Токкожо уулу Тентимиштен жазып алгам. Ал киши өзү өмүр бою Жантайдын уулу, Мөөркан өзү төрөгөн Муңайтпаста чайчы болуп келген экен. Анын атасы Токкожо Жантайдын чайчысы болгон экен.

[М 119]
Андан Тентимиш карыя кыйла молдолугу бар адам болгондуктан бардык окуяларды кагаз бетине түшүргөн. Анда айы, жылы бардыгы турат. Демек аралашып өз көзү менен көргөн адам. Ушул маалыматтарды кадырман агабыз Кыргыз эл акыны Абдырасул Токтомушов да жазып алган экен. Ал кишинин 1974-жылы «Кыргызстан басмасынан» жарык көргөн «Ак Мөөр» аттуу китебинен дагы окуп толуктадым.

Колдогу маалыматтарга караганда Жантай 1795-жылы төрөлүп, 1868-жылы 73 жашында дүйнөдөн кайткан экен. Эми ушул жерде бир чоң айырма бар. Ал Абылай хандын чабуулу менен тыгыз байланышат.

Чокон Валихановдун 1953-жылы Алма-Ата шаарынан жарык көргөн «Тандалма чыгармаларынын» 261-бетинде «Кыргыз архитектурасы» жөнүндө сөз козгоп келип, Атакенин уулу Карабектин Абылай хандын Сарбагыштарга кол салуусунда өлгөнүн, ага салынган Челектин ичиндеги Шатыга жакын жерде күмбөзү турганын баяндайт. Аны айрым санжырачылар жана окумуштуу эле тарыхчылар 1770-жылы болгон Чүй өрөөнүндө болгон Ак-Суу менен Кыз-Туубас деген жердин ортосундагы салгылашуу менен чаташтырышат. Эгер Карабек 1770-жылы Жайыл баатыр менен бирге өлсө анда Жантай төрөлбөй калмак. Жантай хан 1795-жылы төрөлүп жатат. Мына ошону эске алып, Абылай хандын үчүнчү жолку кол салышын туура түшүнүшүбүз керек. Ал «Кеген салгылашуусу» деп аталат. Мына ошону эскерте кеткеним оң. Жантай жашынан эле тың, чыйрак чыккан экен. Жаш кезинен эле жигит күтүп, элге аралашып, калыс сөзүн сүйлөп кадыр-баркка ээ боло баштаган. Ал жөнүндө Медет датка:

- Түсү ийгиден түңүлбө. Карабектин Жантайы калкка тутка болуучу уул экен! - деп айткан экен. Жантайдын андай тирикараак, өтүмдүү экенин атасы менен бир тууган Таштанбек да байкап жүргөн. Карабектин ашы берилип ага оң менен сол, казак, Кашкар эли да чакырылат. Ошондо Таштанбек ак боз бээ сойдуруп, ак кийизге салып: - Жантай хан, Жантай хан! - деп жар салдырып, элди үч айланта көтөрүп, камдап койгон кымкап чепкенди кийгизип, хан көтөргөн. Ашка келишкен эл: «Карабектин Жантайы хан көтөрүлдү» деп кетишти. Жантай ошентип эки тизгин бир чылбырды колго алды. Эми чындыкты айталы. Жантай ордо күтүп, өкүм чыгарып, мамлекет курдубу? Жок! «Хан» деп аталган менен анын бийлигин жалаң гана тынай, алар менен катарлаш же аралаш жашаган майда уруулар тааныды. Кыскасы өзүнүн чөйрөсүн башкарды. Аты эле хан деп айтылганы менен мамлекеттик иштерден алыс болду. Ошол мезгилдеги кырдаалга жараша болду. Ачуусу келип өчөшкөн урууларды чаап алган учурлары болду. Кудурети күчтүү урууларга батына алган жок. Алар менен алакасын кудалашуу жолу менен жүргүздү. Тарыхчылар да, санжырачылар да ага караганда Ормондун бийлиги кыйла жогору болгонунун айтышат. Сарбагыш ичиндеги ири манап болгон десек жаңылбайбыз.

[М 120]
Аң терилери, малдын териси, жип-шуу, ала кийиз ж.б. буюмдарды атайын кербен менен Омбуга жөнөтүп, ал жактан булгаары, соку кант, чай, темир-тезек алдырып келип турган. Кытай тарапка да атайын өзүнүн соода өкүлдөрүн кармап турган. Ал жакка да бир жылда эки жолу кербен жөнөтчү дешет.

Эми Жантайдын алты аялы болгон экен.

1. Биринчи аялы Таберик байбиче. Сарбагыш Токонун Өсүк деген баласы болгонун жогоруда айтып кеткен элек. Ошол Өсүктөн «Ак Кийиз» деген урук тарайт. Таберик байбиче ошолордун бир мыктысынын кызы болгон экен. Ошого кудалап Жантайга алып беришет. Таберик байбичеден - Мырзаалы, Чапай, Тынаалы.

2. Экинчи аялы Туруке байбиче. Ысык-Көлдүк бапалардын кызы болгон экен. Калыңына Каркыра тараптагы казактардан жылкы тийип келип берип алган экен. Турукеден - Исабек, Ысак деген эки бала.

3. Үчүнчү аялы Курма. Кара-Булактык кытай уруусунан чыккан Үйсүн дегендин кызы болуптур. Көзү карагаттай болгон келишимдүү сулуу келин болгон экен. Ал кезде байлардын жана бек-хандардын аялдары ар бири ар башка жашашкан. Ар биринин жумшаган кулу, күңү, жылкычысы, койчусу болгон. Жантай түн катып келе жатып Курмага конуп кетиш үчүн кайрылат. Кыязы бир алыс тараптан жолоочулап келе жатышса керек. Ал кезде үйүндө күйөөсү жок баатырлардын үйү дайыма шам күйүп жарык болуп турчу дешет. Жантай үйгө кайрылса күйгөн шам өчүп калган. Алда немеден шек алган Жантай токтобой өтүп кете берет. Кыязы кокус мейманы болсо жолугушуп калбайын дегени болсо керек. Бирок аны сыр кылып жанында жүргөн Саза баатырга айтып коёт.

- Эки жолу Курмага түнөп кетейин деп кайрылсам шамы өчүп калыптыр, - деп астейдил жөн эле айтып коёт. Жантайдын Саза, Баян, Келдике ж.б. «баш кандоочу» тартынбаган мыкты баатыр жан-жөөкөрлөрү болгон экен. Жанагинтип бир күнү сырын Сазага айтат. Саза аны өз сөзү кылып Баянга айтат. «Байкагылачы Курманын түнкүсүн шамы өчүп калат имиш!». Ошол кезде Баяке Шабданга келип калган учуру болгон экен. Эрдикке машыктырып жүргөн Баян аны Баякеге айтат. Баяке аны аңдып калган экен.

Колунан көөрү төгүлгөн ошол тынайлардын ичинде кытай уруусунан чыккан Төлөгөн деген уста болуптур. Ошол уста тоо текенин мүйүзүнөн сонун кылып коздоп токмок жасаган экен. Чокмордун айрым жерлерине коргошун

чегелейт. Айрым жерлерине күмүш чегелейт. Сабын да ушунчалык кооз кылып, күмүш чаптырып, имерип карап эле отургандай кылат. Чокморду жасап бүтүп аны Жантайга сый кылып алып келет. Бечара кедей тартуу тартып сый көрөм, өтөлгөсүнө мал алам деген үмүт менен келсе керек.

[M 121]

- Ханым, даражаңыз мындан да жогорулап, мал-жаныңыз дүркүрөп өссүн! Ушул менин биринчи тырмак астым эле. Ырымдап желеңиздин казыгын чаап коюп туруңуз! Сизге тартуулап келдим! - дейт.

- Тырмак астыңды мен алып койсом жакшы эле болот! - деп устага эч неме берген эмес экен.

Түндүн бир оокуму. Ай караңгы. Эликтин мойногунан жасалган кайыш боосу бар жанагы кооз токмокту койнуна катып, Баяке буктурмада. Эки көзү Курманын үйүндө. Азырынча шам балбылдап күйүп турат. Айлана тыптынч мемиреп, жел да сокпой үп болуп турду. Алда кимдин махабатын жашыргансып, түндүн кара пардасы жер бетине иңирт себет. Бечара Курма да уктабай сыртка кулагын түрөт. Жүрөгү алеп- желеп болуп алда немеден кооптонгонсуйт. Минут жылга айлангансып, убакыт өтпөй жатты. Ушул эле тоскоол болуп жаткансып үлпүлдөгөн шамдын уяң жарыгын жек көрүү менен карады. Төшөгүнөн туруп босогонун жылчыгынан эшик тарапты карады. Жүрөгү шуу этип бүткөн бою дүркүрөй түштү. Наркы коргул таштуу кабакта Жантайдын жан жөкөрлөрү аңдып турган сыяктанды. Коркконго кош көрүнөт. Ал жакта коргошун чөгөрүлгөн салмактуу чокмордун сабынан кыса кармап, Баяке аңдып отурган. Анын максаты Курманын түңкү коногун кармап алып, канын төгүү. Бирок азырынча шек-шыбаа[62] билинген жок. Сыз жерге баса отурган оң буту уюп, жансыз чымырайт. Кеткиси да келди. Дагы бир аз турайын деди күбүрөп. Аңгыча тигил бет маңдайдагы бадалдан бир караан чыкты. Элеңдеп, эңиштей басып, түз эле Курманын үйүн көздөй басты.

- Мына, Курманын түнкү коногу! Атаа... Иттин ажалынын жеткенин карачы! -Жалаң өзү эмес бир нече кишилер курман болуп кетиши ыктымал.

Айылда кыз оюн болуп калды. Токтолдун кызынын кайындары Таластык саруулардан. Мына бүгүн тойлоп жаткандарына туура бир жумага жакын болуп калды. Жүз баштуу өргөөнүн бир капшыты толтура көгүчкөндөй кулпунган кыз-келиндер эле. Оюн кызып калган. Тоо жактан үч атчан жигиттер келишти. Чоордун үнү жаңырып, мукамдуу үнү теребелди термелтти.

---

[62] Kenčiev *шек шыпат*; Normsprache *шек-шыбаа* (~*шек-шыпаа*).

Короодогу койлор кепшегенин токтотуп, жайыттан тоюп келген уйлар да кулактарын тикчийтип, көздөрүн жайнатып мукамдуу чоор үнүнө кулак төшөөдө. Үйдүн ичиндеги кызуу бака-шака да саамга тым-тырс боло калды.

- Карагул!

- Карагул турбайбы! Түш дегиле, бир сабак ыр ырдап берсин!

Курма ошондо жүрөгүндө оту бар жайдары кызыл чийкил жигитти көрүп жактырып калган. Эл олтурган жерде да бул жигиттин шамдагайлыгын көп кеп кылышчу. Кандай гана азоо болсо да кулактап токтотуп, бат эле үйрөтүп коёр эле. Ошондуктан бул шамдагай жигитти Жантай өзүнө жылкычы кылып алган. Бирин-бири жактырган эки жаштын табышмактуу көз караштары жүрөккө сезим бергенин экөө тең түшүнүшкөн.

[М 122]

Бирок буларга ээн-эркин жолугушуп сүйлөшүү кайда? Хандын төшөгүн ыплас бирөөлөргө тепсетип коюшат деген ой менен ар бир аялдын артында аңдуучулар болгон. Аялдары отун алып, сууга барып, мал саап кара жумуш кылышкан эмес. Аларды кабакка барышса да артында кызматчы аялдар кошо жүрүшкөн. Карагул комуз чертип ырдай да коюп жүргөн экен. Кандайдыр бир ыгын таап Курма менен жолугушуп жүргөнүн айрымдар билишкен. Коркушуп аны Жантайга же анын жакын жан-жөөкөрлөрүнө айта алышкан эмес. Эгер Карагул менен Курманын жакындыгы билинип калса экөө тең эл алдында мууздалмак. Анысы аз келгенсип көзөмөлдөп жүрүшкөндөр да соо калмак эмес. Экөөнүн тең тууган уруктары чабылып, малы таланмак. Сүйүү экөөнү тең мына ушундай коркунучка да кайыл кылды. Тобокелге бел байлашты.

Карагул Курманын үйүнө кирип кеткенде «А Кудай берегөр!» деп Баяке ордунан турду. «Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт. Кудай кимисинин камын жейт» деп илгеркилер айткандай, бөдөнөдөй корголошкон эки жаш да кудайга сыйынышкан эле.

Эшикти шарт эттире жара тээп Баяке кирип барды. Тигил экөө жулмаланып өйдө тура калышты. Чокморун көтөрүп, Карагулду качырган Баякенин алдын Курма көкүрөгү менен тосту. Эмне болсо да көрө жаткысы келди. Курма: «Баары бүттү» деп ойлоого үлгүрдү. Ойношун калкалаган кара бет аялды ачуусу келген Баяке чокуга тартып жиберди. Аңгыча күчтүү жана жанталашкан жигит Баякени катуу түртүп, кол салууга чамаасын келтирбей эшикке атып чыкты. Баяке артынан кошо чыкты. Шамдагай жана ыкчам Карагул бат эле

караңгылыкка сиңип жок болду. Эт менен кымызга тойгон Баяке күшүлдөп тегеренип туруп калды. Бир топ жерлерге чейин барып Баяке кайтып келди.

- Тигил катынды төбөгө чапкандай болдум эле, эмне болду экен, деп демиккен Баяке үйгө кирди. Оозу мурдунан кан кеткен Курма өлүп жаткан экен. Башы жарылып кочкул кара кан сызылып чыгып жатыптыр. Тестийер кыз көзүнүн жашын көл кылып төшөгүнүн башында турган экен. Жаздыктын үстүндө жалаңдаган бычак туруптур. Кийин элге Баяке:

- Ойношуна болушкандыгы үчүн башка тартып жиберип, тигини кууп барып кайра келсем аял өлүп калыптыр. Жаздыктын үстүндөгү бычакты алып кыз мени сайып жиберет экен деп корктум. Кишиден корконум ошодур, - дечү эле дейт.

Эртеси Саза:

- Баатыр! Кудайдын кылганы экен! Түндө Курма кайтыш болду! - дептир.

- Шашкан экенсиңер! - деп койду дейт Жантай. Анысы тигинисин да кошо колго түшүрсөңөр болмок дегени болсо керек.

Атасы кытай уруусунан чыккан Үйсүн деген киши эле деп жогоруда айткан экем.

- Кызым киши колдуу болуп өлүптүр. Канкордон кун алам! - десе керек.

[М 123]
Анысын кошоматчылар Жантайга жеткиришкен экен. Ачуусу келген Жантай:

- Кунга эмне алат экен? Билгилечи! - дейт. Кошоматчылар «Жүз төө алам» деп жатат дешкен го? - Андай болсо төөмдү кайтарсын, - дейт Жантай.

- Ар бир төө үчтөн бутологондон кийин төртүнчүсү ошонуку.

Бул жетип турган тозок эле. Төө он эки ай көтөрөт. Үч жылда бир ботолойт. Анда тогуз жылда араң бир тайлак алмак. Төөлөрдү айдап барып Үйсүнгө тапшырган Жантайдын жигиттери: «Көзүңдү ач! Бир жакка качып кетем десеңиз бүтүн кытайдын айылы чабылат. Малы таланат. Келин-кыздарын койчу-жылкычыга алып берилет!» деп катуу зекиген экен. Ошентип байкуш Курманын атасы Үйсүн тирүүлөй тозокко түшкөнүн Абдырасул Токтомушев агабыз Тентимиштен оозмо-ооз жазып алган. Ошондуктан жалаң эле Жантайды мактабай анын өкүмдүк кылган жактарын да айта кетели. Ошол Курмадан бир кыз болуп, анысын Кулжа тараптагы бир байга бериптир.

4. Жантайдын төртүнчү аялы Баалы. Жумгалдык саяк. Курманкожо элинен чыккан чоң бай Шербектин Алишер деген уулунун кызы болгон. Аны жаңылыш Шербектин кызы деп жүрүшөт. Ал убакта жер ээн эле. Сөөк-тамырлап илгери

ар кай жерге барышып мал төлдөтүшөөр эле. Төрт түлүк мал ошол мезгилдеги көчмөн турмушка ылайык талаада эле төлдөгөн. Жайыттан төлдөгөн козулар бат эле телчигип, уузга тоюп, энесин короого ээрчип келген. Чүйдүн көгү Жумгалга караганда эрте чыгат. Төлдөгөн мал бат телчигет. Ошондуктан Шербек бай «Он бир жылгага» көчүп келген экен. Жантай хандын жигиттери: «Жумгалдан бир бай келиптир. Барып сүр жеп келебиз» дешип бир тобу аттанышат. Келгендер майы мөлтүрөгөн агарыңкы сүр эттерге тоюшат. Барганда Шербек бай жөнүндө кеп салып отурушуп, анын бойго жетип калган сулуу кызы бар экенин айтышат.

- Ушул кыз баатырга ылайык экен, - дешет. Аны Саза Жантайга айтат.

- Болуптур, көрөлү! - дешип жөнөп калышат. Салт боюнча айылга:

- Жантай хан келе жатат! - деген кабарды айттырышат. Шербек шашып калат. Үйүн оңдоп таза жерге тиктирип, жасалгалап жиберишет. Союга кысыр эмди семиз тайларды, торолуп калган куйруктуу козуларды даярдашат. Жантай жигиттери менен келип түшөт. Чай ичилгенден кийин:

- Кана жанагы кызыңар? Алып келгиле! - деген буйрукту берет. Сүрдөп уялган Баалы бир жеңеси менен үйгө кирип таазим кылып учурашат. Кызды көрүшүп, жактырган соң кетирип жиберет. Шербекти чакырып Саза сөз баштайт.

- Бай, мал оторлотуп биздин жерге келип калыпсыз. Малыңызды төлдөтө бериңиз. Эки жаман бир жайлоого чыкса кубалашып түшөт, эки жакшы бир жайлоого чыкса кудалашып түшөт, - деген экен. - Бойго жетип калган кызыңыз бар экен, кудалашалы. Баатыр күйөө балаңыз болсун, - дейт. Шербек безге сайгандай секирип кетет.

- Болбойт баатырлар. Кыздын кайны бар. Ак батасы, малы өтүп калган.

[M 124]

- Кайны ким? - деп сурашат. «Паланча саяктын мырзасы» деген го. Анда Жантайдын ачуусу келип алаканын укалады дейт. Бүтүм чыгарганда ошентчү экен.

- Саякта мындай катын кайда? Чакыр Аккашты - деп молдосун чакыртып нике кыйдырып салган экен. Түн калып көчө качат десе керек. Кегетинин сайынын наркы өйүзүндө «Баалы бейит» деп аталган калың мүрзө бар. Баалынын сөөгү ошол жерге коюлуп, кийин калың мүрзөгө айланган экен. Баалы жаш өлгөн дешет.

Баалыдан – Шабдан, Маамыт, Искендер деген үч уул төрөлөт.

5. Жантайдын бешинчи аялы Сейилда. Баалынын кара чечекей сиңдиси. Баалы өлгөндөн кийин аза бата кылып жеңесин ээрчип келет. Бул дагы мөлтүрөгөн кара торунун сулуусу болуптур.

- Эжесинен калган балдарды кимге кор кылмак элем! - деп калтырып алып калган экен.

Сейилдадан - Төрө, Ыйманаалы. Эки уул.

6. Алтынчы аялы кадимки Ак Мөөр. Мына эл ичинде ар кандай сөздөр бар. Мен Мөөр тууралуу жазылган баяндын жети вариянтын окуп көрдүм. Жалпы өзөгү бир болгон менен алар бири-биринен айрымаланат. Ошондой эле эл ичинде да ар кандай айтылып жүрөт. Ошондуктан Ак Мөөрдү жана Жантайды көрүп-билген адамдардын маалыматына таянып, чындыкты берүүгө аракет жасап жатабыз. Ак Мөөр менен Жантайдан тараган чөбөрө, кыбыралар ушул азыр 60 тан ашык. Алардын жана Ак Мөөрдүн өзүнүн төркүндөрү да бар. Алардан алынган маалыматтар окшош. Чындыкка жакын. Токкожо уулу Тентимиштин берген маалыматын ырастап турат. Алынган маалыматтарды чогултуп карап отуруп, Тентимиштин берген маалыматы чындык экендигине көзүбүз жеткендиктен ушул санжырага толук киргиздик. Балким жазуучуларга же тарыхчыларга кереги тийип калаар.

**Жантайдын саякатка аттанышы**

Айрым санжырачылар жана жазуучулар Ак Мөөр баянын улам түрлөнтүп олтурушуп, аны легендага айлантып жиберишкени байкалат. Чындыгында алар айткандай эмес. Аны көп жылдар бою жыйнаган маалыматтар аркылуу далилдесек болот. Жантай Соңкөлдө Ак Мөөр деген кыз бар экенин билген эмес. Ал жөн эле жер көрүп, эл көрүп келиш үчүн чыккан экен.

1848-жыл. Май айы аяктап, жаңы гана июнь айы жаңырган. Мал семирип, эл жайлоого нечак көчүп келип конушкан. «Ат семирип - нык болуп, эр семирип - бук болуп» турган учур эле. Жантай хан саякат кылып, жер көрүп келүүгө камданды. Ал Көк-Ойроктон чыгып, Кочкорду аралап, андан ары Соңкөлгө түшмөк. Куртка ашуусу аркылуу Нарын багытына эңкейип, андан Тогуз-Торого келип бир нече күн өрүүн кылып, Арпа жайлоосундагы Караколдун белин ашып Чоң Алайга бармак. Андан ары ашып Анжиян багытына барып, бир нече күн соода иштерин жүргүзүп, кайра Кетмен-Төбөгө келип, Беш-Ташты ашып Таласка түшүшмөк экен.

[M 125]
Анан Таластан бери Чүйгө келишмек. Бул жол маршрутун Токкожо оозмо-ооз өзүнүн уулу Тентимишке айтып, ал киши кагаз бетине түшүргөн. Жолго аябай камданышкан экен. Кулжа, теке аттырып, анын этин майда тууратып кургатышкан. Ага теңме-тең кылып жылкынын этин аралаштырган. Аны жаргылчакка тарттырган. Теңме-тең кылып эжигей курутту майдалап коштурган. Андан кийин ага дагы акталган тарууну жаргылчакка тарттырып кошкон. Бул байыркы ата-бабалар колго алган «Күл азык» деген тамак эле. Андан башка жүз элүүгө жакын адамга ченеп кытай чатырларын Кулжадан алдырган. Саза, Баян, Келдике баатырлар баш болгон жүз элүү кишини орустун бат атаар «барданке» мылтыгы менен куралдандырган. Андан башка кылыч, найза. Казан-аяк жүктөгөн кызматчылары болгон. Бул саякатка кызматчы катары жанагы Токкожо өзү катышкан.

Жантайлар шапар тээп, оюн-күлкү менен жөнөштү. Жолго «бөгөт болот» дешип аялзатынан эч кимди алышкан жок. Коно турган жерине күн мурун конок айттырып турду. «Кокуй, Жантай хан келе жатыптыр!» дешип эл дүрбөп кол куушуруп тосушту. Эл ичинде:
«Ормон чыкты октолуп,
Журттун баары козголуп.
Жантай чыкты жалтырап,
Калктын баары калтырап!» деген даңазалуу сөз калды. Сейил курган Жантай Соңкөлдүн ичине түштү. Көк тукабага көңтөргөн ак чынылардай болуп кереметтүү кыргыз көлүнүн жээгине үйлөр тигилип калган экен. Пай...пай... баракелде! Кол менен жасап койгондой коздугу ай. Айланасы килем жайгандай ар түрдүү түстөгү гүлгө чулганган тоолор. Көк шибери салкын желге жапырылып, буруксуган сонун жыт таноо жарат. Көл жээгиндеги түздүктөрдөн нары майда адырлардын бетегеси эжигейдей эзилип, көргөндүн көөнүн тойгузат. Ар кай жерде калдайган айыл, карарган төрт түлүк. Ырыскы ыңкып, топ-топ болгон желе башында ыксыраган бээлер ылоолойт. Жылгаларда койлор жыбырап жайылып, өтөктөгү уйлар жуушап, тургандан эринишет. Кымыз, эт батпай босогодон май агып, жай берекесин чачып турган учур.

Соңкөлдүн үстү жайнаган каз-өрдөк. Наркы Акча-Таш жана Каракече тараптагы обо мелжиген аскаларга уя салышкан ителгилер каз бөктөрүп, көлдүн аяк башын кесип өтөт. Саяктын билермандарына «конок айтканы» чабарман нечак кеткен. Көлдүн чыгыш тарабындагы жээкке жакын адырмактын этегиндеги жол менен  келе жатышкан. Имерилип айланган ителгинин көлдү

көздөй тик сайылып, учкан каз, өрдөктү тээп жаткан кызыгын көрүп келе жатышкан. Бурулуштан чыга бергенде чукул эле жерден киринип жатышкан кыз-келиндерге жолугушту. Ызы-чуу түшүшүп, жылаңач тартактап кийимдерин ала качкандарды көрүшүп кыраан каткыра күлүп калышты. Көл үстүндө бирөө калды. Капкара кундуз чачы жайылып, аппапак жумурткадай дене тунук көл суусунан чагылышып көрүнүп турду.

[М 126]
Жантайдын жүрөгү элеп-желеп. Ал бая күнү түш көргөн. Анда жолдоштору менен  Көк-Ойроктун башындагы Раң-Көлдө жүргөн. Көлгө ак куу келип конду. Аны жаа менен атаарда ак куу кызга айланган. Ошол кыз мына алдында көл суусуна калкып турат. Капырай ошол түшүндө көргөн кыз. Кимдир бирөө тамшанып:

- Капырай, Соңкөлдүн чүрөгү го мобул кыз! - деп жиберди.

- Атын сурагылачы! - деп жиберди Жантай. Саза атынын башын бура тартып кызга жакындап барып кайра келди.

- Баатыр, чыныгы Соңкөлдүн чүрөгү экен. Сулуулугунда айып жок. Бул кызды албасаңыз арманда кетесиз. Саяктарга жөн барбай куда түшө баралы. Дүйнөдөн жыргап өтүңүз! - деди. Атым Мөөркан, атам Боркоктун уулу Адыл бий дейт. - Соңкөлдүн чүрөгү «Ак Мөөр» экен.

**Адыл бий баяны**

Боркоктун уулу Адыл саяктын ичиндеги чоро уругунан. Төрт түлүгү дүркүрөп өскөн бай, дөөлөттүү адам болгон. Аны кинодо жарыбаган ач кедей кылып көрсөткөнү туура эмес. Азуусун айга бүлөгөн төрт уулу болгон. Кенжеси кыз, жанагы айтылуу сулуу Мөөркан. Кийин ал Мөөркан аты калып, сулуулугуна карай Ак Мөөр аталып кеткен. Энеси Маржанкүл түштүк кыргыздын кызы. Ашкан сулуу адам болгон дешет. Адыл эли-журту кадырлаган даңктуу адам экен. Анын Каратай деген белдүү тууганы болгон. Адылдын карындашын карабагыш деген элге берген. Ал кудалары Төөчү деген жерде турушкан. Ошол карындашынан Болот. Болот Адылдын жээни болгон. Шамдагай, карылуу баатыр жигит болгон дешет. Жигит кезинде келин-кесектин койнуна барса керек. Кармалып калып чабыша кетип көзүнө камчы тийип бир көзү кылырайып калган дешет. Ошол Болот Мөөрдөн туура сегиз жаш улуу экен.

Таякелерине келип туруп калат. Ал кезде жылкыны ууруга, жоого, ит-кушка алдырбай жүрөгүндө оту бар баатыр жигиттер баккан.  Болот ырчы, чоорчу, комуз чертип ага үн кошуп ырдай койгон шайыр, мыкты жигит болгон дешет. Мөөркан бой тартып калганда экөө бири-бирине ашык болушкан экен. Анан калса Болот да эл оозуна кирип, адамкерчилиги, баатыр, тайманбастыгы менен тааныла баштаган тура. Эки жаштын ашыктык кереметин айыл-апа билишкен. Ал түгүл Адыл бий, анын төрт уулу: Өмүркул, Төлөмүш, Ажыбек, Кадыр деген балдары да билишкен. Кудай аман койсо күздө той кылып экөөнү баш коштурушмак. Дегеле Адыл бий жана анын жакын тууганы Каратай баш болгон айыл Болот сыяктуу баатыр жигитке зар болуп жүрүшкөн. Башка эмес. Өз жээни жоодон да, зордукчул барымтачылардан да коргоп, балдарына жөлөк болот го деп жүрүшкөн. Мөөргө куда түшкөндөргө жооп бербеген.

[М 127]
Чабарман келип: «Жантай хан конок айттырды» дегенде Адыл бий шашып калды. Окчунураак жердеги чөбү анча уйпалана элек көк жайсаң тектирчеге катар үйлөрдү тигип жиберишти. Жантай жата турган үйдүн ичин жасалгалап, башайы жууркандарды керилте жыйып, шырдак, ала кийиз төшөштү. Анын үстүнө жалаң саңсаң кара көрпөдөн жасалган көлдөлөңдү салышты. Соң-Көлдүн аяк-башына ат чаптырып, саяктын билермандарына кабар салды. Аңгыча самсый бастырышкан Жантай хан да өз нөөкөрлөрү менен келип түштү.

Сарбагыштар менен саяктар өз ара барымталашып жылкы тийишип, айыл арасы анчалык тынч эмес эле. 1820-жылкы кагылышуудан кийин намыстанган сарбагыштар көп кол курап келип саяктарды чапмак болушкан. Саяк Медет датканын уулу Дуулат менен Төрөгелди баатыр жан кыйышпас дос болгондуктан камданышып жатышкан сарбагыштар жөнүндөгү кабар Дуулат бийге жеткен эле. Колду Төрөгелди баштап бармак. Анын акылы боюнча Дуулат тандалган азаматтардан жолго буктурма коймок. Алдыга жиберген кайгуулчуларын саяктар колго түшүрмөк. Андан кийин чачылып жайма-жай келе жаткан сарбагыштарга саяктар кол салмак. Төрөгелди өзү баштап качып бермек. Бирок кан төгүшмөй жок. Тизеге чаап, карыга кагып, аттан ажыратуу. Бул сөз акылдашып, күн мурунтан даярданышкан. Ныязбектин сегиз бегинин бири Кожобекке Төрөгелди таарынып калган. Ормондун сөзүн кыя албай кол баштап бара жатканы да ошондон эле. Чатакты Кожобек өзү баштаган. Сегиз бектин жетөө дайыма Ат-Башыда болуп, бозо-жоро ичишчү. Бозого жана

колдон тартылган аракка кызыган бектер оолугуп олтурушуп, Кожобек жигиттери менен барып, Келдибектин тогуз жараган байталын айдап келип жородо союп жешет. Ага жооп кылып, Баястан, Акшары баатырлар барып үч жүздөй жылкы тийип келишкен. Эми ага жооп кылышып Төрөгелдини баш кылып калың кол жөнөтүп жатышкандары да ошондон эле. Эгер чындап чабыша чыкса сөзсүз далай адам өмүрлөрү менен кош айтышмак. Аны түшүнүшкөн Төрөгелди менен Дуулат экөө жашыруун сүйлөшүп, башкача иш жасашты.

Мындан кийин эл ичи тынчып калган. Кадимки Тайлак баатырдын уулу Осмон датка Ормон кудасы эле кызы Чынарды той түшүрүп, келин алганы келди. Ормондун кызы Чынарды Осмондун уулу Ботокан алмак. Той түшүрүп келген кудасын Ормон Кочкордун Кара-Күнгөйүнө катарлатып үй тиктирип тосту. Бирок аттарын бүт бойдон өзүлөрүнө калтырып, бир ай бою киши каттатпай койду. Бул иш жанагы Кожобектин саатынан чыкты. Кудага келгендердин арасында Тайлак баатырдын жан жигити Бөбөтөй баатыр да бар эле. Айла канча ачка болушкан Осмон кудасы тойго сойгону ала келген малынын четинен союп жешке туура келди. Кыздан кечип аттанып кетишке да мүмкүнчүлүк болбоду. Сыртынан багып кайтарып турушкан Ормондун жигиттери бар.

[M 128]

Бир күнү Ормондун жылкысына жоо тийди. Жылкы алгандар Ысык-Көлдүн башындагы бугулар жана Иленин наркы өйүзүндөгү казактар эле. Төрөгелди көбүнчө Чүй ичиндеги Шамшы, Он Бир-Жылга тарапта көчүп жүрүүчү. Жайкысын Суусамырдын башы Караколду жайлачы. Ал кайдан келсин. Куугунчулар кууп барышып сайдырып, аты-тондорунан ажырап келишти. Эми кудалар аттарын токуп жоого аттанышты. Көп жылкыны жапырып айдап Семиз-Белден өтүп калышкан экен. Куугунчу болуп барышкан Осмон, Бөбөтөй баатырлар аз. Жоо болсо аябай көп. Жеке! Жеке! дешип, Осмон менен Бөбөтөй ат ойнотуп чыгышты. Жоо ичинен эки баатыр бөлүнүп чыгышты. Алардын экиден такоолчулары бар экен, төртөө качырышып сала беришти. Тигил тараптан жекеге чыккандардын бирөө Балбай, бирөө Жанек баатыр эле. Аттары олжолонуп, оң жак кулактары кесилди. Экинчи жолку беттешүүдө да жылкы алган тараптан эки баатыр кулады. Ангыча сарбагыш тараптан көп кол жыйылып келип калышты. Эми жалпы ат коюшту. Казак менен бугунун колу

такаат кыла албай качып беришти. Ормондун жылкысын чып чыргасын коротпой кудалары айдап келишти. Эртеси буга ыраазы болгон Ормон:

- Тоюн союп, келинин алып кетсин! - деп айттырыптыр. Баягы колго түшүрүп келген алтымыш атты Ормонго тартуу кылышат. Бирок Ормон аларга.

- Бул силердин олжо. Өзүңөр алгыла, - деген экен.

Аны уккан Осмон аттарынын ээр-токумун алып ыргытып, аттарды союп кириптир. Бул аттар жоого минишкен күлүк тандалма аттар эле. Жакшы аттары союлуп жатканда жаны кейиген колго түшкөн баатырлар:

- Бул малдын кадырын билбеген жинди саякты токтотуңуз. Булар соё турган аттар эмес, жарышка чаба турган аттар, ар бир атка үйүрү менен жылкы айдап келип берели, - дешиптир. Анда Ормон:

- Осмон датка Чородон жылкы айдап келиппи, кой деген тилди алабы? - деген дешет. Мына ошондон кийин тоюн тойлоп туруп кызын узаткан.

Жантай ушундай беймаал убакта келип олтурат. Саяктын бийлери «Кожобекке болушуп чапканы келген жокпу?» деген күмөн пайда болду.

Бирок башынан эле «Атаке сарбагыш» өзүнчө бийлигин жүргүзүп келди. Үчүкенин балдарына анчалык баш бере койгон эмес. Экинчиден Жантай саякка күйөө бала. Баалы менен Сейилданы катар алып отурбайбы. Ал күнү саяктын мыктылары келип учурашып кетишти. Жагынасына кой, жатаарына бээ союлуп жатты. Эртеси саламга келген саяктын бийлерине Саза баатыр сөз баштады:

- Башынан эле «Атаке сарбагыштын балдары» силер менен куда-сөөк болуп келишти. Дос айрылат, сөөк кайрылат дейт. Алыс карап, узун санап сөөк жаңырталы деп келдик. Адыл бийдин бойго жетип калган кызы бар экен. Ошого куда түшүп келдик. Баатыр күйөө балаңар болот!

[M 129]

Чындыгында отурган саяктын манаптары мындай сөздү күтүшкөн эмес.

- Таксырлар болбойт го! Кызым али жаш. Балдарымдын кенжеси эле. Жакын эле айылдаш болуп, каралаша турган жигитке баш байлайлы деп жүрдүк эле, - деп Боркоктун уулу Адыл безилдеп жиберди. Жантайдын ачуусу келип эки тизесин мыкчыды. Бул ачуусунун келгени тигил жолдоштору Саза, Келдике, Баяндарга белгилүү эле. Саза дагы озунуп сөз сүйлөдү.

- Баатырга кыз жагып калыптыр. Бул жерде чатакташып, чырдашуунун кажети жок. Кызды албай кетпейбиз. Эгер түпкүлүгүн ойлосоңор жөн жай иш кылганыңар жакшы. Кызды атка-сууга камдагыла, - деп кесе сүйлөдү. Айрым жазуучуларыбыз, ошондой эле санжырачылар түшүнбөстүк менен Жантайга

Баякени жигит кылып берип жатышат. Колдогу жана элден алынган маалымат боюнча изилдей кетсек ал чындыкка туура келбейт. Баяке Шабдандын жигити. Жантай Мөөргө күйөөлөп жүргөндө 11 жаштагы бала болгон. Анын атасы Күнтууган деген киши ал кезде солто элинин чоң манабы Жангарачтын элинде жүргөн. Мөөрдөн үч жаш кичүү экен. 72 жашында 1909-жылы кыш айында кайтыш болгон. Баяке жөнүндө атайы токтолуп кетебиз. Бул жерде эскертип жаткан себебибиз жогоруда айткандай чаташтырышып, Мөөрдү алганы барганда Баякени Жантайга жигит кылып берип жатышкандардын туура эмес жагын эскерте кетүү.

Ошентип Саза эскерткенден кийин саяктын манаптары өзүлөрүнчө кеңеш курушту. Нары кетип, бери кетип жатышып:

- Бир кыз экен. Берели! Бул канкор албай кетпейт. Эртелеп жооп бербесек жата беришет. Булардын эмнеси короп жатыптыр. Күнүгө деги канча мал союлуп жатат? Малдын аягына чыгып алабыз. Кызды аткарып жиберели! - дешип бир чечимге келишет.

**Мөөр менен Болоттун сүйүү баяны**

Жогоруда айттык, Болоттун уругу Карабагыш. Төөчү деген жерде төрөлүп өскөн. Мөөркандан 8 жаш улуу экен. Бой тартып жигитчиликке кадам койгондо шок-шайтандуу неме келин-кызга көп жакындачу экен. Бир жолу бирөөнүн келинчегинин койнуна кирип сабаша кетип, бир көзүнө камчы тийип чалыр болуп калган экен. Аны менен тим жүрбөй дагы бир жакын туугандарынын келинчегине көз артып калганы билинип калат. Чатак ырбап, чуу басылбагандан кийин Нарындагы Чоро саяк таекеси Адылдыкына келип түшөт. Болот 1848-жылы келиптир. Мөөркан бой тартып калган учуру. Жазы маңдай, субагай бет, көзү карагаттай болуп оттой жанган келишимдүү кыз кези. Ал кезде кыздарды 12-13 жашында эле күйөөгө узатышчу экен. 18 жашка чыккан кызды «кара далы» дешчү экен. Оорулуу же өңү аябай серт кыздар гана калбаса, жанагыдай эле жаш алышчу тура. Болот келээри менен таекесине колуна-кол, бутуна-бут болуп, жеңилин жерден, оорун колдон алды.

[M 130]

Кыргыз эли жалаң мал менен оокат кылгандыктан Болот жылкы бакты. Жылкы тийгени келген барымтачыларды байлады. Басташканын жайлады. Ууру келсе уштады, ит-кушка сак болду. Эрдиги, адамгерчилиги менен бат эле эл оозуна

алынат. Келишимдүү келбети, коңгуроодой үнү, кубулжута комуз черткени, ырчылыгы кыз-келиндерге аябай жаккан. Далай кыз-келин: «Менин гана күйөөм болуп калсачы» дечү экен. Той тамашалардагы Болоттун артыкчылыгын жигиттик өзгөчөлүгүн биринчи болуп Мөөркан сулуу байкады. Болот да аны жактырып, Мөөрдүн телмире караган көз карашы анын жүрөгүн чокко салды. Мөөргө арнап «Ак Марал» деген ырын чыгарган экен. Анысы эл арасына жайылып кетет. Кийин Ак Мөөрдү Жантай алып кеткенде ашыктык күйүтүнө чыдабай Болот аттанып Жумгалга келген экен. Ал ырын Жумгалдыктар ушул убакка чейин ырдашканын укканым бар.

«Ак шоола айдай жамалың,
Алдыртан тиктеп карадың.
Ак марал сындуу периштем,
Алоолоп оттой жанамын».

деп күңгүрөнүп ырдап олтураар эле дешет. Болот Мөөрканды Жантайга атказгандан кийин арманын кошуп ырдап, өбөктөп ат жалына ыйлап, таякесин таштап Жумгалга келип туруп калат. Болоттун Рыскул деген баласынан кадимки артист Муратбек Рыскулов. Болоттун дагы бир небереси Жумгалдын Чаегинде, Жакып деген карыя жашап турат. Жумгалга келгенде Болотко аял алып беришет. Сулуу кыз-келиндерди көргөндө аларды чакырып алып: «Бар бол балам!» деп колунан кармап буркурап ыйлап: «Булар баары бир Мөөркандын сулуулугуна теңеле албайт» дечү экен.

Ак Мөөргө Жантайдын куда түшүп келгенин айтканда ал аябай чычалап, арачалап алып кала турган киши жокпу деп көпкө чейин бүк түшүп ыйлап жаткан. «Кызды алып келип көрсөткүлө» деген Жантай менен Сазанын буйругу болгон. Мөөр болбой койгон экен. Аны:

- Ханым, жанагы Мөөр деген кыз безилдеп ыйлап, сиздин үйүңүзгө кирбей жатат, - деген экен. Анда Жантай:

- Мөөрүм эстүү, жөн койгула. Ал өзү эле келет! - дептир. Мөөргө Жантайдын кудурети күчтүү хан экендигин, анын айтканын аткарбаса саяк эли бүт кызыл кереге болуп чабылаарын айтып түшүндүрүшөт. Аны уккан Мөөр ордунан туруп алып жөнөйт. Баягы кошоматчы:

- Ханым! Мөөрүңүз өзү эле келе жатат, - дейт.

- Ой оңбогон саяктар ой! Айтпадым беле, Мөөрүм эстүү, өзү эле келет! - деп Жантай кубанып кеткен экен. Той өткөрүп, Мөөркан өзүнүн туулуп өскөн жери, балалыгы менен коштошуп жатты. Жигиттеринин бирөө:

- Таксыр Мөөрүңүз жанагы Болот деген жылкычысын ардактап аттан өзү түшүрүп алып, арман кылып кошуп ырдап да, ыйлап да жатат, - деп чагым кылат. Мүмкүн бул сөздү Болотту өлтүртүү үчүн айтышса керек. Жантай:

[M 131]

- Жөн койгула, жылкычынын кадырына жеткен Мөөр менин кадырыма жетпей калмак беле! – деп [айткан] экен. Той тамашалары бүтүп, Мөөрдү аткара турган убакыт жеткен экен. Көрүшүп, кыз узатканда кошок кошуу ал кезде салтка айланган. Мөөркан арманын айтып тайманбай эле Болотту ардактап кошуп, ичтеги арманын чыгарганы чындык. Болот болсо кайгыдан бүк түшкөн. Кыз оюндан кийин аны Мөөргө жиберишкен эмес. Экөөнүн кандайча коштошкону бизге белгисиз. Ар ким ар кандай сөздөрдү айтып жүрүшөт. Эми Болоттун Мөөргө келип жакындашуусу коркунучтуу эле. Куралдуу Жантайдын жасоолдору аны соо коймок эмес. Эл да, Болоттун жакын жоро-жолдоштору да аны түшүнүшкөн. Мөөр кошуп, солкулдап ыйлап жолго чыккан. Нечен ирээт өлгүсү да келген экен. Аны сак-сактап, жөлөп таяп жүрүп олтурушкан. Мөөрдүн аттанып кетип бара жаткандагы кошогун көптөгөн варианттар менен айтышат. Эл оозунда:

«Зоо-зоонун башы кар менен,
Соодагер өтөт мал менен.
Солкулдап ыйлап баратам,
Соолуган Жантай чал менен.
Кең-Колдун башы кар менен,
Кербенчи өтөт мал менен.
Кейип бир ыйлап баратам,
Кеминдик Жантай чал менен»

деген ыр саптары бар. Бирок бул ыр кийин чыкса керек. Себеби Жантай Мөөрдү алганда бар болгону 53 гана жашта болгон. Сакалын ак аралай элек каруу-күчкө толуп турган эле учуру болгон. Жамандык көрбөй каалаганы алдында турган Жантай жашы элүүгө чыкканы менен 35-40 тардагы жигиттердей учуру болгон. Аны чал деп эч ким айтпас эле. Баса ушул азыр деле өзүнөн 30-40 жаш кичүүлөрдү алгандар четтен табылат. Ага таң калыштын кажети деле жок.

14 жашар кыз али бала эле бойдон десек жаңылбайбыз. Keминге келгенден бери Мөөр ыйлап, жанындагы жеңелерин кетирбей, нике кыйдырбай жатты.

Акыры шартка жараша жеңелерин жөнөтүшкөн. Мөөргө Жантай калың берген эмес. Жантай саяктын бийлери менен чогуу сүйлөшүп отурушканда Чыны бий:

- Үйдөн жылкы айдап жүрмөк белеңиз. Калыңын мен берип коёюн! - деп куткарып кеткен экен. Анын төмөндөгүдөй мааниси бар экен. Жантайдын алган аялдары Баалы да, Сейилда да Чыны бийдин эжелери болгон. Бул биринчи жагы. Экинчи жагы жогоруда саяктар менен сарбагыштар касташып жүрүшкөн эле дедик. Ормондон «ыдык көрүп» жүрүшкөн. Жантай менен дагы жакындашсак анын «Айдыңы» тийеби деген максат бар эле.

[М 132]

Аны  да башкача буруп айтып жүрүшкөндөр бар. Мөөр нике кыйдырбай чыргыштап ыйлап жатты. Жантайдын Аккаш деген молдосу болгонун жогоруда айтканбыз.

- Бүгүн кандай болсо да кызды көндүрүп нике кыясың! Жарга конгон үкүдөй болгон бир кокуй экенсиң! - деп катуу зекип кетет.

Жантайдын жүз баштуу ак өргөөсү. Үйдө Мөөркан жана Аккаш молдодон башка эч ким жок. Анда-санда кирип чыккан кызматчылар. Аккаш шарияттан сөз козгоп олтурду. Алдында казы-карта жал. Бал татыган, жакшы ышталган сабаада ачыган кымыз, өрүк, мейиз, толгон тамак досторкондо. Мөөрдүн табити тамакка тартпай буркурап ыйлап олтурду.

Ал кечээки балалыгын эстеп жатты. Көк жашыл өрөөндү, жайкалган атыр жыты аңкыган Соң-Көлдү эстеп жатты. Бирге чоңойгон курбу-курдаштарын эңседи. Тору кашка атын алкынтып, башын кызыл жоолук менен бууп, баатыр жигиттерди баштап, Болотту келип бул тозоктон ажыратып алат деп эңседи. Ал түндө түш көргөн. Бул жердеги бирден бир жакын адамы Батый аттуу куң. Ал шордууну да Мөөргө жумшап Мөөр менен кошо беришкен.

Түшүндө энеси Маржанкүл келип: «Таш түшкөн жеринде оор, балам сен көп эле безелене бербе! Көңүлүңдү көтөрүп, пейлиңди[63] берип, алганың менен бир жаша. Нике кайып деген ошол!» деп айтып жаткан. Ойгонуп кеткен. Казы-картадан кесип жеп коюп, Жантайдын Омбудан алдырган соку кантынан чагып, муздак мамиле чайга салып, суусунга ичип олтурган. Мөөр да ак ташты чагып чайга салса эрип кеткенин көрүп таң калып олтурган. Ээги кеберсип, ачкалыктан ичи ысыган Мөөр суусадым дейт. Аны уккан Аккаш: «Чырагым, мына муну жутчу!» дейт. Ичинде кири жок, шум дүйнөнүн адам ойлоп тапкан көй-көмү менен иши жок неме чыныдагы муздак чайды ичип жиберет.

[63] Пейил ~ бейл

- Молдоке бул ак таш эмне? Шимүүрдөн да таттуу экен, - дейт кыз. Аккаш алаканын шак коюп калп эле кейип-кенчип жиберет. «Олдо кокуй ай, эми болбой калбадыбы! Бул ак таш эмес, Жантайдын Омбу шаарынан алдырган соку канты. Дубалап экөөңөргө нике кыйып койгом. Эми болбой калды, силерге нике жүрүп калды. Эми андан кайткан кишинин жети атасына чейин каапыр болот» деп молдо селдесине чок түшүп, калп айтып безилдеп жиберди. Аки-чүкүнү билбеген Мөөрдүн төбө чачы тик турду. Ал шашып жети атасына шек келтиргиси келбеди: - Молдоке андай болсо мобул «Ширини» сөгүңүз, - деди. Төөнүн ширисин белине курчап тигип салган экен. Шири улам чүрүшүп кысып олтуруп тамак батпай өлөйүн деген эле. Ширини бычак менен сөгүшүп салышты. Мөөргө ошол күнү нике кыйылды. Мөөрдөн - Муңайтпас, Калый деген кыз, Токтоной деген уул төрөлөт. Бул балдарынын аттарын Мөөркан өзү койгон экен. Муңайтпас дегени баланы каралды кылып, муң-зарды эстебейин дегени болсо керек.

[M 133]
Калый деген кызынын атын да өзү коюп, анысы эки сөздөн туруп: «Кал-ый» дегенди билдирет деп жүрүшөт. Ал эми кийинчерээк Токтоной деген балалуу болгондо: «Токтон, эми ой» деп айтканы го дешип болжолдошот. Буларды эл кийин баамдашат. Бирок эл айткандай эмес эле жөн эле айтылган сөз болушу да ыктымал. Чаташтырып айтып жүрүшкөдөргө түшүнүктүү болуш үчүн Жантай менен Ак Мөөрдүн жаштары, кайсы жерге коюлгандыгы жөнүндө дагы бир жолу эске сала кетели. Жантай 1794-жылы  төрөлүп, 1868-жылы дүйнөдөн кайткан. Сөөгү «Бейшекеге» коюлган. Мүрзөсүнүн үстүндө жазы ташка чегилген арабча жазуу бүгүн да турат. Ал кишинин ким экендигин ошондон окуп билишсин. 11 уул, 6 аялы болгонун айттык. Ак Мөөргө 53 жашында үйлөнгөн. Экөө туура 20 жыл бирге өмүр сүрүшкөн. Ак Мөөрдүн мүрзөсү «Жол-Булакта» турат. 1869-жылы Жантайдын ашы берилгенден кийин кечинде төшөктө жатып, ошол бойдон турбай 35 жашка толуп мүрт кеткен экен дешет. Мөөр өлгөндө Муңайтпас 12 жашта экен.

**Бир сүрөттүн төгүнгө чыгышы**

Мен буларды дагы бир жолу кайталап берип жатканымдын дагы бир себеби бар. Мына бул сиздер көрүп турган сүрөттү «Ак Мөөрдүн сүрөтү» деп жүрүшөт. Тактап иликтей келсек ал Ак Мөөрдүн сүрөтү болбой тургансыйт. Эл

арасында «Ак Мөөрдүн сүрөтү бар экен» деген сөздү угуп мындан бир нече жыл мурда сураштыра баштаган элем. 1978-жылы бир кишиде «Ак Мөөрдүн сүрөтү» бар экен деп угуп, ал кишини издеп жүрүп таап, кечке ээрчитип сурап жүрдүм. Акыры ага да болбой ана-мына дегенинен нака 25 сом акча берип жатып ушул сүрөттү таап алдым. Алдына «Адыл кызы Ак Мөөр 1848-жылы» дешип жазып да жиберишкен экен. Мен буга өтө эле кооптонуп шектенип калдым. Такыр окшобойт. Анткени эгер сүрөтчүнүн «Адыл кызы Ак Мөөр 1848-жылы» деген жазуусуна ишенели десек айырма асман менен жердей. Билбеген бирөө жөн эле жаңылыш жанагинтип жазып койгон. Болбосо 1848-жылы Ак Мөөр бар болгону 14 гана жашта болгон. Өзүңөр күбө болгула! Сүрөттөгү аял describe кеминде 35-40 жашка барып калган сыяктанат. Экинчиден элечеги такыр «Түндүк Кыргызстандын» аялдарынын элечегине окшобойт. Көбүнчө «казак аялдарынын» кийимине жана алар кийген элечекке окшоп кетет. Андан кийин бул сүрөттөрдү архивдерден караштырууга туура келди. Ооба, архивде бул сүрөт бар экен. Анда «Адыл кызы Ак Мөөр» деп жазылбаптыр. «Степная красавица» деп турат. Архивде менде бар бир нече сүрөттөр бар экен. Алардын ичинен Чокан Валиханов тартып алган бугунун ири манабы Боронбайдын сүрөтү да кездешти. «Ак Мөөр» деп аталган сүрөттөгү элечек кийген жанагы аял такыр эле «Түндүк Кыргызстандын» ошол кездеги аялдарына окшобой жатат.

[M 134]
Аны Чокан Валихановдун 1958-жылы Алматыдан жарык өргөн «Тандалма чыгармаларынын» 271-бетиндеги «Ысык-Көлдүк кыргыздын аялдары» деген сүрөтүнө салыштырып көрсөңүздөр болот. Анда эки шөкүлө кийген, эки элечек кийген аялдар турушат. Алардын «ээк алгычтар» такыр окшобойт. Ал сүрөттөрдү атайын сүрөткө тарттырып, санжыранын «бугу бөлүмүнө» сунуш кылып, ал жарык көргөн. Экинчиден жашы боюнча да окшошпой турганын жогоруда айттык. Бул сүрөт боюнча Кыргыз элинин эл акыны, кутмандуу карыя агабыз Абдрасул Токтомушовго да кайрылдым. Ал киши да Мөөрдүн сүрөтүнүн жоктугун айтты. Ошондой эле сураштырып жүрүп эч жерден таппадым деди. Бирок ушул сүрөткө байланыштуу бир кызык окуя айтып берди.

«Шабдан баатыр Верный шаарына (азыркы Алматы шаары) бир чоң жыйынга барып кайтып келе жаткан экен. Казак туугандардын жергесинен чыга элек болсо керек. Атайын конок камын көрүп, Шабдан баатырдын тиричилик

камын көрө турган жигити казактын бир чоң байына «конок» айттырат. Шабдан баатырды атайын бир өргөөгө киргизишет. Шабдан баатыр байкаса, үй ичиндеги жасалга тиричилик бир убактагы өз үйүнө куюп койгондой окшош. Керилте жыйып, тирелген жүк. Шайы, атлес жууркандар, күмүштөлгөн ала бакан, ага илинген буюм-терим, тартылган туш кийиз баары окшош. Капырай жада калса жерге салган шырдак, көлдөлөңдөрү да окшош. Баатыр: өз үйүмө келдимби деп ойлойт. Бирок кызмат кылып жүргөндөр казак жигиттер, келиндер. Жатканда да баягы эле өзү жатып жүргөн төшөк. Кийим-кечеси да ирээти менен. Эшикке чыгып келе турган голошу да өз ордунда. Эртеси айылдан аттанып чыгышат. Баатырдын бир жөөкөрү:

- Баатыр! Түндө кайда конгонуңузду билесизби? - деп сурайт.

- Билбедим! Бирок үй-ичи менин үйүмө окшош экен! - дейт. Тигил:

- Ооба, баатыр! Түндө сиз баягы өзүңүз кетирген казак аялыңыздыкына түнөдүңүз! - дейт. Ким билсин, пендечилик менен бирөөлөр «каскак» болуп акылман мыкты атабыз Шабдан да жаңылыштык кетирип, бир кезде аялын кетирсе керек. Элдин айтканына караганда баатырдын ошол казак аялынан Исамидин деген уулу болгон дешет. Көпчүлүк учурда аны эл Самидүн деп эле атап жүрүшөт. Бир жолу жерге мейиздин бир даны түшүп калса керек. Самидүн аны:

- Опо биссимилла! Жерге түшкөн жетимдики! - деп оозуна салат. Аны уккан Шабдан баатыр: «Балалуу аялды эзели кетирбеш керек экен деptир» деп жүрүшөт. Ошол энесин кийин Самидүн алып келем деп барган дешет. Бирок, ал балалуу-чакалуу болуп калган. Жанагы жогоруда биз «Ак Мөөрдүн сүрөтү» деп жатканыбыз Шабдан баатырдын кетирген казак аялы, Самидүндүн энеси экен дешет.

[М 135]
Сүрөттү ошол Самидүн энесине катташып жүргөндө тарттырган имиш. Мунун да канчалык даражада чын-төгүнү бар экени белгисиз. Мүмкүн сүрөт чын эле Ак Мөөрдүкү чыгаар? Анткени айрым документтерде 1867-жылы түндүк кыргыздар бүт оруска караган деп жүрүшөт. Жантай өзү да эки жолу «Верный шаарына» барып келген дешет. Буга күбө болуп, 1856-жылы пристав Перемышильский жана Саза датка болуп кеңседен чыгып бара жатканда түшкөн сүрөт далил боло алат.

Ал эми хорунжий Дутшев менен кошо келген Файзулла Ногоев деген тилмеч татардын Жантайдыкында болгону да анын кол жазмасында бар. Эгер

ошол мезгилде Ак Мөөр сүрөткө түшкөн болсо бар болгону анда 21 гана жашта болмок. Бул сүрөттө тотугуп калган 35тер чамаасындагы аял турат. Жогоруда 1867-жылы кыргыздар оруска караганын айттык. Анда Шабдан баатыр бир топ кадыр-баркка жетип, «Чен» алып калган учуру болгон. Мүмкүн ошол Жантай өлө элек ошол жылдарга сүрөткө түшүп калышы мүмкүн деген ой туулат. Эми буларды тарыхчылар иликтеп бизге таап беришет.

Биз дагы бир туура эмес айтылып жүргөн сөзгө токтоло кетели. Ал санжырачыларга да тарыхчыларга да керек. «Бугу менен сарбагыштын» кандуу чабышында Жантай өзү сарбагыштын белдүү мыкты уруусунун тукуму болуп туруп, ага катышкан эмес» деп жатышат. Анысы туура. Тынай эли катышкан эмес дешип жүрүшөт. Бая күнү аны жазгандардын санжырасын гезиттен окуп, күлкүм келди. Анткени ошол убакта Жантай уулу Шабданга келинчек алып бериш үчүн Жангарачтыкына кетет. Жангарач болсо «Тууган чабышына» Тынайларды катыштырбас үчүн алардын аттарын жайлоого Суусамырга айдатып жиберген дейт. Кана эмесе чогулуп фактыга таянып көрөлү.

Жантайдын Аккаш деген молдосунун «каттоо маалыматына» жана Токкожо уулу Тентимиштин, Кыргыз эл акыны Абдрасул Токтомушовдун жазгандарына караганда Шабдан баатыр 1838-жылы төрөлүп, 1912-жылы 6-апрелде (28- март, бул жерде эскиче ай эсеби менен жаңыча эсептөөнүн ортосунда айырма бар) дүйнөдөн кайткан. Шабдандын мыкты адам болуп чыгаарына көзү жеткен Жантай аны жашынан эл аралатып, жер көрсөтөт.

Сарбагыш уруусунан бир айыл Жантайга таарынып, Таласка көчүп кетишет. «Жантай туугандарын тентитип жиберди» деген жаманаттыга калбайын деп Саза датканы баш кылып, Чагалдак уруусунан Темир ажыны, Чертике уругунан Надырбекти, Адигине уругунан Сатыбекти, Жедигерден Каракесекти, Айыкеден[64] Майтыкты, Баян баатырды 18 жаштагы Шабданга кошуп Таласка жөнөтөт. «Туугандардын чоо-жайын тартып көргүлө» дейт. Келбейбиз дешсе жайына койгула. Шабдан мырзага кыз издеп жүрөбүз дегиле. Жайлуу жер болсо кудалаша келгиле деген экен. Таласка баргандар саруулардын ичиндеги «Үч-Кошойду» жердеп турушкан «Беш берендердин» Шааке деген кызына сөйкө салып келишет. Шабдан баатыр нака 20 жашка чыкканда жанагы эле жолдошторун ээрчитип Таласка колуктусу Шаакени алганы барат.

[M 136]

---

[64] *Айыке ~ Аюуке* innerhalb der Sarbagïš?

Кудалар келип түшүп, өргөө көтөрүп, той камын кылышканы жатканда күтүлбөгөн жерден чуу чыгып калат. Көрсө казактар менен Шабдан баатырдын кайындары «Беш берендер» жер талашып чабыша кетишкен экен. Казактар үстөмдүк кылышып, «Беш берендер» таяк жеп калышат. Шабдан буга намыстанат. Саза, Баян баатырлар жардамга аттанышат. Баяке ошол жерде экен. Салгылашууда ал аябаган эрдикти көрсөтүп, Шабданга жагып калат. Шабдандан Баяке эки жаш улуу болгон деп жогоруда айтканбыз. Ошол кезде ал 22 жашта болгон. Ошол жерден экөө достошуп калышат. Элге түшүнүктүү болуш үчүн ушул жерден Тынай элинин сарбагыш менен бугунун чабышына эмне үчүн катышпай калганын жана саяктар эмне үчүн экиге бөлүнүп, бир тарабы бугуга, бир тарабы сарбагышка болушуп салгылашканынын себептерин чечмелөөнү токтото туруп, Баякенин баянына токтоло кетели. Анткени окуянын жүрүшү ошол Баякеге байланыштуу.

**Баяке жөнүндө бир эки ооз сөз**

Баяке Шабдандын «Кудай» деп кол кармашкан жан кыйышпас досу жана жан жигити. Далай жолу Шабдан баатырга кысталышта ак кызматын өтөгөн. Аны көргөндөр «Күржүйгөн сүрдүү кара киши» эле дешет. Тайманбаган эр жүрөк, «Көк мелтей» адам болуптур. 1837- жылы төрөлүп, 1909- жылы кыш айларында, 72 жашында дүйнөдөн өткөн экен. Түпкү теги Оштун Кара-Дарыясынын жээгиндеги кыргыздын кыпчак уруусунан. Чоң атасы Нускай деген баатыр киши болгон дешет. Ал киши намыскөй, чырга жакын экен. Бир жолу жер талаша кетип эки айыл чабыша кетет. Кыргыз эли ээлтен эле жер үчүн каны-жанын аяган эмес. Ошол жер талашып чабышууда Нускай каршы тараптагы айылдын бир мыкты кишисин өлтүрүп коёт. Кун берип да, жан берип да кутула албастыгына Нускайдын туугандарынын көзү жетет. Ошондуктан Нускайды Аргымбай деген баласы менен түн катырып качырып жиберишет. Аталуу балалуу экөө аялдары менен качып отуруп, Чүйдүн Жыламышына келип өргүп калышат. Бул жерде солтонун Бошкой деген манабынын балдары туруучу. Алар Нускайдын «соо киши» эместигин билишип: «Эл бололу, жер бололу! Биздин жерде калыңыз!» дешип өтүнүшөт. Нускай баласы Аргымбай менен солтолордун ичинде туруп калышат. Жылдар сызылып өтө берет. Аргымбай балалуу болуп атын Күнтууган деп солто ичиндеги бир ата «Күнтүүнүн» атын коюшат. Күнтууган чоңоюп эр жеткенде солтонун

күнтүү уругунан кыз алып берет. Бул кезде элди Жангарач бийлеп турган мезгил эле. Нускай кайтыш болуп сөөгү ушул Чүйдүн Жыламышына коюлат.

Күнтуугандан Баяке төрөлөт. Таякелери солто кызы. Бир күнү чоң улак тартыш болуп калып, «Жайылма» учурунда кимдир бирөөлөр Күнтуугандын атын башка чаап жиберет. Буга жини келген Күнтууган үзөнгүсүн чыгарып алып, атын башка чапкан кишини ат үстүнөн ыргыта чаап өлтүрүп салат.

Эми болбой калды. Аталуу-балалуу жалгыз-жарым кыпчакты солтолор «жиликтеп кетишет» дешип түн катып көчө качышат. Алар түн катып жүрүп отурушуп, Талас өрөөнүнө түшүшөт.

[M 137]
Андан нары Беш-Ташты ашып, Тогуз-Торо аркылуу өз жерине кетишмек. Алардын жолун жолдон Саруу, Кушчу уруулар торошту. Көчтү түшүрүшүп, «Жагына тамагын» (жеңил гана козу союп түштөнтүү) беришип олтуруп аксакалдар сөз башташты:

«Баатырлар! Биздин элде калгыла! Силерди бөлөксүнтпөйлү! Аргымбай тууганыбызды бий көтөрүп алалы» дешип чын ыкластары менен өтүнүштү. Мындай урмат сыйды кыя алышпай Аргымбай баласы Күнтууган менен саруу, кушчулардын арасында эл болуп кала беришти. Кыргыз пейли кандай сонун. Жаңы тууганга арнашып ат чаптырып той беришти. Өрлүктөшүп, малдуу кылышты. Аргымбай бир топ жыл бий болуп турду.

Арадан бир топ жыл өткөндөн кийин Аргымбай да дүйнөдөн кайтты. Баякеге Мундуз уруусунан кыз алып беришет. Бирок баягыдай болбостон солгун тартып калышкан. Эми жогоруда айткан элек, Шабдан баатыр 20 жашка чыкканда Таластагы «Беш берендердин» кызы Шааке байбичени алганы барганда Баяке ошол жерде болгонун. Баяке жанагы чабышууда эрдик көрсөткөндүгү үчүн Шабданга аябай жагып калат. Экөө сырдашып ошол эле жерден ынак болуп, Баякени өзүнө Шабдан күйөө жолдош кылып алат. Баса жанагы чабышууда Баян баатыр баш болуп барып казактарды жеңип келишет. «Башында мындай кишилерди көргөнүбүз жок эле, булар кайдан келишкен немелер?» дешип казактар таң калышат.

- Жантай хандын уулу Шабдан мырзанын жигиттери экен! - деген сөздү угушуп, эртеси казак айылынын аттуу-баштуулары тартуу тартып келишет. Кыз оюну бүтүп, шаан-шөкөтү аяктагандан кийин кызды себи менен атказмак болушат. Шабдан баатыр Баякени: «Жүрү биз менен кет, бирге бололу!» деген экен. Ага Баяке макул болуп: «Сен колуктуңду алып кете бер. Мен эмдиги

жылы күзүндө барайын. Ушул азыр барсам сенин колуктуңа кошуп Баякени кул кылып берген дешет!» деп болбой койгон экен.

«Эл оозу элек». Баса антип Баякени «кемсинтүүчүлөр» четтен чыкмак. Аны акылдуу Баяке түшүнгөн. Кийинки жылы убада боюнча Шабдан киши жиберип көчүрүп алмак болот. «Эртең кудалар аттанат!» деген күнү кечинде тамак жеп алып Баяке аттанып кетет. Баяке бизди узатышпайсыңбы деген Шабдандын сөзүнө «Эртең менен келем» деп жооп берет. Эртең менен Баяке сүмбөдөй болгон 12 байталды айгыры менен айдап келип:

- Шабдан баатыр, менин сага кийгизген кийитим! - деген экен. Баяке Шабдандарды солтонунун жерине чейин жеткирип коюп кайра тартат.

Кийинки жылы Шабдан Баякени көчүрүп келиш үчүн киши жиберет. Көчүп отурушуп Жыламыштын оозуна келип өрүү болушат. Баса Баяке ушул жерден төрөлбөдү беле?! Көпөлөк кууп чоңойгон жерин сагынган го. Жыламышта эки-үч күнчө туруп калса керек. Ошол кезде Жангарач баатыр элди бийлеп турган учуру болсо керек. «Бул көчүп келген жалгыз үй кимдики экен? Билгилечи?» деп киши жиберет. Барган киши кайра келип Жангарачка: «Бул баягы бизден эр өлтүрүп качып кеткен Күнтуугандын баласы Баяке экен. Жантайдын уулу Шабдан мырзага бара жатыптыр» дейт.

[М 138]

Жангарач: «Кайра барып ошол Баякени чакырып кел! Атаң киши өлтүргөн деп көңүлүн оорутпагыла» деп кайра жумшайт. Баяке Жангарачка келип жайын айтат. Анда Жангарач: «Сен эч жакка кетпейсиң! Солтонун жээнисиң, сен солто болосуң! Эгер Жантай сени көчүрүп алам десе кун төлөсүн! Атаң Күнтууган эр өлтүргөн!» деп айлына кондуруп коёт. Баяке көчүрүп алыш үчүн келген Шабдандын жигиттерине: «Абалды болсо көрдүңөр. Шабданга айта баргыла. Кун төлөйбү? Же башка аламын кылабы? Айтор мени Жангарачтан бошотуп алсын!» деп Шабданга айтыртып жиберет. Жантай аны угуп ойлонуп олтуруп: «Жангарач бир селсаяк үчүн Жантайдан кун төлөтүп алган деген жаманаттыга калам» деп башкача амал ойлойт. «Жангарачтын бойго жеткен кызы бар бекен?» деп сураштырат. Чын эле Жангарачтын бойго жетип калган Бактыгүл деген кызы бар экен. Ошого Шабдан баатырга кудалап сөйкө салат. Кийинки жылы Шабдан туура 22 жашка чыкканда Жантай өзү баш болуп жан-жөөкөрлөрүн ээрчитип келинин алганы барышат. Шабдан Баякеге дагы ошол жерден жолугуп өзүнө күйөө жолдош кылып алат. Илгери «күйөөлөтүү» деген салт менен жеңкетайды олчойто алып «күйөө-кызды» атасынын төрүндө эле

бирге жаткырып коюшчу экен. Атайын тигилген өргөөгө киши бою кылып жууркан жыйып, анын үстүнө адегенде күйөөнү жаткырып, анан эпчил жеңелер кызды жетелеп келишчү. Шабдан мырза жаткандан кийин жеңелери Бактыгүлдү алып келишет. Эткээл, болук кыз экен. «Колуктуңду тартып ал» деген жеңелердин сөзү боюнча Шабдан Бактыгүлдү тартып келе жатып коё берет. Эткээл кыз лык этип жерге кулап түшөт. «Бул мени эмитен эле атамдын төрүндө уруп жатат» деп уңулдап ыйлаган экен. Шабдан баатыр ирээнжип калат. Эртеси аны Баякеге айтат. «Татама айт. Ушул келинин албай эле коёлу» дегенде Баяке болбой коёт. Суунун жээгине барып даарат алып, намаз окуп келе жаткан Жантайдын алдын тосуп: «Тата (Шабдан Жантайды Тата дечү экен) ушул келиниңизди албай эле коелу» деген экен. «Мен келин алган жокмун, Жангарачты алып жатам» деген экен Жантай. Ошентип Шабдан Бактыгүлдү алганда Жантай Жангарачтан Баякени сурайт. Шабдан менен Баяке достошуп, бирге жүрөлү дешкен экен. «Экөөнү кол кармаштырып койдум эле» дейт. Жангарач Жантайдын сөзүн кыйбай Баякеге уруксат берет. Баяке кийинки жылы көчүп барганда аны «Желаргыдан» тосуп алышат.

Эми кайрадан жогорудагы токтотуп койгон сөзүбүздүн учугун улайлы. Сарбагыш менен Бугунун чабышына Тынай элин катыштырбай койгонго Жангарач себепчи болгон деген сөздүн чын-төгүнүнө жетели. Санжырачылардын бир тобу Жангарачтын кызы Бактыгүлдү Шабдан алганы барганда аттарын жайлоого айдатып жиберип, ошонун себебинен «чоң чабышка» катышпай калган деп жатышат. Шабдан 1839-жылы төрөлгөнү бизге белгилүү. Бактыгүлдү туура 22 жашында алып жатат. Демек 1839 га 22 кошсок 1861 болуп жатат. Ормон хан 1854-жылы өлдү. Ал эми 1861-жылы чабыш нечак токтоп калган мезгил болгон. Бул жерде деги кудайды карап туруп калп айтсак боло.

[M 139]
«Майдадан маани бузулат». Түп маанисин текшербей туруп болжоп айта берсек анда кудайга күнөөкөр болобуз. Санжыра чындыкты жана тактыкты талап кылат. Ошону үчүн он эки өлчөп бир кесишибиз керек.

Эмесе Тынай тукумунун «чоң чабышка» катышпай калышкандарынын себептерине токтололу. Анын маанисин түшүнбөй туруп сүйлөсөк болбойт.

Ооба, «Атаке Сарбагыштын эли Чоң чабышка катышкан жок». Айрым санжырачылар айткандай Жантайды солто Жангарач баатыр аттарын жайлоого айдатып жиберип, алып калган эмес. Жангарач менен кудалашканда «чабышуу»

токтоп жалпысынан алганда эл тынчып калган. Мүмкүн «чабуул» учурунда конокко чакырып келип аттарын жайлоого айдатып жиберип, урушка катыштырбай койгондур. Бирок андай шек-шыпат эл ичинде айтылбайт. Экинчиден Жантай аттарына шылтоо кылып жатып ала турган адам эмес. Жантай эл башкарган акылдуу адам. Анын мыктылыгын билип, атасы Карабектин бир тууганы Таштанбек бекеринен хан көтөргөн эмес. Болбосо Жантайдан Атакенин балдары жок беле? Таштанбектин өзүнүн да балдары бар эмес беле? Жантай кыйла акылдуу мыкты адам. Аны саясатка такап бир убакта «Каман» кылып да көрсөттүк. Ал жарабайт. Мөөр менен 20 жыл кошо өмүр сүргөн. Эл арасында Мөөр тууралуу Жантайды кордоп ырдаган ыр бар. Аны рамаатылык Калык акын саясатка тууралап ырдаган.

Эми Жантайдын же жалпы эле «Атаке Сарбагыш» элинин бугулар менен чабышпай калганына токтололу. Биринчиден Жантай өзү ошол бугулардын жээни. Балбай баатыр өзүнүн атасы Карабектин бир тууган карындашы Айжандан төрөлүп олтурат. Өзүнүн алган аялы Туруке байбиче да бугунун кызы. Башынан эле «өтмө катар» болуп келишкен. Туруке байбичеден төрөлгөн балдар да турат. Мына бугу менен «Атаке сарбагыш» элинин чабышпай калганынын негизги себеби ушунда.

Экинчи себеби илгертен эле бул эки атанын балдары «тизгин» талашып келишкен. Атаке менен Эсенгул экөөнүн ортосундагы чатакты мурда айтып өткөн элек. Ал эми «Ныязбектин сегиз беги» менен Жантайдын ортосунда да ич ара нараазычылык болгон. Бирок Жантай Ормондон кичүү болгондуктан аны сыйлаган. Бир жолку бир топто Жантай кечигип калса Ормон өзүнүн бир туугандарынын тили менен эртең мененки насибин ичирбей айдатып алган дешет. Айрымдары үйүндө жыңайлак олтурганда ошол бойдон айдап келген деп да жүрүшөт. Бирок буга ишенүү кыйын. Жантайдын да жан-жөөкөрлөрү, кырк жигити болгон. Саза датка, Баян, Келдике баатырлар Ормон хандын жасоолунан коркуп кала турган эрлер эмес. Шилтеген жагын жарып өтө турган өткүр адамдар. Андай кемсинтүүгө Жантай өзү да макул боло коймок эмес. Бирок дөөлөткө мас болушкан Ормондон башка анын бир туугандары бир топ осол иш кылышкандары эл ичинде белгилүү. Ат–Башыны жердеп турушуп, Ормондон башка жети беги жоро ичишип, өзүлөрүнүн эле аталаш иниси Түлкү баатырды кемсинткени белгилүү. Ал кезде Түлкү баатыр да ошол агалары менен канааттташ Ат-Башыда турган экен.

[M 140]

Агалары ичип жаткан жорого барса «Токол аялдын баласы» дегенсип ыза кылып коюшса керек. Субандын алдында турган бозону тартып жиберип, сөзү тийген Субанды кестиги менен санга малып алып эшикке чыгып кетет. Жолборс чапкан карылуу баатыр жигитке даап кол сала алышпай кала беришкен. Үйүнө келип апасына айтат. Ал байбиче эстүү киши экен. «Кокуй балам! Эми агаларың сени соо коюшпайт. Кочкордогу Ормон агаңа бар» деп жигити экөөнү атказып жиберген экен. Ормон акылман жакшы саясатчыл адам экенин жогоруда айтканбыз. Дөңдө олтуруп кичүү энесинен төрөлгөн иниси Түлкү баатырды көрүп жөн-жай келбегендигине көзү жетет. Инисин жакшылап сыйлап, аны айлына калтырып өзү Ат-Башыга жөнөйт. Түлкүнүн энесиникине түшөт. Сабаадан кымыз куюп берет. Кымыз эскирип калыптыр. Байбиче да Ормонго даттанган эмес экен. Эшикке чыкса короо эскирип калган. Ормон бир туугандарына барып дөңгө түшүп олтуруп алган экен.

- Атамдын көкүрөк күчүгүнө Кудайдан башка бир киши тийүүгө акысы жок, - деп малы-жанын алып алып Түлкүнүн үйүн көчүрүп өз айылына алып келгенин карыялар көп кеп кылышат.

Мына ошондой көрө албастыкты Жантайга да жасашмак болушкан. Бирок Жантай аларга баш берген эмес. Ормонду сыйлаган. Ормон да Жантайды сыйлаган. Анын ишине кийлигишкен эмес. Жайына койгон. Ал эми Төрөгелди Жантай менен аябай жакшы ынтымакта турган.

Ормон өлгөндөн кийин Жантайдын кадыр-баркы аябай жогорулаган. «Чоң чабышка» Атаке-Сарбагыштын элинин катышпагандыгынын себеби да ошол ич ара тирешүүдөн болгон дешет. Жантай өз элинин кожоюну болгон, эч ким аны өйдө бол, ылдый бол деп айта алган эмес.

Эми саяктардын бир бөлүгү эмне үчүн бугулар тарапта, бир бөлүгү сарбагыш тарапта болуп чабышканын да айта кетели. Айрымдар бул иш боюнча эч нерсе түшүнбөй туруп эле саяктарды кемсинтип «куйтку» эл катары көрсөтүп жатышат. Негизи андай эмес. Бир окуяны айтуудан мурун анын маанисин толук түшүнүп туруп сүйлөш керек. Жогоруда биз Кетирекейдин Алыбеги «Кара келте» үчүн бөлүнүп бугу ичине көчө качып кеткенин, Ормон жиберген кырк киши анын агасы Ажыбектин башын кесип кеткенин айтканбыз. Алыбектин кайгысын бөлүшкөндөр ага болушуп сарбагыштан өч алышкан. Алыбек өзүнүн агасын, жеңесин өлтүрүп кетишкен кырк кишинин үчөөнү гана өлтүрө албай калган. Колго түшүп Үмөтаалыдан өлөөр алдында: «Бей күнөө кан төгүшкөн үч итти жайлай албай арманда кетип бара жатам!» деген экен. Ал эми Жумгалдык саяктардын сарбагышка болушканынын да өзүнчө чоң

себеби бар. Муну да ушул азыр чечмелей кеткенибиз оң болоор. Бугу Балбай кулагынын куну үчүн саякты үч жолу чапкан. Ногой баатыр жапсарда[65] жашынып калып Айтак баатырды артынан келип сайып өлтүрдү. Өзү да Шайбыр баатырдан өлдү. Ошол балакеттүү чабышууда саяктын он бир кишиси өлгөн.

[M 141]
Саяк менен бугунун ортосундагы чатак негизинен жүрүп олтуруп Медет датканын ашына келип такалат. Медет Түндүк Кыргызстандагы биринчи датка наамын алган адам. Кара кылды как жарган калыстыгы, адамгерчилиги менен атагы чыккан адам. Далай жолу Кокондун салык жыйноочу чектен чыккан сарбаздарын жөнгө салып бечарага бел болгон адамдардан. Анын ата теги менен өмүр жолун санжыранын «саяк бөлүмүндө» баяндамакбыз. Эл ичинде Медет датка менен Аликенин ашынын шаан-шөкөтүн өтө даңазалап кеп кылышат. Ашка бүтүндөй саяк эли камданышкан. Азыркы Кочкор өрөөнүндөгү «Кызыл-Дөбөгө» миңден ашык үй тигилген. Ашка казак-кыргыз, Кокон хандыгы, Кашкар-Турпандан бери эл чакырылган. Камылга бүт бойдон бүтүп, салт боюнча Медеттин өзүнүн өргөөсүндө кошок кошууга аялдарды издеп калышат. Ошондо Медеттин уктап жаткан 13 жашар кызы тура калып: «Убара болуп кошокчу аялды издебей эле койгула! Мен өзүм кошок кошом!» деген дейт. Чын эле ошол Зыйнат кыз укмуштуудай сонун кошок кошкон экен. Кошокту уккан адамдар ушунчалык ыраазы болушкан.

Ушул жерден артка бир азыраак чегинип жатканыбыздын себеби бар. Ушул жерден Медеттин ашын кошо кетпесек саяктардын эмне үчүн эки бир тууган элдин, же тактап айтканда сарбагыш менен бугунун өз ара чабышына саяктардын кошулганы, кошулганда да экиге бөлүнүшүп, эки тарапка тең кошулганын себеби такыр эле чечилбей калып жатат. Аны туура түшүнбөгөндөр жөн эле «куйтку эл» катары көрсөтүүгө аракеткенишет. Ал туура эмес. Бул жерде мен ал аштын шаан-шөкөтүн, элге кылган сыйын, этностук өзгөчөлүгү, каада салтына санжыранын «Саяк бөлүмүндө» баяндап берээримди айткам.

Ашта бугулар чатак чыгарышмак болушат. Бугунун бир манабы Нышаанын[66] уулу Мырза деген киши саяктардын конок күтүүсүнөн кынтык

---

[65] Vgl. Biškek Šamï (23.-25. Dezember 1992, S. 6) vermutlich aufgrund undeutlicher Lesbarkeit „ Жансар“ in der Art einer Ortsbezeichnung. Im Originalmanuskript „жапсар” (Deckung, Verdeck).
[66] *Нышаа ~ Ныша* [M 87].

табат. Анткени кокустуктанбы же чынбы айтор уйдун эти тартылып калат. Бир өңчөй жылкынын эле этин тарта бербей которуштуруп бирде жылкынын, бирде комдуу семиз өгүздүн, бирде куйругу казандай болгон дөнөн ириктин эти тартылып турганын эл айтышат. Нышаанын уулу Мырза деген адам жөн эле чатак чыгаргысы келсе керек. «Мага өгүздүн чыбыгын тартты» деп конок күткөн жигитти токмоктоп салат. Аш берген киши айыптуу. Саяктын билерман манаптары тартуу тартышып Мырзанын алдына түшүшөт. Ага болбой желпине бергенде Боронбай келип: «Сен көп желпине бербе! Бул жерде жалаң эле кыргыз эмес, башка жактан келген эл да бар. Сөзгө, кепке калып, жалпы эле кыргыздын наамын булгайбыз. Андай кыйын экенсиң аш тарагандан кийин келип саякты чаап ал» деп кагып коёт. «Ат чабышта» саяк Дайырбектин аты чыгып келет. Ал атты Медеттин тирүү кезинде «Медеттин карагери» деп аташкан. Анын тарыхы да өзүнчө кызык окуя. Бугу Балбай баатыр карагер атка кызыгып калат. Ал: «Карагер ат алдымда болсо, Ак Зыйнат алганым болсо» деп суктанган экен. Аш тарап келген эл өз жерлерине тарашат. Намыстанган Мырза саякты чапмакка камынат. Аны Балбай баатыр да колдоп, саяктан Ак Зыйнат менен Карагер атты тартып алмак болот. Саяктар Ысык-Көл башындагы бугуларга кыз берген экен.

[M 142]
Тымызын саяктарды чабууга камынып жатышкандарын угуп, кабар берүүнүн айласын таппай турганда Курманкожо элинен Илепес[67] деген адам кудасыныкына барып калат. Жанагы бугуларга берген саяктын кызы Сарысейит деген кишинин Күлүйпа деген кызы экен. Төркүндөрү «бейкүнөө» таланып, эр өлүп, кыз-кыркыны олжолоноoруна көзү жетип жүрөгү чыдаган эмес экен. Бул жашыруун сырды Илепес акесине айтып кайра тез аттантат. Саяктар камынып калышат. Баатыр жигиттер топтолуп буктурмага коюлат. Дуулат бий башында болуп, айылды көчүрүп Төлөк тарапка жайгаштырат. Кочкорго бирин-серин чабыр мал, кары-картаң кемпир чалды калтырышат. Көп узабай арбын кол алып Балбай баатыр да келип калат. Түн жамынып келип Дуулаттын айлын басат. Бирок ал Дуулаттын айылы эмес эле ээн калган алачыктар, котур болгон кой, шилекейлери куюлуп шарп болгон уйлар болуп чыгат. Буга жини келген Балбай «кайгуулга» келгендердин башын чаап салмак болот. Эл арага түшүп жатып «кайгуулга» келген жети жигитти аман алып калышат. Чет жакалардан

---
[67] *Илепес ~ Илеппес*. Zugunsten der Einheitlichkeit verwende ich *Илепес* [M 76], vgl. bei TOGOLOK MOLDO: *Ilepes* SALK 2009, 233.

бирин-серин кишилерди колго түшүрүшүп, санына «кыл чылбыр» салып толгошуп суракка алышат. Дуулат бий «Кара-Кужурдагы кыштоосунда» деген кабарды алат. Мурунку «кайгуулчуларга» жини келген Балбай чалгынга эми өзү жөнөйт. Жанына беш алты жигит алып, жай жолоочу сыяктанып Сары-Булакты өрдөшөт. Капчыгайдагы бир кууш муз тоңгон жер бар эле. Ошол жерге келгенде буктурмада тургандар айкырып качырып сала беришет. Балбай баатыр алдыда эле. Муздун үстү менен бара жаткан. Арткылары кайра качып, Балбай мойну менен бурулуп карай алуучу эмес экен. Атын кайра тартканда чукул бурулуштан тайгаланып жыгылып калат. Атынан жыгылган Балбайды бир чапчаң жигит баса калам деп үстүнө жармаша калган экен. Балбай аны үстүнөн «чепкен силкигендей» эле ыргытып салмак экен. Жабылып келишкен саяктын бир жигити тизеге ай балта менен тартып жиберет. Канткен менен талуу жер эмеспи баатырдын көзү ырым-жырып[68] болуп тура калганда он-он бештен карылуу жигиттер жабылышып колу, бутун кайрып байлап жиберишет. Мурунтан белендеп коюшкан кара алачыкка алып барып түшүрүшөт. Күн кечтеп, ал күнү баатырдын үстүнө киши кирген жок. «Бирөөнү колго түшүрүп келдик» дешсе, «кишен салып койгула, эртең сүйлөшөлү» дептир. Эртеси Дуулат бий келип: «Жол болсун баатыр! Кайдан келе жатасыз?» дейт.

- Уругум Жетиген. Доңкулдак дегендин баласы болом. Төмөн жактагы таякелериме бардым эле. Кайра кетип бара жатып жылкы ала кетейин деп колго түшүп  калдым, - дейт. Балбайга тамак бергизип олтургузуп кетиришет. Дуулат бий жигиттерин ээрчитип, атка минип Кочкор ичин караса көп кол кайра тартып кетип бара жатышкан экен.

Эми бул жерде да бир айырма бар. «Стамдын кемпири» десе, айрымдары «Осмонбектин кемпири» деп жатышат. Бирок ал кемпирлердин кимиси кессе - ошонусу кессин.

[M 143]
Экөөнүн бирөөдүр? Санжырачылардын басымдуу көпчүлүгү Стамдын кемпири болуучу деп жүрүшөт. Ал нечак көздөрү жумулган энелердин да арбагына тооп кылып, мындан аркы санжырага көпчүлүк айтып жаткан «Стамдын кемпирин» эле алалык дедик.

Ошентип Стамдын байбичеси эртең менен баатыр жаткан үйгө кирди. Кымыз көтөрүп келген экен. Койчунун аялына белги берип баатырдын колуна суу куйдуруп, бетин жуудурду. Тасмал жайып алдына чай боорсок,

[68] Standardsprachlich *ымыр-чымыр* (Hinweis Mahabat Sadyrbek).

килкилдеген семиз койдун жамбашын баш кылып эт тартып, кымыз беришти. Тамак ичип колун жуугандан кийин жайын сурады. Өмүрүндө жалган сүйлөбөгөн баатыр дагы калп айтып, жанагы сөзүн кайталады.

- Ботом сен Доңкулдактын уулу эмес эле Ысык-Көл башындагы бугу Балбай баатырсың го? - деди кекээрлүү үн менен. «Жок байбиче!» деп Балбай кесе айтты. Кесиреттүү кемпир тиктеп туруп:

- Ушул сен Балбай болуп калсаң эмне кылайын? - деди тамашалап.

- Анда кулагымды кесип алыңыз байбиче! - Кемпир ого бетер:

- Оо марка уул, бери келчи! - деп бирөөнү чакырды. Көп узабай узун бойлуу бирөө келип эшикти ачып кирээри менен Балбайды таанып салам айтып жиберди. Бул жигит баягы Медет датканын ашында Балбайга көтөрүлгөн өргөөдө кызмат кылган жигит эле.

- Бул ким? - деди кемпир.

- Бул киши атактуу Балбай баатыр! - Кемпир дагы тажаалданып:

- Оо Токтобүбү! Бери кел! - деп зоңкулдады. Кызыл жүздүү көзү бакыракай келин келип башын ийкеп уялыңкы учурашты. Бул келин Балбайдын айылындагы туугандарынын кызы эле. Ошентип кемпир эки күбөдөн сурады.

Дуулат жашырынып карап отурса көп кол сүрүлүп кайра кетип бара жаткан экен. Кара-Коодон өтүп, Семиз-Белге барганда туткундап алышкан кишилерди бошотушту. Колго түшкөн Балбайга залакасы тийет дешкен эле. Эми колго түшүп, бугулардын колунан кайра бошоп келген киши да тигинин Балбай экенин ырастады. Мына ошондон кийин кемпир чамынып барып керегенин түбүндө жаткан кыңыракты ала коюп, «тос кулагыңды» деп түбүнөн чулуйта шыпырды. «Башка келген балаага,[69] кулак-мурун садага» деп туруп бериптир.

Эми ушул жерден дагы бир санжыранын орчундуу бир окуясын тактап айта кетели. Ушул кулагы кесилгенде Балбайды Ормонго алып барып берип, саяктар орго салдырган деп жүрүшөт. Мен дагы ошондой ойдо болгом. Төмөнкү далилдер мени ал ойдон баш тарттырууга алып келди. Жантай хан ашка катышкан. Ормон баш болуп бир тобу ашка келбей калган. Ал али хан болуп шайлана элек болуучу. Медет датка 1836-жылы өлүп, 1837-жылы ашы берилиптир. Аны көптөгөн санжырачылар далилдейт. Төрөгелди баш болуп сарбагыштын теңинен көбү ашка келишкен. Анткени Дуулат менен Төрөгелди дос эле дешет.

---

[69] Kenčiev hier vermutlich irrtümlich: *Башка келген палеега*,…. Vgl. [M 77], hiernach korrigiert.

[М 144]
Бул жерден айталы дегенибиз Медеттин өз тукумунан чыгышкан ушул азыр Жумгал районунун мурунку «Кызыл Туу» азыркы «Куйручук» айылында турган согуштун жана эмгектин ардагери, көп жылдар бою колхоздун башкармасы жана партиялык жетекчи кызматтарда иштеп келген ушул азыр ардактуу эс алуудагы кадырман адамыбыз Ысак уулу Бейманжандын жана баш калаабыз Бишкек шаарынын тургуну, юридикалык илимдин кандидаты, Кыргыз Республикасынын эл депутаты Асанбек Шаршеналиевдердин чындыкка жакын маалыматтары менен толукталганын айта кетмекпиз. Медет датка булардын төртүнчү, Дуулат үчүнчү аталары. Маалыматтары толук чындык десек жаңылбайбыз. Аталарынын осуяттары анчалык көөнөрбөй, ооздон-оозго мурас катары сакталып келген. Алардын айтымында Балбайдын орго түшүшү анын кулагы кесилгендеги окуя менен байланышпайт. Балбай кулагы кесилгенде ал алты айга чейин Дуулат бийдин колунда болгон. Бир жолу эл көчкөндө баатырдык жагынан жол талашып жүргөн Айтак баатыр бир топ жигиттер менен Балбайды өгүзгө мингизип карындашы Зыйнатка «кыз куумай» оюнун жасаткан экен. Өгүздү өчүрөңдөтүп айдатып, карындашын үлпүлдөтө кийинтип, кара жоргого мингизип, кыйкырык чуу менен эл кыраан каткыра күлүшүп, кызга баатырды камчы менен чаптырышкан экен. Ак Зыйнат: «Балбай адамдын сырттаны экен» деп кыз кыйылса болбой намыскөй жигиттер көпкөндүк менен кесир чайкашкан. Ак Зыйнаттын баягы жамакташтырган кошогу да ошондон кийин жоголуп, жайсыз жерге беришип, түбү жакшы болгон эмес дешет. Кийин Балбайды коё беришип, ал кайрылып келип саякты какшата үч жолу чапты. Адеп жылкы алганда Ногой баатыр буктурмада калып, артынан келип сайып өлтүрүштү. Баягы «Кыз куумай» ойнотуп шылдыңдагандын бирин калтырбай Балбай өзү жайлады. Өчөшкөн баатыр саякты үч жолу келип «кызыл уук» кылып чапты, такыр тынчытпаганда Дуулат бий Анжиянга көчмөк болуп, Жумгалдын ичиндеги Эпкиндин алдындагы «Тогуз-Булакка» келип конуп жатканда токолго күнүлүшүп өчөшкөн Дуулаттын байбичеси анын кепичине уу сыйпап өлтүрдү. Зыйнатты берип, сыйлап, аттап-тондоп жиберип ийишсе болмок деп жүрүшөт. Саяктар жанагы өлгөн эрлердин кунун кууш үчүн сарбагыштарга кошулган экен. Муну билип коюш керек. Ал эми Балбай орго кийин Ормон хан болгондо түшөт. Бирназар акенин балдарынын жоон топ жылкысы жоголуп, аны Төрөгелди менен Адылдан көрүшкөн. Аны билиш үчүн, ыгы келсе жылкы алыш үчүн бир тобу келишип, азыктары түгөнсө керек, Кетирекейдин короосунан семиз козу алып

келе коём деп жардын башы урап кетип жыгылган Балбайды колго түшүрүп Ормонго алып барышкан. Ормон аны орго салдырган.

Биз бул жерде Жантай жөнүндө сөз козгоп, анын «чоң чабуулга» эмне үчүн катышпай калганынын эки себебин айттык. Бул жерден дагы бир карама-каршы пикир болуп келген «чоң чабуулга» катышкан саяктар жөнүндө да айта кеттик. Мына ушуну менен Жантай хан жөнүндөгү санжырабызды токтотуп, калганын андан ары улайлы.

[М 145]

**Шабдан баатыр жөнүндө бир эки ооз сөз**

Тарых күүсүндөгү бул инсанды далай адамдар жазып чыгышты. Бир замандарда саясатка тууралап, ал кишини жерден алып - жерге, суудан алып - суугa салышып, жамандап чыгышкан учурлар болду. Пендечилик... Эми ошол эле кишилер кайра чаң жугузбай мактап да жатышат. Деги мындай бат өзгөрүп, «ичкен кудугуна кайра какыргандар» толуп эле чыгып кетишти. Алар кантсин! «Кимдин таруусу болсо, ошонун тоогубуз» дегендер. Бирок байыркы карыялар: «Эки жүздүүлүк элге душман» деген экен. Андай болгон соң мурунку «мыкчегерлер» актанып кайра Шабдан баатыр жөнүндө макала жазышпай эле тим болушса болмок.

Шабдан баатырдын качан туулуп, кайсы жылы өлгөндүгү туурасында жогоруда айтып өткөнбүз. Аны кайталоонун кажети жок. Жумгалдык Шербек деген чоң байдын уулу Алишердин Баалы деген кызынан төрөлгөнүн да айткан элек. Өзгөчө Шабдан таякелери Көкүмбай, Байзак, Куйручуктар менен катташып турган. Ал бала кезинен эле жылдыздуу, жоро-жолдошторуна кадырлуу болуп өстү. Илгерки манаптар балдарын таза жүргөн ак ниет кызматчыларына бактырышкан. Шабданды да ошондой бир жакшы адамдарга табыштады. Бирок эне-атасынын көзөмөлүндө болду. Сыпаа, жүрүм-туруму жакшы, айланасынан жоро-жолдоштору кетпеген адептүү баланы атасы Жантай жакшы көрүүчү дешет.

Жашынан эле эртең менен туруп эки колун бооруна алып салам айтып атасы менен учурашуу Шабдан үчүн адатка айланган. Андан кийин жуунуп тазалангандан кийин чайга олтурган. Аны жашынан эле «Шабдан мырза» дешкен. Тамакты жалгыз ичкен эмес экен. Эс тартып чоңойгондон кийин татар молдодон окуп таалим-тарбия алган. Ал киши жалаң эле дин китебин окубастан чыгыштан окумуштуулары менен адабият чыгармалары менен да

тааныш болгон. Жашынан эле боорукер, бей-бечараларга карамдуу болгон. Он алты жашынан баштап атка минген. Жантай аны ар кандай доодооматтарды чечип, бүтүм чыгарууга жумшаган.

Жогоруда айттык. Дагы эскерте кетели. Шабдан жөнүндө элдин жазгандарын колдон келсе кайталабайлы. Айрым мүчүлүш жерлерин толуктап, анан элге белгисиз же жарык көрө элек окуяларына гана токтололу. Бул адамдын өмүр жолун кыскача жазып бүтүү мүмкүн эмес.

Шабдан баатыр жаш кезинде Коконго барып үч жолу ханга жолугуп, акыркысында Анжиян бектигинде акимчилик кызматка көтөрүлүп иштеп турган. Ошол учурда Кокон хандыгынын да тынчы кетип турган учур эле. Орустар улам илгерилеп кысым көрсөтүп келе жаткан. Кудаяр хандын ордодон сүрүлүп Букар[а]га качышында Шабдан да өз жолдошторун ээрчитип Анжияндан аттанып чыгып кеткен. Жолдо келе жатып Бишкектин[70] чебине кирет. Чептин беги Рахматулла аны ошол эле жерден карматып чептен чыгарбай салат. Ал Баякенин жардамы менен чептен бошоп чыгып, ошондон кийин биротоло Кокон хандыгынан биротоло кол үзгөн.

[M 146]
Татар молдосунан таалим алган Шабдан өз доорундагы кыйла билимдүү адам болгон. Ал Орто Азияны, Казак жергесин же орустар же англичандар каратып алаарын түшүнгөн. Кокон хандыгынын орус аскерлерине туруштук бере албасын билген. Ошол учурда Кокондун аскер башчысы Канаатшаа Узун-Агачта орустардан жеңилип калган учуру эле. Мындан саал мурдараак Бишкек сепилинин[71] беги Рахматулла Жантайдын Верный шаарына барып келгенин уккан. Ошону үчүн Шабданды барымтага кармаганы ошондон дешет. Айрым санжырачылардын айтуусуна караганда 1860-жылы 23-августа солтонун манабы Ак-Чий деген жерге үй тиктирип чоң той бермек болот. Ага Бишкектин беги Рахматулланы чакырат. Мурда бир чакырганда шектенип келбей койгон экен. Азыркы 40 сыпайы менен келет. Аларды Байтик баатыр өлтүртүп салат. 24-августа бул кабар Токмок сепилинин бегине угулуп, алар Жантайдын элине кол салышып, бир айылды талап, бир нече жайынча өз тиричилигин жасап жүрүшкөн кыргыздарды өлтүрүп жиберишкен.

Буга жооп кылып ошол эле түнү Шабдан баатыр элди коргоп калыш үчүн Верный шаарына аттанып, орустардан көлөк сурады. Мурундан эле Токмок,

[70] D.h. im historischen Kontext *Пишпек*.
[71] Kenčiev *себил*, Normkirgisisch *сепил* (Wall, Schutzwall, Mauer).

Бишкек чептерин талкалоо үчүн падыша буйрук берген эле. Шабдан келээри менен эле полковник Циммермандын отряды кыргыз жергесин басып кирет. Алар 26-августа Токмок чебинин таш-талканын чыгарышат. Токмоктун чебинде 400дөн ашык сарбаздар бар эле. Алар кыргыз айылдарын чаап алууга камынып жатышкан. Аларга жооп кылып кыргыздар дагы камынып, кол курап калышкан. Орус аскерлери жакындаганда эле эстери чыккан сарбаздар качып жөнөштү. Бул жолу Шабдан баатыр «Атаке-Сарбагыштын» эли менен Кокон аскерленинин ортосундагы кан төгүлгөн согуштун болбой калышына себепчи болду. Андан кийин Шабдан баатыр өз жигиттери менен Циммермандын аскерин баштап Бишкек шаарына келет. Чеп катуу коргонушту. Бул айкашууда Байтиктин жигиттери да, Шабдандын жигиттери да эрдик көрсөтүшүп, урмат-сыйга ээ болушту. Бишкек чеби беш-алты күнгө чейин коргонушту. Циммермандын аскерлери жердин астын казып өткөөл жасашкан деп жүрүшөт. Орустардын амалы кыйын экен. Жердин алдынан казып барышып сепилдин ортосунан чууруп чыгышканда сарбаздар калтаарып туруп беришкен дешет. Ошол сепилдин калдыктары ушул азыр да байкалат. Мындан кийин Шабдан баатыр Узун-Агачта кырчоодо жаткан Колпаковскийдин аскерине да жардамын тийгизген. Мына ошондон баштап Шабдан баатыр Түндүк Кыргызстандын элинин тагдыры үчүн кам көрүүгө далалат кылган. 1869-жылы эле. Капитан Проценко өзүнүн отряды менен Жумгалга чейин келди. Булардын арасында өз жигиттери менен Шабдан баатыр да бар эле. Ал Жумгал элине ал абалды түшүндүрдү. Эгер «Букара» болуп карап берсек түбөлүгү кандай болоорун да ойлошту. Акыры бул селдей каптап келе жаткан алааматка такаат кыла турган айла жоктугун айтышты.

[М 147]
Ошондуктан оруска карап барсак татар, башкыр ж.б. букара элдер сыяктуу окуп, чокуп эптеп кыргыз эли да аздыр-көптүр ийгиликке жетишип кетээр бекенбиз деген ойдо болгон. Ал эми Кокон ханынын ордосундагы адилетсиздикти ал өз көзү менен көрүп, аларга аралашып келди. Кокон хандыгына караганда орус падышачылыгы адилеттүүрөөк иш жүргүзөт деген үмүттө болгон. Татар молдодон окуган Шабдандын география илими боюнча сырткы дүйнө менен да тааныштыгы болгон. Элдин камын ойлогон Шабдан баатыр өз жигиттери менен бирдикте капитан Проценкого чоң жардам көрсөткөн. Жумгалдан Байзак баатыр кошулуп, экөөлөп эң биринчи Кыргыздын чек арасын ажыратууга активдүү киришкен. Оруска кошулууга

каршы чыгышкан манаптар да болушкан. Борбордук Тянь-Шанда жүргөн Проценконун отрядына Ормон хандын уулу Үмөтаалы султан менен Тайлак баатырдын уулу Осмон датканын жигиттери капысынан кол салып, Проценконун солдаттарын колго түшүрүшөт. Тогуз-Тородогу «Жалгыз Терекке» жакын жердеги буктурмадан чыга калышып, ок атууга чамаларын келтирбей көк союл менен аттан түшүрө чабышып, куралсыздандырган. Арт жагын ойлошкон манаптар туткундалгандарга көп анчалык ыдык көрсөтүшпөй, сыйлап багып жатышкан.

Ошол убакта Шабдан келип өзүнүн жигиттери менен абалды байкап өтө жашыруун жана тымызын Осмон датка, Баяке, Шабдан үчөө гана кеңешип амал менен Проценкону бошотушат. Айрым санжырачылар Шабдан менен Осмонду сайыштырып, Осмон тарапты жеңилүүгө дуушарлантып жатышат. Окуя андай болгон эмес. Кытайга көчө качканы турган Осмон датканы, жергиликтүү элди орустун бат атар мылтыгынын огунан Шабдан менен Байзак сактап калган. Көп узабай Шабдан менен Байзактын жардамы аркасында бүтүндөй Түндүк Кыргызстан оруска букара болуп карап беришти. Ушул эле Шабдан менен Байзактын жардамы менен Кытай менен кыргыздын чек арасы ажыратылып, эки өлкөнүн өкүлдөрү «Шарттамага» кол коюшкан.Мындан кийин орус топографтары Борбордук Тянь-Шаньга келишип, 1884-жылдан баштап волостук аймактар бөлүнүп, мал жана жан эсептери алына баштаган.

1873-жылы Шабдан менен Байзак Ташкендеги генерал губернатор Кауфманга чакырылышкан. Түштүктө кыргыздын он бир уруусунан түзүлгөн 200 миңден ашык адам куралданышып, оруска каршы чыкмак болуп жатышкан. Анын үстүнө Кокон хандыгынын өзүндө да хандык талашуудан төгүлгөн кандан эл чарчап бүтүшкөн. Орустарды Түштүк кыргыздар генерал Скобелевдин 1865-жылкы мыкаачылыгынан кийин ушунчалык жек көрүп калышкан. Экинчиден атасы Кудаяр ханды кубалап жиберип ордуна хан шайланган Насирдин ханды да эл жек көрүп калган болуучу. Бул чакчалакей кандуу согуш далайга чейин созулуп, начар куралданган, топураган эл согушка үйрөтүлгөн замбиреги, бат атаар мылтыгы, курч кылычы бар оруска туруштук бере албасын далай адамдар түшүнүшкөн. Кауфман Шабдан менен Байзакты Колпаковскийге кошуп берди.

[М 148]

Ошол кезде өзгөчө капитан Проценкону туткундан бошотуп, чек араны ажыраткандан кийин Шабдан баатырдын орустарга ишеними жогорулап, кадыр-баркка ээ боло баштаган.

Булар жөнүндө 1912-жылы Шабдан дүйнөдөн кайтканда «Жети-Суу Вестнигине[72]» бир бет толтура жазылган некрологдон окусаңыз болот.

Бирок Шабдан баатыр жөнүндө ким гана жазбасын бир эле окуяда карама-каршы айтылган жерлери көп учурайт. Өзгөчө баатырдын Түштүк Кыргызстанды Орусиянын карамагына каратуу учурун өтө эле чындыкка жакындатпай коюшкан жерлери бар. Өзгөчө Шабдандын Алайлык Курманжан даткага баргандагы окуяны такыр эле чындыкка жакындабаган сөз менен айтып жүрүшөт. Илгери Абдыкалык Чоробаев деген мыкты сөзмөр, санжырачы жана акын адамдан ушул маселе боюнча сураштырсам көзүнөн жаш чыкканча күлгөн. Менимче башка санжырачыларга караганда ошол Абдыкалык Чоробаевдин айткандары чындыкка жакын. Айрым туура түшүнбөй калышкан кийинки муундар үчүн бул окуяларды тактап айта кетүүгө аракет кылып көрөлү. Ушул айтылып жаткан санжырада да көп мүчүлүштөр бар экендигинде шек жок. Ошентсе да бул жерде Шабдан баатырдын Түштүк Кыргызстанды Орусияга каратуудагы эмгектерин айтуудан мурун ошол мезгилдеги саясий кырдаалга токтололу. Бул саясий кырдаал боюнча көптөгөн санжырачылардан жазып алгам. Өзгөчө «Канабаддагы» кызыл-кыргын жүрөктү титиретет.

Ооба, кыргыздын тең жарымы түштүктө экендигинде талаш жок. Алардын тарыхы Кокон хандыгы менен тыгыз байланыштуу болгон. Аны Адигине, Бостон, Тейит, Найман, Кесек, Нойгут, Оргу ж.б. көптөгөн уруулардын «уруу санжыраларын» чечмелөөдө айта кетмекбиз. Бул жерде Шабдан баатырдын басып өткөн жолуна байланыштуу окуяларга гана токтоло кетели. Түндүк Кыргызстан оруска карагандан кийин Түштүк Кыргызстанды да оруска каратып, Кокон хандыгын биротоло жоюп салуу максаты падышалык Орусиянын күн тартибиндеги бирден-бир маселе болуучу. Ансыз да Кокон хандыгы бийлик талашып өз ичинен ыдырап жаткан учур болгон. Худаяр хан жөндөмсүз, акылы тайкы адам болгон дешет. Ал тактан эки-үч жолу куулуп, күнөөсүз далай адамдын камына эки колу карысына чейин булганган дешет. Ал алгачкы жолу хандыктан 1858-жылы куулган дешет. Ал ошол учурда кыргыздын кыпчак уруусун кырган эле. Өчөшкөн эл ага жооп кылып башка хан шайлап алышкан. Экинчи жолу 1862-жылы хандыкка келип, ага нараазы болгон кыргыздар аны кайрадан 1863-жылы кубалап чыгат, бийлик

[72] Kenčiev irrtümlich *весник*; Korrektur (*вестник)* von mir.

талашуудан Кокон хандыгы ошол убакта аябай алсырап турган. Эл үчүн иштейин деген адилеттүүлүк такыр эле болгон эмес. Ханга салык жыйнагандар «чөп оозду» өлчөмүнөн үч эсе ашырып алышкан. Тоноп алуу, кербендерди карактоо күч алып турган. Жабыр тартышкан эл хандын ээн баш сарбаздарына кол салышып, аларды өлтүрүп да турушкан. Муна ушундай шартта орустар улам тереңдеп кирип келе берген.

[M 149]
Кокон хандыгы бүтүндөй Түндүк Кыргызстандан мурун Коконго караштуу Казакстандын көп жеринен ажырады. 1868-жылы орустар Ташкент шаарын алышып, генерел губернатор Кауфман менен Кудаяр хан шарттамага кол коюшат. Бул Кокон хандыгынын акыркы айласы түгөнүп турган мезгили болуучу. Андан саал мурдараак 1865-жылы Кудаяр ханды Мундуз уруусунан чыккан Жумадил бектин жардамы менен Кудаяр ханды кууп чыгышып, жалпы эл биригип орустарга каршы газават[73] жарыялашып жиберишти. Байгамдардын «жашыл туусун» көкөлөтө көтөрүштү. Бул күчтү орустар оңойлук менен жеңе алышмак эмес. Мына ушундай учурда кыргыздарды Кокон хандыгынан бөлүш керек болгон. Мындай учурда башка кадыр-барктуу адамдарды уруулар арасына жиберип, Кокон хандыгынан ажыратмак болушкан. Жанагы Шабдан менен Байзак баатырды Кауфмандын чакыртышынын себеби да ошондой болуучу. Ошол учурда мындай ишке жалаң эле Шабдан менен Байзакты пайдаланышпастан Жоробекти, Эшимканды, Мамырды, Илиязды ж.б. көптөгөн адамдарды калк арасына «арачы» кылышкан. Баары бир күч менен болсо да орустар кокондуктарды да, кыргыздарды да каратып алышаарын жанагы өкүлдөр түшүнүшкөн. Аны Шабдан да жакшы түшүнгөн. Эгер орус болбосо сөзсүз англичандар каратып алмак. «Аз эл - кор эл» экенин билишкен. Эптеп орускa букара болуп кирсек «тынч жашап», эптеп «көчкө илээшип» кетээрибиз деген үмүттө болушту. Ошондуктан Шабдан Колпаковскийге ак кызматын аяган жок. Туура сүйлөп, түз жүргөн кыйла билими бар, жиберген жагын так жана кынтыксыз аткарган жигиттин кадыры күндөн-күнгө жогорулуган. 1873-жылдары кагылышуу кайрадан күч алган. Ошол коогалуу учурда тактап айтсак 1865-жыл менен 1875-жылдын аралыгында Кудаяр хан кайрадан тактыга келген. Орустар жашыруун түрдө кыргыздарды кокондуктарга каршы тукуруп, Алай жана Гүлчөгө аскер топтотуп турган. Бул коркунучтуу эрегишкен кырылыш да элдин жазыксыз канынын төгүлүшүнө себепчи болгон. Кудаяр хан

[73] Kenčiev *хасабат. ~ газабат* ‚Krieg, Feldzug gegen Ungläubige‘.

Кокондон 1875-жылы качып кетүүгө аргасыз болду. Андан кийин анын уулу Насирдин да бир аз хан болуп туруп, 1876-жылы Кокон хандыгы жоюлуп, бийлик бүтүндөй орустун колуна өттү. Шабдан, Байзактар оруска адал эмгегин жасашты. Ушул жылдардын аралыгында Шабдан менен Байзак экөө Курманжан даткага барганы баяндалат. Алай жана Гүлчө кыргыздарын оруска каратыш керек эле. Кауфмандын кеңеши боюнча Шабдандын Түштүк Кыргызстанга келгенин жогоруда айтканбыз. Колпаковскийдин тапшырмасы менен Шабдан менен Байзак чоң Алайга келишти. Ал кезде Алайда, Гүлчөдө, Ноокатта ж.б. жерлерде Адигине, Мундуз, Кыпчак, Нойгут ж.б. уруулар жашап турушкан. Алар ошол конуштарында ушул азыр да бар.

Көк жайыкка аппак үйлөр тигилген экен. Эми ушул жерде айта кетээрибиз айрым санжырачылар Шабдан, Байзак экөөнү Курманжан даткага Чоң Алайдан жолуктурса, айрымдары Гүлчөдөн, дагы бирөөлөрү башка жактан жолуктуруп жатышат.

[M 150]
Мейли кайсы жерден жолукса, ошол жерден жолугушсун. Бирок айтып жаткан окуябыз туура болсо болгону.

Раматылык Абдыкалык Чоробаевдин айтканына караганда Шабдан менен Байзак экөө Курманжан датканы көздөй жөнөшөт. Жолдо аларды «Кафырларга каршы газават жарыялагандын» кайгуулчулары кармап алышты. Шабдан баатыр Кокон хандыгынын тушунда Анжиян бекчилдигинде кызмат кылгандыктан жана «орточу» болуп айрым урууларды замбиректин огунан сактап келгендиктен аны көптөгөн адамдар тааныган. Кайгуулчулар таазим кылышып, ээрчитип айылды көздөй жөнөштү. Эч кандай ашыкча сөз сүйлөнгөн жок. Кыркаар боз үйлөр тигилген экен. Ортодогу жашыл туусу желбиреп турган боз үйгө алып бармак болушту. Жолдо аралыктары үч метрден эки катар жалаң кылычтарын ийиндерине салып эки катар сакчылар турган экен. Аттарын, камчыларын нечак эле жолдон алып кетишкен. Үйдүн үстүнө ак жайнамаз жайып коюшкан экен. Кароолдо турушкан сарбаздардын ортосу менен өтүшүп, үйдүн эшигине келишти. Буларды нечак күтүп тургансып, боз үйдүн эшиги шарт этип өйдө серпилди. Баамчыл Байзак эшикти боосунан тартып койсо өйдө серпилип ачылып кетээрин байкады. Беттерине көз оймо түшүрүлгөн каалгалар да өзү ачылды. Ээрчитип жүрүшкөн эки жигит: «Кириңиздер! Улуу даражалуу меймандар» - деп эки колдорун боорлоруна алышты. Үйдө тегерек сакал, көк селде оронуп, сарала шайы чепкен кийген

молдо, шыңга бойлуу тапанча тагынган бүркүт кабак мырза жигит олтурган экен. Молдо курандан бир равият дуба окуп, бата кылгандан кийин жай сурашты. Үйдө төртөөнөн башка киши жок.

- Алла Таала өзү жар болсун! Биз сиздерге элчи катары келдик эле! Бизге ханыша айым Курманжан датка керек, - деп Шабдан баатыр сөзүн улады. Аңгыча тасмал жайылып колго суу куюлду. Дүр-дүйнө тамак-аш алынып келип, дагы молдо күбүрөп дуба окуп, олуя-саабалардын арбагына багыштап бата кылышты. Даамдан ооз тийишип, эки чыныдан чай ичилип тасмалга бата кылышты. Андан кийин эки жигит келип таазим кылып:

- Конок үйүнө барыңыздар! - дешип ызаат кылышты. Жанагы жоо кийимин кийген жаш жигит Курманжан даткага элеттин эки беги элчи катары келишкендиктерин айта турганын билдирди. Конок үйү кенен жасалгалуу. Ала баканда түлкү ичик, курал-жарак илинип турат. Килем төшөлүп, анын үстүнө кара сеңсел көрпөдөн жасалган көлдөлөң салынган.

Бул учурда орус аскерлери мерчемдүү жерлерди ээлешип, замбиректерин орноштуруп, согушка даярданып команданы гана күтүп турушту. Өлүмгө баштарын байлашып Шабдан менен Байзак экөө канча жолу кырсыкка учурап кала жаздашты. Айрым чукул ойлуулар өз кызыкчылыктарына карап, далай адамдардын өмүрүн кыркышып курмандыкка чалышты. Мына ошондой адамдардан Шабдан менен Байзакты кудай өзү сактап жүрдү. Алар пайдалуу иш жасашты.

[M 151]

Алар далай адамдардын өмүрүн сактап калышты. Орустун кубаттуу куралына туруштук бере албастарын түшүндүрүштү. Ансыз да жазыксыз топураган эл кандуу чеңгелин катуу матырган генерал Скобелевдин кызыл-кыргынынан элдин жүрөгү түшүп калган. Бул мыкаачы адам Ферганадагы бир дөбөгө замбирегин орнотторуп, бир шаардагы катын-калач, жаш балдарды айоосуз кыргандыгы али элдин эсинен кете элек эле. Мына бул жолу да кан төккөнү кумарланып турушкан дөөгүрсүгөн орус солдаттарына бөгөт болуп Шабдан баатыр арага түшүп олтурат. Муну жанагы молдонун жанындагы жаш аскер башы кайдан билсин. Ал орус менен айкалышып согушуп, аларды кыргыз жеринен кууп чыгып, атак алгысы келген. Ал күнү конокторго тай союшуп сый көрсөтүштү. Эртеси түшкө жакын Шабдан менен Байзакты Курманжан датка кечөөкү «жашыл желек» турган үйдө кабыл алды. Мына ушул жерден Шабдан да Байзак да шашып чекилик кетиришкен экен. Шашып кетишип, орустар

тарабынан элчиликке келишкендерин айтып жиберишкен дешет. Акылдуу аял заты Курманжан датка:

- Мен силерди агаңарга дуба окуйлу деп келген экен деп ойлодум эле, - деп саал кабагын чытып, төмөн карап жүйөөлүү сөздөрдү айтып олтурду дешет. Байзак баатыр чөк түшө калып куран окуду. Алымбек датканын арбагын багыштап бата кылып жиберди.

- Кантели, түйшүктүү тынчы жок заман болду! Алла Тааланын амири экен, кайран агабыздан ажырап калдык. Куран окутууну бул иш менен аралаштырбай, арбакка атап мал союп, өзүнчө салты менен куран окуталы дедик эле! - деп жиберди. Шабдан баатыр башын ийкеп Байзактын сөзүнө макул болуп отурду. Курманжан датка Мады кыштагынан күтүп, шарттамага кол коюп берерин билдирди. Бул иш бир жумадан кийин болмок болду. Ал эми эртең баш ийип багынып бергендин белгиси катары курал-жарактарды төөгө жүктөтүп жибермек болду.

Эл ичинде бир жолбун сөз айтылып жүрөт. Айрымдар: «Курманжан датканын Шабданда көңүлү бар экен. Экөө жолугушканда Шабдан баатыр Курманжанды жеңе дебей, эже деп жибериптир, ошого нараазы болгон Курманжан Шабданды кабыл албай коюптур» деп жүрүшкөнүнүн чындыгын Абдыкалык Чоробаевден сурап, ал киши көзүнөн жаш чыкканча күлгөнүн жогоруда айткан элек. «Жолбун сөздү» чыгара коюшкандарга кээде адамдын жини келет. Экөөнүн жашында канча айырма бар экенин өзүңөр эсептеп көргүлө. Шабдан баатыр анын баласы Абдылдабек менен тең чамаал. Мындай сөздү айтканыбыз өтө уят. Хан Айым Курманжан датка энебиз ошончо жашка барып, өзүнүн баласы сыяктуу жигитке эч убакта көз артпай турганы белгилүү. Андай чогоол, жолбун сөздү айткан адамдарды чынында эле «арбак урат». Шабдан баатыр да эч убакта арамдык ишке барбаган, бирөөгө атүгүл жаман сөз айтпаган хрусталдай таза адам болгон. Ал киши бардык өмүрүн адилеттүүлүккө, акыйкатка, соопчулукка арнап, калкына адал кызмат кылган адам. Бул адамдын да арбагына шек келтиргенибиз чеки иш болоор.

[М 152]

Ким билсин? Балким Курманжан датка оруска букара болуп карап берели деп өзүнүн кол баштап калган балдары, Мамбет, Исак, Абдысалам сыяктуу таасирлүү адамдар менен кеңешкен чыгаар. Анысы азырынча бизге белгисиз. Бирок уламада Шабдан менен Байзакты уу берип өлтүрүшмөк болгон дешет. Анысын тымызын Мамбет менен Абдысалам уюштурган экен. Акылман энебиз

Курманжан датка алардын андай арам ойлорун билбесе керек. Тигил баатыр башчыларга болгон жашыруун планды ашпозчу адамга дайындашат. Палоо жасап барышып, Шабдан менен Байзак ажы жей турган табактын четине уу кошуп коюшкан экен. Ашпозчу адам ал ишти кандай гана болбосун Шабдан баатыр менен Байзакка алардын колуна суу куйган бала аркылуу жеткирет. Аны мурун баладан уккан Байзак табакты тегеретип уу кошулган жактан жебестен таза жагынан жешип, аман калышат. Бешим болуп калган. Даарат алыш үчүн маасысын чечип Байзак эшикке чыгат. Жез чылапчын, жез кумганга жылуу суу алып жанагы бала дааратка суу куюп берет. Байзак ага алтын мүрү теңге[74] берип, күүгүм талаш аттарды токуп кабактагы жапсарга «сарт байлоо» кылып коюга тапшырма берет. Акысына дагы алтын акча берет. Кечинде Шабданга айтып экөө акырын түзгө олтура турган киши сыяктанып желбегей жамынышып барышса аттары «сарт байлоо» болуп турган экен. Акырын аттанып бастырып жүрө беришет. Аларды эч ким туйбай калган дешсе, айрымдары кубалаптыр! Жетпей калышкан экен деп жүрүшөт. Ал сөздүн канчалык чын төгүнү бар экендиги кудайакы бизге белгисиз.

Эртеси болжогон убакта айылдан чубап чыгышкан элди дүрбү салып олтурушкан орус командирлер көрүштү. Дагы бир аз кечиксе эле Шабдан менен Байзактын тилин алышпай замбирек менен тынч жаткан айылды аткылашып, далай адамды жок кылышмак. Бир да кишини чыгымга учуратпай, бир дагы ок чыгартпай Шабдан баатыр бул жолу да зор иш жасады. Курманжан датка эки атанга сылай курал-жарак жүктөп келди. Көчтү өзү баштап, ак сур жорго менен келди. Белине байланган кооз канжарды чечип берди. Курал-жарактарды түшүрттү. Алынган шаарлардын ачкычы катары чачына байлаган топ ачкычты да чечип берди. Ошентип 1876-жылы Кокон хандыгы жоюлуп, Түштүк Кыргызстандын эли бүтүндөй орустардын карамагына өттү. Ошого арнап той жасашып, чымдан кертип сере жасашты. Ага чыгып Түштүктү каратышкан орус генералдары сөз сүйлөшүп, өз солдаттарын сыйлашты. Кубанычка замбиректен атышып ураалап жатышты. Кезек Шабдан менен Байзакка да жетти. Аларга да подполковник деген наам беришти. Ошол жыйында жүз он алты адамга чен берилди. Шабданды Жети-Суу боюнча «Войсковый старшина» кылып шайлашты. Мына ушул жерден айта турган дагы бир сөз бар. Ал жалаң эле «Войсковый старшина» болуп шайланбастан «Жети-Суу генерал губернаторунун» кеңешчиси да болду. Анткени бүткүл Кокон хандыгынын ээлеген жерлерди административдик жактан бөлүштүрүп, анын

---

[74] Judachin (1985b, 225): теңге мүрү ‚fünfundzwanzig Kopeken‘.

акимдерин шайлаш керек болгон. Уездерге бөлүп, ага жардамчыларды кыргыз, казак, ногой, өзбектерден шайлаттырган.

[М 153]

Шабдандын элге кылган дагы бир баа жеткиз эмгеги, ал ар кандай кылмыш менен күнөөлөнүп, өлүм жазасына тартылган нака 74 адамды ажалдан аман алып калды. Ошолордун баарына азаттык берди. Шабдандын кадыры бүткүл Түркстан окуругуна дүң болуп тарады. Жалаң эле кыргыз эмес, орус букараларына да канчалык жакшылык кылганы белгилүү.

Биз бул жерде Шабдан баатырдын өмүр жолунун бир гана тамчысына токтолуп өттүк, бул тарых күүсүндөгү инсан жөнүндө санжыра менен анын элге кылган эмгегин айтып түгөтүү кыйын. Эми биз бул адамдын бечарага бел, карыпка караан болгон жакшылыктарынан да бир аз айта кетели.

Шабдан баатыр бай болгон эмес, хандын баласы болсо да анын ченелүү гана оокаты болгон. Бирок бул кишинин ырыскысы элден чыккан. Падышалык Орусиядан да маяна алган. Бирок анысы үйгө жеткен эмес, жолдон учураган бечарага, думаналарга берилген. Элдин айтымына караганда Шабдан баатыр эч убакта жалган сүйлөп көргөн эмес экен. Бой көтөрүп, керсейүү деген эзели болгон эмес. Жардыга да, байга да, чоңго да, кичинеге да бирдей мамиле жасаган. Ким гана болбосун ага Шабдан баатырдын эшиги ачык болгон. Заруурат болуп турмуштун запкысын көргөн адамга астындагы атын түшүп берген.

Бир жолу Токмокто чоң жыйын болуп, аттанып бара жатканда бир чоң бай келишкен эки ат чегилген трашманкени (жеңил араба) жана бир тулуп алтын акча берген экен. Жалчы болуп жарыбай жүргөн бир орус бала болуптур. Ал малайлыктан чекеси жылыбай, аял алып оокат кылайын десе, каражаты жок карайлап турган кези экен. Ага Иванов Василий деген оокаттуу орус кеңешин айтат: - Сен Алексей Войсковой старшина Жантаев Шабдан мырзанын алдын тосуп жардам сура. Анча-мынча акча кайрылышса же бир мал-сал кайрылышса эптеп оокат кылып кетесиң, - дейт. Алексей Михаиловияч Гурьев деген кедей жигит ыйлап Шабдандын алдынан чыгат. Баатыр эч ойлонбой туруп: «Мына буларды алып оокат кыл!» деп баягы тулуптагы акчаны, кош ат чегилген фаэтон-трашманкени кармата берген экен. Алексей Михаилович ошол Шабдан берген оокатка үйлөнүп-жайланып, аябай байыган экен. Кийин баатыр дүйнөдөн кайтканда ал ушунчалык кейип ыйлаган экен. Ал жөнүндө ушул эле Аламүдүн районунун Воронцовка кыштагында туруучу Алексей Димитриевич

деген адамдын эскерүүсүн эшиткен элек. Осмонаалы Сыдык уулунун «Тарыхы Шадымания» деген китебинде баатырга эң сонун мүнөздөмө берилген. Бир күндө эки-үч жолу керме толгон мал келсе ошончо малды жарды-жалчыларга баатыр өзү бердирген. «Жок» деген сөз ал кишиде болгон эмес дешет. Баатыр ажыга бара жатканда жолго камдаган акчасын жолдон чыгып бата берген дубаналарга бердирген. Жанындагы жан жигити «эми жол киребиз түгөндү» деп турганда баатырдын келе жатканын угушкан казактын эл бийлеген адамдары тосуп чыгып, жан жигитинин акча салган көмүркөйү үч жолу толуп, үч жолу бөксөргөнүн эл айтып жүрүшөт.

[M 154]
Андан калганын «Ажыга баруучулар үчүн салынып жаткан темир жолго» жардам катары көп алтын акча бердирген дешет. Түрктүн султаны менен жолугушуп, ал Шабдан баатырга «Түрк элинин баатыры» деген наам берип, баалуу сыйлыктар менен сыйлаган.

Шабдан баатырдын карапайымдыгы жөнүндө да эл ичинде көптөгөн сөздөр айтылып жүрөт. Кедей адамдардыкына түшүп калса алардын жупуну жармач турмушунан ирээнжибей, жуулбаган аякка куюлган жарма болсо да түгөтө ичкен. Боролдойдун төмөн жагында бир кембагал адам болгон экен. Бир жолу баатыр балдарын ээрчитип кетип бара жатып ошол кембагалдыкына кайрылат. Алар кебеги арсайган арпа максым сунган экен. Ал киши шак тартып жиберет. Балдары болсо аркайган кебекти үйлөп ичсе керек. Мындай чыккан соң айткан экен: «Адам көңүлү гүл! Бечаранын ак ниети менен сыйлап берген суусунун антип үйлөп ичпей жүргүлө! Байлык эмне дегизбейт, жокчулук эмне жегизбейт! Баарыбыз бир пендебиз. Өйдөсүнүүгө болбойт!» деген экен.

Мына ушуну менен Шабдан баатыр жөнүндөгү санжырабызды аяктайлы. Баатырдын балдары: Султанбай, Мөкүш, Асамүдүн, Кемелидин, Аманидин. Беш баласы болгон. Баатырдын арбагы колдосун. Арбагына дуба окудук! Оомийин! Арбак колдосун!

Атаке баатырдын тукумдарын ушуну менен токтотолу. Эгер толуктоочулар болсо кошумчалап алышаар. Биздеги болгон маалыматтар ушул. Эми биз кайрадан Тынайдын Сатыбалды деген баласына токтололу.

**Сатыбалдыдан тарагандар**

Сатыбалды Тынайдын Атакеден кийинки экинчи баласы деп жүрүшөт. Сатыбалдыдан-Жообасар, Аякубат, Алмакүчүк, Караүстөн, Чомой, Шаабек деген алты уулу болгон экен.

Жообасардан - Ыстамбек, Эркимбай. Ыстамбектен - Төлөкабыл, анын уулу Муратаалы, андан Мамбетаалы. Дүр менен Мамбетаалы экөө Верный (азыркы Алматы) шаарынан орусча окушкан. Элдин айтканына карганда Мамбетаалы бир нече жылдар бою уездге кызмат кылып, эл бийлеп келген адам болгон экен. Эми Аякубаттан - Кубат уулу деген бир топ эл бар. Алмакүчүктөн - Алмакүчүк уулу, Караүстөндөн - Караүстөн уулу, Чомойдон - Чомой уулу деген эл тарайт. Булар жалпысынан Сатыбалды эли деп аталышат. Бул кутмандуу атадан тараган тукумдар Токмок шаарынын түштүк тарабында турушат.

Сатыбалдыдан башка да Тынайдын Сокур, Мурадил деген эки баласы болгон. Алардан тараган тукумдар да ушул азыр эл ичинде тамырын жайып, тукумдарын улап жатышат. Ушуну менен Тынайдан тараган тукумдардын аяктайлы. Эмики кезек Манаптын экинчи уулу Жарбаң жөнүндөгү окуялардан баштайлы.

[M 155]

**Жарбаң**

Манаптын - Сүтөй, Жарбаң деген эки баласы бар экенин санжыранын башында баяндаган элек. Сүтөйдүн тукумунан биз Сарысейиттин гана тукумдарын таратып бүттүк. Бирок Сарбагыштын Жарбаңдан, Түгүрдөн анын балдары деп эсептелген «Чоң Чарык» менен Эшимден тараган уруктарды таратууда бир топ кыйынчылыкка учурадык. Колдогу чогулткан маалыматтарда чеке жылытаарлык урук таралыштары жок болуп чыкты. Бул маалыматтарды деле ошол Сарбагыш уруусунан чыгышкан «мен мыктымын» деген санжырачыларынан жыйнаган элем. Алгожо деген санжырачыда жана Сарбагыштын башка санжырачыларында да так маалымат түгүл алмашып айтылганы көп кезикти. Санжырачы Алгожо: «Манаптан - Сүтөй, Сүтүке деген эки атаны айтат. Сүтөйдөн - Сарысейит менен Түгүрдү таратып жатат. Түгүрдөн - Эшим, Олжотай (Чоң Чарык)» деп жатат. Ал эми Сүтүкеден - Күдүр, андан - Жарбаң деп жатат. Санжырачылардын үчүнчү тобуна Осмонаалы Сыдык (Кыдык) уулу да кошулат. Анда Сүтөйдөн - Эшим, Сарысейит, Түгүр үчөөнү бир тууган кылып берип жатат. Түгүрдөн (Тогор деп да жүрөт) жалгыз

гана Чоң Чарыкты таратып жатат. Мына ушундай бул аталардын тукумдарын таратуудан мурун эле чаташуулар учурайт. Булардын бирөөнүкү туура, бирөөнүкү жалган деп айтуу кыйын.

Эл ичи түгөнбөгөн казына. Бул аталардын тарашкан тукумдарынан чыккан санжырачылардан толук маалымат табылып калышында шек жок. Касым Молдонун санжырасына караганда Жарбаңдын жети баласы болгон. Бул жети уулдун тукумдары Хан Кудаярдын тушунда эле чилче тараган экен. Аму Дарыянын жанына барганда Жарбаңдын беш уулунан тараган тукумдары ошол жерде кала берип, андан Иранга көчүшкөн. Ал жерден көчүшүп кийин Ооганыстанга келген дешет. Ошол жерде ушул азыр Кочкор уулу, Сатыке уулу, Чекир уулу, Жарыке уулу дегендер бар дешет. Көпчүлүгү өз аталарын унутушуп «Сарыколдуктар» деп аталып кетишиптир дейт Касым Молдо. Бул жерде калгандары «Кара Жарбаң», «Куба Жарбаң», «Ак Жарбаң» деп аталышат. Ар кайсы элдин арасында тамыр жайып, тукумдарын улап, тиричиликтерин өткөрүүдө.

«Жарбаң» деп аталгандарынын себеби энеси кайтыш болуп кетип, бала курсакта кала берген экен. Касиеттүү аталар өлгөн аялдын курсагын жарып, баланы аман алып калышат. Ошондуктан баланын атын «Жарбаң» деп коюшкан дейт. Анжиян тарапта «Сумбула-Сай» деген жерде да Жарбаңдардын бар экендиги аныкталды. Эгер кудай аман койсо бул аталардан тараган тукумдарды да толугу менен изилдеп туруп, муундарга ажыратып берип калгыбыз бардыр. Балким эл арасындагы акылман сөз баккан асыл адамдар бул уруктун таралышын сактап жүрүшкөн чыгаар. Мендеги болгон маалыматтар ушулар гана экен. Эл аралап «инжинерлик геология» боюнча чоң каналдар өтө турган жерлердин, ири суу сактагыч, курулуштар курула турган аймактардын геологиялык түзүлүштөрүн изилдеп, ишке алагды болуп жүрүп «Жармаң» уругунун таралышын тактап ала алган жокмун.

[М 156]
Айрыкча бул уруктун таралышын Токмоктун түштүк тарабынан, же тактап айтсак Чүй районунан, Кочкор өрөөнүнөн табам деп үмүттөнгөм. Бирок сураштырып жүрүп таба алганым жок. «Шалбаа» айлында өткөн санжырачылардын республикалык кароо конкурсуна катышкандардан да чеке жылытаарлык эчтеме ала алганым жок. Эмесе Жарбаң уругун жаратышкан, көздөрү өткөн аталардын арбагы кечирсин! Алардын арбагына тооп кылып, таң алдында куран окуп, ушуну менен билгендерибиз боюнча айтаарыбыз ушул.

**Түгүрдөн (Тогордон) тарагандар**

Бул урукту таратууда да ар кандай чатышуулар болгонун жогоруда айтып өткөнбүз. Бирок колдогу элден жыйнаган маалыматтардагы көптөгөн санжырачылардын айткандарын эске алып, Түгүрдөн - Эшим, Чоң Чарык деген эки урукту тараттык. Залкар санжырачылар: Эсенкожо, Бекболот, Тойчубектердин айткандарына караганда Эшимдин тукумдары да чилче тарап кетишсе керек. «Элүү жылда - эл жаңы» болуп жоокерчилик заманда кимдер чабылып-чачылбаган. Булардын да «кем тукум» болушуна жанагы Кудаяр хан себепчи болгон дешет. Эшимден-Бекбото, Нарбото деген эки уулду таратышат. Алардын тукумдары Куланакта турушат деп жатышат. Алар жалпысынан «Эшим уругу» деп аталышат. Тукумдары аз болгондуктан башка урууларга букара болуп кала беришет. Экинчиден булардын ичинен эл бийлеген атактуу адамдар чыкпагандыктан, санжырачылар аларды муундарга ажыратышкан эмес. Түпкү атанын атын атап гана тим болушкан. Кыскасын айтканда «алакчылап» кетишкен. Бул жагдай санжырачылардын адилетсиздиктери. Болбосо кандай гана ата болбосун анын бутактап тарап чыккан тукумдарын көмүскөгө калтырып кетүүгө акыбыз жок.

Түгүрдүн экинчи баласы - Чоң Чарык. Бул кишинин өз аты Олжотай экен. Буту аябагындай чоң адам болсо керек. Көлөш-маасы сатып киймек болуп Анжиянга барып бутуна эч нерсе чак келбей коёт. Кашкарга барып да бут кийим таппайт. Айласы кетип, өтүк ултартып киймек болуптур. Өтүкчүгө барса бир торпоктун терисинен жасалган булгаары бир бутуна чак келбей коёт. Ошентип ал кишиге ултара турган «Кеп жыгач» да табылбай койгон экен. Ошондуктан ал киши өмүр бою бутуна өгүздүн терисин чарык кылып тартынып жүрүптүр. Бир күнү жайыттан койлордун келе турган учуру болуп, көгөнгө козу-улактарды байлашат. Түгөлдөй келишсе эки улак жок. Издеп таба алышпай убара болушат. Олжотай чарыгын киейин десе улактар чарыктын ичинде уктап жатышкан экен. Ошондуктан Олжотайдын өз аты калып, «Чоң Чарык» аталып кеткен экен. Бул уруктан көп эл тарайт. Алар көбүнчө Таласта, Нарында Чоро саяктардын ичинде, Солтонун ичинде турушат. Буларды азырынча таратпай ошол бойдон калтыра туралы. Анткени башка элдердин тарыхы менен байланышкан «Чоң Чарык» элинин кызыктуу окуялары бар. Учуру келгенде аны «Солдун» урууларын таратууда ошондой эле «Ичкилик» кыргыздарды таратууда тактап айта кетмекбиз.

[M 157]
Анткени Солто менен - Солто болуп калышкан, же Сарбагыштын ичинде - Сарбагыш болуп калышкан башка уруулар көп. Алсак Чертике, Жетиген уруулары өзүлөрүн «Сарбагышпыз» дешет. Солто ичиндеги - Ак Буура, Асылбаш, Кайдоол, Көкөй, Төлөк ж.б. лар өзүлөрүн Солтонун балдарыбыз дешет. Мына Чоң Чарыктын тукумдарын да кийинкиге калтыра туралы. Булар уюткулуу журт. Түпкү аталары Сарбагыш экендиктеринде талаш жок. Өзүлөрү да «Сарбагышпыз» дешет. Баары эле чынында Кутмандуу Кыргыздын уулдары. Бул жерде тегин биле жүрсүн деген эле кеп. Ата-бабалардын арбагы колдосун! Ушуну менен Манаптан тараган уруктарды аяктайлы.

**[Дөөлөстүн уулу] Жантайдан тарагандар**

Улуу даражалуу окурманым! Бул Жантай кечөөкү өткөн, Ак Мөөрдү алган, Шабдан баатырдын атасы хан Жантай эмес. Аралыгынан алда канча кылым өткөн башка Жантай. Санжыранын башында эскерткенбиз. Эгер эсиңизде болсо кадимки Кылжыр атанын уулу Дөөлөстүн төрт баласынын бири. Бакдөөлөт байбичеден Токо, Жантай деген эки уул төрөлгөнү бизге белгилүү. Санжыранын башында биз Токонун тукумдарын таратканбыз. Шарт боюнча улуулаштырып, адегенде Токонун, андан кийин Жантайдын, андан кийин Элчибектин, эң акыркысы жана кичүүсү Манаптын тукумдарын кийин таратсак болмок. Бирок, «Жаңыл мырзанын окуясына» байланыштуу Манаптын тукумдарын таратууга аргасыз болуп сиздерден кечирим сурап кеткен элек. Санжырага ышкыбоз, кепкор замандашым! Сиздерден кайталап дагы кечирим сурайм. Ушул жерден Үчүке, Түлкүнүн өлүмүнөн кийин ушул сарбагыштын Жантай уругунан чыккан, Кара сакал Калматай менен Жаңыл мырзанын акыркы окуяларын айта кетиш үчүн ушундай орун которууларды жасаган элек.

Жантайдын өмүр жолу да жоокерчилик заманга туура келди. Ошол убакта алдуулар-алып, күчтүүлөр-жулуп турган мезгил болгон. Бул түйшүктүү учурду Кара Токо жөнүндөгү баянда эле чагылдырганбыз.

Жантайдан - Сары. Бизге белгилүүсү ушул бир гана баласы. Балким башка балдары да болгондур. Алары азырынча бизге белгисиз.

Сарыдан - Бөрүчөк. Бөрүчөктөн - Атабай, Айке[75], Илеке, Күзөк деген төрт баласы болот. Эми биз ушул төрт баласынын тукумдарын таратaлы.

---

[75] *Айке ~ Айыке*. Ich folge zugunsten der Einheitlichkeit der häufigeren Schreibung: *Айке*.

Атабайдан - Казыбек, Козубек, Кубат, Белек, Мендеке. Мендекеден - Саза уулу, Айытпай уулу, Жумаш уулу.

Айкеден - Боктубай, андан - Кудайбакты. Эми ошол Кудайбактыдан - Итийбас, Койтыйбас, Сарыке, Бука, Бегиш Дайырбек. Итийбастан - Карачолок уулу. Койтыйбастан - Койтыйбас уулу. Сарыкеден - Черикчи уулу. Букадан - Токтогон уулу. Дайырбектен - Шааболот уулу. Жалпысынан алганда Айкенин тукумдары Карачолок, Черикчи, Токтогон, Шааболот тукумдары «Төрт ата Айке» аталат. Мына ушуну менен Атабай менен Айкенин тукумдарын аяктайлы.

[М 158]
Илекеден - Аккозу, Токтооку деген эки бала болгон. Эми Аккозудан да бир нече тукумдар бар. Токтоокудан - Үлүмжү, Рай, Мамат, Асан. Иликенин тукумдары өз-өзүнчө ата уулдарына ажырап андан ары таралат. Бирок колдогу жыйналган маалыматтарда көптөгөн чаташуулар болгондуктан ушуну менен эле токтотууга аргасыз болдук. Санжырачылардын мындан сонун ажыратып билүүчүлөрү болсо, Илике атадан тарагандардын тукумдары андан ары улап алышаар деген үмүттөбүз.
Күзөкеден - Акий, Калматай, Эшиге, Досон деген төрт бала.

Акийден - Ныязбек, Дайырбек, Тыныбек, Оболбек. Ныязбектен - Мамилик, Жамансарт деген эки баласы болгон. Дайырбектен - Ыбыке, Анжим, Жакам, Синилтай, Мадыкайып деген балдары болот.

Ыбыкенин тукуму жөнүндө бир эки сөз. Ыбыке өзү мергенчи киши болгон экен. Ал кезде жер ээн. Ала-Тоонун ой-чуңкурунда кийиктин толуп турган мезгили болсо керек. Ыбыке эки жолдошу менен салбурунга чыгып келет. Тоо арасында бир топ күн жүрүп калат. Карын майы калдайган кайкалаган семиз теке, курбусунан кунан, өгүздөй куржуйган кулжа атып бир топко жүрүп калат. Ак челек чагышып, таш кордо бышырып жешип, майга тойгон немелер ыксырап уйку кандырышат. «Ак челек» дегенибиз мындай, кийинки муундар биле жүрүшсүн. Аны айта кетели. Кулжа аябагандай чоң болот. Башын, ичеги кардын алып таштагандан кийин этин чанда бир ат көтөрбөсө, жөнөкөй ат бир кулжанын этин көтөрө албайт. Аны мен өз көзү менен көргөм. Ак-Шыйрактын Пикертик деген жеринен бир кулжа атып, этин бир атка жүктөсөк көтөрө албай койгону эсимде. «Ак челек» жасаш үчүн кулжанын жиликтеринин эттерин шылып алып, жиликти отко кактап бышырат. Бышкан жиликти мүлжүп туруп чаксаң чыны толтура чучук чыгат. Аны корго солкулдата бышырган боор менен

малып жеп олтурсаң «бал даамданып» жегиликтүү келет. Ага тойгон киши суукка үшүбөй тердеп чыгат. «Таш кордо» дегенибиз да талаадан жей турган жакшы тамак. Аны мындайча даярдайт. Атып алган кийиктин кардын оодарып сууга таза жууйт. Аңтарылган карындын ичине чүйгүн этти барчалап кесип салат. Тузун жакшы татытат. Эттен башка пияз, көбүргөн, азыраак козу кулак, сооган салат. Кумдуу жерди оюп от жагат. Ысыган кумга эт салган карынды жел чыгарбай көөмп салат. Анын үстүнө тоонун куураган жыгач отунунан улуу жагып салып эки же үч сааттан кийин келип ачсаң тамак даяр болот. Бул тамак даамдуу болуп, жегиликтүү келет.

Ошентип кышка көп эт камдап Ыбыке айлына келет. Келсе айылда жан киши жок. Өрттөнгөн алачыктар, «кызыл уук» болуп чала чечилген үйлөр калган. Ыбыке айылды жоо чаап кеткенин баамдайт. Бирок кай жактан келген жоо экенин билбейт. Сураштырса, көргөн-билгендер жок болуп чыгат. Айла канча, алаканын шак коюп олтуруп калат. Эл эмеспи Ыбыкенин кайгысын кошо бөлүшүп, көчүрүп алышып аял алып беришет.

[M 159]
Бирок Ыбыке токтоно албай койгон экен. Төрөдөй болгон төрт бир тууганы жок. Акыры колуна таяк алып, эл кыдырып бир туугандарын, үй-бүлөсүн издеп чыгат. Акыры жүрүп туура 32 жылдан кийин төрт бир тууганын ээрчитип элине келип кошулган экен. Алардын тукумдары ушул азыр үч жүзгө жакын.

Ыбыкеден - Көкө, Ажыбек, Жаныбек[76], Ошим деген төрт баласы болгон. Көкөдөн - Жайчыбек баатыр. Ажыбектен - Турумтай. Жаныбектен - Үрүстөм. Ошимден - Сарыжан ажы. Ыбыкенин тукумун ушуну менен токтото туруп, баягы калмакка колго түшүп кетип табылган Анжимдин тукумдарына токтололу. Анжимден - Акан, андан - Байкашка, Жакам деген инисинен - Байзак анын баласы - Дыйкан. Синилтайдан - Кыят баатыр. Мадыкайыптан - Кудаш, Субан, Бек, Байчоро.

Калматайдан - Кенже, Медеке, Ноорке, Кашка. Медекеден - Майназар баатыр. Эшигеден - Акжол, Урмуш, Татыбек, Ажыбек. Урмуштан - Ногой. Татыбектен - Абыке, Абке, Ыйманаалы, Шагыр. Ажыбектен - Кадырбек, Бектур.

Досондон - Бекназар, Кочкор, Сагындык. Бекназардан - Эшкожо, Чекир. Сагындыктан - Качы, Муратбек. Тыныбектен - Кажыгул, Итигул, Карагул, Борук, Жербото, Байбото. Жербототодон - Бечел, андан - Курама. Итигулдан - Бөкөнчү, андан - Конушпай, Токтоке, Токтомуш, Аюке.

---

[76] *Жаныбек ~ Жаныш.* Ich verwende zugunsten der Einheitlichkeit *Жаныбек*.

**[Күзөкенин уулу «Кара Сакал Калматай» жана Жаңыл Мырза баяны]**

Эми жогорудагы убада боюнча «Кара Сакал Калматайга» кайрадан токтоло кетели. Күзөкөнүн экинчи уулу Калматай экенин жогоруда баяндадык. Бул киши Үчүке, Түлкүнүн өлүмүн өз көзү менен көргөн адам. Жаңыл Мырзанын андан кийинки тагдырына да ортоктош болгондуктан ал жөнүндө сөз козгобой кетсек болбос. Ансыз да кийинки муундарга таалим-тарбия боло турган көптөгөн окуяларды таштап кетип жатабыз. Санжыра менен байланышкан кызыктуу окуялар көп. Ал тарых, ал мурас.

Ошентип кыргыздын арыстандай айбаттуу, Үрүстөмдөй кайраттуу алты баатыры Жаңылдын колунан өлүштү. Ошол мезгил татаал жоокерчилик заман эле. Алакандай кыргызды кул кылып, малын талап алыш үчүн кара таандай каптай турган Кара Кытайлар жүткүндү. Карсылдашып салгылашууга каскагын камдап калмактар келе жатышты. Кашкардын ханы каптап киргени турушту. Букардын беги буктурмадан кол салып турду. Мындай учурда кол баштаган «көй кашка» баатырлардан ажырап калуу кыргыз үчүн чоң жоготуу болду. Ансыз да «Кайран бектер катындан өлүштү» деген сөз өзөктү өрттөп турду. Калматай ошол кезде элге кадыры сиңип калган карыялардан болгон. Жашы сексенге таяса да жүргөн-турганы тың, чачы буурул тартып агарса да сакалы көмүрдөй кап-кара бойдон калды. Ошону үчүн эл аны «Кара Сакал Калматай» деп аташты.

Баатырлардын аштары берилгенден кийин эле «өч алууга» камылга көрүлө баштады. Болжошкон мезгилде ар бир уруудан чогулган «кун кубалоочулар» жайнап келишти.

[М 160]

Ал боюнча аттанып барышса, «Алты аталуу» алакандай нойгуттун таласа - тарпы калчудай көрүнбөйт.

- Койгула! - дешти айрым жөн билги кадырман карылар. Силер «катуудан казанын, жумшактан күлүн калтырып», кан төгүп чаба турган нойгуттар кадимден бери жоолашкан тигил Кангайдан келген эл эмес. Кантсе да кызыр чалган кыргыздын өз тукуму! Алар өзүлөрү келип кол салышкан эмес. Ажалдары жетип күндөрү бүткөн экен, элди ойлосоңор, эп көрсөңөр аз эле кол менен баргыла  деген кеңештерин айтышты. Жортуулга камынып келген элдин

ичинде тунук акылдын туу чокусуна чыгышкан саяк Кудайберди , Басыз[77] Мамбет, Мундуз Айытпай, Орго уруусунан Орозаалы сыяктуу карыялар бар эле. Алар жортуулга барыш үчүн эмес, кайгы тартып кан жутушуп өлгөн жигиттердин жакындарына кайрат айтып, кара таман калк ичинде жазыксыз кан төгүлбөсүн деп келишкен. Жалпы Нойгут элинде эмне жазык? Карысын кадырлап, улуусун урматтаган кайран заман! Кадимки Солтонсары жайлоосунун чыгыш тарабындагы көк дукабадай кулпурган конуштарга үйлөр тигилип, жортуулга аттана тургандарга ак батасын берип, акыл сөзүн айтуучулар союштарын ала келишип, жыйын курушуп карылардын сөзүн угуп жатышты. Залкар санжырачылардын айтымына караганда аз эле кол бармак болушту. Болгону өчтү Жаңыл мырзанын өзүнөн гана алмак болушту.

- Элди чаап бүлүнтпөгүлө! Кийинки муундарга бетке чиркөө сөз калат! - дешти. Тандалып олтуруп үч жүздөй гана жоокерлер барышмак болушту. Тейит уруусунан чыккан Шырдакбек хан ооруп жаткандыктан, анын туугандары Аккочкор менен Каңкы баатыр барышмак болду. Тейитбектен[78] - Курманбек, андан Сейитбек, Сейитбектен -Шырдакбек хан Алабука суусунун оң жак тарабына ордо куруп, Мынакелди, Кызыл-Сөөк тарапты ашып келген жоонун мизин кайтарып турган эле.

Кун кууп бара жатышкандар күндөп-түндөп жол жүрүп отурушуп «Алтын-Булакка» жете барышты. Ал күнү өрүү болушуп, кечинде күүгүм кирип ай жаңыдан көтөрүлгөндө ак боз бээни булактын башына жетелеп келишип, арбактарга атап куран окушуп: «Эртең чабуулда Жаңылды колго түшүрсөк так ушул бээ сыяктуу мууздайлы! Аяган кишини арбак урсун!» дешип ант кылышты. Айрым каны кызуу жигиттер нойгуттардын «түндүгүн түшүрүп» чабабыз дешип чамынышты. «Койгула! - дешти айрым улгайгандар. Тигил жактан аттанып чыгаарда аксакалдарга убада бергенбиз» дешти көбү. Үлбүрчөктүн агасы Темир: «Угушумда Жаңылдын кайындары келип той түшүрүп жатат» деп уктум. Кечээ «Такыр-Тарим» тарапка күрүч жүктөп бара жатышкандарга биздин кайгуулчулар жолугушуптур» деп калды. Бул жерден баары кеңешип олтурушуп: «Мунун чын-төгүнүн билели» дешкенде Чыныбай байдын Асыл деген уулу ордунан учуп турду. «Акелер! Мен барып, ийне жибине чейин билип келем» деп жиберди. Муну көпчүлүк туура көрүштү. Асыл ошол кезде он сегиз жашка жаңы толгон кези болуучу.

---

[77] KENČIEV: *Базыс*. Ich folge der allgemein häufigeren Bezeichnung *Басыз* (s. ATTOKUROV 1995, 152ff.).
[78] KENČIEV: *Тейит бек*. In Anpassung an die folgenden Schreibungen verwende ich *Тейитбек*.

[M 161]
Раматылык Абдыразак Чоробаевдин айтканына карганда Асыл олбурлуу, бүркүт кабак келишимдүү сулуу жигит болгон экен. Бош куржун, атын тушаганга чидер алып, топтон бөлүнүп аттанып чыгат.

Ичке-Суунун боюндагы көк өзөнгө жайнаган үйлөр тигилиптир. Өзөн жин жыттанып, айыл арасы калдайган калың элге толгон.

Асыл четтеги бир алачыкка келип сураса, Жаңылдын күйөөсү калмактын ханы Хорон хан той түшүрүп жаткан экен. Үйдүн ээси Мамбетаалы деген абышка жөн жайын айтып түшүндүрдү. «Бүгүн эми кыз оюн жаңы башталат. Жети жүз үйлүү жедигерлер бар эле, бүт айдап келишип кызмат жасатып жатышат. Мен ошол Жедигер уруусунанмын» деди Мамбетаалы. Мамбетаалы ээрчитип Асылды тойго алып келди. Четки бир үйгө киргизишип дагы бир эки-үч жолоочуга кошуп эт тартышты. Кыркаар тигилген боз үйлөрдүн улам бирине барып, буйрук берип, кара жорго ат минген, суусар тебетей кийип, алтын кемер курчанган Асыл курлуу бир жигит жүрдү. Анын айткандарын баары лам дебей аткарып жатышты. Кыргыздын чыгаан баатырларын жайлап салып, Жаңылдын эми кайнаса каны кошулбаган Хорон ханга кетип жатканына Асыл аябай намыстанды. Ким билсин эгер Жаңылга жолукса көпкөлөң өспүрүм өлөөрүн билбей тийиштик кылат беле.

Үлбүрчөк, Бургуй, Атакозу, Чабак, Үчүке, Түлкүнү өлтүрүп, колу канга булгангандан кийин Жаңылдын кабагы ачылбады. Үшкүрүгү күчөп, дайыма кейиште болду. Ал Түлкүнү көргөндө эле жактырып сүйгөн. Атууга колу барбай калтаарып турганын окурмандар санжыранын мурунку бөлүмүнөн билишет. Анда анын Түлкү баатырды түшүндө көргөнү да баяндалган. Өкүттө калган кара мүртөз эр неме канчалык намыстанса да болбой аял затынын назик жүрөгү тынч алдырбай ошол баатырлардын сөөгү коюлган «Кереге-Ташка» жалгыз барып жүрдү. Кийин ачык эле мүрзөгө мал жетелетип барып сойдуруп, куран окутту. Эртең да мүрзөгө барып тооп кылмак. Жылкы тийип, айылды жоо басты. Жаңыл Мырза: «Баатырлардын кунун кууп келишкен го?» деп ойлоду. Кара жоргону өзүнчө боз үй тигип, күрүчтөн жем берип байлап койчу. Жоо киймин кийинип атына шашылды. Бирок кеч болуп калган. Калмактын сансыз колу айылды жылчыксыз курчаган. Топтон бөлүнгөн үч калмак келип Жагоо бийдин үйүнө түшүштү. Хорон жиберген элчилер экен. Жаңылга жуучулукка жибериптир. Көп өтпөй Жаңылды атасынын үстүнө чакырышты. Сурданып кирип барган баатыр кыздын жалындаган кош кареги

төрдөгү калмактарды арбап өттү. Жөн жайды уккан соң Жаңыл өз талабын койду.

- Тез аранын ичинде ханыңар аскерин он ли аралыкка алып кетсин. Үч кишиси менен «Кара-Дөбөгө» келип турсун. Мен үч кыз менен барам, ошондо хан менен жөн жай сүйлөшөбүз, - деди. Чынында анчалык калмактар менен чабышып чаркы жете алмак эмес.

[M 162]
Сел каптагандай коңторулган калың кол жалаң Нойгуттар эмес ошол жердеги коңшулаш элдерди да чай кайнамга жеткизбей жок кылып коймок. Жоо күчүн салмактап көрүп, чарпышаарга чамаа жоктугуна көзү жеткен баатыр кыз аргасыз олтуруп калды. Көздөн көк түтүн учуп, калдайган калың кыргыз элинин карааныңа зар болду. Кантсин, калмактардын зордугу жанга батса да баш ийип, эли үчүн кара башын садага кылмак болду. Атаганат... аз эл кор эл экен. Куру намыс таш жарып, андан кийин баш жараарын баатыр кыз түшүнүп, жүрөгү сыздап турду. Эгер Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк менен Бургуй баатырлар жанында турса береги суйдаң сакал, күйгөн теридей бырышкан Хорон калмакка тамашасын көрсөтөт эле го!

Жаңыл тез эле кундуз чачын жайып, үлпүлдөп кызча кийинип, эки жанына эки кызды ээрчитип айылдан аттанып чыкты. Хорон хан да куралдуу үч жигити менен «Кара-Дөбөгө» келип турган. Томсоргон кектүү көз караш менен суз гана учурашты. Калмакча таза сүйлөгөн кыз ханга суроо таштады:

- Канча атаңыздан бери хандык даражаны тутуп келе жатасыз? Хорон[79] жалтактап жанындагы Калдама тайчысын карады.

- Үч атасынан бери! - деди тигил шашып.

Хорон чыныгы хандын тукуму эмес эле. Так талашуу учурунда өз ханына чыккынчылык кылып аны өлтүртүүгө активдүү катышкандыгы үчүн Хорондун чоң атасы Зцезень хандын тушунда бийликке көтөрүлгөн.

- Жөнү бар экен! - деди Жаңыл. Эгер тектүү жердин тукуму болгондо Ойроттордун салты боюнча жуучу жибермек элеңер. Тексиз жерден чыккандыктан демитип, тынч жаткан элди дооруктуруп[80], айылга ат салмак эмес элеңер. Мен колу кандуу болгон аял затынанмын. Эми мени кыргыздын эч кимиси албайт. Сага тийем Хорон мырза. Эмдиги жылы ушул убакта той түшүрүп келесиң. Салтты унутпа. Жалаң гана жеңкетайга жети жүз кара кашка

[79] *Хорон ~ Хорун*; ich übernehme zugunsten der Einheitlich die bei KENČIEV häufigere Schreibung *Хорон*.
[80] Дооруктур-: Normkirgisisch *торуктур-* ‚erschöpfen‘.

жорго айдатып кел. Кыргыздын салтын сага бизден барган Баян баатыр айтып берет деп убадалашкан болуучу. Сөзгө катуу сынган Хорон тойго аябай даярданып келип оюн куруп жатышкан.

Асыл эт жеп бүткөн соң кайрадан Мамбетаалыны издеп тапты.

- Ата жолдошторум бар эле. Үрүмчү жакка кетип бара жатабыз. Тойдуку «томурган май» деген экен илгеркилер. Ошол жолдошторума ала барайын. Бышкан эттен бердириңиз, - деди өз тууганын тапкан Асыл. Бирок эч шек алдырган жок. Тек жайын Коңураттан чыккан байыркы бир урук катары баяндады.

- Анда тигил эрке кызга айтайын! - деди шашкалактаган Мамбетаалы. Ой, кагылайын эрке кыз бери токтой турчу - деп жанагы кара жорго минип, той ирээтин башкарып жүргөн жигитке кайрылды. Асыл таңыркап жанагы жигитти кыз деп жатканына аң таң болуп турду. Көзү балбылдап оттой жанган, эки ийни шырыктай болгон жигит бери тартып бастырып келди. Анын апакай тамагынан, төшүндөгү болоор болбос бөрсөйгөн эки эмчегинен улам анын кыз экендигине шек саноого болбойт эле.

[М 163]
Алла Таалам канчалык аял затын баатыр кылып жаратса да, келечекте эне боло турган ургаачылыктын назик касиеттери билинип турду. Табияттын так өзүндөй мээримдүүлүк, мөлтүр тунук булактай тазалык, кумар отун тутантып, сезимге бүлүк сала турган керемет-сыйкырдуулук бешенесинен байкалып турду. Баса десеңчи, эркек мүнөз, эр көкүрөк төрөлгөн кыздар азбы? Тескерисинче эл арасында катын паасы төрөлгөн эркектер деле толуп жүрүшпөйбү! Ошондуктан: «Аял үндүү эркекте кубат жок, эркек үндүү аялда уят жок» деген макал акылман баамчыл адамдар тарабынан тигил эле «Абал Муздакта» пайда болсо керек.

- Береги жигит жолоочу элем дейт. Жолдоштору ат откозуп талаада экен. Өзү той үстүнөн чыгып тамак ичти. Жолдошторум ачка эле дейт. Ошолоруна кешик бердирип кой кагылайын! - деди Мамбетаалы карыя безилдеп. Жаңыл Асылды ормоё шектүү тиктеди. Ага бул кызыл чийкил жылдыздуу жигит Тагай тукумдарын баштап келген баатыр сыяктанды. Шектүү Улуу Тоо тарапты бир карап алып улутунуп алганын байкабай да калды:

- Идишиң барбы? - деди Асылга. Мамбетаалыга колу менен жаңсап:

- Тетигил үйдөн куржунун толтуруп эт, боорсок салдырып бериңиз! - деди да нары бастырып кетти. Суу жээгиндеги үйлөр - аш бышыруучулар. Нары төш

таяна конгон үйлөрдө коноктор. Жеңил кийинип, кызыл жоолук менен баштарын таңышкан шамдагай жигиттер ат үстүнөн килкилдете жасалган кырма табактардагы эттерди ысуулай бойдон чү коюшуп өзүлөрүнө бөлүнгөн үйлөргө жеткирип жатышты. Ар бир үйдүн кырчоосунда аюдай булкуйган эркечтин чаначтарында жакшы ачыган байтал бээнин бал кымызы. Коноктор тамактан кийин бир аз эс алышып, күн салкындаганда тамашага чыгышат. Балбан күрөш, эр эңиш, улак тартыш, аркан тартыш сыяктуу майда оюндар ойнолууда. Баардыгын Жаңыл өзү башкарууда. Эмнегедир ал убакытты созуп жатты.

Кечки кыз оюн Жагоо бийдин жүз баштуу өргөөсүндө өтөт экен. Асыл эми ошол жерди шынаарлады. Кыз оюнду Жагоо бийдин жакын тууганы Аюптун келинчеги Дүрдана башкарат экен. Эптеп ыгын таап келинге жолугуп кыз оюнда өзүнө токмок салууну суранды. Келин чоочун уланга шектүү карады эле Асыл безилдеп:

- Кагылайын жеңекебай жолдугун кылайын! - деп бир мүрү кызыл алтын теңгени капчыгынан алып берди.

Жаңыл кечке жанагы «кешик сураган» кызыл чийкил жигитти ойлоп жүрдү. «Көз карашы шектүү да, кектүү да. Бул жердин жигиттеринен эмес. Ал соодагер эмес, тыңчы! Калп айтып жатат!» деп күбүрөдү.

Атаганат... кыргыздан калың кол келип ушул басынган тозоктон куткарып алаар күн болсочу? Ал кандай гана болбосун «кун кууп» келүүчүлөр болот деп үмүттөнүп жүрдү. Калмакка ханыша болгончо, кыргызга күң болгону жакшы! Тойду дагы созо түшүшүм керек, сөзсүз кыргыздар келишет! - деп өзүн-өзү сооротту.

[М 164]

Кечки тамакты ичип, бир аз желденип, бой сергиткенден кийин кыз оюн башталды. Төрдөгү кош жаздык жаздалган эки жердеги аю талпактын үстүнө Жаңыл менен Хорон калмак, анын оң тарабында Калдама баш болгон калмактын кадыр-барктуу жигиттери, кыздары олтурушту. Жаңыл тарап капшытка кыргыз жигиттери менен кыздары олтурушту. Ортодо ачык жер бар. Ал жерге чыгып, кезеги келген кыз же жигит ырын ырдайт. Токмок салып, сүйгөнүн сүйрөп чыгышып, жар көрүшөт. Алар айкалашып, бойлорун тийгизишпей жар көрүшөт. Эгер бир жерлери тийишип калса, алар жаза тартышат. Оюндун шарты ошондой.

Төрдө олтурган кыз Жаңыл жана күндүзгү той башкарып жүргөн жигит экен. Мамбетаалы аны «Эрке кыз» деп атаган. Асыл өзү да анын кыз экенин билген, бирок Жаңыл деп ойлогон эмес. Анткени куралдуу күзөт турган тигил боз үйлөрдүн биринде олтурган чыгаар деп ойлогон. Жаңыл жигитти тааныды. Көздөрү учураша түштү. Эми кызыл чийкил жигитти даана көрдү. Кармаган жеринен кан чыгарып, кабыландай маараган жигиттерден эмес. Жоого аттанып жаныңа ала жүрсөң, ак жолтой болуучу неме экен. Кыдыр алей салам жылоолоп турганын байкады. Эки которуп «жан көрүшкөндөн» кийин Асылга кезек келди. Ордунан шамдагай тура калып өзүнө токмок салган келин менен «жар көрүшүп», анан ортого тура калып обонун созду. Ырынын уйкаштыгы, кубулжуган коңгуроодой үнү олтургандарды тамшандырып жатты. Үйгө батпай калышкан кыз-келиндер коңгуроодой үн чыгарып, ыргактуу көркөм кайрыктарын ийине жеткирген жигитти көрүүгө кумарланышып, боз үйдүн туурдуктарын жыртып жиберишти.

«Тепседиң кыргыз арбагын,
Теңирге тийди салмагың.
Каалап тийген той кылып,
Каран калсын калмагың.
Карамүртөз шерменде,
Канча эрдин башын жалмадың!»

Акыркы бул ыры менен бул жерден аман кетпесин Асыл өзү да түшүнгөн. «Эмнеси болсо да бир айтып өлөйүн» деп башын тобокелге байлаган. Эл тым-тырс боло түштү. Жанагы ырчы жигит тайманбай барып төрдө олтурган Жаңылга токмок салды. «Абийирсиз жигит жүгөнү жок атка окшош! Бул каяктагы жигит эле?» деген күбүр-шыбыр сөздөр чыгып жатты. Дорго калмак кыргыз тилин жакшы билүүчү. Төкпөй-чачпай төрдө олтурган ханына которуп берди. Хорон алаканын чапты эле, эки жасоол босогого келип тура калды.

- Боорун отко кактагыла! - деп буйрук берди. Үйгө жутунуп кирип келе жатышкан калмактарды колун жогору көтөрүп Жаңыл токтотту:

- Токто! Сен  бул жерге бийлик кыла албайсың! Чамгарак кыргыздыкы!

[M 165]

Конок болуп, күйөөлөп келгендиктен кыргыз жергесине сен бийлик жүргүзө албайсың. Элдин салты, оюндун шарты ошол. Ким каалаганын ырдайт - деп, тура калып Асыл менен жар көрүштү. Бирок көзүнөн жалын чыгып, ачуусу келип турганын олтургандар байкашты. Бир чоочун зөөкүр жигит аны кордоду.

Эгер калмактар болбогондо намысына чымын кондурбаган баатыр кыз бул зөөкүр жигиттин башын өз колу менен алмадай тоголотмок. Оюн көңүлсүз болуп бара жатты. Бир оокумда Жаңыл олтургандарды аралап эшикке чыгып бара жатып, «эшикке чык» дегендей Асылга белги берип кетти. Бир аздан кийин Асыл да эшикке чыкты. Ай сүттөй жарык, кыбыла тараптан салкын жел согуп турган экен. Наркы жапсар тарапка бара жаткан кыздын караанын көрүп артынан жөнөдү.

- Душман тушумда, тушоо бутумда турса. Калмак кашымда, каран түн башымда турса сенин бул эмне келекелегениң? Ажалың жетип, амалың кеткен экен! - деп жарк эттире кылычын сууруп алды.

- Токто! - деди Асыл. Баш кесмек бар, тил кесмек жок. Айта турган кебим бар, ала турган кегим бар! Менин аркамда калдайган кыргыз эли бар! Калжыраган калмагың эмес Кангайды бузар демим бар. Өкүлүмүн элдин. Жүйөлүшсө-жүйөлүшөйүн, жүйөлүшпөсө тоюңду топот кылып, тозокту башыңа салайын деп келдим. Алты баатырдын каны аздык кылабы? Салып кой алдагы кыңырагыңды кынына! - деп өктөмдүү сүйлөдү. Жаңыл кылычын кынына салып, жумшарып, аял затына бүткөн назик кыялкечтик менен:

- Арам чечек! Мунун дымагын! - деп олтуруп калды. Кагылайын, менин көзүмөн кара учуп жатпадыбы. Кун кубалоочулар канча кол менен келгенин, араларында кандай баатырлар бар экенин сураштырды.

- Сенин атың мындан нары «Чынасыл» болсун. Бул жакшы кабарың үчүн өзүмдүн бир тууган сиңдим Кашымкан сулууну алып берем. Мынабул шакекти Аккочкорго бер. Эртең жөө оюн баштайбыз деп калмактардын аттарын бүт агыттырам. Жылкыны бүт тийип алгыла. Мени Аккочкор экөөң «Жол-Колоттон» тосуп алгыла. Мен ошол Аккочкорго тийем. Сен менин биринчи кадырлаган кайним жана күйөө балам болосуң! - деди.

Жаңыл үйгө кабагы ачык шаңдуу кирди. Чынасыл кайтып үйгө кирген жок. Эшиктеги кыз-келиндер менен шапар тээп жүрүп, таңга жуук аттанып кетти. Барып абалды түшүндүрдү. Аккочкорду мындай чакырып чыгып Жаңылдын аманатын бүт айтып, шакекти колуна берди.

Убада боюнча бүт бойдон калмактардын аттарын агыттырып жиберген экен. Кокту колоттордо жүгөндөрүн көтөрүшүп, жөө калмактар жүрүштү. Жылкыны бүт бойдон кыргыздар тийип алышкан. Бардыгы ойдогудай план боюнча болуп жатты. Жаңыл жоо кийимин кийинип аттанып чыкты. Убада боюнча «Жол-Колоттон» аны Аккочкор менен Чынасыл экөө тосуп турушмак.

Жаңылдын артынан акмалап карап турушкан бир топ атчан жигиттер «Жаңыл жоонун колуна түштү» деп кетишти.

[M 166]
Убада боюнча «Жол-Колоттон» Чынасыл менен Аккочкор күтүп турушкан. Алардын жанында да жоон топ жигиттер бар эле. Жаңылды тизгинден алышып, боюндагы курал-жарактарды бүт чечип алышты. «Алтын-Булакка» келишип, чечинтип көйнөкчөн кылышып, кызыл камчыга алышты. Аккочкор тескери бурулуп, Жаңылга болушпай бастырып кетти. Өчү бар немелер жабыла сабашып, өлтүрүп жиберүүгө аз калышты. Мындай жазалоо адилетсиздик менен «киши өлтүрүү» эле. Ата-бабалардын расмиси боюнча душманы менен бетме-бет салгылашып, күч боюнча артыкчылык кылып анан колго түшүрүш керек эле. Мындай учурда душманын колго түшүргөн тарап туткунду кандай кылып соттоп өлтүрүшсө өз эрктери болуучу. Бул жерде андай болгон жок. Үмүткө алданган Жаңыл Чынасыл менен Аккочкорго ишенген. Мына эми акыры «каракчылык өлүмү» менен өлгөнү жатканга ал ичинен арман кылды. Камчы этин тилип, канга бөлөнсө да кайышып жалтанган жок. Кың этип үнүн да чыгарбады. Ачууга жеңдиришкен Үчүке, Түлкү, Үлбүрчөк, Бургуй, Атакозу, Чабактын туугандары тартынып калышаар түрлөрү жок. Ачуусу келип ач арстандай айкырып, Чынасыл кыздын үстүнө түшө калып жатты. Ага насыя камчылар да чабылды.

- Атаңдын гана... Салгылашып жатып колго түшүрүп алышкансып... Андай кыйын экенсиңер жекеме-жеке беттешип көргүлө. Жеңсең анан ушинтип саба, же бышырып же! Анда унчукпайт элем. Сунган башты - суурган кылыч кеспейт иттер! Токтогула!

Төлөк баштаган бир топ жаш баатыр жигиттер кылычтарын сууруп Жаңылды тегеректеп тура калышты. Жутунуп келгендерин кылычтын сырты менен өзөөртө бир экөөнү чаап да салышты. Эми экиге бөлүнүшүп салгылашып калышмак болушту. Аксакалдар дагы арага түшүштү. Чынасыл, Төлөктөрдүн айткан жүйөөлүү сөздөрүн туура деп табышты. «Ачуу шайтан - акыл дос», сабыр кылыш керек! Күнөөсүн мойнуна алып Жаңыл өзү келип колго түшүп берди. Салт боюнча баатыр кызга «ыдык көрсөтүүгө» акыбыз жок! «Таш менен урганды аш менен ур. Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер!» деген бабалардын акыл насаатын унуттукпу? - дешти.

Бердике карыянын бул сөзү жүйөөлүү болуп чыкты. Эгер Жаңыл эркек болуп калса балким кыз алып беришип, аттап, тондоп жөнөтүшөт беле? Насили

аял заты болгондуктан жана «баатырларың катын колдуу болгон» деген куру намыс кургак сөзгө териккендер чыртыйып турушту.

- «Эми Калматай инилериң Жаңыл колдуу болуп өлдү эле. Туткунду өз колуңа тапшыралы. Нойгут менен калмактын жылкысын бүт алдык! Ушуну менен эрдин куну, эриштин доосу бүтсүн!». Алакандай кыргыз алтыга бөлүнүп, араздашып чабыша бербейли! Мындан нары Нойгут туугандарга катыла бербегиле. Баса Сарысейиттин кемпиринин кесир чайкаган кесепетинен баатырлар өзүлөрү барып өлүм табышкан. Алла Тааланын буйругу ошол. Бирөөнүн ажалы суудан, бирөөнүн ажалы оттон. Алланын амирине каршы болуп, күнөөкөр боло бербейли. Катагандын Акылбек бийи баш болушуп бата кылышты. Жаңылды жайдак байталга миңгизип, кементай кийгизип, кыл чылбыр менен колун аркасына байлап алып жөнөштү.

[M 167]
Үчүке, Түлкүнүн жакын тууганы ошол Кара сакал Калматай. Баатыр кызга жолдо көп кордук көрсөтүп жүрүп олтурду. Шакардай кайнаган ачуу, кечирилгиз кек баатыр кыздын жүрөгүндө калды. Айрыкча ал Аккочкорго катуу кекенди. Аңдоосуз жерден алдырып, абайлабай туруп алдатты. Ишенчээктик түбүнө жетти. Өзгөчө береги кызыл көз чыпка сакал Калматай чалдын кордугу сөөгүнө өтүп бара жатты. «Атаганат, алдымда кара атым, колдо жарагым туруп, былчылдашып салгылашып жатып жеңилип аттан түшүп, анан колго түшсөм булар ошондон кийин ушул кордуктарын көрсөтүшсө мейли эле» деп ойлоп келе жатты. Эти ысып, таяктан уугуп жараланган денеси салмактанып ооруп келе жатты. Ал туулуп өскөн айлын, элин ойлоду. Ата-энесин, курбу-курдаштарын ойлоду. Айлы, жалпы эле Нойгут эли кып-кызыл оттун ичинде калды. Аларды ойлоп келе жатып, кабагын чытып, тишин кычыратып онтоп жибергенин өзү байкаган жок. Селт этип, уйкудан чочуп ойгонгондой эки жагына каранды. Жанында көзөмөлдөп келе жатышкан төрт жигит өзүлөрүнчө сүйлөшүп келе жатышкан экен. Жаңылдын онтогонун алар угушкан жок. Ушунчалык таяк жеп кордук көрсө да Жаңылдын мелдиреп унчукпаганына алар да таң калып келе жатышкан. Кун кубалагандар көп олжо менен келишти. Жалаң эле Нойгуттардын эмес, байыркы  Багыш, Жедигер уруусунун жылкысы да кошо алынган. Алар Нойгуттар менен эзелтен бери канаатташ жашап келишкен.

Санжырада кыргыздын ичинде эки жедигер уруусу бар. Алардын бирөө байыркы Жедигерлер. Алар: Катаган, Кайчык, Карасакал, Кандымоюн, Нойгут,

Тейит, Кесек, Сарт, Сарыгул ж.б. байыркы уруулар менен катарлаш. Кийинки Жедигерлер Койлондон тарашат.

Калматайдын айлы калың жылкылуу болушту. Жаңылдын аты-тону, жоо-жарагы да Калматайда калды. Жыртык кара алачык тигишип, куур-курмушу төшөп, жамынганына эски ыш жыттанган түндүк жабууну беришти. Бутуна кишен салышкан. «Алты баатыр тигил дүйнөдөн кыйналышса, бул бейбак канкор бул дүйнөдөн азап тартып өтсүн» деген баягы Сарысейиттин кесиреттүү байбичеси. Балдарын өзү өлүмгө жумшап, Деркенди кетиртип каргашага өзү себепчи болгонун түшүнбөй. Ошентип күндөр саналып өтүп жатты. Ал кезде Сарбагыштар Чүйдүн башын, Кегетиден наркы жерди жердеп турушчу экен. Иледен тартып Олуя-Атага чейинки эбегейсиз көп жер кыргыздын жери болгон. Береги Токмоктон наркы Чүй суусунун түндүк өйүзүн «Дүрдүн атасы Сооронбай кырк байталга сатып жибериптир» дешип айтып жүрүшөт. Кээси ал жерлерди Шабдан бериптир деген жалган сөздү айтышат. Бул сөз чындыкка жатпайт. 1770-жылы бул жерлерди Аб[ы]лай ханга кыргыздар аргасыздан беришкен. Ал жөнүндө бир нече санжыра маалыматтар бар. Санжырада Калматайдын айлы азыркы Токмоктун түндүк тарабында турушкан экен. Жер ээн болгондуктан бир жолборс өргөөлүү айылга кол салып кишичил болуп кетет. Жолдон өткөн-кеткендерди жеп шиши толот.

[M 168]

Мына ушул жолборсту жок кылыш керек эле. Бирок килейген жырткычка даап эч ким бара албады. Жолборско уу кылганы барышкандар кайтышпай жолборстун кандуу чеңгелинен майып болушту. Түнкүсүн келип айыл адамдарына да кол салчу болду. Бул окуя уккандардын жүрөгүн түшүрдү. Эл эмеспи Жаңылдын жолборско уу кылып жүрүшкөндөрүн угушкан экен. Айыл аксакалдары Жаңылды куралдандырып жолборско жиберели дешти.

- Оо, кокуй! Куралы колго тийсе ал жолборс эмес биринчи иретте өзүбүздү жайлайт. Ага биз адам сыяктуу мамиле кылган жокпуз. Таштай катуу кара көңүл эр неме өлүмдөн жалтанбайт!» дешти.

«Көк-Суунун ичин бойлогон,
Көк жолборс кармап ойногон.
Какшаалдын Ала-Тоолорун,
Карышкырча жойлогон» дешип уккандар көп аңыз кылышкан. Ушул жолборстун айласын тапса ушул Жаңыл табат дешти. Бир тобу Жаңылга келишти.

- Чырагым Жаңыл! Атагыңды алыстан далай жолу укканбыз. Кокустуктан колго өзүң түшүп берип, адам баркын билбеген адамдар тарабынан бир аз кордук көргөн экенсиң! Аларды деле айыптай албайбыз. Анткени Ала-Тоодой кайраттуу, арстандай айбаттуу алты баатыр сен колдуу болду. Элдин кунун, эриштин аркагын кечиришели. Бирибиз ата бололу, бирибиз эне бололу. Кекти каапырга жараткан, кечиришели! - деп Эшим карыя сөз баштады. Бул киши Түгүрдүн уулу Эшим карыя эле. «Жолборско уу кылып, ыгын билет экенсиң» дешти. Колуңа курал берүүдөн мына бул эл чочуп турушат, - деди. Жаңыл сумсайган калыбында:

- Мейли куралы жок эле барам. Эки аргамжы, колго бир көсөө бергиле деп суранды. Айтканын жасашып, жолборс жаткан жерге келишти. Шуудураган жоон камыштардан эч нерсе көрүнбөйт. Жаңыл аргамжыны оң колуна жана башка бир мерчемдүү жерине ороду. Санаа тартып, элин-жерин ойлоп арыктаган кыз сенделип камыш аралап жөнөдү. Азап чегип алсыраган кыздын баштагыдай дарманы калды бекен? Эл алыстан жарданып кароодо. Сазда кара чаар уулуу жыландар да көп эле. Жаңыл бир жерден чокмороктошкон алардын уюгун көрдү. Жыландардан Жаңылды Алла Таалам өзү сактады. Жолборс бери эле четте жаткан экен. Бала кезден жолборско уу кылып көнгөн кыз өз ыкмасын колдонду. Жолборс эшик-төрдөй жерден түйүлүп кол салат.  Күч менен атырылган неме бет алдында пил болсо да кулатат. Жолборстун бул чабуулунан буйтап кутулуш керек. Экинчи кол салуусунда жолборс астынкы колу менен урат. Бул да коркунучтуу. Адам эмес бир уруу менен өгүздүн белин сындырат. Жолборс дайыма оң колу менен сермейт. Мындай учурда көздү ирмебей бурула берип колун сый чабууга үлгүрүү керек. Булардын баары тездикти, мышыктай шамдагайлыкты талап кылат. Үчүнчүсү тиштөөгө аракет жасаганда оозуна арканды кептеп ийүү керек. Андан кийин экинчи аркан менен кемээчтеп, тездик менен муунтуп, сыйыртмак салып, тумшукка же каракушка чапканда мурдунан түтөктөп кан атып калат.

[М 169]
Жаңыл так ушундай амал менен жырткычты жеңди. Өңү кумсарып, көзүнөн жалын чыгып, бир аз демигип турду. Баягыда Атакозу менен салгылашып, ал да ушул жолборстой бутунун алдында сулк жаткан. Кайран жигит деп күбүрөдү.

Жаңылдын «киши жегич жолборсту» жеңгендиги эл арасына тез тарады. Мурункудай аны кара алачыкка алып барып кишендебестен, атайын тигилген

өргөөгө киргизишти. Мээрман ак элечек энелер үйрүлүп түшүп, кыз-келиндер шынаарлап, атайын күң, кул жумшап беришип урмат-сый кылышты. Бир заматтын ичинде абал өзгөрдү да калды. Эми ар кай жерден кызга жуучу келе баштады. Сексенге серпилип калган Калматай ага болбоду. Жаңылдын өзүнүн Төлөк баатырда көңүлү бар эле дешет. Бирок Калматай:

- Иним мендей болгуча мындай катындын нечени алат! Өзүм алам! - деп жатып алат.  Карылыгы жетип, кубаты кеткен чалга Жаңыл макулдугун бербеди. Жаман болсо да жаш жигит менен баш кошуп өмүрүн өткөргүсү келди. Бирок көпчүлүк болобу? Акыры макулдатып Калматайга нике кыйдырмак болушту. Айласы түгөнгөн Жаңыл үч шарт койду.

Биринчиси: «Жашыман найза кармап топ бузуп, мылтык атып, жаа тартып, ит агытып, куш салып эркекче өстүм!» ушуларды ойго салбасын.

Экинчиси: «Казан-аяк кармаганга катыштырып, калпыс каада иштеринен алыс кылсын. Кийим тигип - иш кылбайт деп доомат кылбасын».

Үчүнчүсү: «Жүргөн-турганымды ылгабасын». Чечмелей келгенде бул сөзүнүн да бир топ мааниси бар экен.

Мына ошентип Жаңылды Калматай чалга баш байлады кылышты. Күндөр айга алмашып, айлар он экиге жетип бир жылды түздү. Жаңылдын боюна бүтүп эркек уулдуу болгон экен. Калматай баягы Жаңылга берген шерттердин бирин да аткарбады. Асамуза таяк менен кабыргасын сындыра тепкен учуру да болду. Кайгуулга чыгарып жылкы да бактырды. Үй жумушун да жасатты. Эркекче өскөн баатыр кыз булардын бирине да терикпеди. Баласы бир жашка жаңы толуп эл жайлоого көчүп калышкан. Калматайдын айлы быйыл Арпанын башын жайламак. Көч үстүнөн жигиттер Жаңылга тийиштик кылышты. «Жеңе жаа тарткыч өнөрүңүздү бир көргөзүңүз» дешти.

- Жок кайнилер. Ойдо жокту ойго салбагыла! - деп болбоду. Кымызга тоюп, эриккен жигиттер ага болбоду. Эрдемсип жаа тартып, мыкты аткыч атангандар Жаңылга теңелип, жаа тартышып көрүшмөк да болушту. Бирок ага да Жаңыл болбоду. Акыры Калматайга келишти. Ал коржоңдоп, эркексинип бирдеме десе керек, ага катуурак айтып койсо керек.

- Атаганаңдын... олжого келген олжо күң! - деп таяк менен башка тартып жиберди. Ага да Жаңыл терикпей өнөрүн көрсүтүүгө макул болду. Жылкыдан карматып кара атын минди. Асылды кийбесе ай далынын көркү болбойт деп көчтү токтотуп, катылган жеринен жаасын, жебесин алып чыкты. Сыр найзасын

карысына илип, учун кайкы чыгарган Исфаган[81] нар кескен кылычын тагынды. Мурунку Жаңыл кебетеси жоголуп, келишкен жаш баатыр болду да калды.

[M 170]

- Капырай карачы! дешти тамшанышып, атка олтурган келбети укмуш, ургаачылык гана айыбы. Бирок ургаачы болсо да адамдын сырттаны экен. Калматай какбашка кор болуучу жан эмес тура! Жаңыл минген атын «Кара долу» деп атачу. Этин кызытып көчтүн баш аягына чыгып чапкылап жүрдү. Калың көч төөлөрүн чөгөрүп, жүктөрүн түшүрүп тамашаны карап турду. Жаңыл он жети жигитти жарданып карап турушкан көчтөгү элдин алдына чыгарды. Алар Жаңыл жакындап келгенде калпактарын өйдө ыргытышмак. Аттын таманы кызып,тердеп кайра терин жыйып алган экен. Бир маалда жашыл ыраң жамынган талаанын бир четинен Жаңыл чыга келди. Көчтүн тигил башынан баштап он жети жигит ыргыткан калпакты атып өттү. Эң акыркы калпакты удаа жерге түшүрбөй үч жолу атты. Мындай болжолсуз шамдагайлыкка карап турушкан эл таң калышты. Элдин ортосуна келип:

- Эл, журт! Мени кечиргиле! Ойдо жогумду ойго салдыңар! Үч шерт койдум эле бири да аткарылган жок. «Үйүрүн сагынбас ат болбойт, элин сагынбас эр болбойт». Менден кеткен кемчилик болсо кечиргиле. Кош болгула! - деди да «Кара долусун» теминип Лоб Ноор тарапты бет алып жөнөп берди. Көчтөн бир топ узап чыгып бир белге келип, аттан түштү. Ызага буулугуп, үстөмөнүнөн түшүп буркурап ыйлап жатты. Ал далай кордук көрсө дагы кылайып үнүн чыгарып ыйламак түгүл, үнүн чыгарып үшкүрүп да койгон эмес эле. Аны ызалык, кусалык жана тагдырдын анын тамырына балта чапкан ачуу тамашасы муунтуп, кимгедир кекенген кеги көз жашын көлдөттү. Бир оокум болуп калган. Кимдин бирөөлөр арт жактан кууп келе жатканын ат кишенеп жер чапчып ээсине белги берди. Жаныбар мал болсо да окуранып Жаңылды жыттап, жанынан карыш жылбай турду. Жаңыл өйдө болуп жоо жарагын оңдоп, бир улутунуп алды да атына минди. Ал так ушул белден куугунчу менен беттешем деп күтүп жаткан. Беш сомодой болгон жигиттер. Алдыңкысы жээрде атчан Масейил баатыр экен. Ачууланып алыстан эле сөгүп келди.

- Кайда качасың олжоке күң! Жаңыл найза менен тике качырды. Масейил Жаңылды антпейт деп ойлогон. Беш баатыр бир катынга кантип алдыра койсун. Экөө беттешкенде найзадан Масейил топтой тоголонду. Анын жанындагысы кайрат кылууга аракет кылганда жарк этип шилтенген нар

[81] Kenčiev hier *Сфаган*; Korrektur von mir nach [M 49], [M 60].

кескен кылыч мүрүсүнөн ылдый шылыды. Үчүнчүсү жалтактап четке чыга бергенде жаанын огу жүрөгүнө кадалды. Бир заматта дөөкүрсүгөн төрт жигит жерде жатты. Бирөөнү атайын тирүү коё берди. Жай бастырып куугунчуларды дагы күтүп жатты. Бирок эч ким келген жок. Жанагы Масейил өлгөн бел ушул азыр да «Масейилдин бели» деп аталып турат. Эртеси Козуке баатыр кууп жетти. Анын жанында жалгыз жолдошу бар экен. Экөө тең жаа огунан ажал табышты. Эдилбек баатыр да ошентип ажалга дуушарланды. Жаңыл Какшаал тоосунун наркы бетине түшкөн. Буулуккан неме жол тосуп куугунчуларды күтүп жатты. Токтор баатыр жыйырмага жакын жигиттери менен келген экен. Токтор менен алты жолу найза менен беттешти. Акыры ал да аттан сулады. Жыйырма жигит таамай жана бат атылган жаа огуна туруштук бере алышкан жок.

[М 171]
Көп болушса да даап жакын бара алышпады. Жигиттердин арасында Жаңылга жан тарткандары да бар эле. Алар жолдошторун Жаңылга жакын бардырган жок. Кайтып кетишти. Бирок өжөрлөнгөн Жаңыл кеткиси жок. Кимдир бирөөлөрдү күтүп жатты. Ошондон өчпөс-өчүн, кетпес-кегин алыш керек эле. Ызага буулугуп, ачкалыктан эриндери кебээрсип оозу кургап, алсырап турду. Бир жакшынакай топ теректин түбүндө булак бар экен ошого кечинде келип эс алып өргүмөк болду. Кудай насип буйруп бара жаткан го. Эликтин телкиси ошол жерде оттоп жүрүптүр. Эки- үч секирип барып таңыркап карап калды. Жаңыл бул жаныбарды атпай жайына коймок болду. Бирок кимдир бирөөлөр: «Жаңыл! Бул элик сенин ырыскыңа жолукту. Ат!» деп жаткансыды. Кулагы чыңылдап, башы айланып турган кыздын колу кантип коломсоктогу жебеге жармашканын өзү да сезген жок. Ак шамшар менен атып алган элигин мууздап бат эле союп таш кордо жасамак болду. Жаңыл мындай мергенчиликти далай башынан өткөргөн. Талаа ыракаты өзүнчө бир сонун. Кисесиндеги оттук ташы, куусу ошол эле бойдон жүргөн экен. Баягы колго түшкөндө чечинтип алышып чогуу бир куржунга салышкан, ошол бойдон Жаңыл менен кошо ал куржун да Калматайдыкына келген. Болбосо олжо катары бөлүп кетишмек. Шүйшүн каны менен солкулдата бышырган боордон жеп өзөк жалгап, андан жакшылап бышырган таш кордодон тоё жеп, эс алууга жатты. Атын отко коё берген. Анысы айланчыктап алыс кетпей оттоодо. Эртеси туруп, жуунуп тазалангандан кийин этке дагы тоюп, кайгуулдап бастырып чыкты. Кашка-Терек деген жерде Калматай турган экен. Какбаш чалдын канын төкмөк болду.

- Ой Жаңыл! Бала экөөбүздү эмне каран таштадың! - деп баркырап калп эле ыйламыш этти. Жаңылды дагы эптеп колго түшүрүп, курмандыкка чалып муулдашмак. Ал кезде аял затынын төркүнүнө же башка бирөөлөр менен качып кетиши чоң намыс болгон. Мындай учурда качкан аялды: «Эр чанды, эриш бузду» дешип катуу жазалашкан. Төрт казык кагып, ага колу-бутун керип байлап, үстүнө туз чачып тузсураган койду коё беришкен. Бул аял затына жасалган эң чоң жаза болгон. Андан чанда гана бири адам катарына кошулбаса, көбү кыйноо тартып жатып өлүшкөн. Аман калгандары жарым жандуу болуп керектен чыгышкан. Ошондуктан «салынды» кылып таштап койгон аял да эри «талак» кылмайынча кете алган эмес. «Талак» дегенибиз шарыяттын мыйзамы боюнча «ак никемден кечтим, башы ачык, эки дүйнөдө доом жок» деген ыраазычылык.

- Ата, какбаш ай! Мунун амалын карачы? Кет кайтып. Алдагы наристе бала үчүн бир кашык каныңды кечтим! Болбосо токсон жаның болсо да койбойт элем какбаш! - деп чамынды. Буктурмага тандамал жигиттерди топтоп койгон экен. «Карма канчыкты!» деп Калматай чаңырды. Ышкырган жаанын огу менен удаа дагы бир сөз айтам деп оң колун өйдө созуп барып аттан кулады. Шамдагайлыгы болжолсуз. Зоот бузаар октор өлчөлүү жерлерге тийип, кайрат кылып качыргандар ат үстүнөн кулап, калгандары кайра качты.

[М 172]
Жаңыл артынан кууп, далай жерге чейин алып барып таштап кайра келди. Калматай чал али жаны чыга элек экен. Аны акыркы сапарына узатты да баланы өңөрүп жолго чыкты. Намысына чымын кондурбаган эр неме аттан түштү. «Баягы Жагоо бийдин Жаңыл кызы өз ыктыяры менен колго түшүп берип, калмакка талатып, кыргызга жалаң эле Нойгут эмес Жедигерди кошо талатып, бирөөлөрдөн төрөп алып кайра келиптир» деген сөзгө калам деп намыстанды. Баланы бута атым алыс коюп, жаа менен атты. Чиркин кантсе да ичтен чыккан ийри жылан! Энелик сезими козголуп, өзөгү өрттөнүп, тагдырдын тамашасына нараазы болуп, эси ооп жыгылды. Күн кечтеп, бешимге жакындап калган экен. Тамтуң баскан бала эптеп жыгылып-туруп олтуруп энесине жетти. Эмчек издеп энесинин төшүн сыйпалап жаткан экен. Жаңыл эсин жыйып тура калса баласы жанында турат. Баланы бооруна кучактап солкулдап ыйлап жиберди. Жаңыл эзели жаа тартканда огу бошко кеткен эмес, жана баласын атканда көзүн жуумп жиберген. Колу да калтырап кеткен. «Мейли эми. Бир баласы жок кишиге берээрмин » деп ойлоду.

Оо кагылайын санжыра ышкыбоздору! Бул жомок эмес болгон окуя. Бул тарыхтын тамчысы болгон уламыш санжыраны канча кишиден угуп, канча кишиден жазып албадым. Эмнеси боло да калк казынасы кийинки урпактарга калсын! Тарыхчылар тактап, толуктап алышаар. Дүйнөдө өлбөс-бүлбөс бир дагы зат жок. Абалы болсо анын акыры да болот. Биз да өтөбүз дүйнөдөн. Бул санжыргалуу окуялар көргө кошо кетпей элде калсын!

Ошентип бир аз бастыргандан кийин кыйкырык ызы-чуу менен келе жаткан калың куугунчунун абага көтөрүлгөн чаңы көрүндү. Алды жактан 80 төөнүн кербени чыкты. Качып кутулууга аракет кылып келе жаткан Жаңылга кербен башчы болуп келе жаткан Чынарбай байдын Чынасылы жолукту. «Чынасыл» деп аны Жаңыл өзү койгон. Болбосо анын аты «Асыл» эмес беле. Жай сурашса 80 төөнүн жүгү Кулжага бара жатыптыр. Аккочкордуку экен. Ал бир уйгур кожонун сулуу кызына үйлөнмөк болуп себин жөнөткөн экен.

- Сен эч жакка кетпейсиң! - деди Жаңыл, - мен сага өзүмдүн сиңдим Кашымкан сулууну алып берем. Баса ошол Аккочкор ала турган уйгурдун сулуу кызын да сага алып берем. Тарт! Тарт, жер Тарим тарапка! -  деди. Буга Чынасыл макул болду. Кербенчилерди куралдандырып отуздан аша киши жоонун алдын тосушту. Кербенчилердин ичинде Элдар деген он алты жаштагы жетим кул бар экен. Жекеге чыгууга бата сурады. Чынасылдын сур кашкасын токуп берип, жоо киймин кийгизип Элдарды жекеге чыгарышты. Элдар беттешкенин ыргыта сайып аман-эсен кайтып келди. Экинчисин Жаңыл өзү жайлады. Кыйкырык ызы-чуу менен Жаңылдар ат коюп жөнөшкөндө жоо колу жапырылып качышты. Булар чыныгы жоокерлер эмес эле койчу-колоңдор болуучу. Көбү Жаңылды аяп ага жан тарткандар. Ошентип көп олжолуу болушуп, кербенди Нойгуттардын айылына жөнөтүшөт.

[М 173]
Ушул жерде айта кете турган дагы бир сөз бар. «Жаңыл мырза» баяны ойдон чыгарылып айтылган жомок эмес. Бардыгы чындык. Мына бу окуялар менен байланышкан жер-суунун аттары бүгүн да турат. Мисалы алар: «Масейилдин бели», «Козукенин талаасы», «Калдама» ж.б. жерлер. Жаңыл мырзадан майып болгон баатырлардын аттары ошол сөөктөрү коюлган жерлерге берилген.

Ошентип Жаңыл мырза жанына Чынарбай байдын Чынасылын ээрчитип Нойгуттардын айлын көзөмөлдөп жакын келишти. Элдин үшү качып, баягыдай карарган калың мал көрүнбөйт. Бирин- серин эрбелеңдеп тиричилик кылышкан бечара адамдар гана көзгө чалдыгат. Жаңылдын кабагы карыш

түйүлүп, тунжурап унчукпай олтурду. Бир убакта Жаңылга тааныш болуп калган атасы күздөп жүрүүчү айылдан бир өгүз минген адам аларды көздөй келе жатты. Эмнеси болсо да ушул кишиден Нойгуттардын элинин ал абалын билишмек болушту. Тике өзүлөрү бастырып бара алышпады. Кол байлоо болгон бала Жаңылдын колунда турган эле. Жанагы киши адырга чыгып келди. Тааныды Жаңыл. Атасы Жагоо бийдин иниси Бекболот экен. Башында жаман малакай, бутунда «көң чарык», жаман эскилиги жеткен эски тонун жылаңач этине кийип алган. Чукул бурулуштан чыга калышкан жоо кийимчен шоодой болгон эки баатырды көрө коюп Бекболоттун жүрөгү оозуна тыгылды. Кун куучулар мыдыр жылкы калтырбай тийип кетишкен. Калган кара малды бир дагы чычкак улак калтырбастан шыпырып калмак чаап кетти. Бойго жеткен кыз-келинди бүт олжолошту. Эр бүлөнү өлтүргөнүн өлтүрүп, калганын кулдукка айдап кетишкен. Жаңыл менен Чынасыл Бекболотко салам айтышты.

- Карыя! Черик элинин калың жылкысын алдырып артынан кууп келе жатабыз. Изи ушул Нойгуттардын айылына кириптир. Буга жооп бериңиз! - деп кысымга алышты. Көзү кирдеп, көкүрөгү кирилдеген карыя:

- А кагылайындар! Нойгуттун шору эрке кызыбыздан ажыраган күнү каткан! Силерден барып жылкы алмак түгүл белен турган отун алып келүүгө дармандары жок. Кагылайын бир боорум! Жаңылтайым ай. Сен турганда биз ушинтип кор болот белек!

Жаңыл абасын көрүп өксөп жыгылды. Башындагы туулгасы түшүп, көмүрдөй капкара чачы жайылып чыга келди. Картайган байкуш абышка кучагын жайып, Жаңылды таанып, эсинен танып бара жатты. Экөө тең ырпы куруп, алдары кетип кучакташып ыйлап жатышты. Чынасыл да эсине келип, чуркап өзөндөн тулгага суу сузуп келип экөөнө суу сээп ажыратты. Бир аз эстерине келишкенден кийин абышка тампаңдап жөө, каргылданган үнү менен «сүйүнчүлөп» айылды көздөй жөнөдү. Жаңыл кайра кетип кала тургансып кылчак-кылчак карап коюп, оозу кургап күйүгүп, өлгөнүнө кайыл болуп бара жатты. Жаңыл менен Чынасыл экөө абышканын өгүзү байланган жерге үй ордундай жерди тазалап, Жаңылдын баласын алып келип жылаңачтап, бир бутун тазаланган жердин ортосуна коюп, бир бутунан шоона менен дүмүргө байлашты.

[М 174]

Мунусу бала эмгектеп бир жакка кирип кетпесин дегени эле. Намыс...Качан болсо ушул намыс элдин шоруна да, кубанычына да тең орток болуп келе

жатат. Анан калса бекер ооз, кычык сүйлөшкөн аксым адамдар жок дейсиңби? «Баатыр кызыңар качып барып эрге тийип, балтайган баласын алып, кайра эрден чыгып жүрө бериптир» дешип айтуучулар да четтен табылмак. Ошондуктан катуу шерттешип, бул окуяны Жаңыл менен гана Чынасыл экөө билишти. Жаңылдын абасы башка чукак киши эле. «Кайрылып таштап кеткен өгүзүнө келип баланы таап алаар» деген ойдо болушту.

Жаңыл менен Чынасыл экөө айылга келишти. Атасынын көзү көрбөй төшөктө жаткан экен. Чуркурашып ыйлашып, айылы менен басып жыгылышты. Жаңылдын келгенин угушкан айылдардан самсып эл келип жатты. Ой чиркин дүйнө! Бир убактагы төрт түлүгү шайма-шай элден Жаңылга садага чабууга улак табылбады. Азыноолок жерлерге арпа айдап алышып, кийик атып жешип, тузак тартышып эптеп өлбө жаным өлбөлөп күн көрүп турушкан экен.

- Кокуй абышка! Көк өгүзүң кана? Ошону эрке кызга садага кылып кескилетип жиберсең боло! - деп безилдеп жиберди Бекболоттун байбичеси Канымжан. Абышка эми эсине келип кара өгүзү калган адырга чуркады. Жөө бара жаткан абышканы аяп Чынасыл атын анын алдына тартты.

Көр оокат. Эптеп күн көрүүнүн амалы эле. Бекболот адырдан суур кармап, алардын терисин өткөн-кеткен кербендерге сатып күн көрүп жаткан. Өгүзгө жакын келсе ыйлаган баланын үнү угулат. Караса жылаңач бала. Эт-жүрөгү чочуп, кайра кайрат кылып жакын барса эркек бала экен. Кудайга жалынып, «аксарбашыл» айтып баланы койнуна катып келди. Кишиге көргөзбөй «кемпирим төрөдү» деп баланын атын Кайыпберди койду. Ооганстандын тоолуу райондорунун биринде Кайыпбердинин тукумдарынан бүгүн да бар. Алардын көбү түпкү чоң уруусун билбей калышкан. Бирок өз уруктарын айтып бере алышат.

Эми Жаңыл эжени ушуну менен эле токтотуп койсок болбос. Бул кыргыздын кыраан кызынын мындан аркы окуялары да арбын жана кызыктуу. Акыры жүрүп олтуруп эжебиз өз ордун таап казактын ханына тиет. Кадимки Абылай хан ошол Жаңыл эжебиздин небереси, кыргыздын жээни болгон.

Жаңыл Мырза туткундан бошоп чыкканда артынан кууп барабыз дешип эрдемсинген баатырлар мерт болушкандыктарын жогоруда айткан элек. Андан башка Аккочкор сексен төөнүн кербенин бүт алдырды. Бул калабалуу иш боюнча «кун куучулардын жана өч алуучулардын» жаңы күчтүү тобу пайда болду. Бечара Нойгуттарды чабыш үчүн дагы катуу камылга көрүлдү. Бул кабар Нойгуттарга да угулду. Жаңыл келгенден кийин бир топ малданып-жанданып калышкан. «Жер ээн болсо доңуз дөбөгө чыгат болуп» калмактар

кыргыз жергесине жылып кирип келе баштаган. Алардын бири Калдама деген калмак ноёну эле. Жаңыл колго түшкөндө Кашымкан сулууну ошол алып кеткен. Нойгуттун көптөгөн малы ошол Калдама ноёндун элинде болуучу.

[M 175]
Элдин малын өздөрүнө кайтарып, азап чегип кул болуп, өздөрү кор болуп, колу-буттары чор болуп, көргөн күндөрү жайнатып койгон шор болуп жүргөндөрдү бошотуу эле. Үрүмчү, Кулжа, Кашкар шаарларынан жарак-жабдык алдыртып, жаш жигиттерден кол курап, аларды бир аз согуш ишине машыктырып, калмактарга каршы аттанышты. Кароолчуларын кармап, Калдама тууралуу маалымат алышты. Калмактын «Коң Тайчысы» эбегейсиз чоң кол жыйнап, эки бөлүгү казак, бир бөлүгү кыргыз жергесине кол салып жатышкандыгын угушту. Эр бүлөнүн көпчүлүгү «олжо алууга» жортуулга кеткен имиш. Калдама жай баракат жаткан экен. Чабуул коюшуп калмактардын тосо чыккан күчүн бат эле жок кылышып, жеңилишке учуратышты. Туткундарды бошотушту. Калдама беш жигити менен качып жөнөдү. Жаңыл аны Көгарттын түндүгүндөгү бир белден жетип жайлады. Ал жер ушул азыр «Калдаманын бели» деп аталып турат. Ошентип көп олжо-буйла менен келишти. Эл мурунку абалына келип, байып жатып калышты. Убада боюнча Кашымкан сулууну ак никелеп Чынасылга алып беришти. Ал экөөнөн төрөлгөн кыздын аты «Күңөтай». Жанагы эл оозунда:
«Курбудагы куу-казык, Кулжанын эти жол азык» деп ушул убакка чейин ырдалып жүргөн ыр ошол Кашымкан менен Чынасылдан төрөлгөн «Күңөтай кызга» арналып чыгарылган ыр деп айтып жүрүшөт.

«Кун куучулар, доочулар» менен Жаңылдын колу «Бошокту» деген жерден беттешишти. Эрөөлгө «ата расмиси» боюнча чыгышып, сайышып жатышты. Акыры жалпы ат коюуга өтүштү. Ыдык көрүп калышкан Нойгут уруусу жан аябай салгылашты. Үч күндөн кийин эки жак тең алсырап жер-жерине кайтышты. Ушул согушта Аккочкор да, Каңкы да окко учушту. Булардын атасына бир касташып жүргөн киши барып балдарын угузган дешет. Ошондо:

- Баатыр кудайдын буйругу экен. Аккочкоруңуз окко учту, - дептир. Анда:

- Эчтеке эмес! Аккочкор өлсө Каңкым бар! - дептир.

- Каңкыңыз да окко учту.

- Каңкым өлсө калың кыргызга даңкым бар! - деп сакалын сылап олтуруп алган дейт.

Ошол согушта Шырдакбектин «Боз жоргосу» да Жаңылдын колуна түшүп калган экен. Анткени Шырдакбек ооруп калып, атынын күчүн Аккочкор сурап минген экен. Жаңыл ал атты алдырып барып, бир жолборс атып, анын терисин атка жаап, кайра Шырдакбекке жетелетип жиберген экен. Элчи келип атын тапшырганда төшөктөгү Шырдакбек баатыр башын көтөрүп: «Жаңылга айта баргыла! Эмки жылы күзүндө Ак-Сайдан жолугушалы» дептир. Шырдакбектин эрке катыны муну башкача ойлоп саяпкери Кейбирди учкаштырып алып Шырдакбек касташып жүргөн Кашкардын ханы Бограга качып барат. Ал келгендерди эртеси кабыл алып:

- Сиз күйөөңүз Шырдакбектен эмне кордук көрүп келдиңиз? - деп сурап калды.

[M 176]

- Эримден эч кандай кордук көргөнүм жок! - деп аял жооп берди.

- Балким дүнүйөгө керек чыгаар тамак-аштан, кийим-кечеден кемтик кылгандыр?

- Жогуңуз, пүлөө менен түлөөгө бөлөп жүрдү. Шуруу-мончок, маржан таш баарын мага арнады. Жалаң шуруудан көйнөк жасатып берген. Сууктап кетет деп жана дарычылык касиети жакшы деп жалаң кара боз койлордун шийбилчегинин[82] чучугуна палоо бастырып берип жүрдү.

- Анан ага эмнеликтен нааразы болуп мага келдиң? Бул суроо Шырдакбектин аялына берилген акыркы суроо эле.

- Ханым ал оорулуу. Көптөн бери төшөктө. Мага андан даражасы чоң кадырман сизге окшогон хан керек! - деди аял. Богра хан эми суроону кошо качып келген Кейбирге берди. Жанында кырк увазири кошо олтурушкан.

- Сен жайыңды айт! - деди хан.

- Мен жайымды айтсам Шырдакбектин саяпкеримин. Анын атын таптап, табы менен алып жүргөн адаммын. Боз жорго кууса жете, качса кутула турган мал. Бул тулпар сизге гана жарашат.

- Акыңа эмне алуучу элең?

- Шырдакбек короосу менен кой бөлүп берүүчү. Үйүрү менен жылкы берген. Үйлөнтүп-жайлантканн.

- Кандай максат менен келдиң?

- Мага бел боло турган улуу хан керек. Шырдакбек болсо оорулуу.

---

[82] KENČIEV *шийбилчек*: vermutlich *шыйбылчак* (vgl. JUDACHIN 1985b, 417); oder *шийбилчек* ~ *шыйбылчак*.

- Элди жыйнагыла! - деген буйрук берди. Шырдакбектин аялы менен саяпкерин каматып салды. Эртеси Богра хан бийик сереге чыгып калкына кайрылды. Тигил экөөнү элдин алдына алып чыгып, кечээки алардын хандын суроосуна берген жообун төкпөй-чачпай айтып берди.

Чуулдаган элди хан колун жогору көтөрүп токтотту. Калкым! Мынабул экөө тузга кара санаган карабеттер. Шырдакбектин дени соо кезинде анын кызматын кылып, ак тузун таткан. Жакшылыгын көргөн! - деп саяпкерди көрсөттү. Мынабул аял да ага чыккынчылык кылган. Күнөөлөрү башынан чоң! Ошондуктан буларга өлүм жазасы буйрулат. - Төрт азоо байталды карматып келип, адегенде аялды алардын куйруктарына байлап коё бердирди. Саяпкерди да ошондой кылып өлтүрүп, мурун касташып жүргөн душманы Шырдакбекке кат жазып киши жиберди. Шырдакбек жаздын күнү үч жүз киши менен Богра ханга барып достошуп, атын алып келе жатып чебине жакын калганда үзүлүп, кайран баатыр дүйнөдөн өткөн экен.

Жаңыл Шырдакбекке аябай кейиген экен. Андан көп узабай калмактар каптап келе баштаган. Казак-кыргыз биргелешип салгылашып, кол башчы Жаңыл казак ханына тийген экен. Абылай небереси, кыргыздын жээни. Жаңыл эжебиздин арбагы колдосун. Жалпы кыргыз элинде анын жалындуу элеси түбөлүккө сакталсын.  Ылайым эжебиздей баатыр кыргыз кыздары көп болсун!

[М 177]

## Элчибектен тарагандар

Санжырада мурункуларды билбей туруп, кийинкилерин билүү кыйын. Элчибек тууралуу Сарбагыштын санжырасы жаңы башталганда эле баяндап кеткенбиз. Эгер аны кандайдыр бир себептер менен окуй албай калышкан «санжыра ышкыбоздоруна» түшүнүктүү болуш үчүн Элчибек тууралуу баянды дагы эске сала кетели.

Тагайдан - Кылжыр дегенбиз. Андан - Дөөлөс. Аны айрым санжырачылар Дөөлөсбакты дешип, дагы бир тууганы Орозбактынын атына уйкаштырып да айтып жүрүшөт. Ошол Дөөлөстүн төрт аялы болгону бизге белгилүү.

Элчибектин энеси Көкмончок. Дөөлөс калмак хандыгында элчиликте жүрүп, ошол жерден төрөлгөн баланын атын Элчибек коюшкан экен.

Элчибектен - Акамат, Алыбек, Жунуш деген үч баласы болот. Бул балдар кийме таз болуп кетишкендиктен «Үч таз» атыгып кетишкен дешет. Кийин ал

таз оорусу балдарына да жугат. Ошондон мурунку «Үч таз» деген аттары калып, жалпысынан эле «Таздар» аталып кетиши ошондон дешет.

Акаматтан - Сарыкалпак. Алыбектен - Моюнчу. Элчибектин ушул эки баласынан санжырачылар Сарыкалпак менен гана Моюнчуну таратып тим болушкан. Эки атанын тукумдарын жакшылап таратып берген санжырачыларды жолуктура алган жокмун. Сарыкалпак уулу, Моюнчу уулу деген  эл бар экендигинде талаш жок. Башка бир шек-шыпа табамбы деген ниэт менен Осмонаалы Сыдык уулунун китебин да барактап көрдүм. Бар болгону анда булардын тукумдары Надырбек айлында турушкандыгын билдим. Моюнчунун ичинде Токторбай деген атактуусу бар деп тим болгон. Баягыдай жаш убакыт эмес, же арзанчылык учур эмес, кымбатчылык кырга чыгып турганда бул эки атаны толуктай албай калгандыгыма окурмандардан кечирим сураймын. Санжыра чогултуучулар жалаң менин санжырам менен гана чектелип калышпас. Келечекте толукталаары шексиз.

Жунуштан - Тобокел, Райымбек, Шайыбек, Дайырбек. Төрт баласы болгон экен. Мындан Тобокелден тукум бар же жок экендиги бизге белгисиз.
Райымбектен - Ыстам, Жаман, Кубат, Мамбет, Эсенгул.
Эсенгулдан - Карачын, Айыт, Үнкүр. Карачындан - Шонкодой, Карпык, Шооруk, Байсерке. Байсеркеден - Абдыкадыр.
Шайыбектен - Бөбөтай, Карагул, Таштанбек, Тазабек, Аким. Тазабектен - Солтоной, Жылкычы, Ногой. Солтонойдон - Деркембай. Ногойдон - Калпа.
Таштанбектен - Бозумбай, Мансур, Максут.
Мамбеттен – Кожоке, Жанай, Чомой, Нурдөөлөт, Мукан.
Акимден - Бике, Чапча. Бикеден - Черикчи. Чапчадан - Эшмат, Сүткүчүк, Бердикожо, Байбото, Рахманберди, Ыбырайым. Черикчиден - Алмурат, Нышаа, Токошбек, Ая, Байтору, Токтоболот, Жанболот, Курман. Экилик, Бугубай деген дагы эки уулу болгон.
Шабактан[83] - Сарыбаш, андан-Шабдан. Экиликтен - Сүйүнчү, Байтемир.
Бугубайдан - Байти, Жакуп, Жабагы, Тилеш.

[M 178]

**Чертике уруусу**

Сарбагыш элинин ичинде «Чертике» деп аталган өзүнчө чакан уруу бар. Бирок алар эчак аралашып, бир атанын балдарындай болушуп, сарбагыштар менен

[83] Zuvor nicht genannt.

суукка бирге тоңушуп, ысыкка бирге күйүшүп, бир боорлошуп кетишсе да, «Чертике» деген түпкү аталарынын наамын сактап келе жатышат. «Чертике» уруусунун келип чыгышы боюнча эл ичинде ар кандай уламыштар айтылат. «Бала айылчы» мектебиндеги санжырачылар мындай деген түшүнүк беришет. Илгери «Аксак Темир» көрөөгөн «Жетеге» жоортуул жасаганда анын аскеринин арасынан бир адам кыргыз арасында калып калат. Түпкү теги кыргыздын «Барчы» деген уруусунан болот, аты Жакып болгон экен. Дайыма туу түбүндө турган касиеттүү баатыр адам болгондуктан «Чертике» деп аташчу экен. Жүрө-жүрө ал кишинин Жакып аты калып Чертике атыгып кеткен дешет.

Жума уулу Абдыкадырдын мектебиндеги санжырачылар аны башкача айтышат. Алар: Чертике Коңураттын эле бир баласы. Тагай атабыздын тушунда Алтай калмактарына жортуулга аттанышат. Наалы эженин «Коңурат» деген тулпарын анын күйөөсү Көкө баатыр минип согушка кирет. Аттын жанында дайыма «Тапанак» деген тайган ээрчип жүрүүчү экен. Кандайдыр бир себептер менен ат душман колуна түшүп кетет. Жортуулчулар көп олжо менен кайтышат. Бирок ат менен тайган табылбай калат. Ошондуктан энчи бөлүшкөндө атка да тайганга да бөлүшөт. Коңуратка энчилеп бөлүнгөн олжонун ичинде бир бала болот. Анын атын Коңурат коюшкан экен. Тайганга бөлүнгөн олжодогу баланын аты Таманак деп жүрүшөт.

Чындыгында «Коңурат» деген байыркы уруулардын бири. Бул уруу казактардын, калмактардын, өзбектердин, кыргыздардын арасында бар. Кыргыздардын арасындагы Коңурат уруусу кыйла аталарга ажырайт. Алардын арасында Чертике тууралуу айтылбайт. Демек Чертике уруусу Аксак Темирдин аскери менен кошо келип туугандарынын арасында туруп калышы чындыкка жакынго деген ой туулат. «Барчы» деген кыргыздын байыркы уруусу бар экендигинде күмөн жок. Ал уруу биз тарата турган кыргыздын 118 уруусунун ичинде бар.

Чертикеден - Бөкөн. Андан - Жармамат. Жармаматтан - Кожо. Кожодон - Мыярбай. Мыярбайдын - Сарыкалпак, Сазай, Карамоюн, Чаке деген төрт баласы болот. Сарыкалпактан – Казбообек, анын – Атай, Сазай деген эки уулу болот. Сазайдан - Байзак ажы. Карамоюндан - Көкчөкөз, андан - Токо, Кожо. Чакеден - Байназар. Чертике жөнүндөгү колдогу маалымат ушул. Балким кеңири билүүчүлөр болсо дагы кошуп тактап чыгышаар. Маркум бабалардын жаткан жерлери жайлуу болсун!

[М 179]

**Сарбагыштын ичиндеги Жетиген уруусу**

Чындыгында Жетиген уруусу кыргыздын сол канатына кирет. Бирок бир убактарда В.В.Радлов кыргыз жергесине келип «Жетиген уруусун» Сарбагыш уруусунан чыгат деп жаңылыш жазып кеткен экен. Бул жөнүндө бир тилчи окумуштуу ошол  Радловдун жазып кеткенине таянып, Жетиген уруусун такыр эле сарбагыштын бир баласы кылып койду. Мейли баары бир жалпы эле кыргыздын тукумубуз дечи. Бирок ошондой болсо да аны кийинки муундарга чечип берип кетпесек болбос. Ырас, Октябрь Революциясынан мурунку бир эл каттоодо «Жетиген уруусунан» тарагандар Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарында өз тиричилигин өткөрүп жаткандыгы белгилүү болгон. Анда ар бир элдин уруусун, уругун сурашып каттап жүрүшкөн. Кийинки эле мен чогулткан маалыматтардан Жетиген уруусу Таласта көбү, түштүктө, Ысык-Көлдүн Караколунда, Кеминде, Ак-Талаада, Куланакта, Олуя-Атада ж.б. көптөгөн жерлерден жолукту.

Эми мынча болду. Жетигендин оң канатынын арасындагы аталардан тараган тукумдарын айта кетели. Калганын кийинки кыргыздын сол канатын таратканда кеңири токтолуп айта кетербиз.

Башка уруу сыяктуу эле Жетиген уруусунун таралышында да санжыра айтуучулардын ортолорунда айырма бар. Анын экөөнү айта кетели.

Уйгур элинен чыккан бир думана бурун адам болгон экен. Ал киши бул дүйнөнүн көйгөйүнөн тажап, кудай жолуна өтүп эл кыдырып кетет. Ага бир перинин кызы ашык болуп, экөө кошулуп балалуу болушат.

Бирок думана тентип, жер кезип кете берет. Перинин кызы эркек уул төрөп анысын Караталдын уулу Кушчуга алып барып берет.

Кушчу баласы жок жарды кези экен. Анча-мынча эчкисин өзү талаада кайтарып жүрсө бир кыз келип баланы берет. «Кайдан келе жаткан кызсың?» деп сураса, «Жети генттен келе жатам» дептир. «Гент» деген сөз түркчө – шаар дегенди билдирет. Демек кыз: Ташкент, Баткент,  Жаргент, Чымгент ж.б. шаарларда болгон экен. Кушчу үйүнө келип: «Бир эчки ушул баланы төрөп койду» деп түлөө кылып баланын атын Эдиге деп коёт. Бирок болбой эле баланын аты «Жетиген» аталып кеткен экен.

Дагы бир санжырачылар Жетиген менен Кушчуну бир тууган, аталары Каратал деп айтышат. Бала жети жашка чыкканда жоголуп кеткен экен. Кийин он төрт жашка чыкканда келет. Кайда жүрдүң десе: «Асманда, Жетиген

жылдызында» жүргөнүн айтат. Мына ошондуктан «Жетиген» аталган дешет. Эл оозу элек! Ар кандай легендалар айтыла бериши ыктымал. Так билбегенден кийин «тигисиники туура, мунусунуку жалган» деп айтуу кыйын. Балким булардан башкача да бир окуялары бардыр. Эми убада боюнча түндүк Кыргызстандагы Жетигендерди тараталы.

[M 180]
Кушчудан - Нусуп. Нусуптун - Кабыл, Кыргый, Молдоийрек деген үч баласы болгон экен.
Кабылдын - Кудайберди, Тогоймат, Байсейит, Миңсейит, Төлөкабыл деген балдары болгон экен. Кудайбердиден - Кудайменде, Омош, Жалаңнайза. Кудаймендеден - Насип (Кесексары), Бейше, Жаңыбай. Бейшеден - Чокой, Итэмген, Төлөбай.
Тогойматтан - Насыркул, Жекболот, Торгой. Ушуну менен Кабыл атанын балдарын токтото туралы.
Кыргыйдан - Карамоюн, Сарымоюн.
Молдоийректен - Дербиш. Андан Жаныбек, Дал. Жаныбектен - Момокон, Байжаныш, андан - Асан. Андан - Абышка, Кубат.
Ушуну менен Жетиген уруусунун таралышын аяктайлы. Жалпысынан ушуну менен Сарбагыш уруусунун таралышын аяктайлы.

Бабалардын арбактары кокус калпыс кетирилген жерлер болсо кечирсин! Алла Таалам жалпы эле кыргыздарга жар болуп, бөөдө кырсыктан сактасын!